# *Жаңы Ала-Тоо*

*2012, 7 (39)*

АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖУРНАЛ
кыргыз жана орус тилдеринде



**Директор, башкы редактор Тилек МУРАТАЛИЕВ**

РЕДАКЦИЯЛЫК ЖАМААТ:

**Айдарбек САРМАНБЕТОВ** – башкы редактордун орун басары
**Алым ТОКТОМУШЕВ –** редактор
**Жакин ТЕҢИРБЕРГЕНОВА** – корректор
**Рахим ТӨЛӨБЕКОВ** – дизайнер
**Нурлан КЫДЫКОВ** – дизайнер
**Альбина КАСЫМОВА** – оператор



РЕДАКЦИЯНЫН ДАРЕГИ:

720031, Бишкек шаары, М. Горький к. – 1. Тел: 53-08-84. E-mail: Jany.alatoo@gmail.com



Күбөлүк: № 1510

Кол жазмаларга пикир айтылбайт жана кайтарылып берилбейт. Редакция бардык авторлор жана заказчылар (китеп, жарнама, плакат, буклет ж.б.) менен кызматташууга дайыма кызыкдар.

Журнал редакциянын басма-компьютердик борборунда даярдалды.


---


## УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!

**БАРДЫК ПОЧТА ТҮЙҮНДӨРҮНДӨ «ЖАҢЫ АЛА-ТОО» ЖУРНАЛЫНА 2012-ЖЫЛ ҮЧҮН ЖАЗЫЛУУ ЖҮРҮП ЖАТАТ.**

**Жазылуу индекси – 77324**

**3 айга – 240 сом**

**6 айга – 480 сом (редакциялык баа)**

**«ЖАҢЫ АЛА-ТОО» ЖУРНАЛЫН 1-САНЫНАН БАШТАП ОКУЙМ ДЕГЕН ОКУРМАНДАР РЕДАКЦИЯДАН АЛЫШСА БОЛОТ.**



Терүүгө 10.06.2012-ж. берилди. Басууга 25.07.2012-ж. кол коюлду. Форматы 70x100$^{1}/_{16}$.
Көлөмү 14 б.т. Заказ № 912. Нускасы 2000.

## Бул санда


**Шайлообек ДҮЙШЕЕВ**
Отко чуркаган бала ..................................3

**Абдил ШЕРМАТОВ**
Ырлар ....................................................29

**Үсөн САРЫБАЕВ**
Өмүр жана өлүм .......................................35

**Жээнбай ТҮРК**
Ырлар ......................................................55

**Динара БЕЙШЕНАЛИЕВА**
Адам ........................................................60

**Зуурабүбү ААЛИЕВА**
Ырлар .....................................................69

**Абдыжапар ЖАКЫПОВ**
Салый апа ...............................................73

**Абдыкерим МУРАТОВ**
Сунулган баш...
Суурулган кылыч... .................................85

**Сүйөркул ТУРГУНБАЕВ**
Ырлар ....................................................100

**Николай ГОГОЛЬ**
Шинель ..................................................108

**Сергей СТЕПАНОВ**
Стихи ....................................................135

**Давид МАРКИШ**
Луковый мёд .........................................140

Монголдордун купуя тарыхы ..............153

**Бертольт БРЕХТ**
Элдүүлүк жана реализм ...........................172

**Үсөн КАСЫБЕКОВ**
Америка мозаикасы ..............................180

**Белек СОЛТОНОЕВ**
Эң эски кыргыз ....................................191

**Өзүбек АБДЫКАЛЫКОВ**
Он үчүнчү билет ...................................208

**Токтосун САМУДИНОВ**
Пародиялар ..........................................217

Адабият жаңылыктары ........................223


Мукабанын биринчи бетинде Кыргыз Эл жазуучусу
**Өскөн ДАНИКЕЕВ.**


«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький к. 1. Телефону: 53-08-89; Факс: 53-08-91.




**Шайлообек ДҮЙШЕЕВ**

*1950-жылы Ат-Башы районундагы Ат-Башы кыштагында туулган. КМУнун журналистика факультетин бүткөн. Нарын облрадиосу, Кыргыз филармониясы, «Ала-Тоо» журналы, «Асаба», «Агым» гезиттеринде иштеген. Кыргыз Эл акыны, «Манас» орденинин ээси. Көптөгөн поэтикалык жыйнактардын, публицистикалык макалалардын автору. Бул прозалык чыгармасы өзү тууралуу тартылган даректүү фильмдин кыскартылбаган толук сценарийи.*


*Проза*

# ОТКО ЧУРКАГАН БАЛА

## (Даректүү баяндын экинчи китебинен[1])

Ошентип айылдын ушак-айыңынан арылып, шаарга келип, Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын чыгаруучу заводго жумушчу болуп кирип, биринчи жолу кыз менен сүйлөшүп калдым. Кыз мени чын жүрөгү менен жактырды беле, жок беле, азыр айталбайм. Бирок мен аны чындап эле жакшы көргөм, чындап эле сүйгөм, чындап эле үйлөнөйүн дегем. Мен өмүрүмдө кимди жакшы көрбөйүн, эмнени жакшы көрбөйүн, кылдай да арам санабай төгүлүп-чачылып, жайылып-жазылып, чын пейилим менен жакшы көрмөй адатым бар. Бирок ошол жакшы көргөнүмдүн азабын кийин өмүр бою тартам. Бул ирет да ошондой болду.

* * *

Ыр жазган чөйрөгө аралашып, Беганас Сартовдун ийримине катышып, ал жерден окуусун бүтүп жаткан ошол кыз менен сөз бекитип, ал мага турмушка чыгууга макул болуп, анын үстүнө: «Кайда бөлүндүң?» – десем: «Ат-Башыга бөлүндүм» дегенин угуп алып, алабарман жаным

*[1] Биринчи китеби журналдын өткөн жылдагы №4–5-санына жарыяланган.*

мен үчүн бөлүнүп, мен үчүн баратат деп ойлоп, сүйүнгөнүмдөн заводдогу ишимден араң дегенде бошонуп чыгып, ушундай жакшы кызды колдон чыгарганча, үйлөнүп эле айылда жашайын, же таянар агам, же жөлөнөр иним болбосо, окууну сырттан деле окуюн деп алып-учуп Ат-Башыга жетип келдим. Батма энем угары менен кубанды:

– Ошент, кагылып кетейин. Баягынын баласы дедиртип өзүңчө түтүн булат. Тактактын көчөсүнө там сал, – деп кеңешин берди.

* * *

Үйлөнөр күн келди деп барбалаңдап, «келиниңди эртең апкелем» деп эжеме сүйүнчүлөп, эжем байкушум, жерге-сууга батпай сүйүнүп, үйүн даярдап, көшөгөсүн камдап, боорсогун жасап, жездем мурутунан жылмайып союшун камдап, «келин келет» деп, далиске кемпир-кезектин кепичи батпай: «Шакен колукту алып келет экен» – деп көчө дуулдап турган кезде, же окуп алган окуусу жок, же кызматы жок, баарынан да ата-энеси жок, келечеги такыр эле бүдөмүк мени ал кыз чанып кетип, супсунум сууп, олтуруп калдым. Ошондо мен 24 жашта элем.

– Жакшылап сөз бышырып алып анан эже-жездесин дүрбөтсө болмок экен чунак бала, бөөдө шагы сынып калбадыбы, ка-ап! – деп сөз кылып жүрүп басылды айыл.

Чынында эле шагым сынып, жаман болдум.

– Шакен, бир эле сөзүң, эгер сен макул болсоң, азыр кимди болбосун ала ачып келгенге даярбыз! – деп жулунуп турду теңтуштарым.

– Кеттик! – дедим.

– Каякка дагы? – деген эжемдин үнүн укпастан агезде жалаң колхоздун башкармалары минчү «девитке» олтурдук да зуу койдук.

– Жаңы-Талапты көздөй айдагыла! – дедим.

Апасы мени жакшы тааныган кыз бар эле. Ошол окуусунан каникулга келип, үйүндө деп уккан элем. Барсак, кечээ эртең менен Фрунзеге жөнөп кеткенин айтты. Эгер ошондо үйүндө болгондо сөзсүз үйгө алып кетет болчубуз. Анын чыр салбай олтуруп берерине мен ошондо чындап эле бөркүмдөй ишенгем. Анткени биз мектепте сүйлөшө калып жүргөнбүз. Бирок бул кыз да мага буюрган эмес экен.

Биз Ат-Башынын токоюна кирип кетип, винонун сазайын бердик...

* * *

«Минтип каларымды билгенде заводдон бошобой эле койбойт белем, эми эмне кылам, кайда барам?» – деп башым катты. Окууга кеткен класс-таштарым биринин артынан бири бүтүп келе баштады. Жусуп политехти

бүтүп, чүрөктөй болгон Ырыскүлгө үйлөнүп, облустук жол курулуш башкармасына башкы механик болуп орношту. Дүйшөк артист болом деген оюнан айнып, шаарды таштап, Сапаргүл деген сулууга үйлөнүп, кайрадан тракторуна минди. Черикбай мугалим, Бейшеналы топозчу болуп кетти. Сапан бир короо кой багып, алдыңкы чабан атыгып, сүрөтү менен райондук гезитке чыга баштады. Ыраматылык Азыкбай агай:

– Кеңешалынын ректорунан кат келиптир: «Ушундай баланы тарбиялаган ата-энесине ырахмат! – деп жазыптыр», – деп жетиналбай, көчөдөн эле жолуккан кишиге ректораттан келген катты көрсөтүп, кубанып жүрдү. Кеңешалы ошол кезде Ленинграддагы финансы институтун жалаң «5» менен окуп жаткан. Мектеп деректиринин кыздары Айнагүл менен Дамира женпедди бүтүп келишти. Сабира да окуусун бүтүп, Нарында иштеп жатыптыр деп уктум.

Айтор, менден башкаларынын баары эле таалайларын таап жаткан сыяктанды. Мен гана кечээ эле чогуу өскөн, чогуу окуган классташтарыма жакын жологондон корунуп, алардан качып, тагдырыма таарынып, катарынан калган куштай өксүп, кеч калган бактымды табалбай, ичимден кан өтүп, сыздап турдум. Бир жыл да билинбей өтүп кетти.

* * *

Бу дүйнөдө жападан жалгыз экенимди, айылда мени кармап кала турган эч нерсем, «эч кимим» жок экенин түшүндүм. Көз көргүз, кулак уккус жактарга кетким келди. Окууга өтпөй калсам БАМга дейре (ошол жылдары Сибирдеги Байкал-Амур магистралынын курулушу башталган) кирип кетмекчи болуп, баарын жыйыштырып, энемден калган «эстеликтей» болгон жалгыз уйду 300 рублга сатып, жолкире кылдым да КМУнун журналистика бөлүмүнө келип документ тапшырдым.

* * *

Менден кичүү балдар өтүп кетип, мен «кулап» жыгылдым. Аскар Осмонкулов, ошол киздеги ректор Салмоорбек Табышалиевге кирип «көгөрүп» жатып студент кылбаганда, ал кишинин кең пейилдиги болбогондо, балким, тагдырым таптакыр башка нук менен кетет беле, ким билет?

* * *

Таң калычтуусу, кыргызда «нике кайып» дегенге көп учурда маани бербейт экенбиз. Жолумдан жомоктогудай канчалаган кыздар жолукту.

Ушул кыздардын ар бири мага колукту болот эле, бирок алардын бири да, качан болсо эле виного тоюп алып алагүү болуп, дайынын табалбай жүргөн менин келечегиме ишенген эмес, көбү бул адам болбойт деп ойлогон болуш керек деп ойлой берем. Кудай акыры, мени оттон отко, суудан сууга ыргытып жүрүп, 30 жашка келгенде мага ишенген Зейненин колун карматты.

* * *

Филфакта окуган жылдары майып кыздарды аябай аячу элем. Балдар жалаң өңдүү-түстүү кыздарга качырып, майыптарды бийге да, башкага да чакырбай, алардын терезеден карап турганын көргөндө жүрөгүм тилинип кетчү. Эптеп бир шылтоо таап сүйлөшсөм, колуман келбесе сөзүм менен болсо да абалын жеңилдетсем дей берчүмүн.

Стипендиям тийген күндөрү болгон акчамды виного салып жиберип, винодон ашканын же таякчан, же таягы жок жөн эле жылдызы жакын кыздарга шоколад, батончик сатып берип, берээрге эчтекем калбай калганда колумдагы саатымды чечип карматар элем.

* * *

Кайсы бир жылдары Россиянын Ярославль облусуна курулуш отрядына барып келе жатып, кара-балталык бир кара кызды жакшы көрүп калып, оштук курсташ досторумдан карыздап жатып акча чогултуп, Тукан эжеме деп сатып алган жапон жоолукту белек кылып жиберип, ал кыз сүйүүсүн жоолукка «алмашпай» коюп «ит» болгом.

* * *

Жумшак ичкендер менен жумшак ичтим. Бирок Нуралыга вино ичиралбай бир топ бушайман болгом.

– Нуке, мунун зыяны жок, Нарындагы баягы сиңдисин мага алып берем деген врач жеңем, адам деген анда-санда иче калып жүрбөсө, ичтеги микробу өлбөй калат деп көп айткан. Жүрөгүң айнып турса, стаканды караба, көзүңдү жуумп туруп тартып жибер. Такыр ачуурканба, ачуурказсаң кусуп иесиң. Кана, карабай туруп алчы? Оңой эле, биринчисин алып жибергенден кийин көнүп кетесиң, – деп алды-артына түшүп жатып ичкиликке көндүрө албай койдум. Ичпей койгонуна кадимкидей таарынып, эки күнгө чейин сүйлөшпөй да калар элем.

* * *

Катуу ичкендер менен катуу ичтим. Жер тандабай, эр тандабай, досторго да, аракка да кылдай кыянаттык кылбай, жылын төө санагандар менен эмес жылдызы жанган жылаңач баатырлар менен ичтим. Ошол досум мени кыяматта да сатпаган Баратбай Аракеев болду. Аны менен тамашалашканда:

– Сага атты да, атаңдын атын да Баратбайбы Аракка деп биз каалагандай коюп берген Кудайдан айлансак аздык кылат, Бакенбай, – дечү элек.

Баратбайдын колу ак жайдын күнү да таш болуп муздап турганына карабастан жүрөгү ысык, жакшы көргөн досунан жанын аябаган жагы бар эле, өмүр бою ошол бойдон калды. Экөөбүз 1-курстан кол кармаштык, ошол бойдон келатабыз. Кезинде «хулигандыгы» менен бүтүндөй Кыргызстанга «даңкы» чыккан Пржевальскини чаңдатып келген Бакенге Шакен кантип жагып калганын билбейм, таанышкан күндөн тартып эле дампалаңдап аны ээрчип кеттим. Ошол бойдон үйүндө да жатып жүрдүм. Жашыбыз тең болгон менен анын бир артыкчылыгы – 1-курстан эле үйлөнүп алган, шаарда үйү бар, кашында Закү деген жары бар, колунда кайненеси бар, жолунда балдары бар, баарынан дагы Маркс стипендиясын алган студент болучу.

Чогуу бараткандабы, военка окуп жүргөндөбү же студенттердин арасындабы, мага бир аз эле кыйшык сүйлөп, кыйгач карап койгондордун кичиги болобу, чоңу болобу, барып туруп эле тумшуктан ары басып алчу.

– Мындай кылба да? – десем:

– Өз ордун билип жүрсүн да салфетка! – дечү.

Бир жолу «военкадан» орус группасында окуган уйгур бала такыр эле сөз жебей, орусча «быдырап» каяша айтып туруп алды эле, Баратбай кандай учуп жеткенин билбейм, жаагын жанып жаткан эме чалгы чапкандай кулап түшүп, көз айнеги ыргып кетти.

Кадимки эле Өмүрбек Текебаев «памятник» койдурган Павлюк да ошол «военкада» кыргыздарды шылдыңдап, мага тийишкендиги үчүн Баратбайдан тумшукка жеп, мурду канжалаган.

* * *

Мен буларды досумду «кыйын» көрсөтүш үчүн мисал кылып жаткан жерим жок, Баратбай курулай мактангандарды, митаамдыгын жашыргысы келип куулангандарды, атпай журт алдында апакай көрүнүп жалтылдаган арамзаларды, кубулуп турма «сымаптар» менен арамзаларды жети желмогузундай көрчү, азыр да ошондой. Мен мындайларды ичимден жек көрсөм, аныкы түз эле муштумунан чыкчу.

– Токтот былжыраганыңды? – дечү. Токтобосо «токмок» менен басчу.

* * *

Илгери «Асаба» гезити аркылуу губернаторлорго салам кат жазып жүргөн кезимде Ысык-Көл облусунун губернатору боло калган Эмилбек Анапияевге да кат жазып:

Баарынан калыс, честный,
Баратбай досум, местный.
Ишиңе тиет пайдасы,
Иштеше билсең тесный.

Арада ак да, кара, бил,
Аракеевге жага бил.
Ак үйдүн тилин тапканча,
Адамдын тилин таба бил.

Популист жакка аттаба,
Попугай сөздү какшаба.
Жонуңдан кайыш тилсе да,
Жол сала көрбө аскага? –

деп жаздым эле. Азыркы губернаторлор ыр тургай китеп окубайт эмеспи. Окуган жок окшойт. Окуса Баратбай айтчусун айтат эле.

Өмүрүмдө жакшы-жаман достордун көбүн көрдүм, бирок Баратбайдай кашкайган калыс, чындык десе башын сайып, жанын берген адамды азырынча көрө элекмин.

## БИЗДИН ДЕКАН САНСЫЗБАЙ

Филфактын балдар-кыздарынын баары окуубузду Сансызбай агайдын канатына калкаланып жүрүп бүттүк.

* * *

Менин кой баккан Болотакун жездем «илимпоз, окумуштуу» десем эле кыртыштап:

– Аларың ийне жеген иттей болгон немелер болот экен. Өткөн жылы Итибайдын баласы Арпага келип эс алып кетти. Илимпоз экен. Кудай ургандын ак жайдын күнү да колу жылыганын көрбөдүм. Таштай муздак. Тамакты да чүмчүңдөтүп, үстөл койдуртуп алып, теринин арасынан бит

карап аткансып жейт экен, андан да жөн жебей, китеп окуп олтуруп жейт экен, – деп наараазы боло берчү.

* * *

Бүгүн мага чыныгы илимпоз десе эле чачы чалкасына бир таралган бойдон таралбаган, тарамыштары билинер-билинбес көгөрүп турган, манжалары баланын күн көрөлек бетиндей купкуу жана назик, шамдай боюна узун адеми кара макинтош пальто, бутуна эски, бирок дурус кол менен ултарылган күрөң кызыл туфлий кийген, көзүнө кырбусу алтындай жалтылдаган сары металлга алкакталган тунук көз айнек тагынып, кайыш портфелине салса «балтика» тукумундагы угуту күчтүү пиводон бир шише же бир банка импорт пиво салып, салбаса өмүрү китептен бөлөк эчтеке салбаган илим доктору, профессор Бейшебай досум элестей берет.

* * *

Ошол Бейшебай досум профессор бололек аспирант кезинде квартирада жашап туруп көмүр алчумун деп «Топбазага» барбайбы. Анда Бишкектин баары эле ошоякка барчубуз. Бейшебай да кезекке туруп, контромаркага далысын кактап олтуруп калат.  Анан бир маалда эле күйгөн чүпүрөк жыттана баштайт.

– Эй, бирөөңөрдүн бидемеңер күйүп атат! Байкасаңарчы! – дейт Бейшебай.

Олтургандар айланып-тегеренип эч нерсе таппайт. Жыт жанагыдан да күчөйт.

– Карасаңар болбойбу, өрттөнүп кетип жүрбөгүлө?! – деп Бейшебайдын чындап эле тынчы кетет.

– Түтүн сиз олтурган жерден чыгып атат! – деп кыйкырат бирөө аңгыча.

Көрсө, чын эле Бейшебайдын өзү күйүп аткан экен. Контромаркага жөлөнгөндө эле түшкөн чокко олтурган экен, пальтосунун итапкан жери күйүп кетиптир.

Ошентип этеги күйгөн Бейшебай кезекке кечинде араң жетип, тележкага эки «ковша» көмүр салдыртып алып, трактористтин жанына олтуруп квартирасын көздөй жөнөйт. Арадан аз өттүбү, көп өттүбү бир маалда тар көчөдөн бурула берип эле кашайып өзү жашаган үйдү таппай калса болобу. Ары айдатат, бери айдатат, такыр таппай аргасы куруйт. Көчөнүн аты да, үйдүн номуру да эсинде жок. Бейшебай анан улам бир

үйдүн каалгасын каккылап сурап жүрүп олтурат. Улам бир каалгага келип каккылаcа, улам бир кемпир чыгат.

– Бабуля, скажите пожалуйста, где-то здесь живет молодой квартирант с женой, такой худощавый, очкастый, волосы длинные, глаза карие, монголоидной внешности, может вы знаете? – деп сурайт.

– Ой, Бейшебай! Дорогой, ты что, не узнаешь свою хозяйку? – деп кемпир таң калат. Көрсө Бейшебай бир жумадан бери өзү жашап турган батирин тааныбай, каалгасын каккылап, өз кожойкесинен өзүн сурап турган экен.

* * *

Бейшебай качан көрсөң эле чачы ийнин жаап, көз айнегин көзүнөн түшүрбөй, күз түшөрү менен упузун пальтосун кийип чыгуучу. Университетке жаңыдан мугалим болгон жыл эле дейт. Кышкы таңдын үрүл-бүрүлүндө сабакка баратып моюн орогучун таппай, сыртка чыкса анысы жайылган кирдин арасында турганын көрүп: «Түндө Закен кир жууп атпады беле, ырас жууп койгон турбайбы» – деп, ошол кездеги модалуу, учтарында чачысы бар, эжеси Москвадан алып келип берген узун «моюн орогучун» дароо мойнуна салынып, шашып-ушуп барып, ичи күндүзгүдөй жапжарык болгон троллейбуска түшөт. Ичиндеги орус-кыргыздын баары эле жийиркенип, Бейшебайдан бойлорун ала кача баштайт. Бейшебай аны деле байкабай, ансайын пальтосунун топчусун чечип коё берип, модалуу моюн орогучумду көрүп алгыла дегенсип менменсийт. Троллейбустагылар ансайын качат. Бейшебай университеттин аялдамасынан түшүп калып, кафедрага кайрылбастан түз эле аудиторияга кирет дагы пальтосун илип, бирок моюн орогучун моюнунан албай туруп сабак өтүп кирет. Студенттер кыжы-кужу болуп, бирин бири түрткүлөп, айрымдары күлө баштайт.

– Эмне күлөсүңөр? – дейт жаш мугалим.

– Агай, «моюн орогучуңузду» алып коюңузчу? – дешет студенттер.

Көрсө, Бейшебай эртең менен сабакка шашып атып, моюн орогуч эмес, Закендин түндө жууп жайып койгон майлыгын оронгон бойдон кеткен экен.

Закен турары менен жууган кирлеринин арасынан үйгө эң керектүү деген майлыгын таппай, дагы: «Кайсыл колуң сынгыр алып кетти экен? Башкасы калып эми майлыкты уурдай баштаганбы?» – деп, кереэлденкечке сарсанаа болуп жүрсө, кечинде сабагынан чарчап Бейшебайы келатат дейт, майлыкты моюнуна оронгон...

* * *

Илимдин белгилүү доктору, азыр атактуу да, таланттуу да жазуучу Бейшебай Усубалиев кезинде дал ошол Сансызбай агайыбыздын студенти болгон. Кийин агайы менен чогуу иштешти.

* * *

Баарыбызга атадай камкор, боорукер, «Манифестке» караганда «Манастай» түшүнүктүү, Маркска караганда Саякбайдай жакын, качан көрсөң эле биз өңдүү мадыра баштардын таламын талашып жүрүп өмүрдөн өтүп кетчүдөй болгон, баарынан да филфактын студенттери ат тезегин кургатпай, бири күн алыстан милийсага түшүп турса, бири сабакка келбей эпкиндеп кетип «женпедде» ыр окуп жүргөн, бири батташкан кирпиктерин ушалап китептердин «арасынан» туруп келатса, бири «эки жылдан берки сүйлөшкөн кызым чанып кетти» деп «керээз катын» калтырып, жатакананын 4-кабатынан боюн жерге «парашют» кылып таштап турган «жиндикананы» атайылап агартыш-көгөртүш үчүн жаратkandын жанынан келгенсиген, окумуштууга караганда олтуруштагы башкармага көбүрөөк окшогон Сансызбай агайды сагынбай эстөө деги эле мүмкүн эмес.

* * *

Жадагалса жарыгы түшөлек таңкы үрөң-бараңда жатаканабызга келип, уктап жаткан жерибизден ойготуп алып:

– Ушул карыш турган жерге чурку болуп калсаңар деле кечикпей барбайт белеңер! – деп сүйлөнүп, анан балпайып өзү алдыга түшүп алып, сабакка ээрчитип кетер эле...

* * *

Ошол студент болгон жылы ал кезде өңчөй чоңдор кийген алабуурул папакты филфактын деканы Сансызбай агайдын башынан көрдүм. Мен билгенден алабуурул папагын, жакасы папагына өңдөш пальтосун агай декан бололек жылы, парткомдун катчысы болуп турганда кийип чыкты окшойт. Ага чейин андай «папак-пальтону» мен «Правда» гезитиндеги Л. И. Брежневди узатып-тосуп алчу «член политбюронун» сүрөттөрүнөн

эле көрбөсөм, жөнсалды адамдардын башынан көрө элек болчумун. Кийин биздин ЦКнын 1-секретары Турдакун Усубалиевди куду ошондой папак-пальтосу менен телевизордон көрсөткөндө: «А кокуй десе, бу кишинин папак-пальтосу деле Сансызбай агайдыкына окшош тура» – деп койгом.

Ошентип КМУнун филфагын 70–90-жылдары бүтүргөндөрдүн көбү ушул нукура алтындай, «цианид төгүлбөгөн» Сансызбай агайдын «алабуурул папагынан» чыкканбыз.

* * *

Январдын суук күндөрүнүн биринде, сабактан таң атпай «качып» баратып Сансызбай агай менен беттешип калдым. Пальтосунун жакасын типтик кылып көтөрүп алган экен, эмнегедир мойнуна сыздоок чыгып, оң-солго бурулалбай жаткан кишидей кожойгон агайым бет алдын түптүз караган калыбынан жазбай келе жатып, адатынча салам айталегимде эле:

– Алеки салам, артымдан ээрчи? – деди.

«Кайдан да чыга калдым эле, дагы бир ишти тапшыра салат эмеспи эми» – деп кежигем кер тартып, ээрчип кетип баратам. Үчүнчү кабатка көтөрүлүп, агайдын деканат менен маңдайлаш кабинетине кирдик.

– Бол, жакамды түшүрө сал, – деди шашып.

Пальтосунун жакасын төмөн түшүрдүм.

– Турабы? Эңкейип мойнумду карачы? – деди.

– Турат, – дедим. Карасам, ортосу жумуртканын агына окшоп, четчети тарам-тарам болуп карайып, агайдын мойнунан кыр аркасын көздөй сарыгып, былжырап бирдеме жаткан экен сай-сайлап...

– Ме? Тазалай сал! – деп бет аарчысын сунду. Арыдан бери тазалап жибердим.

– Жакшы тазаладыңбы?

– Тазаладым, агай.

– Жыттачы? Жыт калган жокпу?

– Атырдыкынан башка жыт жок, агай.

– Жолдон өтө бергенде «шарт» эттирди, атаңдын оозун урайын. Мойнум жылжый түштү. Өөдө карасам, кыларын кылып алып салпактап учуп баратат. Анан да кыйратып салгансып: «Ка-ак!» – деп коёт. «Атаңдын башы!» – дедим.

– Карга чычса жакшы болот деп коюшат экен го, агай?

– Жакшы болсо күнүгө ошол жерге барып мойнуңду богуна тосуп келип жүр, – деди агайым.

– Кете берейинби?

– Кете бербегенде анан эмне кылмак элең. Келе тамеки?

Агайга фильтрсиз «Памир» пачкамды алып чыгып сундум да, сыртка чыктым.

Окуу корпусунун алды. Жылаңач бактар. Каргалар каалгып жүрөт. Арасынан агайдын мойнуна «бомба» таштаган карганы таанып кала тургансып, улам-улам асманды карап коём.

* * *

Көп өтпөй Сансызбай агай факультетке декан болуп чоңойду. Мен дептериме карга жөнүндө ыр жаздым.

Асфальтка карга чычты,
Капкара болуп алып,
Апаппак «айна» чычты.

Каргалар кайда чычты?
Сабакка келатканда
Сансызбай байга чычты.

Агайдын «декан» болуп,
Ачылды жолу, ур-ра-а!..

Каргалар ыргыткыла бомбаңарды,
Башыма, моюнума!
Батмакан чыгаар бекен,
Баратам жолугууга... – деп.

Ырымды ошол бойдон унутуп калып, кагаздарымды «аралап» жүрүп жакында таап алдым.

* * *

Атаганат, айылдан келип шаардык боло албагандай эле кайра айылдык да боло албай, баарыбыз азыр жан киши басып өтпөй калган көпүрөлөргө окшоп сынып, талкаланып кала бердик.

Кийин, кийин өзүм окуп бүткөн факультеттеги бир жолугушууда студенттер менден:

– Сиз өзүңүздү шаардыкмын деп ойлойсузбу? – деп сураганда, мына бул ырымды окуп берген элем:

Арабасын тарткан менен элеттин,
Айылдык да, шаардык дагы эмесмин.
Күкүктөрдүн үнү тургай балдарым,
Күүсүн укпай өсүп барат теректин.

Өзүмдү өзүм издеп жүрүп кыр аштым,
Өзөгүнө өрт түшкөн бир жыгачмын.
Жылуулугун туулган жердин мындай кой,
Жытын билбей өсүп барат шыбактын.

Айыл, айыл... Айыл десе кыйналам,
Арманым бар Асман-Жерге сыйбаган.
Көңүлүмдө сезе берем өзүмдү,
Көпүрөдөй көп жыл мурун кыйраган...

* * *

Сансызбай агай өмүрүнүн аягына дейре шаарда жашап өтсө да таптакыр «бузулбаган» таза кыргыз бойдон калды.

Бир жолу тамеки чегип турсак агай деканаттан чыгып, туалетти көздөй жөнөдү. Коридордо турган беш-алты кыз шашып кетип:

– Саламатсызбы агай? – деп жиберди.

Агай алардын кимдер экенин карабастан эле:

– Алекиматсалам! – деди да бара түшүп, үнү кыздардын үнү экени эми эсине түштүбү, жалт бир карап алып:

– Алекиматсалам деп коём да, саламатчылык! – деп туалетке кирип кетти.

* * *

Агайдын кыргыз экени кармаган калеминен тартып баскан-турганы менен какырынып-түкүрүнгөнүнө чейин даана көрүнүп, куулук-шумдугу жок бадырайган жүзүнөн айылдын желаргысы лапылдап уруп турар эле. Балким, аны бизге жакындаткан өзгөчө касиеттердин бири да ушул болсо керек. Кээ бирде агайды атайылап эле кимдир бирөөлөр зордоп китеп жаздырып, зордоп илимпоз кылып туруп университеттин «короосуна» кийирип жибергенсип сезилчү. Жалаң кыргызча басып, кыргызча күлгөн агай тамекини да «бай-кедейге» бөлбөй, көбүнчө «куйругу» жок тамеки чегип, чегип баратып тең жарымы калганда шилекейлеп өчүрүп, ширеңкесине тыгып туруп чөнтөгүнө салып алчу.

* * *

Сансызбай агайдын сабагындабыз. Агай бизге «Марксизм-Ленинизм классиктери тил жөнүндө» деген лекциясын окуп жатат. Аңгыча арткы парталардын биринде олтургандардын бири:

– Агай, «Марксизм-Ленинизм классиктери тил жөнүндө» дегениңизди кечээ эле өтпөдүңүз беле? – деди эле:

– Маркс менен Ленин тил жөнүндө мындан башка жазбаса атаңдын башын өтөмбү! – деп лекциясын улай берди.

* * *

Группамдагы 25 балага староста болгонум менен тамак ичсе деле Сансызбай агай менен ичип, сыртка чыгып басса деле Сансызбай агай менен басып, аны көлөкөдөй коштоп жүргөн «актив» студенттерди туурап чогуу басалбай койдум. Ошондой ойдо жок күндөрдүн биринде «кырсык» чалып, филфактын 3-кабатындагы «Декан Сансызбай Иманалиев» деген жазуусу бар кабинеттин алдына мени: «Окуудан чыгарабыз» – деп «жетелеп» келишти.

Кезек күтүп туруп, жалгыз уюмду сатып, ата-энемдин бейитине бата кылып, студент болдум деп элеп-желеп болуп келип, эптеп тапкан «ырыс-кешигимди» эми минтип талаага чачып алганымды ойлоп, кокус окуумдан чыгарып салса «жакшы ит өлүгүн көрсөтпөйт» болуп БАМга кетип калайын деп, агайлар менен эжейлерди көз алдымдан өткөрүп, аудиторияда калган күндөрүмдү барактай баштадым.

* * *

1-курстагы лекция эсимде. Келбети келишкен, кара сур мугалим кирип келип эле:

– Артемида жана Афродита! Европа жана Греция! – деп эле өмүрүбүздө угуп көрбөгөн аттарды алдыбызга боо-боо кылып таштап салды. Оозубуз ачылды. Оозубуз ачылганын байкаган агай ого бешбетер күчөдү. Греция менен Римди жалгыз өзү кулаткансып сүйлөдү.

– Биз эми дал ошол байыркы маданияттын урандыларына чогуу барабыз. Сиздер ал жерден Зевс, Гера, Гефест, Посейдон өңдүү олимп Кудайлары менен таанышасыздар, – деп шаңшыды.

– Марксизм-Ленинизм классиктери байыркы Греция менен Рим болбогондо азыркы Европа болмок эмес, – деп бекеринен айткан эмес.

...Капырай! Же колуна кармаган китеби же жазып алган бир барак кагазы жок, обдулса эле сөзү төгүлгөн, оозун ачса эле кудайлар куюлган мындай тирукмуш мугалимди тирүү көргөнүмө ишеналбай муюп, суктанып угуп олтурдум. Андан да лекциясын жөн окубай, аркы-терки басып, колун шилтегилеп, жулунуп окуйт экен. Жазып үлгүрмөк тургай, угуп үлгүргөнгө шаабыз жетпей калды. Агайыбыз аудиторияга кандай келип кирсе, так ошондой көздөн кайым болду.

«Антикалык адабияттан» берген Кадыркулов деген агай ушул экен, – деп бирөө шыбырады.

Мээм дүңгүрөп, ошол лекциядан кийин бирөө ушалап, ушалап туруп ыргытып жиберген кагазга окшоп турдум.

* * *

Көрсө, айылдан жаңы келип, кыргыздын каныбызга жедеп сиңип бүткөн ыкшоо, кайдыгер жашоо-тиричилигинин жылуу колтугунан чыкпай өскөн, баарына тийди-качты мамиле жасап, дөөлөткө кол жоорутуп, көз оорутуп жетпей эле оңой-олтоң жеткиси келген, билимге чоркок, илим азабанынан ырахат алгандан көрө, студент болгонунан көбүрөөк ырахат алган биз өңдүү элетбаш балдарга билимдүү болуп көрүнүш үчүн ашып-ташкан деле билимдин кереги жок экен.

* * *

Адабият сабагынан эч кандай эрөөн-төрөөнү жок эле, кара көзүбүздү караты туруп, кадимки эле 10-класста биз окуп келген «Кыргыз совет адабияты» окуу китебинен «лекциясын» окуган Чотбаева эже эсте калды. Эже таанышалек жатып эле:

– Чотбаева деген мен болом. Лекциямды үтүр, чекитине дейре калтырбастан, тытынып жазып албасаңар кийин таппай каласыңар. Мындай лекция бир менде, бир архивде гана бар, – деп, анысын сабак сайын кайталап, жалаң Кытайга үркүп барып, ата-энелеринен айрылып жетим калган акын-жазуучулардын өмүр баяндарын шагыратып окуй берер эле.

* * *

Биз окуган журналисттик бөлүмдө алты айында төрөлүп чарчап калган балага окшогон кодура сабактар көп болчу. Ошондойлордун бири «Идеологиялык иштердин пропагандасы менен методдорунун илимий

негиздери» дегени беле же башкасы беле, ошондон берген агай бизди зачет менен коркутуп жүрүп, бир күнү эле туфлийинин бир жак боосун жоготуп алганбы, алюминий зым менен байлап келген бойдон «дайынсыз» жоголду.

* * *

– Мындан ары ушул агайыңар сабак берет, – деп Сансызбай агай шыргый бойлуу жаш мугалимди таштап баса берди. Жаңы агайыбыз ишке шымалана киришип, күнүгө конспект текшерип, конспект жазбагандарга балчайтып «2» коюп келатты.

– Сенин конспектиң кана? Дүйшеев сага айтып жатам, – деп агай жаныма токтоду. Мен эмне дээримди билбей буйдала түшкөндө курсташым Мады:

– Агай, Дүйшеев деген Совет министринин төрагасы Арстанбек Дүйшеевдин бир тууган иниси болот, – деп жиберди.

«Асманда» турган агайым заматта жерге «учуп» түштү.

– Эми сизге «2» койсок болбойт да. Эми сиз мындан кийин мындай кылбайсыз да...

Агайдын шашып шыбырап, эмне кыларын билбей турган ошондогу абалы азыр да көз алдымда.

* * *

Бири тарап атса, бири сабакка келип аткан студенттердин арасынан көөнөрүп бараткан кыргыз калпак кийип, колуна портфель көтөргөн кишини биз өмүр бою окуусун окуп «бүтпөй» келаткан «заочниктердин» бири болсо керек деп ойлогон элек. Анын үстүнө кыргыз илимпоздордун көбү агезде орус шляпа кийбесе, кыргыз калпагын дээрлик кийчү эмес. ЦК олтурган имараттын тушунда баратып Ак үйдүн терезесин карап туруп тилиңди көргөзүп койгондун өзү эле эрдик саналган ал заманда, ак калпак кийип жүргөндүн өзү андан да ашкан эрдик эле.

* * *

Анан бир күнү эле баягы кыргыз калпакчан киши бизге кирип келип «Илимий коммунизм» деген сабактан лекция окуй тургандыгын угузду. Маңдайыбызда үнү кызыл өңгөчү күйүп кетип айыккан кишиникиндей чыйылдап тээ тереңден араң чыккан киши турду. Сүйлөп атып да көзүн

ирмебестен тикирейип тиктей берди. Көрсө, бул агай студенттер атын угары менен «кысчу» жерин кысып жиберген КМУнун атактуу профессорлорунун бири, тарых илиминин доктору Ашымкан Өмүралиев экен. Жүрөгүбүз «шуу» дей түштү. Ашымкан агай «акма кулак» болуп калган бизди аттиштей тиштеп, кычкачтай кысты. Бөлөк сабактан качып-безип кетчү жаныбыз, «илимий коммунизм» дегенде «коммунизмге» бараткансып, өзүбүз эле чуркап калдык.

* * *

Ошентип Ашымкан агайга кошулуп, группабыз менен «капитализмдин көрүн» казып кирдик. Капиталисттердин адамзаттын канын соргон желмогуз, байлык, бийлик, акча дегенде эч нерседен кайра тартпаган жанкечти, шылуун, жадагалса балтыр эти каталек балдарды малай жумшап, өтүгүн тазалатып кордоп, элди бай-кедейге бөлүп, кара таман калкты аёосуз эзген зордук-зомбулугун агайыбыз тажабай түшүндүрүп жатты. Биз алардын мыкаачылыгын өз көзүбүз менен көрбөгөн соң адам адамды эзүү, теңсиздик, жакырчылык, бай-кедей дегендери мээбизге сиңбей, кулагыбыздын сыртынан «агып» кетип жатты. Аны сезген агай:

– Империализм деген – бул чириген торт! – деп чыгып кетти.

* * *

Ашымкан агай кезектеги лекциясын окуп жатты.

– Ошентип Ленин башында турган пролетариаттар табынын ой-максаты жүзөгө ашып, Улуу Октябрь революциясы жеңип чыкты. Троцкий ошондо:

– Жолдоштор! Биз капиталисттер салган темир жолдор менен фабрика-заводдорду түп-тамырынан бери талкалайбыз! Биз өзүбүздүн жолдорду – социализмдин жолдорун, социализмдин фабрика-заводдорун курабыз! – деди.

Ленин айтты:

– Жок, жолдоштор, Троцкийдики туура эмес, биз андай кылбайбыз! Биз темир жолдор менен завод-фабрикаларды талкалабайбыз, тескерисинче, завод-фабрикалардан, темир жолдордон желкесин май баскан кожоюндарын кууп чыгабыз!

Ашымкан агай күтпөгөн жерден группанын старостасын ордунан тургузду.

– Касымалиев, Троцкий эмне деди эле?

Касымалиев группанын старостасы болучу. Старосталардын дээрлик баары эле турмушка бышып келген, мугалимдер менен оңой тил табыш-

кан балдардан дайындалган менен сабакка келгенде анча эмес эле. Маселен филфактын бир курдуу старосталарынын ичинен жападан жалгыз бетибизге карманганыбыз Маркстик стипендиант Баратбай Аракеев гана болбосо, калган мен баштагандарыбыздын баарысы сабактан нөл болчубуз.

– Кана Касымалиев, айтчы, Троцкий эмне деди?

Нарынбек чакчелекей боло түштү.

– Агай университетте чындык жок! – деди Нарынбек.

– Касымалиев! Троцкийди айт?

– Агай, биздин университетте чындык жок, таптакыр чындык жок.

– Олтур, «5», – деди агай.

Агайдын журналга «2» деген баа койгонун билбестен, балдарга баш бармагын көрсөткөн Нарынбек жайдаңдап келип ордуна олтурду.

* * *

Мен окуган журналистика бөлүмүнүн кафедра башчысы Токтосун Мамбетсариев деген агай 9-майдын алдында бүт ордендерин төшүнө тагынып алып, лекцияга университет менен толтура болуп кирип келген Найманбаев агайыбызды көрүп алып мугалимдердин ичинен согушка катышкан жалгыз эле ушул агай болсо керек деп ойлочубуз. Көрсө, согушка Мамбетсариев агай да катышкан экен.

Согушка катышканын кокусунан өз оозунан уктук. Агайдын лекциясы тажатып жибергенде аны капкаякта калган «согушту көздөй» алып жөнөр элек. Топту бузуп:

– Агай, биз жалгыз эле Найманбаев агай согушка барып келген экен деп ойлоп жүргөнбүз, – дедим.

– Жок, жолдош Дүйшеев, жаңылышасыз, согушка биз да барганбыз, – деп жылмайды агай.

– Ои-ий агай! Сиз да бардыңыз беле? Кантип согуштуңуз эле? Айтып бериңизчи? – деп араң турган балдар-кыздар жиреп кетти.

– Биздин боюбуз мылтыктан ашчу эмес. Ошого карабастан суранып жатып Ата Мекенди коргоого аттанганбыз, жолдоштор! – деди агай.

– Немистерди аттыңыз беле анан? – деди Бейшенбек.

– Жолдош Калыков, эгер немисти сиз атпасаңыз, анда немис сизди атып салбайбы, – деди агай.

– Агай, беш жыл бою согушуп жүрүп, анан бир да жолу өлгөн жоксузбу? – деп сурады Жаныбек Өмүралиев.

Агай Юморалисмустун сураганын укпай калдыбы, же укмаксан болгон түр көрсөттүбү, же Жаныбектин «шумдуктуу» суроосун балдардын күлкүсү басып кеттиби билбейм, жооп бербей койду.

* * *

Аңгыча:

– Дүйшеев деканга! – деген үндөн улам ойлорумду жыйнап, декан Сансызбай Иманалиевдин маңдайында турдум.

– Ии, эмне болуп ит болуп жүрөсүң? – деди агай.

– Ит кубалап, – дедим.

– Анан?

– Анан ошол. Балдар болуп вино ичип атканбыз. Анан эле кайдан-жайдан мотоциклчен милийса чыга калып, ит-мити менен кубалап жөнөдү.

– Кармап алдыбы анан?

– Качып кутулдум.

– Апбали! Кайдан ичтиң эле?

– Профилакторийдин жанынан.

Муну угары менен Сансызбай агай бет аарчысын алып чыгып, бырышып-тырышып туруп толтура бир бышкырып алды да, туталанып жини келип:

– Акмак атаңдын оозуга! – деп чыдай албай кетти. – Профилакторийдин жанынан да киши ичеби? Кудайды бир карасаң болбойбу? Мындай бир милийса көрбөгөн аң-чөнөк таап алып ичсең өлөт белең? Анан да дардайып профилакторийдин алдына жатып алып ичет деген эмне шумдук! Балаа ичкир! Ал жерден ичкениңди милийса эмес, мен көрсөм деле кубалап жөнөмөкмүн, – деп күпүлдөп коё берди.

– Иче калып эле кетип калабыз деп ойлогонбуз.

– Канча ичтиңер эле?

– Эки бөтөлкөнүн бири түгөнгөндө келип калды, агай.

– О, кешиги жок! Бири ичилбеген бойдон калдыбы анан? Жок дегенде баарын ичкенден кийин кубаласа эмне. Мына эми анын айынан окуудан кубаланганы турасың.

– Агай?

– Агайдын балакетин аласыңбы. Завкафедраң күндө келе берип тажатты. Мына жазганы. Агай окуп кирди.

«Жолдош Дүйшеев Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын флагманы болгон университеттин аброюна көө жапты. Коммунисттик идеяларга жат жүрүш-турушу менен студент деген ыйык наамды булгады. Мындан ары бул өңдүү моралдык жактан мандемдүү гражданиндин советтик студенттердин катарында билим алууга акысы жок деп эсептейбиз. Жолдош Ш. Дүйшеевди окуудан чыгаруу маселесин чечип берүү жагын деканаттан сурайбыз?» – деп, колу коюлуп, аты-жөнү, кызмат даражасы жазылыптыр.

– Жүрү Акматовго? Тагдырың ошол жерден чечилет, – деп, агай мени Акматовго ээрчитип жөнөдү.

* * *

Көз алдыма үч күн мурдагы окуя тартылды. Акыркы ыстаканды алып жиберерим менен эле:

– Качтык? Милиция! – деген үндөн улам татырактап качып жөнөгөнүбүз эсимде. Мектепте окуп жүргөндө «жеңил атлетикага» катышып, аз жерден чуркоодон район боюнча чемпион боло жаздаганымдын пайдасын көрө элек элем, ошондо көрдүм. Кыргыз милийсасынын немис итине караандатпай чымын-куюн болуп сызып бараттым. Ошондо кокусунан туфлийимдин боосу үзүлүп кетпегенде сөзсүз кутулуп кетет элем. Жатаканага он чакты кадам калганда бурчта өсүп турган тыт дарактын оң жагындагы арыкка барып жыгылдым. Ит келип басып калды. Кыймылдайын десем эле оозун ачат, өөдө болоюн десем эле ырылдап коё берет. Анан ээси жетип жибин тартып, мен ордумдан турдум. Топтошо калган студент балдар дароо мени жылан толгоого салып, милийса менен итке жолотпой шакектей ороп, айлампага алып олтуруп, жатакананын оозуна келгенде:

– Кач, Шаке! – дешти.

– Учкан бойдон 2-кабаттагы Карыбектердикине кирип барып, шым-көйнөгүмдү алмаштырдым да терезеден секирип түшүп, инфактын жатаканасын көздөй басып кеттим. Милийсанын жогорку кабатты көздөй дүпүрөп чуркап бараткан дабышы угулуп кала берди. Ошо бойдон унутулуп бараткан, бирок баканооз ким бирөөлөр кафедра башчысына шыбырап барган экен. Үч күндөн кийин мени окуудан чыгаруу тууралуу маселе коюлду.

* * *

Акматов дегени университеттин профсоюз комитетинин төрагасы экенин анын кабинетиндеги жазуудан улам билдим. Кирип олтурарыбыз менен эле Сансызбай агайым:

– Бу куу тумшук, башына түк чыкканы оозуна кылайып бирдеме албаган эме. Ошол күнү сааттай болуп, профилакторийден чыга калса эки мас газонду тепсеп, тайраңдап ичкилик ичип олтурган экен. Ошолорду тартипке чакырам деп барып, өзү милийсага кабылып калып атпайбы, – деп сүйлөп кирди.

Акматов маңдайы жазы, узун бойлуу, келбеттүү киши экен.

– Анда эмне себептен милиция ошол ичип олтурган мастарды кубалабай сизди кубалап жүрөт? – деп мага кайрылды.

– Мен мастарды тургузуп жиберип, басып кеткен элем, – десем эле Сансызбай агайым:

– Мастардын карматпай качып кеткенине ызасы келген милийса итин буга тукуруптур. Анан айбан эме масы ким, соосу ким, ылгамак беле? – деди.

– Окуусу кандай? – деди Акматов.

– Аябай жакшы. Ыстарыста. Дубал гезиттин редактору. Чымыны бар, – деп агайым базарга сата тургансып мактап жиберди.

– Болуптур, бара бергиле, – деди КМУнун профкомунун төрагасы.

Биз сыртка чыктык. Ыраазылыгымды кантип билдиреримди билбей, айдап жиберген күндө деле менден университеттин кылы кыйшайбай турганына карабастан окуудан чыгартпай алып калган Сансызбай агайымдын жакшылыгына жетиналбай барбалаңдап, экөөбүз эки жерде «Памир» тамеки чегип турдук.

* * *

Эс тарткандан тартып эле эч бир эрежеге сыйып жашай албаган менин рельстен чыгып кеткен вагонго окшоп батинкемден чыгып кеткен күндөрүм көп эле болду. Филфактын майып кыздарын көрсөм эле аяп, бир нерсе жасагым келип, жөн туралбай, акчалуу боло калсам эле конфет сатып бере салып, эргип турган кезимде саатымды чечип колуна байлай салып, эртеси кайра алалбай Нуралыны убара кылган күндөр да билинбей артта калды.

* * *

Биз бүтүп кетерге аз калганда филфактын «аренасында» Кубан Бекботоев деген жаңы «герой» пайда болду.

* * *

Сансызбай агайды такай Бектурсун, Мады, Жусуп Алсейитов жандап, коштоп жүрөр эле. Ошолордун коштоосунда чыгып келаткан Сансызбай агайдын так алдына боорунда «Милиция» деген жазуусу бар көмкө машина келип токтоп, ал эмне үчүн келгенин түшүнөлекте эле арткы эшиги шарак ачылып, ичинен топ этип Кубан секирип түштү жерге. Түшүп эле:

– Айланып кетейин агай! Ушунча да издетесизби? Издеп жүрүп эртеден бери суй жыгылдым. Жатаканага барам, жоксуз, главный корпуска барам, жоксуз. Анан Бекботоев деген кайдагы бир студенти милийсага түшүп калса филфактын деканы ошону чыгарып алганга жарабаптыр деп бөөдө деканатты шерменде кылып албайын, кокус сабакта болуп жүрбөсүн деп түз эле быякка айдатып келдим, агай. Он беш сом берип мени бошотуп алыңыз? Стипендиям тиери менен берем, бербесем майнеке болоюн, – деп бакылдап жиберди.

– О, оозу менен орок оргон атаңды оозуга! – деди да, Сансызбай агай, жан чөнтөгүнө колун салып, он беш сомду санап берди. Кубанды калтырып, милиция жөнөп кетти.

Ал кезде милиция бөлүмдөрүндө «медвытрезвитель» дегендер иштечү. Мас болуп түшкөндөрдү алып барып соолуктуруп, 15 сом айып пул салып, иштеген же окуган жерине кабарлап атайын кат жөнөтүп, 15 сом төлөй албагандарын 15 суткага чейин кесип жиберчү. 15 суткага түшүп, анысы билинип калган студенттерди кээде окуудан айдап да жиберчү.

* * *

Ошол Кубан да бир жолу окуу корпусунун алдынан жолукту. Алматыга жоголуп кетип бир айдан кийин келген кези.

– Бир аз жок боло түшсөм мугалимдер тим эле карызга бастырып жибериптир. Болгондо да он бир сабактан карыз экемин. Агайларымдын тынчын бузуп, алтындай болгон убактыларын алып: «Мага баа коюп бересизби?» – деп кайсы бетим менен уялбай суранып бармак элем, анда эле ыйман-ызаат деген калабы деп, өзүм эле «отл» деп коюп алып атам деп, тең жарымынан көбү коюлуп калган колундагы «ведомостту» көргөздү.

* * *

Кайран гана жигит! Каяктагы филфакка кирип алып, ат атоочтор менен зат атоочтордун арасында кор болуп жүрүп өтүп кетти. Анын ар бир «жоругу» филфактан башталып, милициядан бүтчү.

* * *

Бир ирет Н.Крупская атындагы орус драма театрынын Күнбатыш жагындагы жолго туруп алып аркы-терки өткөндөрдөн ширеңке сурап атам дейт. Сааттай болуп эч кимден ширеңке чыкпай койгонунан күйүп

турган «түбөлүк отту» көрө коюп сүйүнүп кетип, сойлоп барып тамеки күйгүзүп атсам, милийса келип шыйрагымдан сүйрөп кетип, бир түнөп келе коёюн деп сабактан калып калбадымбы дечү.

* * *

Ошол жылдары кайсы бир юбилейге карата темир жол вокзалындагы М. В. Фрунзенин эстелигине шаты жөлөп коюп жууп-тазалап, жаңыртып, сырдап, майрамга даярдык көрүп жаткан кези болучу.

Кубан ошондо бүтүндөй университетти дуу кылган окуясын мага минтип айтып берген эле.

– Кудай албаган кишинин баспаган жери, каспаган көрү калбайт турбайбы, Шакебай. Ал жакка темселеп каяктан бара калганымды билбейм. Вокзалдын буфетинен чыга калсам эле айгырын атырылтып алдымдан Михаил Васильевичтин өзү келатат! Колунда кылычы жалаңдайт!

– Эй, кудай албаган Бекботоев! Убадаң кана, акмак? Тянь-Шандын казы-картасын, сүрүн жедирем дегениң эсиңден чыгып кеттиби күсавир? Качан көрсөм эле темселеп ушул жерде жүрөсүң, ичкен пивоңдун «согун» менин түбүмө «төгүп» коюп. Башыңды кыя чабайынбы иттин баласы! – деп эле качырып келатат...

Анан кантип жетип, кантип шаты менен чуркап чыгып артына учкашып калганымды билбейм, байкебай? Белинен кучактап алып:

– Кеттик, Михаил Васильевич? Кеттик Нарынга! Кеттик биздикине! Казы-картага! – деп эле кыйкырып жатыпмын. Бир маалда карасам, милийса тегеректеп калыптыр

– Бекботоев түш! – дейт.

– Мен Бекботоев эмесмин, кароолчумун, түшпөйм. Бекботоевди издесеңер, как раз азыр буфетте олтурат, – дедим.

– Бекботоев сени биз катыныбыздан да жакшы тааныйбыз, түш! – дейт. Алдап-соолаганга болбой калды.

– Тетигил карагайдын аржагына барып жашынып тургула, анан түшөм, – дедим.

Алар мен айткан жерге барып тура-тура калышты. Түшөйүн деп баратсам эле жабалактап кайра чуркашат.

– Жок, жолдош милийсалар. Оюндун шарты мындай эмес. Силер милийсалык кылып эрежени бузуп атасыңар. Калыстык болбой жатат. Кана, кайра баштан баштайлык, – дейм.

Алар кайра баштан барып карагайлардын артына жашына, жашына калышты. Көрүнбөй калары менен Михаил Васильевичтен түшө качтым. Бирок күч тең болбогондуктан колго түшүп калдым. Милийсанын колун-

да баратып карасам, жана эле: «Башыңды кыя чабайынбы, акмак!» – деп мага жулкунуп турган Фрунзем эбак таш болуп катып калыптыр, кудай албагыр деген эле.

* * *

Филфактын комсомол комитетинин ошол кездеги секретары Жусуп Алсейитов минтип эскерет:

– Сансызбай агай чалат: – Эмне болду агай? – десем.

– Кеттик, баягы атаңдын оозуга урайын, дагы түрмөгө түшүп калыптыр, чыгарып келели? – дейт.

Барсак эле Кубан олтурат.

– Эй, ит, эмне олтурасың мында? – дейт агай.

– Жөн-жай эле олтурам, агай. Милийсалар алып кетерде айттым жакшы эле: «Силер жаман экенсиңер, кармарын кармап алып, агайга айтып коёт экенсиңер, минтип айтып коё берсеңер экинчи силерге келбей коём» десем болбой эле алып келип салышты, – деп жылмайып коёт.

Агай  Кубанды ушинтип милийсадан канча ирет алып чыкпады.

* * *

Бир күнү мага ал түшүн айтып олтурду.

– Айланайын Шакебай, сага жалган, мага чын. Бу кудай албаган кишинин түшүнө да кудай албагандай түштөр кирет турбайбы. Майрам күн окшойт, бир туруп Кызыл Аянт, бир туруп бу өзүбүздүн эле карачечекей Ала-Тоо аянты болуп калат. Көчө бойлой тизилген студенттер. Кылкылдаган эл. Түшкөнүбүз кундуздай жалтылдаган капкара «Зим». Жанымда Леонид Ильич Брежнев. Жүзүбүздөн республикалык жыйындын күүсү тарай элек. Анткени мага филармониядан жаңы эле Ленин орденин тапшыруу салтанаты аяктаган болучу. Леонид Ильич экөөбүз колундагы кызыл желекчелерди булгалап тургандарга астейдил ыраазылык билдирип, тикебизден тик турган бойдон жылмайып, жылып кетип баратабыз. Баары эле бизди суктанып карайт. Баягыл мага зачет койбой жүргөн мугалимдер эми көздөрүн ала качып, жанындагылардын далысына, бак-дарактын далдасына жашына калып жатат. Ичимден:

– Сооп болот! Ушуну көрмөксүңөр! – деп коём.

Аңгыча Леонид Ильич, «тигилериңизди караңызчы?» дегенсип, акырын капталыма нукуп койду.

Карасам, баягы кудай албагырлар: кабактары салаңдап, асманы кулап түшкөнсүп аза күткөн абалда туру. Болгондо да өңкөй ЦКнын секретар-

лары – Абсамат Масалиев, Кеңеш Кулматов, Медеткан Шеримкулов дегендер... Майда-чүйдөлөрү андан көп...

– Келме кезек, терме тезек деген ушундай болот, баатырлар! – деп коём.

Атаңгөрү ай, булардан бир аттам араакта колун көтөрөр-көтөрмөксөн, шляпасын булгалар-булгаламаксан болуп, кезинде кумурсканын улутунганынан бери билген Борбордук Комитеттин 1-секретары Усубалиев Турдакун Усубалиевичтин карааны томсоруп, көзүн кылгырткан бойдон аянычтуу тиктеп, сызылган жел менен артымда кала берди.

– Кулду бий, куурайды чий кылган ол-даа опаасыз заман ай-е! – деп каңырыгым түтөп кетти ичимден.

Жашып да кеттимби, билбейм, кирпигимден үзүлүп түшкөн бир тамчы жаш Леонид Ильичтин айнектей жалтылдаган туфлийинин жүзүнө таамп, андан томолонуп, Усубалиев сүйөнүп турган бактын түбүнө сиңип жок болду. Кудай пешенесин жандырган биз андан ары узадык. Толкундоом чыдатпай сүйлөгүм келип:

– Улуу урматтуу Леонид Ильич! Мал киндиктүү Кыргызстандын эки тизгин бир чылбырын мендей жаш, билимдүү, жигердүү азаматтын колуна ишенип тапшырганыңызга терең ыраазымын! – дедим.

Брежнев адатынча ат жалындай калың каштарын дүгдүйтө калды да оозун бүйрүп жиберип эки бетимден эки сорду. Анан:

– Дорогой Куба! Кремль тебе верит! – деп сыга-сыга кучактап, кысып-кысып койду.

Аянттагы эл ушуну эле күтүп тургансып, шапалактата кол чаап жиберди.

– Леонид Ильич, күн да ысып кетти. Бурулуп ачкыл жутуп алсак кантет? Байтал бээнин бал кымызын алдыртып койдум эле, – дедим.

Шоопур биз үчүн тигилген Ак өргөөнү көздөй бурула берди.

Ол-даа арбак ургурдуку ай-е, так ушул жерине келгенде ойгонуп кетпедимби. Тим эле жүрөгүм оозуман чыгып кетчүдөй лакылдап, каным катып калыпмын. Туруп эле суу ичтим. Басыла турган түрү жок. Сыртка чыктым. Тээ алыстан үзүл-кесил траурный музыканын үнү угулуп, улам жакындап, улам берилеп келатты. Көрүстөнгө өлүк койгону келаткан орустар экен. Орустар өлүгүн койгондо арак берчү эмес беле, – деген ой мээме шак этти. Ошондо Брежнев түшүмө бекер кирбегенин түшүндүм.

* * *

Өлүк койчуларга аралашып кеттим. Баратып маркумдун аты Михаил экенин, Фрунзе заводунда иштеп жүрүп көз жумганын билдим. О кудай албагырдыкы, бир маалда баягы Алыкул өңдүү мен өзүмдү арт жагымдан карасам, көрүстөндүн үстүндө сүйлөп турган бирөө бар дегендей, өзүм экемин.

– Жолдоштор! Биз бүгүн өз устатыбыздан, мээрман атадан, ак ниет жолдоштон жана чыныгы коммунисттен айрылып, кабыргабыз кайышып турат. Бирок Михаил өлгөн жок. Чыныгы коммунисттер эч качан өлгөн эмес жана өлбөйт. Анткени артында анын жолун татыктуу уланта турган биздей соратниктери калды. Таш боор ажал Мишанын өзүн алып кеткен менен анын жаркын элесин биздин жүрөгүбүздөн эч качан алып кеталбайт! – деп, бет аарчыма бышылдап, жашыган болдум.

Айланайын Шакебай, анан бир маалда ошол эле сөзүмдү топ орустун кашында, маркумдун үйүндө сүйлөп олтурупмун. Колумда ыстакан. Адатымча сөз бербей калган экемин, олбурлуу бир орусу колтуктан алып, акырын көчөгө чыгарып, «барагой, университетиң тигине!» деп көчүккө тээп койду, – деп аңгемесин аяктады.

* * *

Биз да акыры Кой-Таштагы аскер бөлүгүндө «сбордо» болуп, көп өтпөй окуу жайын бүтүрүп, турмуштун дайрасына түштүк да туш-тарапка агып кеттик. Мен облустук «Нарын правдасы» гезитине кабарчы болуп орноштум. Беш жыл бою куралданган кургак теориялардын күүсү менен облредакциянын эскире берип таш болуп «катып» калган турмушун реформалап жиберчүдөй жалбырттап барган дымагымдын оту алакандай Нарынды жалаң мансаптуулар мыкчып алып, ырыстуу дегендердин баарын өздөрү билип, кие турган кийимиң, жей турган этиң, жадагалса окуй турган китебиңе дейре атайын «талонун» киргизип, обкомдун талонусуз жылтыраган эчтеке сатып алалбай калган кую бузук замананын дубалын бир сүзгөндөн кийин өзүнөн өзү өчүп жок болду.

Ошондой күндөрдүн биринде күтпөгөн жерден Кубан жолукту.

– О Кудай урган, сен кайдан? – десем.

– Нарынга келгем, иштеп атам, – дейт.

– Окууңчу?

– Окууну таштадым. Болбой калды.

– Каерде иштеп атасың анан?

– Облустук «вычислительный центрде» инженер болуп.

– Кантип?

– Тааныш менен орношуп алдым. Эч ким адистигимди сураган жок. Качан кууп жиберер экен деп жүрөгүм түшүп жүргөн кезим. Бир жолу: «Машина бузулуп калды, оңдоп бериңиз?» – деп ошол жерде иштеген кыздар кайрылды. Отвертка кармагандан бөлөк эчтеке билбеген жаным айыбым ачылып калбасын деп:

– Эсептөөчү машина катуу бузулуптур. Кокус «замыкание» болсо жарылып кетиши мүмкүн. Андан көрө бирөөбүз эле өлөлү. Оңдоп бүткүчө

баарыңар сыртка чыгып тургула, – деп баарын сыртка чыгарып жиберип, отвертка менен бир бөлмөнүн шыбына чейин тирелген аппаратуралардын көрүнгөн жерин сайгылап жүрсөм, кудай жалгап бир маалда «дыр-дыр» этип барып иштеп кетти. Ошондон бери бузула элек. Эми бузулса өлдүм, – деген эле.

Кубанды ошондон кийин экинчи көрбөй калдым. Кийин кырсыктап кетип, каза болуп калды деп уктум. Кайран жигит!

* * *

Филфактын көрүнгөн «жиндисинин» таламын талашып, аны аяп, коргоп, тилдеп, сөгүп жүрүп киши кылгысы келген Сансызбай агай Кубанды да адам кылгысы келген. Бирок Кубандын боюна бир нерсе токтой тургандай «соо» жери калган эмес эле. Суу куярың менен көрүнгөн жеринен диркиреп ага берип, жамап-жаскап урунгандан көрө ыргытып жибергенден башкага жарабай калган челекке окшоп калган болучу. Такыр эле болбой калганда агай анын «суу аккан» жерлерин таптешиктеп туруп Советтик Армиянын катарына жөнөтүп жиберди. Эки жыл деген деле көзгө илешпей өтөт экен. Бир күнү эле жадырап-жайнап:

– Армия деген армия экен, Шакебай. Адам болуп келдим. Бүттү эми окуйм. Баягы итчиликтер кайталанбайт, – деп аскер формасы боюна жарашкан Кубан пайда болгон.

* * *

Санай келсем, улуттук университеттин филфагынын кагаз бети түтпөй турган таланттуу улан-кыздарынын баары Сансызбай агайды айланып-тегеренип, канат байлап, анын жылуу «уясынан» улам бирибиз учуп кетип, улам кийин келгенибиз менен агайыбыз кала берип, биздин да окууну бүтүп кетчү кезибиз келип жеткен экен...

**(Уландысы бар)**



## Абдил ШЕРМАТОВ

*1942-жылы 25-апрелде Талас областынын азыркы Манас районунда, Манас айылында төрөлгөн. Адистиги боюнча филолог. Пржевальск (азыркы Каракол) шаарындагы педагогикалык институтун бүтүргөн. Мектепте, басма тармагында, кыргыз радиосунда, Улуттук илимдер академиясында, жогорку окуу жайларында ар кандай кызматтарда иштеген. Көркөм котормо, илим жана журналистика менен алектенет, поэзияга ышкылуу. Махмуд Кашгари-Барскан Чыгыш университетинде дарс окуйт.*

*Поэзия*

## 7-апрель

*Жулунган көп: «Элдик бийлик жеңди» – деп,*
*Эл болсо али эс жыя эңгирет.*
*Окко учту канча кыргыз жигити,*
*Хандан, бектен кайра тартпас эр жүрөк.*

*Ойлошкон жок мансапты же олжону,*
*Жек көрүүсүн билдиришти болгону.*
*Бийликти анан таштандыдай талашты,*
*Саясаттын сардарлары, бомждору.*

*Күчөп көчө саясаты өкүмү,*
*Болуп алды өлгөндөрдүн өкүлү.*
*Берендер ай! Ушул арсыздар үчүн,*
*Жааган окко тостуң беле төшүңү?*

*Чыр чыгарса албуут топтор жыйылып,*
*Бушуркөйсүң жүрөк оозго тыгылып.*
*Ыймансыздар! Бирин бири укпаган.*
*Аккан жашты тыя албаймын сыгылып.*

* * *

*Кооптонуу күчөп жүрөк бушуркөп,*
*Сөз азайып мамиледе үтүр көп.*
*Биз экөөбүз даракка окшоп кетебиз,*
*Көктөй албай тургансыган бүчүрлөп.*

*Жат адамдай улам сууп арабыз,*
*Түнттүк бийлеп түшүнүшпөй барабыз.*

*Сепил сымал сестендирет кыялың,*
*Душманмынбы, сен экинчи карагыс?..*

*Кокус ооруп калса сенин бир жериң,*
*Ошол түнү кыйын кирпик ирмерим.*
*Далбас уруп жанды коёр жер таппай,*
*Тарып кетет, тарып кетет дүйнө күн.*

*Жаш улгайган сайын өмүр болот морт,*
*Демиң тыңшайм улам туруп сороктоп.*
*Калган күндүн канча бизге кереги,*
*Анын баарын таарынычка коротсок.*

* * *

*Көздөрүң ай, шамдай күйгөн балбылдап,*
*Көргөн сайын көшүлөмүн жан жыргап.*
*Ак никелүү алтын шакек колуңда,*
*Өпкө-боорум чаба албадым калбырлап.*

*Бирок азоо эңсөөлөрдүн кумары,*
*Улуп-уңшуйт ач карышкыр сыңары.*
*Жандүйнөмдө арзуу гимни жаңырып,*
*Көктөйт көрктүү үмүттөрдүн чынары.*

*Көмөкөйдөн ширин сөздөр агылып,*
*Айталбаймын – урматтаган жан улук.*
*Сага деген сансыз түмөн сезимдер,*
*Ичте турат дубанадай ак уруп.*

*Ак нике ыйык, айтышты аны сан кылым,*
*Бузбаш керек жараткандын жарлыгын.*
*Бирок такыр алгым келбейт мойнума,*
*Кең дүйнөнүн шакек сымал тардыгын.*

## Эне тил

*Бешик ыр угуп жок болуп санаа,*
*«Апа» – деп айтар код болуп мага,*
*Канча доор өттү жоголгон жоксуң,*
*Тарыхым түгөл топтолуп сага.*

*Текебер жандар токушуп токтом,*
*Калксынтат бизди эмитен тозгон.*
*Ордолуу журтту болот дейт тилсиз,*
*Божомол айтып мезгилден озгон.*

*Бардык эл, чыны, ааламга конок,*
*Олуясынат акылы чолок.*
*Өркүндөп жатса өлкөлүү кыргыз,*
*Жок болот деген жөн эле жомок.*

*Башкалар үчүн, балким, биз сырбыз,*
*Байыркы элбиз майтаргыс, сынгыс.*
*Тентибей чогул! Кезгиң келди,*
*Тарыхта айтар сөз камда, кыргыз.*

## *Тост*

(Алым ТОКТОМУШЕВге)

*Жаз келди жарк деп өлбөгөн жанга,*
*Жадырап жаша өмүрүң барда.*
*Көңүлдөр бүгүн бир көктөп алсын,*
*Толтура куюп кесеңди карма.*

*Алалы, көтөр, калтырбай бүтүн,*
*Күн чубак күткөн бомждор үчүн.*
*Таштанды жактан көздөрү өтүп,*
*Каректер муңдуу, көөдөндөр түтүн.*

*Бийлик да алсыз, эл дагы бейбаш,*
*Каякта Манас, каякта Бейбарс.*
*Ичели бүгүн унутта калсын,*
*Жүдөгөн маанай, кунарсыз пейзаж.*

*Азайып барат жайдары жүздөр,*
*Ажайып асман – көк деңиз түспөл,*
*Астында анын тытышып, тырчып,*
*Көксөйбүз мансап, аңдыйбыз үстөл.*

*Чуулдайт андан бейкапар балдар,*
*Демдери от, күч, көздөрдө шам бар.*
*Жаз күнү сымал жылытат жанды,*
*Эртеңки үмүт, эртеңки таңдар.*

*Оңдонуп эми кесеңди карма,*
*Ошолор үчүн алалы анда.*
*Тирүүбүз бүгүн тирүүлүк үчүн,*
*Жаз келет акыр өлбөгөн жанга.*

## Эски жара

*Сүйүүмдү камап чыгарбай тышка мерт кылып,*
*Атыңды такыр унутмай болдум шерт кылып.*
*А бирок сиңип калыпсың каны-жаныма,*
*Ойлогон сайын жалбырттайт ичтен өрт чыгып.*

*Ошондон бери ой басты мени күнү-түн,*
*Алоолойт өчпөй сен берген сүйүү бир үзүм.*
*Жол жогун сага жон терим менен сезсем да,*
*Өзүңдү самап үзүлбөй койду үмүтүм.*

*Унута албай коңгуроо доош үндү мен,*
*Уктабайм кээде желпинтип каным дүргүгөн.*
*Үшкүрүк күчөйт урунган жээкке толкундай,*
*Бул жакта менин, ал жакта сенин үй-бүлөң...*

## Таякем Эсенбайга

*Мен дидарын көрбөй калдым апамын,*
*Мээримине бөлөнбөдүм атанын.*
*Тирүүлүктө боло берет мындайлар,*
*Бирок, таяке, бир нерсеге капамын.*

*Жети бөрү жээн боло албай тайраңдар,*
*Же бир бизде күн болбоду сайрандар.*
*Таякелер чилдей тарап кетиптир,*
*Менде бүгүн ат көтөргүс арман бар.*

*Жээниңдин жүлүн өрттөр арманы,*
*Бирге укпадык булбул үнүн таңдагы.*
*Маңдай-тескей чеке тердеп чай ичип,*
*Бир жебедик тептең бөлүп алманы.*

*Өкүнүчтө өттү жапжаш жылдарым,*
*Сени эстесем сыздап кетчү бир жаным.*
*Элдер айтса акылыма сыйчу эмес,*
*Көрсө сени өлтүрүптүр тууганың.*

*Беш жыл ажал тосуп сени жолуңан,*
*Аман келип канкор душман огунан.*
*Үйгө жетпей болгону он беш чакырым,*
*Өлүптүрсүң ач көз тууган колунан.*

*Бир боорум деп бир табактан аш ичкен*
*Тууганыңа жандүйнөңү ачып кең.*
*Турсаң түртүп жүргөн поезд алдына,*
*Ал кара бет ашып түшкөн фашисттен.*

*Алкын бузуп сенин буюм-тайымың,*
*Тынды өлтүрүп. Болсочу бир айыбың.*
*Ичи арам бир шүмшүктүн айынан*
*Көрбөй калдың бул дүйнөнүн жарыгын.*

*Тууган деген аттын ыйык экенин,*
*Кайдан билсин арсыз, бетсиз безериң*
*Андай көркоо жарым кесим нан үчүн,*
*Кайра тартпайт саткандан өз Мекенин.*

*Өткөн өттү. Милдет жашоо уламай,*
*Бирок кээде күйүп кетем чыдабай.*
*Таякеден, уялаштан, ападан,*
*Эмне мени кем кылды экен, Кудай ай!*

*Уксам атың бир айылга көрк экен,*
*Мырза жигит болуптурсуң көрсө сен.*
*Атаганат, урпагымда кийинки,*
*Эр көкүрөк Эсенбайлар болсо экен.*

*Курусунчу ушул жашоо иленди,*
*Өмүр кызык, өзгөрөлү биз энди.*

*Түгөнбөс бир жомок айтчы угайын,*
*Жаш баладай жаздык кылып тизеңди.*

*Бул турмуштун жыргалын да азабын,*
*Бирге жашап, бирге көргөн адамым.*
*Кабагыңды ачып бери карачы,*
*Ичкиликтен чыны абдан тажадым.*

*Бир тоголок жаш үзүлсө көзүңдөн,*
*Астын-үстүн болот дүйнөм көз ирмем.*
*Аяп сени ичтен сыздап отурган,*
*Жийиркенип кетем өзүм-өзүмдөн.*

*Билем, жаным, темирдей бек чыдамың,*
*Оомо-төкмө, оргу-баргы кыялым.*
*Ичип алсам өпкөм көөп казандай,*
*Бүт ааламды чарк айланып чыгамын.*

*Мен итчилик кылбайм ичип алганда,*
*Көтөрбөймүн үйдү чууга, жаңжалга...*
*Бирок өлүп-тирилемин эртеси,*
*Көздөрүңдү көрүп толгон арманга.*


*Сени элдей сүлкүлдөтүп күтө албай,*
*Же асмандан жерге эртелеп түшө албай.*
*Дүйнө-мүлккө маарытпадым өзүңдү,*
*Тээ илгерки жомогумду бүтө албай.*

*Мен эпчилдик элегинде эленип...*
*Байый албай калдым элге теңелип.*
*Карабачы мени жемелегендей,*
*Калбайт баары курсак менен ченелип.*

*Курусунчу ушул жашоо иленди,*
*Өмүр улап жомогуңду угайын,*
*Жаш баладай жаздык кылып тизеңди.*

---

*Проза*



**Үсөн САРЫБАЕВ**

*1952-жылы Кара-Кулжа районундагы Ажике айылында туулган. 1976-жылы С.А.Чуйков атындагы көркөм-сүрөт окуу жайын бүткөн. 1978-жылдары СССРдин Эл сүрөтчүсү Г.Айтиев жетектеген СССР сүрөтчүлөр Академиясынын Бишкектеги чыгармачылык филиалынан (анын базасында кийин сүрөт Академиясы түзүлгөн) билим алган. Жазуучулар жана Сүрөтчүлөр союздарынын мүчөсү. Республикалык, Эл аралык көргөзмөлөрдүн катышуучусу. 2008-жылы «Эңсеген менин обонум» аттуу китеби жарык көргөн.*

# ӨМҮР ЖАНА ӨЛҮМ

**(Эссе)**

Ош базарынын күн чыгыш жол өйүзүндөгү менчик оорукананын ээси (хирург экен) бир тууган карындашымын сол бөйрөгүнө операция жасап, анысы ийгиликтүү болуп «дагы төрт-беш жыл жөн эле жашайт» деп убада берип, биз ушуга да шүгүр кылып санаабыз тынчып калган. Рак болчу.

Жай саратандын айсыз, көзгө сайса көрүнгүс бир беткей түндөрү башталган. Бул жолу да сыртта, короодо, алманын түбүндө керебетте уктап атат элем, бирөө түрткүлөп ойготту. Чочуп кетип көзүмдү ачсам бет алдым көөдөй караңгы. Кайсы убак экенин, жанымда ким турганын да а дегенде аңдай албадым. Аздан соң гана мага эңкейип турган адамдын жүзүн араң боолголодум, уулум экен. Ал телевизор көрүп ичкериде жатчу.

– Ата, Сардаш абжем ооруп атыптыр. Маса жездем, Тилдаш абжем экөө сизди үйлөрүндө күтүп атышат. Азыр эле чалышты.

Айтып бүтүп түзөлүп, турган боюнча унчукпай мени карап калды. Айлана аябай жымжырт болгондуктан анын бул кобураганы бийиктен, асмандан келип жеткендей, түштөгүдөй, качандыр мурун мага айтылгандай, таң каларлыктай угулду.

Бир карасам кийинип алып ээн көчөдө бурулуш ылдый Масаникина баратыпмын. Өзүбүздүн күндө каттап жүргөн бул чоң машине жол көзүмө ушул ирет эң эле жат, бөтөнчө коогалуу көрүндү. Өмүрү болбогон башка кыштакка туш келип, бет келди адашып, сенделип, каякка бараарымы билбей каңгып бараткандай болом. Байкуш жүрөк сезет экен: «Соо иш эмес бул, – деп туйлап жатты, – көп эле жолу ошол ооруканага жатып калып атты, бирок жети түндө эч качан минтип кабар айттырышкан эмес».

Масанин уулу Куштарбектин жеңил машинеси менен бардыгыбыз баягы ооруканага барганда карындашымды палатасындагы керебетине чалкасынан жаткырышып, мурдуна түтүк киргизишип, колунун тамырларын текшерип эки медайым карап атыптыр. Бизге: «Акыл-эси менен, бирок сүйлөшүүгө болбойт» – дешти. Баш жагында отургучта нестейе апасын карап жээним Эркин отурат. Ал үйлөнүп, уулдуу болуп апасына небере жыттатканга үлгүргөн эле. Калган кыз-кыркындар, менин үкөлөрүм башка да угуп келишкен жакындарыбыз «эми эмне болот» дешип бардыгы сыртта.

Жатып калганын угуп эки күн мурун келинчегим экөөбүз бул жерге келген элек. Ушул керебетинде отурган экен, үйүндөгүдөй жайдаңдап тура калып:

– Жакшы болуп калдым, ака! Бу догдур деген адамдын жанына кудайдан кийинки эле себепкер тура. Куда кааласа бүрсүгүнү чыгасың деп атышат, – деп тосуп алган. Турмушка чыккан чоң кызы Мээрим баш болуп берки кыздары – Гүлзина, Кадича, Гүлназ, Кенже бүт ушуерде. Алар алып келишкен түрдүү тамактан үстөл үстү тим эле майышат. Балдар үчүн ата-эненин ден соолугу канчалык кымбат да, канчалык керек.

Эгер апалары чыдабай ооруп атса булар бозала болушуп, канаттары салбыраган жөжөлөргө окшошуп калышат. Алсыз аянычтуу. Ишти эмнеден баштарын билишпей ары-бери далбасташат. А эмичи? Апалары жадырып турса ал какыс айыгып кеткенсип, анын оорусун такыр унутушкан. Көңүлдөрү шат. Кичинелери кужулдашып, сөз талашышып палатаны төбөгө көтөрүп баратышканда эжелери зорго тыйышты. Табигат да өзгөчө эле. Шашке ооп баратса да асманда кылайган булут жок. Терезенин жогорку ачылган көзүнөн таза аба менен гүл төккөн чөптөрдүн жыты буркурап кирет. Ушул эле чоң айнектен четте турган дарактын бутагынын учунда конуп турган тоонун ээн жылгаларын байырлачу. Кайсы бир сарала чымчык көрүнүп, ал улам обдулуп сайрап-сайрап токтойт да анан чыртылдап коёт. Ушунун бардыгы бул жерди оорукана эмес эле курортко окшоштурат. Курортко келгендей болосуң. Санаам тынчып, көңүлүм мамырап эч жакка шашпай атамын «апа кызынын», бардыгыбызга

«эже кыздын» – Сакенимин (Сардашимин) жанында божурашып, үйүндө отургансып кыйлага отургам. Бир туугандарымын жанында отурганда качанкы өтүп кеткен ата-энемин мээрими курчап, анан туулган жердин деми келип турганын туйчу элем. Азыр муну Сакенимин жанында отурганда айрыкча сезип аттым. Көрсө, ошон үчүн кыргыздар бир туугандарынын үйүндө айлап-жылдап кеткиси келбей жашап жүрө беришет турбайбы. Анан да Сардашима алыста жүргөн жалгыз кызым Гүлшайирим эң эле окшош эле. Жада калса колдорунан бери.

Ушунча кызы туруп бирөөсү да өзүнө менин кызымдай окшош эмес. Бирок бир кызыгы уул-кыздары бардыгы аталары Сайдинге, анын бир туугандарына куюп койгондой. Бу да болсо кудайымын керемети, пенделерин элжиреп жакшы көргөнү, өзүнүн бар экенин эстеткени. Кичинесинен, сөзгө түшүнө баштаган кезинен эле «абже» деп эркелетчүмүн. Эмне үчүндүр ошо жолу келгенде жанынан кетким келбей көзүм тойбой карагым эле келип турду. Он, он беш жыл көрүшө албай жүргөнсүп дагы ошончо убакыт көрүшө албоочудай болуп зарылып-зарылып тиктеп аттым.

Эми минтип өзү кудайдан тилеп, күтүп аткан «бүрсүгүнүсү» өз кезеги жетип бүгүн болуп отурат. Анда акыбалын эч ким жеткилең билген эмес. Бирок ошондо өзү жашоонун кырына келип калганын түшүнгөн экен. Тирүүлүктүн бул акыркы мүнөттөрүндө бүтүрө албай калган иштеринин эң керектүүсүн иргегенге үлгүрдү.

– Эркин… балам… Кыздарды сага таштап кетип атам, – деп калды бир маалда көзү жумулуу боюнча, – ар бирин көздүн карегиндей сактап-карап турмушка узат… Кор болушпасын.

Тым боло түштүк. Дагы да үмүт кылып атканбыз. Күчүн ушуну айтканга себелеп жеткириптир. Дем алганы солгундап шайы ооп баратты. Медайымдын бири кабагым-кашым дебей мындан да орчундуу ишине шашып аткансып кайдыгер айтты.

– Жаны бир саатка жеткидей укол сайып берели. Алып кеткиле. Бул жерде узаса дароо бербейт. Ичин ачышат. Текшеришет. Бир суткеге созулуп кетет.

Анан ал Сакенимин мурдунан түтүктөрдү биринин артынан экинчисин шып-шып суурруп алганда эч ким күтпөгөн иш болуп кетти.

Атамын «апа кызы» бар күчүн топтоп, башын көтөрүп, чыканактай өйдө боло бергенде Эркин дароо эңкейип жонунан сүйөй тике отургузду. Ошондо көзүн бардап-бардап ачып, бет алдын сугун арта карап уулунун ак көйнөгүнүн жеңин мыкчый кармап, аны колунан чыгарбай артка жыгылбаска аракет кылып, кичинекейинде күн чыга апам колхоздун орогуна жөнөгөндө артынан чуркап жетип этектеп, чыркырап коё бербей, бастырбай, ажырабай кыйнар эле. Азыр да так

ошо кезиндегисине окшоп бу аалам, жарык дүйнөдөн ажырагысы келбей, таштагысы келбей, ага жардам берчү жалгыз арга көйнөктүн жеңи окшоп эч коё бербей бекем чеңгелдеп азга турду. Анан күчтөн тайып артына шалдырай чалкалай түштү. Ошондо да көзүн жумбай оро-парасын акыл-өлчөп караган боюнча жыгыла баштап уулу этият кучактап ордуна жаткызды. Ал тагдырга айла жоктон баш ийди. Жаркын жер үстүн карап жатканга кымынчалык ал-күчү калбагандыктан ал аргасыздан көзүн жумду. Бардыгын сезип-туюп атты. Бирок ошо боюнча кирпигин көтөрө албады. Ата-бабанын салтыбы же ушул керек деп ойлодукпу анда турган бардыгыбыз бир-бирден жакын барып кулагына:

– Ыраазыбыз сага! Бизден кемчилдик кетсе кечир. Бала-чакаңа колдон келишинче жардам берип турабыз. Алар дайыма биздин арабызда болот. Түбөлүктүү жайга санааң, көңүлүң тынч кет. Сендей бир тууганды берген кудайыма – тагдырыбызга ыраазыбыз! – деп катуу-катуу айтып аттык.

* * *

Мына эми ал, тиричилик деп буту чор болгончо чуркап жүрүп өз маңдай тери менен салдырган бийик, заңгыраган көп бөлмөлүү үйүнүн кичинде кыздары менен өзү жактырып эс алчу бөлмөсүндө кыбыла баштанып жашыл одеял жамынып чалкасынан жатат. Качан үзүлгөнүн билиш кыйын. Дем албай, бир козголбой былк этпегени мен үчүн эч качан күтпөгөн, ойлобогон, элестетпеген, акылга сыйгыс иш болуп көрүнүп атты. Эртең бешимден баштап аны өмүр бою көзгө сүртөөргө бир көралбай каларымы ойлогондо заманым тарып кетет. Бирок анын азырынча жайга коюлбай турганы, көз алдымда болгону эле мага кандайдыр каниет, ал турмак күч-кубат берип жаткансыды. Оюма койсо жерге берилбесе (бузулбаса), ушул бөлмөсүндө тура берсе. Күн сайын келип көрүп кетсем. Бул эби жок кыял болчу. Эңкейип, жазылган чачтарын иреттеп сылап, жанында чөк түшүп отурам. Чачын кыздары эки-үч күндө бир жолу бир нерселер кошулган жыттуу суу менен жууп беришчү.

Бул болсо апалары бардыгын: аталарын баш кылып алып нан издеп Казакстандын түпкүрүнө чейин кетип, анда тамекиде иштеп, төрт-беш жылдардан соң мага карамалап Бишкекке келип майда соода кылып, азаптын азабы менен көр оокатын жамап-жаскап жүрүп анан бир иштин көзүн таап азыркы даражага жеткирген кезде, буга аралаш суук менен кыйынчылык өгөөлөп отуруп темирдей кайратынан жандырып айыкпас оору таап берген кезде, балдар-кыздары да

бойго жете келишип эми минтип апаларын баалай-барктай баштаган алгачкы колдорунан келген камкордуктары эле.

Ымыркайдын, гүлдүн жытындай чачынын жагымдуу жыты тирүү кезиндегидей жыттанып «тирүү эле окшойт» деген ойго кетесиң, ушуга ишенгиң келет. Анан кылчайып одеялдын четинен тизесинен ылдый чыгып турган буттарына, манжаларына көз чаптыра берип делдейе түштүм. Өзүм көтөрүп, чоңойтуп жүргөндөгүдөй, дал 2–3 жаш кездегисиндегидей бытыйып эң эле сүйкүмдүү, ал турмак жаны такыр кетелектей сезилип кетти. Элүүгө жакындап небере көрүп, жакшы-жаманды башынан өткөрүп, жетишерлик кыйынчылыктарды тарткан соң анын калтырган бир изи, белгиси манжаларынан болсо деле сезилип, билинип турушу керек эле го? Учуп жүрүп иштегендей. «Балким – деп ойлодум ичимде, – эч кимге жамандык кылбай, жагымсыз сөз айтпай, кайра дос-душманына оң келгенине, суранганына эч ойлонбой колунан келген жардамдарды берип жүргөнү үчүн ушинтип баштапкы ымыркайлыгы, наристелиги сакталып калса керек. Менден кийинки эки үкөмүн кичинекей учурларын жакшы билбейм, себеби мени менен эле удаа кошо чоңоюшту.

А Сардашиман баштап калган төрт бөбөгүмү да өзүм көтөрүп, жетелеп чоңойтком. Буларымын ошо кичинекей кездериндеги колдору, буттары, манжалары тим эле быйтыйышып татынакай боло турган. Деги мен да ушулардай болгонмунбу деп ичим күйчү. Манжалары буттарына жарашып ар бири өзүнчө эркин. Анан өз ара эң эле ынтымак кужумукташып, ошол эле учурда ар бири каадалы, тырмактары болсо акактай. Ушу көрүнүшүнө чыдабай жата калып бул манжаларды өпчүмүн. Оозума уруна түшкөндөрүн оорубагыдай акырын тиштегилечүмүн. Бөбөктөрүмө мунум жага бербей кырсылдап кыткылыкташып, эңкейишип так төбөмөн шилекейлерин агызышып кыйлага жыттап калышар эле.

Ушинтип ойлобогонду ойлоп, элдиреп чөк түшүп отурдум. Сөөктү адеп алып келишкенде далайга чейин ызы-чуу түшүп ыйлаган кызкыркындарды, бала-чаканы, чоңдорду азыраак мурда эле сыртка чыгарганбыз. Себеби алардын ар биринин жасар иши эми толтура. Эң кичүүбүз Белек жаныма келип отуруп калды. Ал да ыйлап көзү кургаган. Ага айттым:

– Абжеңин буттарын карачы?! Ушул буттары менен сени көтөрүп жүрүп чоңойткон. Менден кийинки Эши көп нерсени көрүп-билип калган экен, ак чыттын ичке узун айрындысын таап кирип Сакенимин буттарын бири-бирине жанаша коюп эки баш бармагын бириктире байлап таңды. Бул да бир эреже окшойт. «Эми бүттү» дедим ичимде «ааламдан өткөнү чын экен». Эч нерсени ойлоно албай нес боло түшкөнүмү сездим да ордуман шарт туруп, Эшиге суроо салдым.

– Кыргыз үй табыштыбы? Мүрзөнүн жайын билгенге бирөө-жарым кеттиби?

– Үй айылдын өзүндө бар экен, алып келишти. Жайынын жайын да чечишти окшойт. Чалышты.

– Үйдү тигип, ага алып киргиче сен Сакендин жанында отуруп тур. Мен бир сыйра баарын карап чыгайын. Анан эле антпей калыппыз, минтпей калыппыз деп өкүнүп туруп беришпесин.

Сыртка, короого чыгып бир сыйра көз салып өттүм. Бала-чака, келин-кезектер, анан угуп жетип келишкен кошуна-колоңдор өздөрү эле ар бири керек делген иштерге жапырт киришип калышыптыр. «Келечекте» Кыргызстандын туш-тарабынан келгендер отурукташкан. Мына булардын бир тобу кайдан-жайдан кыргыз үй таап келишип, заматта короо четине тиге салышты. Мындайда кыргыздар бир атанын балдарындай. Ушинтип аткандарына чын жүрөктөн рахмат деңизчи, бирок чындыкты моюнга алып жагдайга адилет карай турган болсок мен баштап бардыгыбыздын ушул аракеттерибиз Сардашиман мүмкүн болушунча тезирээк кутулуунун айласы, камылгасы эле.

***

Бүгүн да кечегидей түшкө жакын «жайдын күнү жаш бала» дегендей шаар үстүнө баш-аягы жок кайдан-жайдан булуттар пайда болушуп акырын жазыла туташып сен жашаган, сенин бала-чакаң жашаган «Келечек», «Дордой» үстүнө жылып, ооп барып заматта аппак жаан көз жаштай сабалап-сабалап төгүп жиберди эле ал жак кечки убакка окшошо түштү. Анан кыйладан соң жаан лып токтоп, жерден көтөрүлө берген булут жыртылып, асман сөгүлүп, күн нуру жадырай төгүлгөндө бозоргон туман алдындагы тунжураган шаар жактан ал тарап муңайыңкы тартып бизден алда канча алыстап кеткендей болот.

Апа кыз, сенин артыңда калган бала-чакаң үчүн, биздей бир боорлоруң үчүн ушинтип сенсиз жашоо башталдыбы?

***

Абже кыз, тирүүлөр сени эстейбиз. Сенин баскан жолуңу, жүргөн турганыңы, өткөргөн өмүрүңү, бүтүргөн иштериңи эстейбиз.

Алматыга кире бериштеги нечен чакырымдарга созулган дүрдүйнө базарында иштеп жатышкан он миңдеген кыргыз бир боор-

лорго гезит, диска, китеп жеткирип келериң менен мында да сен жасай турган иштер чогулуп калганын, андан бөлөк тойго же куран окуткан жерге баруу маселелери кошо пайда болуп, ага удаалаш үйдү конок басып, андан сергий түшкөндө ооруканага жатып калган тууган-урук, жек-жааттарга сөзсүз баруу, бул, майда милдеттерден бөлөк уул үйлөп, кыз берүү сыяктуу эбегейсиз мүшкүлдүү, ардактуу жоопкерчиликтерди бир кынтыгы жок кошо бүтүрүп, ушунун бардыгына үлгүрүп жүргөнүңү эстейбиз.

Иштебеген, алектенбеген ким бар, убагында, ал учурда ким менен кимдин жумушу эмне эле!? А азыр ойлосом жаныңды жанга карч уруп, оттой жанып жүрүп күндөлүк машакат менен бирге ополтоодой жумуштарды өз ирети менен колуңдан чыгарган экенсиң.

Мына кыркың, ага чукул айтың келе жатат. Ушунда бардыгыбыз менен кошо сенин кайын-журтуң, куда-сөөк, карындаш уруктарың, өкүл уул-өкүл кыздарың, бир туугандай кабар алышып-киришип чыгышкан кылымдарда кыйышпас кошуналарың сенин зыйнатыңы кылып, сени эстеп сөз кылуу үчүн сенин үйүңдө дагы бир жолу чогулабыз. Мал союп, тамак асып, эл чакырабыз, уккандар милдеттүү түрдө оздөрү келишет.

Сенин келбес жайга кеткениңе ишениши үчүн, ата-бабалардын аруу салты үчүн, коргошундай баскан кайгыдан арылуу үчүн бул күнү биз көз жашка эрк беребиз. Кичине кыздарың Гүлназ менен Кенже, балким, ошондон баштап сенден түңүлө башташат.

Абже кыз тирүүлөр сенин баскан жолуңу, жүргөн турганыңы, өтөгөн өмүрүңү, сүйлөгөндөрүңү, мүнөздөрүңү эстейбиз!

* * *

Мына, апа кыз, «Ала-Тоо» конушундагы үйдө сүрөт тартып атып, бирок көпкө узана албай сен келаткансып дарбаза астына чыга калып жол карайм. Биз турган көчөдө да, тигиндейдеги кыштактын дал ортосунан бөлүп жогору өткөн тиги шагылдуу чоң жолдо да кыймыл күндөгүдөй, адамдар бирин-серин, мындан көп болбойт. Бир жолу ушундай бешим маалда бизге каттаган 42-автобус ылдыйтан келип оро-парада токтогондо сен андан эки кичине менен түштүң да, бери бурулуп мага келе жаттың. Анда мен сенин келериңи билгенсип азыркыдай ушу жерде турган элем.

Сени көрүп кандай гана сүйүнүп кеттим, абже кыз. Кыздарың мени көрө салышып («ушинткиле» деп үйрөтүп койгон экенсиң) «таяталашып» колдорун жазышып энтеңдей чуркашып, силерди карай мен утурлай басып, кандай гана дүнүйөм түгөл болуп турдум

ээ! Азыр да убакыт бешим чен. Көкмөк таза асмандын алыскы четинде узун ичке булут эч козголбой ошол мейкиндикке төнүп, улам кызарууда. Бул көрүнүш адамдын көңүлүн тынчытып, мемиретип, үлп эткен жел жүрбөгөндүктөн дарактардын башы ыргалбай, ошо боюнча талыкшып, мамырап, эмне үчүндүр туулган жердин ушу маалын эске салат.

Азыр да абже кыз, адамдын зор бактысы бир боорлор менен көрүшүп туруу экенин терең акылың, аң-сезимиң менен аңдап тигиндейде, автобустан түшүп мага келатсаң эмне! Анда эле мен жүз жолу телегейим тегиз, миң жолу кабыргам калың болбойт беле! Эми ал күндөр өткөн. Эми эч качан андай болбойт. ... Сен өлүп калдыңбы!.. Сен өлүп калдыңбы!..

* * *

Же сен чакырыппы же жеңең (Нурия) экөөбүздүн көңүлүбүз тартыппы жумасына, же ашып барса он күндө бир үйүңө барчубуз. Анда күйөө балам Сайдин тирүү, бардыгыңар жапырт тура калып алда-недей кубана-шаттана тосуп алчусуңар. Балдар-кыздарың бизди карай жабыла чуркап, уул-келиниң (Эркин, Нурзат) берерге тамагын таппай өзүңдөй жадырашып-бүлүнүшүп биз, жеңең экөөбүз эңсеген, көксөгөн үйүбүзгө келип жайыла отуруп, көңүлүбүздөгүдөй эс алчубуз. Жайнаган дасторконуңан даам татып, түн бир оокумга кетип көшүлө мамыр-жумур болуп, айтар, сүйлөшөр сөз түгөнбөй, бир туугандардан баштап эске түшкөн бардык жакындарыбызды, карындаш-урук, санаалаштарды эстеп өтүп, кичинелериң жанында оонап бырылдап уйкуга кетип, бул анык бакыт түбөлүктүү эмес экени эч кимибиздин оюбузга келбей, бирок биз үчүн мындан артыгынын кереги жок экенин ар бирибиз акылыбыз менен аңдап туяр элек. Эми абже кыз, ошол кездин баарын минтип кайра кайрылгыс кылып өзүң менен кошо ала кеттиңби?

* * *

Ооруп аткан айларда тынбай барып кабар алып турдум. Убактым болбосо телефондон ал-жайын сурайм. Бир жолу күндүзү соткеден дагы чалып калдым. Адамдын айласын кетирип... оңбогон оору оңбой кал, тили чыккан бала ата-энесине өзүнөн улуу бир туугандарынын үстүнөн арызга отургандай даттанып кирди. Кыскасы, наристеге ага-эжелеринин бирөөсүнүн жоруктары оюндагыдай эмес.

– Күндүзү кичине басылымыш болгону менен күүгүмдөн баштап оорум күч алып атат ака, – деп баштады, – дарылары да жардам бербейт. Күндүзү күнгө алып чыгышса түзүк болуп калам. Үйгө кирсем эле козголот.

Бутум муздап, көк желкем уюйт. Тамак да иче албай калдым. Эшикти ачып коюшат. Жапканча киргиле деп атып чарчадым бул кыздарга. Жанымда бирөөсү отурса болот эле, чыгып кетишет. Чоңдору го иштеп тиякта, Алматыда жүрүшөт.

Ошо күнү кечкурун эле Нурия экөөбүз жетип бардык. Түн кире оорусу күчөдү. Жанын коёрго жер таппай кээде тура калып, кээде жата калып мен желкесин укалап, Нурия «муздап калыптыр» деп бутуна массаж жасап, а берки бурчтагы катар жатышкан чоңоюп бараткан кыздары бир козголбой уктап атышты. Уул-келини Эркин, Нурзат баш багышты эле: «Эртең ишке барасыңар эс алгыла, апаңар жакшы болуп калды» – деп аларды кайра бөлмөлөрүнө кайтардык. Оорусу басылгансып калды, бирок кыйладан соң биздин аракетибиз кайра жанып кеткенсип чыдатпай кирди. Айла кеткенде ушунда апамы эстедим.

Мага бул жерде анан жоктугу аябай сезилип, мээрими, сөзү, аракети жетпей жаткансыды. Эгер ал бар болсо мындай акыбалда жаткан кызына кайдан болсо да жетип келип түн күзөтүп, жанында турмак, кызына да, бизге да жеңилирээк болмок. Үстүнө үйрүлүп түшүп: «Алда садагаң кетейин ай! Кандай күнгө туш келдиң экен?! Бир паста ушинтип жылалбай отуруп калдыңбы?! Сенин айыгып, элге окшоп басып калганыңы көрөр бекем?! Балдарың менен жанымда жайдаңдап отурар күнүң болор бекен?! Эми кантип таң атат, эми кантип күн батат!? Минтип балдарынын ыраатын көрөрдө жалдырап ооруп калганы эмнеси!? Ичпеген дарыларды ичти, айланайын Кудай! Сенден башка таянарым жок, ушунума бир шыпаа бере гөр! Эч кимге жамандыгы жок эле, бир шапатаңы чага гөр. Эми кантип таң атат?! – деп турмак. Арийне эненин үнү Жаратканга жетет дешет.

Мен апама топурак салалбай калдым. Ордо калаада студентмин. Кабар келер замат жөнөгөнүмө карабай кечиктим. Апам илгертен мен эс тарткандан эле көк жөтөл эле. Анысы кийин өтүшүп кетип райборбор – Кара-Кулжага ооруканага алып барышса догдурлар бир күн жакшылап карашат да чындыкты айтышат. «Өпкөлөрү чоло жери жок тешилип кеткен. Мынчалыкка жеткен оору айыкпайт. Балдары көзүн көрүп калсын, алып кеткиле». Ошентип мектепте экинчи класста окуп жаткан секелек абже кыз, атамын «апа кызы», менден кийинки эки агасы Эши, Козу менен апамын акыркы саатына чейин жанында кошо болот.

Атам да төрт жыл мурун капилет өтүп кетип, эми жакын арада эң кымбаты, эң жакыны – апаман да ажырарын түкшүмөлдөп, коркуп, эгер апамын көзү жумулса кичинекей бөбөктөрүбүздөн баштап өзү, бардыгыбыз көрбөгөн азапты көрөрүбүз, ал турмак үйүбүз тегизделип, ар бирибиз туш-тушка чачырап кетерибиз бир оюна келбей, ойлогону, караганы жалгыз апам болуп, «суу» десе дикилдеп чуркап барып суу алып келип, тамак ичпей, үшүгөнүнө карабай дирилдеп, чачын сербейтип, апамын кашында кирпик какпай таң атырып отурчу экен.

* * *

Бир көрүнүшү такыр эсимден чыкпай калды. Каза болордон он беш, жыйырма күн мурун республиканын атайын бейтапканасынын мыкты хирургу Эгембердиге УЗИнин жыйынтыгын көрсөтүп, анын «операциясыз болбойт, рак да экен. Мындай оорунун адиси жеке ооруканасы бар Маматов Эркин деген кишиге айтайын, ошого тезирээк алып барыңыздар» деген жообун угуп, сыртка чыгып, короосунун четиндеги темир тор тосмонун түбүндө эки иним менен көрсөтпөгөн жер, барбаган дарыгер калбай, мындан аркысына да эч көз жетпей саамга шалдырап турдум. Мени көрүп үкөлөрүмүн да ындыны өчө түшкөнүн байкап, шарт башымы көтөрдүм.

– Кудайдын бир шыпаасы – операция. Андан кийин деле жыйырма-отуз жыл жашап жатышпайбы, – деп аларды (Эши, Белек) ээрчитип, Сакенди көздөй бастым. Ал жол өйүзүндө, машинеде эле. Эшиги ачык болчу. Биздин үмүтүбүз өчө түшкөнүн ал байкап, көзүнөн билинди, ал өлүмдөн аябай коркуп калыптыр.

Аны азыр бирөөлөр түпсүз аңдын кырына алып келгендей мына-мына беш мүнөттүн аралыгында аны ал жакка сөзсүз түртүп ийишчүдөй акыркы жолу карап жаткандай айласы кете алдастай тиктеди. Жеткенде:

– Ака, кудакааласа ушул жайда жеңем болуп Суусамырга барып, чатыр тигип алып кымыз ичип эс алабыз ээ?! – деп жиберди.

– Ооба, абже! Сөзсүз. Бул догдур да ушуну айтты. Кымызды сүрө ичсе эле айыгат. Кыргыздын кымызы ондогон ооруларды жөн эле айыктырат деп чет элдик чоң окумуштуулар жазып, далилдеп чыгышпадыбы дейт. Сен оңой эле айыгасың.

Жазмыш адамды оюна койбой тике өлүмгө жетелеп жөнөгөндө, анын ичи үнсүз чыңырыка толуп, артын кылчактап таянар тоо, арачы, таканчык издеп, ал таянар, жөлөнөр тоо, арачы бир боорлорум деп билет экен.

* * *

Атам бизден кийин катар төрт уулдан соң (төртүнчүбүз Байыш чуркап калганда чарчап калган) эки кыз жана уул Шамшидинди көрдү. Эң кичүүбүз Белек алты айлык курсакта калган. Сардашим төрөлгөндө биз, үч агасы бир күндө тактан түшкөнбүз. Атамын ойлогону эле Сакеним болуп калды. «Кыз бала ушундай болот турбайбы» – деп төгүлүп кетчүдөй жакшы көрүп, бешиктен чечип алып, чепкенинин койнуна катып, жүзүн гана ачып, улам жыттап: «Апа кыз! Апа кыз! Көтөргөндү билет. Көтөргөн буга жагат. Карасаң, карасаң. Мени ким бул деп таамайлап карап атат. Тааныды, тааныды. Жылмайды. Акелери мындай кездеринде ким көтөрүп жүргөнү менен чатактары жок болчу. Кыз сергек болот турбайбы?! Кыз акылдуу болот турбайбы?! Бизге күйүмдүү болот бейм бул кызым! Апа кыз! Апа кыз!» – деп үндөй турган. Андан кийинки карындашым Буражипти да ошентип чоңойтту, бастырды.

Атам менен апам биринин артынан бири өтүп кеткенден кийинки күнсүз түндөй жылдарда тагдыр менен жашоонун демейдеги жетимдерге карата адатынан тайбаган кайдыгер, ал турмак зулум, залим бересе үлүшү а дегенде Сакениме ыроолонгон.

Мектепти бүтөөр менен бир тууган тагам деп анын үйүнө бара калса тааженеңбиз: «Мындай кудай бербеспи» – деп башына жоолук салып келин кылып киргизип алат.

Бирок бир жылдан соң Сакен кайнененин запкысынан улам ал жерден чыгып кетти. Ал тааженеңенин адамгерчиликсиз, бакыл мамилесинен улам кийинки келиндери да ал үйдө узакка турушпады. Сакен андан соң Ошто иштеп жүрүп Сайдин менен жолугуп, таанышып, сүйлөшүп, экөө турмуш курушту. Сайдин абдан иштерман, ак көңүл, түз адам эле. Бала-чакалуу болушуп, ынтымакта эле жашашчу. Күйөө балам эл катары кээде ууртап-татып калчу. Бирок убакыт өтө түшүп анысын саал көбөйткөн. Ошондо да көзгө урунарлык деле эмес. Капканга түшүп калганын өзү да, биз да өтө кеч, ансыз туралбай калганда гана аңдадык.

Ичкиликти ойлоп тапкандарга миң наалат. Көчөдөгү мастын жанында, ал ким болбосун беш мүнөт туралбайсың. А балдарым деп, балдары үчүн өмүр бою мас менен жашап калуу, анын түгөнбөгөн жоруктарын көрүү, ага чыдоо эмне деген азап, эмне деген күн кечирүү?

Кийинки жылдары Сайдин раматылыгым өзү да ичкенден арылуу үчүн аябай аракеттенди. Бирок акыбал-жагдай өтүшүп кетиптир. Чабылган капкандын жаагын ачып бошонгонго Сайдиндей өтө кайраттуу, чечкиндүү, мыкты адамдын да алы-чаркы жетпей калат экен.

Сайдин эмес бүтүндөй адамзат тең келип жеңе албаган, кааласа бардыгын оп тартууга күчү ашып-ташкан бул азезил менен не деген улуттар анын ичинде кыргыздар бир кооптонбой кандайча аралаш жашап жатышкандарына таң калам. Ислам жөн жерден эскертпептир: «Ичкилик – бардык жамандыктын ачкычы».

* * *

Сайдин каза болгондо чүйлүк Абдылда кудасы кара кийип отурган бөлмөсүнө келинчеги Гүлсүн кудагыйды ээрчите кирип, Сакенимин башын кучактап амандашкан соң алдына өтүп, маңдайына чөк түшүп отуруп көңүл айтып атты.

– Кайрат кылыңыз, кудагый! Ойдо жок жерден оор иш болуптур. Куда жакшы киши эле. Ал экөөбүз бири-бирибизди түшүнүп, буюрса кудалык доорду дагы көпкө чейин бирге сүрөбүз го деп ойлочумун. Эми кайрый албайбыз. Кашыңызда бир боорлоруңуз, кайын журтуңуз, куданыкы кылымга дейт биз турабыз. Алыстан келген туугандарыңыз, эл турат.

Сиздин Эркиниңиз эми мага бала болду. Өзүңүз билесиз, кыргыздар өмүр бою күйөө баланын кызматында болот. Мындан ары Эркин эмнеден тарылса, эмнеден зарылса мен жанындамын. Азыр кудагыйыңыз экөөбүздүн ойлогонубуз эле сиз болуп калдыңыз. Мындан ары сизден кабар алып, сизге тез-тез келип туруу биздин милдетибиз. Кудай пенделерин ушундай жаратыптыр, боору бүтүн эч ким жок. Кайгы-касирет минтип капилеттен, аңдоосуздан келет тура. Эми ушуну менен бардык жамандыктар чыгып кетсин. Кайрат кылыңыз, кудагый. Кайраттан башка айла жок. Бала-чаканын амандыгын тилейли.

Улуу кыргыздын ыйман-адамгерчиликке жык толгон ушундай жөрөлгөлөрүнүн бар экени да кандай жакшы. Муну уккан соң Сакенимин өңү кайгыдан кадыресе арылып, сергий түшкөнүн байкадым.

* * *

Нурия айтты эле өзү көргөнбү же башкалардан укканбы, кайсынысы экенин такыбадым, бойго жеткен кыздарынын бирөө Сакениме бир жолу минтиптир.

– Үсөн акам деп эле кыйынсып каласыз. Эмне үчүн дайыма ал акчасыз жүрөт? Андай сүрөтчүлөр күрөп акча табышат экен го? Айтпайсызбы ага, өмүрү кедейчиликте өтөсүңбү деп. Эл үчүн бир чоң картина тартып аткан имиш. А эл эмне деп атат экен аны? Бири кал-

бай ошол картинасын бүтө албай калса экен дешип Кудайдан тилеп атышкандыр. Азыр кимге ким жакшылык каалайт? Чын эле бүтө албай калса кантти? Аны эмне үчүн ойлобойт? Анча-мынчасы далыга таптап туура кылып атасың деп коёт экен. Өмүр бою көксөп, жеткени ушул. А кедейге мактоонун кереги эмне? Өмүрү болсо өтүп атпайбы.

* * *

Муну мага Эши айтып берди эле. Мындан бир топ жыл мурун, анда батирде жашашчу, өздөрүнчө там салыша элек. Сакеним үй-бүлөсүн алып эл-журтка, туугандарга барып учурашып келүү үчүн Ажикеге жөнөйт. (Эсимде экен, мени кошо жүрүңүз деген, бирок убакыт да, шарт да жок баралбай калгам.) Барышы барат. Кыргыздын салты го, ар бир үйгө кур кирмей жок. Бата кыла турган, өзүнчө камылга менен кайрылып, учурашып токтой турган жерлер бар.

Бирок барган үйлөрүнүн бирөөндө да алып барган көйнөк-көнчөктөрүнө жооп кылынбайт, атайылап тамак асышпайт, чай менен чыгарышат. Кыскасы, артында бай, бараандуу адамы жок дешкенсип жетимсиретишет. Сен ким элең, келсең келгендирсиң деген маанини билдиришет.

– Капкайдагы бири-биринен угуп, күчөтүлгөн ушактарды мага айтпа, – дедим Эшиге, – биздин туугандарда андай кесир, акылсыздары жок.

– Барсаң көрөсүң го. Баягыдагыдай кымыз ичкенге меникине бурулбайсың деп таарынган кыргыз жок. Бири-бирине кымыз сатып калышкан. Алар сени менен сүйлөшүшпөйт. Алар сенин машинең менен кийген кийимдериң менен сүйлөшүшөт.

– Андайлар илгертен эле бардык жерде анча-мынча боло келген!

– Жаман оору жугуштуу болот. Барсаң? Анча-мынча дейт тура…

Кызыгы, ушуну Сакеним өтүп кеткенден кийин уктум. Аныгын билгенге эми кошо барган күйөөсү да жок, балдары анда жаш эле, ким кандай тосуп алгандары менен иштери эмне. Кээде кантип эле деп ойлосом кайра азыркы заманда бардыгы болушу мүмкүн деген тыянакка келем.

* * *

Ушинтип күндөр өтүп атат, абже кыз. Ар бирибиз күнүгө эч тыным албай, өзүбүзгө керек деген иштерди жасап, убакыт өткөнүн билбей, жумуш деп каякадыр жанталашып шашып, бирин бүтүрсөң бири калып – ушунун баары тиричилик делет экен.

Эки жыл мурун Калыбай акам, сен өзүң, Ополоң, Гүлгаакы, Бүрөжабың, Жуман күйөө бала, мен, жеңең болуп Ажикеге, элге барып келгеними көп эстейм. Анда азыраак ооруй баштагансың. Бирок көрсө сен ошондо эл-журт, туулган жер менен коштошконго барган турбайсыңбы!? Көп ойлой бергендиктен кээде мага ал жакка барганыбыз качанкы өткөн кездей, сенин арабыздан кеткениңе он беш, жыйырма жыл болгондой бүдөмүктөнүп, чаңыттаган элес болуп көз алдыма келет.

Миңдеген жылдардан бери солк этпей бир кунунда турган биздин жер, биздин тоолор, кыштак артындагы чалкалаган бийик ак борчуктуу күнгөй, бет аптап астында ушул күндөр, ушул мезгил менен кошо түбөлүктүүлүктүн, байыркы атам замандардын кулакка араң жеткен зыңылдаган үнүн жеткирип, доош салып тургансыйт.

Сенден кийин Тилдаш эжең Куштарбегин үйлөгөн. Гүлгаакы келиниң бир баласы менен иштеп Москвада, Гүлай жеңең ооруканага жатып бир бөйрөгүнөн операция болуп чыкты. Анан… Сенден кийин өгөй болсо да өз баладай колунда өскөн жалгызың Эркиниң менен кучакташып чоңойгон бир боору, биздин эң ишенгендерибиздин бири Исламың да каректен учуп кетти. Ушинтип күндөр өтүп атат, абже.

* * *

Канча аракет, канча жан далбастаганың менен бу көр оокат, турмуштун түйшүгү азаймак турсун кайра күчөп, бир үйдүн арабасын жалгыз өзүң тартып, мунун аягы, чети көрүнбөй, бул жарык дүйнө сени ошентип мукуратып, талыктырды беле?

Канчалагандарына, суранып-өтүнгөндөрүнө эч жок дебей такай жардам берип жүрсөң да алардын арасынан көрө албас алдамчылары чыгып, бут тосушуп, жол тосушуп биринин артынан бири залалын тийгизип, өчү бардай, карызы бардай алдап кеткени, жулуп кеткени, ушунун баары сени мокоттубу, чаалыктырдыбы?

Жонуңан көтөргөн жүк түшпөй жөө-жалаңдап таң заарда жаан алдында, кар алдында үмүт менен чубаган машиналардан көзүң өтүп акмалап, бири токтосо бири токтобой барар жериңе азап менен жетип, тозок менен кайтып келип жүргөнүң, арылбаган, ажырабаган жаман түштөй сезилип кыйынчылыкка, адилетсиздикке жык толгон бул жарык дүйнөдөн көңүлүң кайт болуп, эс алуу үчүн, тынч алуу үчүн атам-апам, Козубай акаң тарапка кеттиңби?

Бул жашоого караганда неберелериңе, балдарыңа, бизге, бир туугандарыңа караганда кайра келер жолу жок, ойлоп, болжоп элестете алгыс, ошол дүйнө, ошол туңгуюк, белгисиздик сага артык көрүндүбү?

* * *

Өткөндө кайнилерим (орозо ичинде) кой союп, ооз ачырып атабыз деп чакырышканынан Нурия экөөбүз Кегетиге бардык. Бир топ жыл мурун кайната, андан аз өтүп чоң уулу келинчеги менен удаа көз жумуп, жарым жыл мурун кайнене кайтыш болгон.

Айылдагы кишилер келип чоң үйдөн дасторкон тегеректеп орун алышып, тамак алдында бажам Медер куран окуп кирди. Буга чейин бир да адамдын мынчалык кыраатына келтиргенин көргөн эмесмин, уккан эмесмин.

Медердин коңур, басыңкы үнү эки дүйнөнүн ортосуна көпүрө болуп бергендей, көзү өткөн жакындарыбызды эстеп, сагынып, алардын ал жактагы акыбалдарын билгибиз келип камтама болуп турганыбызды аларга жеткирип жаткандай, же тигил дүйнөдө кандайдыр ойго келбес кыйынчылыктарга туштугушкан алар эми ушул үн – көпүрө аркылуу бери өтүп келишип, үшүгөн алсыз адамдар жагылган отту тегеректеп жылына башташкан сыяктуу куран окулуп аткан бул жерге жакын келишип, этият айланчыкташып, томсоргондору жазылып, аянычтуу момоюшуп бизди үнсүз, ыраазы кейипте карап турушкансыгандай туюм, сезим келет.

Алла Тааланын өз пенделеринин пешенелерине минтип жазып койгонунан бөлөк айла жок тура деп алардын көңүлүн көтөрүп, сооротуп аткандай бул үндө ушундай бир ыкластык, мээримдүүлүк бар эле.

Биз да бардыгыбыз мындан башка мындай мүмкүнчүлүк болбочудай аларды гана элестетип, аларды гана ойлоп отурдук.

* * *

Кыйла жыл мурун бир эже каза болгон сиңдисинин тажиясына чыңырып келип, кыргыз үйдүн ичинде, сол жак капшытында суналып жаткан бир боорунун жүзүн ачып алып анын сөөгүнө бети менен түшө (аны эки колтугунан кармап турушту) калчудай болуп минтип атканын уккан элем.

– Оо, куу тумшугум, куу тумшугум. Ушинтип калдыңбы, ушинтип калдыңбы?! Балдарыңы кимге таштадың, кыздарыңы кимге таштадың!? Же балдарыңын атасы тирүү тура турсачы!! Шордуум, эмнеге туулуп, эмнеге жаралдың экен!? Балдарым деп жанталашып жүрүп бир жакшылык бетин көрбөй кеттиңби??! Шорго келген турбайсыңбы, шорго жаралган турбайсыңбы?! Ушинтип каларыңы өзүң бир билсеңчи, бир туйсаңчы!? Кечээ эле тиричилик деп чуркап

жүрбөдүң беле? Кудай ай эми эмне кылам! Эл-журт бир сөзүңөрдү айтып койгулачы, эми эмне кылам!!?

... Эми ал эже да азыр жок, өтүп кеткен.

* * *

Восток-5тин «Набережный» көчөсүндө жашап жатканда бир күнү Эшинин кайнатасы, ары жердешим, ары согуштун ардагери Жапар аке баш бакты. Аксакал киши биз жактан Кара-Кулжа, Ажикеден түшүп келип балдарыныкында он-он беш күн жүрүп анан меникине кайрылган экен.

– Сага жолукпасам болбостур деп атайын бурулуп калдым, уулум, – деп төргө отургандан кийин сөзгө өттү.

– Куда миң жылдык, экөөбүз куда кааласа түбөлүктүү карындаш урукпуз. Атаңы көрүп, атаң менен аралаш иштешип жүргөн адаммын. Эрте кетпедиби кайраным. Атаганат минтип элде жок жакын болгонубузду билбей кетпедиби. Эши менен Гүлайды ойлогон сайын сени кошо ойлойм!

Бири-бирине катташпаса биз эмес бир туугандар жат болот. Үсөн кан кудам келип кеткеними укса капа болот деп бир чыгындым. Кандай балам, амансыңбы? Тынчсыңбы? Бала-чакаң кандай? Сени келип калса бурулар деп бир союшуму камдап алып Торойчунун бир өңүрүн басып жатам. Тегеле каттабай койдуң эл-журтка? Мейли эми, жол түшкөндө барарсың. Тынчтыгын берип, тегеле ушул күндөрүбүз кут болсун. Заман өзгөрдү, кыйналып атабыз дешет. Мындай барчылык заман эч качан болгон эмес. Баштан эмнелер гана өтпөдү. Мындай согушу жок күндөр бейиштин бейиши! – деди эле.

Үч жыл мурун ошол кан кудам Жапар аке да аалам салган. Ушундай сөздөр менен эми менин босогому ким аттайт? Анын балдары, неберелери менен антип сүйлөшпөйбүз, келишпейт деле.

* * *

2009-жылы Ажикеге барганда Сакеними ээрчитип туугандарды, айылдаштарды кыдырып учурашып, анан (жакын тагам) Аамат тагамкына да кирип, байбичеси Жамийла тааженем экөөнү фотоаппарат менен тартып алдым эле.

Тагам ошондон жарым жылдан соң кайтыш болуп кетти. Мындагы (ордо калаадагы) бир туугандардын атынан бата кылганга Эши жөнөп кеткен болчу. Жамийла тааженем буга мындай деп зынарлаптыр.

– Баягыда Үсөн келип тагаң экөөбүздү сүрөткө тартты эле. Ошо сүрөттөрдү чыгарды бекен? Чыгарса берип ийсинчи. Сүрөтүнөн бөлөк эмнеси калды? Медер кылып күндө карап жүрөйүн. Тагаңы ошентип калат деп бир оюма келсечи. Жакшына жүрүп эле бир күнү башым деп жыгылып, ошо боюнча кете берди. Барарың менен айтып коёсуңбу?!

Бирок тааженем ал сүрөттү көргөнгө үлгүрбөй калды. Эши келери менен анын аманатын мага айткан. Сүрөттөрдү чыгарып, берип жибергенге киши издей баштап кайра «эми ал жакка төрт-беш айдан соң өзүм деле барам да, ошондо эле белек-бечкек менен кошо колуна берейин» деген ой келе калса болобу. Ал аңгыча ошол арада тааженем да актыкка баш коюптур.

Ушинтип абже, кече көргөн бүгүн жок, өткөн ишке салават. Адам кумурскадан бетер канча мээнеткеч болгону менен эртеңкисин билалбайт экен, бардыгы кудайдан турбайбы. Анда сен эки жашта элең, Ажикенин Зымданында жайлоодобуз. Атам-апам колхоздун ишине кетишкен, бир жолу саз этегиндеги чуңкур булакка түшүп кетип жээгин тырмалап атып зорго чыгыпсың.

Коркcондон энтигип кыйкырып, саамайыңдан суу шорголоп ыйлап келатасың. Алдыңан тосуп чыгып көтөрүп алсам да көпкө чейин басылбадың. Чыгалбай калсам не болмок деп, же ошону ойлой алдыңбы? Чыргоо эмес элең, минтип узакка да ыйлабоочусуң.

Эми кечеги эле өзүң айтып берген кийинки окуяны алалы.

Эркиниң экөөң машинеңер менен ордо калаанын Дордой жак четиндеги айланма чоң жолдо ылдый бараткаңыңарда мотор түтөп тормоздун түбүндөгү тешиктерден жылтылдап жалын көрүнө баштаган.

Дароо токтотуп түшө калып, көбөйүп бараткан отту кийимдериңер менен чапкылап, кум чачып атып араң өчүрүпсүңөр. А убагында байкай албай от жайылып күчөп, курчап кетип ичинде калып кетсеңер не болмок?

Андан жарым жыл өтүп, Эркин баягы машинеси менен суусу толо мелмилдеп агып жаткан Чоң Чүй каналына түшүп кетип түбүндө калса да терезелерди жара тээп жол ачып, аман-соо чабак уруп жээкке чыккан. Эгер иш андай болбой тескерисине айланып кеткенде ал шойкомдун акыбетин өзүң көрүп калсаң сен кантмексиң да, биз кантмекпиз? Баары бир, адам пендеси үчүн кандай учур болсо да Аллага тобо келтирип тургандан бөлөк жолу жок окшойт, абже! Сенин кыска өмүрүң кыйынчылыктарга жык толгонун, бу жарыкчылыкта жакшылык жүзүн аз көргөндүгүңдү тизмектөө, эстөө мен үчүн оор, бирок кийинки жылдарда балаң эр-азамат тартып, кыздарыңын алды бой жеткенде, канткен менен да сага жоопкерчилик менен кошо салтанат, кубанычтардын толкуну биринин артынан бири шаштырып кошо каптады, биз буга күбө болдук.

Ар бир ата-эне уул үйлөп, кыз узатканда алардын шарапаты менен алыскы-жакынкы эл-жерлерди көрсөм, бардыгын-бардыгын чакырып көңүлдөрүндөгүдөй, эсте каларлыктай агыл-төгүл той өткөрсөм, балдарыма бата алып берип бир милдеттен кутулсам деп тереңден самашат. Сайдин экөөң ал тилегиңерге жеттиңер, абже.

Мээримиң Замирбекке турмушка чыгып, Сайдин экөөң эл катары куда-сөөктүү болуп, санжыргалуу, күн нуруна карк болгон, алыскы түндүк-чыгыш, батыш тарабын, үстүн, жаңгак токойлору жыш каптаган мунарыктаган бөксө тоолор курчаган, күр-шар этип чалкыган деми бүтүндөй ыраакы чөлкөмдөргө угулуп тургансыган күрдөөлдүү жашыл, жаш шаар Жалал-Абадда тойлоп, той шаанисин көрдүк го.

Кудаң Ашымкул аксакал, кудагайың Оңолкан жеңе очор-бачар бала-чакасы, тууган-тушкандары менен мындайда кыргызда кандай салт болсо ошонун баарын бизге көргөзүшүп, «Кыргызым ушул мүнөзүң, ушул сөөлөтүң өзүңө ылайым кут болсун» дегидей ушул тынчтык күндөрдү, тынчтык заманды көркүнө бир чыгарышты бейм.

Чүрпөлөрүнүн ушундай учурларына күбө болгонго үлгүрүшпөй канча энелер эртелеп көз жумушкан.

Бир жыл өтүп өтпөй Эркиниң Беловодскиден үйлөндү. Кеңирсиген Чүйдүн керилген өрөөнүнө толгон көрктүү, асем үйлөрдү аралап, асман мелжиген дарактарды бойлоп, мелмилдеген түптүз тасма жол менен алыстан ак мөңгүлүү көк тиреген тоолор ачык асманда шаңкая көрүнүп, Кыргызстандын жүзүн, жашоосун даңазалагандай түрдүү-түрдүү түстөрдөгү, көркөм кооз кайыктай татынакай жеңил машинелердин агымы менен кошо жайлоодо бараткандай, алдыбыздан жайлоонун жыты, жайлоонун жели уруп, аң-сезим ушуну кааладыбы жер жүзүнүн борборунда бараткандай ошончолук кубаныч, шат-маанай менен Абдылда куда менен Гүлсүн кудагыйдын айылына, үйлөрүнө кудалап түшкөн учур болгон, абже. Андан соң «Дордой» жактагы бир чоң ресторанда Эркиниң менен келиниң Нурзаттын тоюн өткөрдүң. Мен Сайдин экөөңөрдүн катташып жүргөн карындаш-урук, жек-жаат, санаалаш тааныш тамырларыңардын четин деле билбейт турбаймынбы. Ошондо нарк-насил, салт менен конокторуңу кандай тосуп алганыңы көрүп аябай сыймыктанып турдум.

***

Заман жакшы жагына ооп баратат бейм, абже. Мына эки жыл ашты, сенден кийин Апрель окуясы болуп, кыргыздын чырактай эр жүрөк жигиттери элинин эртеңин ойлоп, жашоонун айынан чет жерлерге тентип-тербип кетишип, алардын ал жактардан көргөн

кордук, төгүлгөн көз жаштары үчүн, Манас бабабыз коргоп, сактап калган ыйык жерибиздин четинен чет өлкөлөргө сатылып атканы үчүн, арстан ордунан козголгондой өлүмдөн коркпой, октон жалтанбай журт башы болуп, бирок түбүндө кыргыз мамлекетин жоюуну максат кылышкан каны бөлөктөр отурган Ак үйдү карай кыяндай агып, селдей капташты. Эл акчасына эсирип, кутурган эл душмандарын, ыйык кыргыз жергесин, Ала-Тоону кайра көргүсүз, кайра келгисиз кылышып туш-тушка чилдей таратышып чачышты. Бирок эркиндик, адилеттүүлүк оңой менен келбеди, абже. Алар качарда жөн качышпай көпчүлүккө мөндүрдөй ок жадырышып жүздөй баатыр уландарыбыз мерт болуп кетишти, андан эки эсе көбү оор жаракат алышып өмүр бою ишке жараксыз абалда калышты.

Жерибиздеги каргаша аны менен бүтпөдү. Айкөл элибиздин айкөлдүгүн, меймандостугун, кечиримдүүлүгүн алсыз, момун көргөндөр чыгып Апрель кайгысын улантышып биз, кыргыздар, өзүбүзгө жакын эл, жакын тууган көрүп жүргөн түштүктөгү өзбектер ордолуу Ошту талашышып, жылдап даярданган немелер кудайга жакпас жоруктарга барышып, андагы жашап жатышкан капарсыз бейкүнөө улутташтарыбызды капыстан жолуккан жерден ороп алып четинен кырып киришти. Маселе оордоп, өздөрүнө жараша мамилеге өткөндө гана ал кандуу-булоон иштерин зорго токтотушту. Калыстыктын, баатырлыктын үрөйүн көрө келишкенде качып беришти. Бирок барар жерлери жок, эч жерге батпай замандары куурулганда аргасыздан, оролу-орошон ыйык Ошко «бирөөлөр бизди азгырышкан» дешип актанышып кайра келишти. Качандыр бир кезде Индостан тараптан ооп келген ал келгиндердин бизге жасаган бул иштери биринчи кыянаттыктары, биринчи жер талаштары эмес эле. Ошого карабай кыргыздар аларды бул жолу да кечиришти. Ал турмак биздин жаран, бизден бөлөк күйөрү жок дешип жардам бергенге ашыгышты.

Ошол күздө депутаттык, кийинки жылы да ошо маалда Перзиденттик шайлоолор өтүп, азыр ал тандалгандардын бардыгы бир багытты көздөшүп, бир ой, бир максат менен, мелт-калт үмүт-шык, жигер менен калк турмушун оңдоого киришишти. Мугалим, догдур, кары-картаңдардын айлык – пенсия, жөлөк пулдарын көбөйтүшүп, элдин мүлкүн уурдап-тоногондорду издеп-изилдегенге өтүшүп, алдым-жуттум жемкорлорго каршы аёосуз күрөш ачышты. Жумушу жокторго жумуш караштырышып, мындан аркы күндөрдө, жылдарда бүтүрө турган чоң-кичине милдеттерди чектешип, азыркы тапта ушунун баары жаңыланууга, тазаланууга, козголууга болгон аракеттер экенине журт да ынанып калды.

Ушинтип, заман жакшы жагына ооп бараткансыйт, абже.

* * *

Абже кыз, эгер аркы дүйнө бар болсо атам-апам, Козу акаң, сени менен айныксыз кайра жолугушар күндөр бар. (Адам баласы бул жарык дүйнөдө түбөлүктүү эмес.) Ошого чейин кудайым мага ден соолук, күч-кубат, элиме тынчтык берсе алдымда турган көптөгөн максат, чыгармачылык иштеримдин өтөөсүнө силер үчүн чыксам дейм.

Албетте, колуман чыккан нерселер канткен күндө да менден зарыга күтүшүп, ошону менен шыктандырып, канат берип азыр аралаш жашап жатышкан замандаштарыма, эл-журтума арналат.

Ошентсе да эртеби-кечпи Жараткандын алдына барганда, Кыргыз ата – Манас бабанын алдында, бардыгыңардын алдында өңүм жарык, жүзүм таза болсо дейм.

Жаралбай калсак, же жаштайыбыздан жайрап калсак не болмок? Азбы-көппү ушунун баарын көргөзгөн, ачуу-таттуусуна кошуп, кубаныч-өкүнүч, кайгы-касирети, салтанат-шаанисин кошо коштоткон, Аллага миң жолу алкыш, миң жолу шүгүр, абже.



## Жээнбай ТҮРК Күлөнбек уулу

*1949-жылы 5-февралда Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районунун Чоң-Кызыл-Суу өрдөшүнүн Күркүрө-Кайыңды өрөөнүндө зергердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн.*

*Жээнбай Түрк көп кырлуу калемгер – акын, жазуучу, публицист. Алгачкы, «Эки жолоочу» чыгармалар жыйнагы 1985-жылы, «Көз ирмем» (ырлар, 19980ж.), «Асылым» (проза, 1999-ж.) китептери анын эки жанрдын бирдей чебери, дасыккан калемгер экенин ырастаган.*

*1976-жылдан тартып СССР Журналисттер союзунун, 1996-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү.*

*Учурда «Кыргыз туусу» гезитинин Ысык-Көл областы боюнча кабарчысы болуп эмгектенүүдө.*

*Поэзия*

## Таш жаздыгым

*Тагдырым ай, таш жазданган тагдырым,*
*Жазган экен: жыргал, куурал... бардыгын.*
*Жаштыгымды учкан кушка тапшырып,*
*Эми сездим калган өмүр аздыгын...*
*Күтөм дале үмүт үзбөй тукумдан*
*Сый-урматтан жумшарсын деп жаздыгым.*

*Күн ордуна бороон-кары сабалап:*
*Денем кажып, жандүйнөмдү аралап,*
*Чексиздиктен кайсы бир күч шыкаалайт,*
*Келээрсиң? – деп, көндүм сөзүн кайталап.*
*Өмүр өтсө, артта изи калса дейм,*
*Таш жаздыгым баскан жолду кайталап.*

## Жүрөгүм

*Жаралгандан*
*Тыным албай жүрөгүм;*
*Канды күрөп,*
*Жанды үрөп,*
*Мен деп жашап жүрөсүң.*
*Жетемин деп,*
*Жеңемин деп,*
*Сезбей байкуш пенделер*
*Унутушат*
*Жан сактаткан жүрөгүн.*

*Жалгыз өзүң*
*Бардыгына жараган.*
*Кайгырсаң да,*
*Кубансаң да,*
*Жанын кыйнап чыдаган.*
*Баасын билбей,*
*Таасын билбей,*
*Бу дүйнөгө келгендер...*
*Эргип-көөлгүп*
*А мен болсо ыр жазам.*

*Чексиз сенин*
*Мага кылган кызматың;*
*Сенсиз өмүр,*
*Толбос көңүл,*
*Болбос баасы бир татым.*
*Топтогончо,*
*Шордогончо,*
*Таазим кылып өтөрмүн...*
*Жарык дүйнө,*
*Жашаганым*
*Жалгыз сенсиң түтөрүм!*

## Аячы акын журогун

*Ичи тардык, кызганычтар: айыкпаган оорубу?*
*Же сүйүүнүн арылбаган шорубу...*
*Сулууларга ыр жазсам да жалынып,*
*Сүйөсүң деп, төрт жагымдан тооруду.*

*Аның ырас, сүйбөймүн деп айталбайм,*
*Ансыз ырдын казынасын ачалбайм.*
*Оттон чыккан кээде бир сап ыр үчүн*
*От-жалынга чок болуудан качалбайм.*

*Өмүр кыска, жашооң учкул тез өтөр,*
*Өлбөсүн жок, кайрылбастан бир өчөр.*
*Өлбөй-өчпөй жер үстүндө не калат?..*
*Өту өчпөгөн шок жүрөктөн гүл өнөр.*

*Ичи тардык аял-эр деп тандабас,*
*Ит кабышып үйүшкөндөй жандалбас.*

*Акыл-эси өкүмдарлык кылбаса,*
*Аял жок го жандүйнөңдү каңдабас.*

*Айла барбы: каңдаса да, жандаса да чыдайлы,*
*Тагдырдан да качалбаспыз, анда неге куурайлы.*
*Барган сайын, карган сайын, керемет күч дем берип,*
*Акын жүрөк жашарарын аял билбейт турбайбы.*

*Сүйүп келгем, сүйө берем – күйөмүн,*
*Чаңкаганда сүйүү берер өлбөстүктүн мүрөгүн.*
*Сүйүү – үгүт, сүйүү – үмүт, оту өчпөгөн коломто,*
*Суранарым, аягыла, акындардын жүрөгүн.*

## Күнөөлүү пенде бечара

*Күнөө дешет –*
*Эгер сүйсөң алганыңдан башканы,*
*Күнөө дешет –*
*Дүйнөң балкып шарап даамын татканды,*
*Күнөө дешет...*
*Күнөө дешет – жыргагандын бардыгын,*
*Көз ирмемдик*
*Бу дүйнөдө пенде болуп басканды...*

*Жалган дүйнө –*
*Жер үстүндө күнөөлүү жок жан барбы:*
*Аял-эркек...*
*Махабат... – деп, неге бөлгөн жандарды?..*
*Кумарлантткан –*
*Кызгылт вино... кээде даамын татпасаң,*
*Кызыгы не –*
*Жашагандын... ысыгы жок таңдардын.*

*О дүйнөдө –*
*Бейиш бар дейт күнөөсүздөр жыргаган,*
*Күнөөлүүлөр –*
*Отко түшүп, тозогунда кыйналган.*
*Бирин дагы*
*Табалбадым эки аяктуу пендеден,*
*Моло таштай –*
*Муздап, катып бир ордунан жылбаган.*

*Сурандым –*
*Айрый көрбө: аялдан да, шараптан,*
*Жалындаган*
*Жүрөгүмдөн – махабатты жараткан.*
*Жыргалың да,*
*Кууралың да бу дүйнөдө өзүңдөн;*
*Бейиши да,*
*Тозогу да кыска өмүргө жанашкан.*

## Ак калпагым

*Өңү жылуу – кыргыз десем тилбезер*
*Өзү башка, тили буруу дилбезер.*
*«Алып сал!?» – дейт ак калпакты башыңан,*
*Анын баркын таза кыргыз бир сезер.*

*Ак калпагым жаш-карыга жарашкан,*
*Ала-Тоодон – бийик жерден карашкан.*
*Аны алган – тоо алганга барабар,*
*Ар-намысын түмөн кылым талашкан.*

*Ак калпакты дайым кием басканда*
*Ала-Тоодой төбөм тийип асманга.*
*Ала-Тоодон – ак калпактан айлангыр!?*
*Арсыздарың маңкурт болуп калган да.*

*Ак калпагым Ала-Тоомо барабар,*
*Адамзатка кыргызмын! – деп айтылар.*
*Аз өмүрдө көп даңктанып өтөрбүз.*
*Ата жолун урпактары кайталар.*

## Неге?

*Адашып кайдан келдим? Неге туулдум?*
*Аз убак келип-кетме мен бир кулмун.*
*Өтүптүр өлчөп берген жолдун көбү*
*Өмүрдү өчү бардай кор урундум...*

*Пенделик көрдүйнөгө кызыкпадым.*
*Пендемин, бирок башка кызык жанмын.*
*Бел байлап сыр дүйнөгө: окуйм, жазам,*
*Бел ашып өткүчөктү ысык жаным.*

*Жазайын жандүйнөсүн башкалардын,*
*Жалыны өчпөсүн деп жашагандын.*
*Бу дүйнө калыбынан эч өзгөрбөс,*
*Тууланып текке кетсе жашаганың.*

*Билбеске жүргөн дейди бирдемемин,*
*Билгенге кадыр-барктуу калем-демим.*
*Байкалбас зор дүйнөнү пас дебегин,*
*Баарыдан бийик, укмуш келет дегим.*

## Кайрылуу

*Бир боорлорум, алыс-жакын тууганым,*
*Акыл калчап уккулачы бүт баарың:*
*Өтсө келбес көз ирмемдин жашоодо*
*Көр дүйнө эмес, намыс бийик турарын.*

*Алыш-бериш насыяң да курусун...*
*Күнүмдүк го андан чыккан урушуң.*
*Түбөлүктүү кандаш мээрим табылбас*
*Жакшы достон жаман тууган дуруссуң.*

*Кыргыз бабаң каада-салтын сыйлаган.*
*Сый-урматка дене-бою сыйбаган.*
*Эсептешкен кекселикти жек көрүп,*
*Айкөл ынсап, кандаштарын кыйбаган.*

*Кайда боорум, доор карыткан ыйык салт?!*
*Баары жалган: ыйың, күлкүң... баары калп.*
*Заман эмес, сен заманга жол ачып,*
*Кыргыз жолго ушунчаңда кайра тарт!*

*Прозадагы ырлар*



**Динара**
**БЕЙШЕНАЛИЕВА**

*1968-жылдын 19-июлунда Талас районуна караштуу Арал айылында туулган. Медициналык окуу жайын бүтүргөн. Республикалык клиникалык ооруканасынын неврология бөлүмүндө, «Асаба», «Ордо» гезиттеринде иштеген. «Кызыл алма», «Турна бийи» ыр жыйнактарынын автору, Улуттук Жазуучулар кошуунунун мүчөсү, ырлары орус, англис тилдерине которулган. Учурда «Көк асаба» гезитинде эмгектенет.*

# АДАМ

Баш көтөрүп турубуз. Адамды айтам. Жылда ушул. Бир маал ушинтип сааттын «12» деген цифрасын тиктеп турмай. Жылдын жылга жылмышып, тез өтүп атканына таң калмай. Анан кайрадан 12 ай көртирлик. Убакыт өтпөчүдөй, өлбөй калчудай, устун болчудай жанталашып...

Өлбөй ким калды? Саат 12ни какканда сен экөөбүздүн кагыштырып шарап ичкен кесебиз Омор Хаям айткандай, жер каймактагандан бери нечен-нечен жылдардын, бектердин, сөөлөттөрдүн топуракка айланган денесинен жасалган экени чындык да. 12де күн түнгө айланып, 12де жыл жылга алмашып, 12 жылда бир мүчөл балалык менен кош айтышасың. Үч 12ни жашаганда чачыңда көп түйшүк, тишиң шалдырап, ишиң жүрбөй, итиң чөп жебей калат. Оо, жүзүң курган 12! Билинбеген менен мени сен түгөтөт экенсиң да. «Сен эмне кылдың?» – деп сурайсың да, мен жооп табалбай дабдырайм. «Сен эмне кылдың?» – дейм мен. Билбейсиңби дегендей мыйыгыңан жылмаясың. Сен бети жок, убакытты уурдап жутасың. Өмүр кемиресиң, кесесиң. Аныма мен өзүм күнөөлүүмүнбү? Айланып, айлантып акыр заманга алып бараткаңыңа да мен күнөөлүүмүнбү? Сен жутпай турган эмне бар деги? Билем. Ооба, жакшылык. Мен бирөөгө жакшы сүйлөсөм, ал бирөөгө жакшы сүйлөйт. Мен бирөөгө жакшылык кылсам, ал да бирөөгө жакшылык кылат. Көзгө

көрүнбөгөн менен кызыл жиптей болуп, кандан канга нур болуп өтөт. Аа, сүйлөдүңбү? Адамдын адамдык озуйпасы да ошол, мен жеңалбаган нерсе да ошол дедиңби? Сен кандай гана сулуусуң, 12. Жаңы туулган кызым Фатима 12 айда там-туң басат. Балага башкача байланган төө 12 айда жарык дүйнөгө жан апкелет. 12 айда адам тазарып, жаңырат. Ар убак 12нин астында туруп, алдын үмүт менен карайт. Адамдын пасы, жаманы болбойт. Адам ыйык, адам сыйкыр. Аны ошон үчүн Кудай жараткан. Азап үчүн, арман үчүн, ооруш үчүн, өз жанын өзү кыйыш үчүн, өзүн өзү сайыш үчүн, жабылуу, жабыгуу үчүн жаралган эмес... Жүрөктө кичинекей кубанычың болсо, Жанар тоо болгой эле. Кайгың өчпөгөй эле, үмүтүң көктөгөй эле... Дүйнөнүн бир жеринде деги бирөө бейкүнөө жаш төкпөгөй эле. Бул менин энелик тилегим – жаңырган он экиң жакшылык болсун...

## Аял

Мамык жаздыкка баш коюп жылаңач аял жатыр. Жарымы түйүлүп, жарымы жазылган түндөй кара чачтары, коюу терең көздөрү сенден өтүп... Өтүп да, түртүп да, чакырып да – баары бар. Бул француз сүрөтчүсү Модильянинин жараткан эмгеги. Адатта эркек сүрөтчү аялзатын ушул калыбында ар тараптуу тарта берет эмеспи. Убагында бааланбаган ошол сүрөтү көзү өткөндө, арадан көп жыл өткөндө, кечээ жакында 20 миллион долларга сатылып кетти. Келем десе оомат бир келип, кетем десе оор-түбү менен төгүлүп кетет эмеспи. Анын сыңарындай, убагында ушул талант ачка, кесерип жүрүп сүрөт тартчу. Сальвадор Дали, Пикассонун тибиндеги сүрөтчүнүн штрихтери кээде тарткан кишисине окшошпой да калчу. Өзү: «Мен адамды эмес, анын ички дүйнөсүн, мүнөзүн тартам» – дечү. Бардар, ток адамдар мейличи деп сатып алып койсо, кээлери: «Ой, кимди тарткансың, окшошпойт го?» – деп эле бетине айтчу. Андайда шарт айрып салып, басып кетчү. Ошондо өзүнүн ким экенин, өчөөрөнөөрүн деле сезген эместир. 20 миллион эмес, 20 миң болгондо карды да, картинасы да майланышып турбайт беле. А балким, ач жүргөнү жакшы болгондур, ким билет...

## Акын

Терезеден секирип кетип каза тапты деп окудум. Үлп эткен желге ыргалган, үлбүрөгөн жүрөгүң буюккан борошолуу бороондо калды бекен? Аптабы мээ кайнаткан чөлдө калды бекен? Наз жаныңды бек кармаган, жөлөгөн, таяган, эркелеткен, эркелеткен эр көкүрөк эркек болбоду бекен жаныңда?

Тогузунчу классты бүтүп, үч айлык каникулга чыкканда биринчи жолу Бишкекке келдим. Опера-балет, драма, кинотеатр деп кыдырып жүрөм. Кино башталардын алдында сегиз жашар акын кыз жөнүндө 10 мүнөттүк журнал көрсөттү. 4 жашынан баштап ыр жазган вундеркинд кыз Ника Турбина менен ошондо тааныштым. Чачы кире кыркылган кибиреген, сары чийкил кыз:

Родипся человек,
для счастья,
а может для боли? –

деп көзүн чылк жумуп алып, жүзүн жашка жууп ыр окуп атпайбы. «Кантип жазасың?» – десе, мага ырлар көк чымчык сыяктуу өздөрү «учуп келет» дейт. Бала экем да, муну укканда жаман духум түштү. Мен да ыр жазымыш этип жүргөм... Турмуштун күркүрөгөн агымында өз арбайым согуп, аласалып ачылып, ал кыз эсимен деле чыгып кетиптир. Кечээ коляскамды сүйрөп алып, көчөгө чыктым эле, чемичке сатып алып чагып отурсам, саргайган кулек кагаздын сыртынан тааныш ысым көзүмө урунуп атпайбы. Былтыр жайында, 27 жашында жарык менен кош айтышыптыр. Чет элдик карыган бардар кишиге турмушка чыгып, өлөр астында көбүрөөк ичип калган экен. Акындын ой жүгүртүүсүнө да түшүнүп болбойт. Сегиз жаштан аты чыгып, китептери чыгып, ырынын саптарындай солкулдаган жигиттер артынан ээрчип жүргөндө абышкага неге чыкты дейм да? Сүйүп калдыбы же романтика издеди бекен, анысын өзү менен ала кетти. Ичип калганына караганда ал эркек көңүлүндөгүдөй колдоочу, коргоочу боло албады окшойт. Ыр дегениң бирде канат, бирде курт, тынчтык бербей элиртип, өзүңө өзүңдү батырбай жарып салчу күч эмеспи... Акыры ал «көк чымчыгынын» артынан учуп кетиптир да...

Үлп эткен желге ыргалган, үлбүрөк жүрөгүң буюккан борошолуу бороондо калды бекен? Аптабы, мээ кайнаткан чөлдө калды бекен? Наз жаныңды бек кармаган, жөлөгөн, таяган, эреркеткен, эркелеткен эр көкүрөк эркек болбоду бекен жанында?..

## Акча

Акира Куросава. Көп адамды ойлонтуш, толгонтуш үчүн келип кеткендейсиң. Менин турмушум сен тарткан кинодо жүрү. Мен да кыялданам. Ал да кыялданат. Байлар гана кыялданбайт. Себеби кыял бийик-бийик болуш керек да. Бийик нерсе да...

Бир таланттуу акын бар. А кишинин өзүн да, талантын да сыйлайм. Ошол кишинин бир «дүң» эткен макаласын окуп алып аябай ойлонуп калдым. Бир тентиреген, арып-ачкан, бит баскан «бомж» өлүп калат. Көмөлү дешсе эле бит-сирке, киринен билинбеген ич кийиминин ычкыр

кашатынан 15 миң сом чыкты деп жазып атпайбы. Ал байкуш кийим эмес, ысык тамак да ичип алчу эмес экен. Андайлар көп да. Зээним кейиди. Бир ай-чырайлуу сулууну сүйүп калды бекен? Өзү тентиреп, үй-жайсыз жүрсө ага ким тиймек. Үстүндө кийими самсаалап, бюрократтардын эшигин черттиби, жер алып, үй салсам деген оюн айтып. Документтен документке жумшаштыбы, акчасын кымбат айтыштыбы... Ал акчанын канчасына жер алып, канчасына үй салып, канчасына катын-бала бакты экенсиң. Жаныңан кечкен сарандыгың – адамдыгың беле дейм. Адамдыгың дегеним, кыялың менен жашаган кургур белемсиң...

Эх, Акира Куросава, «Додоскаденде» (Под стуком трамвайных колес) эмне бар? Чал менен бала бар эмеспи. Ошол экөө кыялында ак сарай кура берет эмеспи. Өздөрү жегенге наны жок отурушуп:

– Эшигин кайдан чыгаралы? – дейт бала чалга.

– Күн чыгыш жактан, күн үйгө кирип турсун, – дейт чал.

– А бассейнди каякка куралы? – дейт бала.

Бассейнге чабак урганды, жуунганды жакшы көрчү. Өзү кир, жүдөп отурган. Дайыма жүдөп жүрчү. Чал экөө ээрчишип, таштанды чукулашып, тамак таап жешчү да. Экөө ары тартышып, бери тартышып, бассейнди ак сарайдын ортосуна курмак болушат. Күн так төбөдөн түшүп турсун дешет. Балит, кир тамак жеген баланын ичине инфекция кирип, ууланып өлөт. Ошондо чал: «Мына, сен каалаган бассейн» – деп атпайбы, кичине чуңкур казып, көмүп атып. Жүзүнөн аккан жашын тамчылатып...

Акира Куросава, шаардын чок ортосунда аябай бийик, жарык, заңгыраган ак сарай. Маңдайында кызыл крест, жарым ай, медициналык белги. Тиги жак, бу жактан ызылдаган тез жардам машинелеринин үнү. Жанагыдай чал менен балдарды ташып келип атышат... Бул менин кыялым. Кышта алар боо-боо түшүп калышат. А чындыгы, бекер оорукана кыял болчу деле кол жеткис нерсе эмес. Бүлүнүп, таланып бүтпөй турган үйлөрдүн бирөөсүн ишке киргизип, чет жактан гумжардам деп келип жаткан дары-дармектин булагын базарга эмес, ошол жакка буруп койсо болот да. Бүлүнгөн өлкөдөн бүчү артабы деп самсып жүргөн чет элдиктердин тамырын тартса – бийлик тартат.

Ким алты айлап жатат, ак халатчан акы сурайт, бийлик болсо – темир, дүйнө –кереӊ…

Акира, Акира, оо дүйнө менен бу дүйнөнүн ортосу, ач менен токтун ортосу анчалык да алыс эмес деп айтабызбы...

## Атым

Дарак кышы бою сууктан коркуп, бүрүн ачпай бүрүшүп, муздап турат. Жазда ачылат. Эгер ал кышта жанагинтип бүрүшүп, жалбырагын таштабаса,

өзөгүн суук чалат. Куурап калат. Өзөгүн суукка алдырбаш үчүн өзгөрүп туруш керек... Оголе көп сөздү не кылам. Өзгөрбөгөн нерсе барбы? Өзгөрбөгөн жан барбы? Бар... Дүйнө шон үчүн астын-үстүн болбой туру.

## Чабаты

«Жети чабаты жасап тараттым. Жетиден 21ди жасап таратсаң, кан чыгарып түлөө бергенге барабар» – дечү чоң энем. Жеңилдене түштүм. Ошол чоң энем дагы минтип айта берчү: «О, Кудай, алсаң кор кылбай ал, кыйнабай ал, тез эле ал» – деп. Алжыптыр, болбосо ушунчалык жаман сөздү сүйлөйбү дечүмүн ичиркенип. Кийин мен мектепти бүткөндө деле, кечээ жакынга чейин эле түшүнгөн жокмун. Көп ойлойм да, түшүнбөйм. Көрсө, өлүмдүн актыгы, актыгы дегеним, ар нерсенин акырынын бардыгы, бу тирүүлүгүндүн мааниси, түпкүрү, түбү ошо сөздө тура. Дайыма бу өмүр убактылуу гана экени жадындан чыкпаса, жаман ишке барбайт экенсиң. Жаман иш болбосо Күн Өмүр ошол да. Ага да, мага да жарыгы тиет. Жарык эңсейм. Ал да, мен да ошону эңсейбиз...

## Ой

Акындар ырга кошкон Леонардо да Винчинин Мона Лизасы (Джоконда) укмуш сырдуу, сулуу аял. Өткөндө бир таанышым келип: «Мунуңду алып салчы эй, ар жакка барсам ар жакка, бер жакка барсам бер жакка ээрчип карайт» – дейт. Чын эле сенин дүйнөңдү, оюңду билип тургансып, ээрчип карай берет. Үйгө жаман сүрөттөрдү, күңүрт нерселерди такпагыла, жаман сөз сүйлөбөгүлө деп бекер айтылбаса керек. Акыл, аң-сезим аңдабаган жарыкчылыктын табышмагы көп. Сүрөтчүлөр жалаң согуш темасын тартып калганда согуш чыгат экен. Он-он жыл аралыгында тартылган сүрөттөрдө жалаң кайгырган, түйшүк тарткан, алда-нерсеге жаны ачыган, бир нерсеге жетүүгө умтулуп, араанын ачып салган, тынчтыгы бузулган аялдын сүрөттөрү басымдуулук кылгансыйт.

Тең салмактуулук жоголуп, балдардын көчөдө нан сурап отурганы, жетимканалар көбөйгөнү ошондонбу деп ойлоп кетем. Албетте, сүрөтчүлөр муну атайылап деле тартышпайт, пешенеге жазылган деген сыяктуу болуп атпайбы.

Ой келет, «как» эткен карга, «кук» эткен кузгун жоктой эрегиш жок болсо, эл тыптынч болсо, тирүүлүк жанданса, сулуулук жайнаса... Ушинтсе...

## Кыбылада

Үзүлүп, үзүлүп,
Келип калдым.
Тизилип майда-майда
Келдим сага.
Чачылып-чачылып
Сенин алдыңа
Бүктөлө албай
Түздөлө албай
Дүрт эте албай
Келдим сага
Алла Таалам.
Кечпи, эртеби
Түнбү, таңбы
Суубу, жанбы
Тегерегим
Айтчы, айтчы...
Шорголосо эки көз
аарчып койчу.
Калтыраса эки көз
тартып койчу...
Ушул колдор
Беш убак намаз окуп
Беш убак өзүңдөн
Ыйман күтсүн...
Тилегеним бере көр
Тилегеним...
Үзүлүп, үзүлүп
келип турмун
Тизилип, тизилип
келип турмун
Чачылып, чачылып
өлүп турмун.
Тирилип
Кайра-кайра
өлүп турмун.
Өлүп туруп, тирүүнү көргөндөрдөй
Тирүү туруп
Өлүмдү көрүп турмун.

Көзүм тойду
Дүнүйөгө белчесинен
Көр экенмин
Көрсө мен
Көр экемин.
Кес тилимди
Ач көзүмдү
Ал жанымды
Кайып болуп кетейин
Кайып болуп...
Тилегеним бере көр
Тилегеним...

## Короз

Кээде күтүп, кээде күтпөй угам. Короздун үнүн айтайын деп атам. Күткөнүм кудайлап чыкканда. Жаным качып, үн чыгарбай, дым чыгарбай, ээ-жаа бербеген күч менен аалам бузуп, учуп атканда, анан эле баягынын бири жок, жылт эткен учкуну жок, жер менен жексен сулап атканда «ку-ка-ре-ку» дейт короз байкуш. О, кагылайын үнүңдөн! Чагылгандын үнүндөй болуп, менин тирүү экенимди эсиме салбадыңбы. Өх, эс ала түшпөдүмбү! Жуунуп, таранып намазга баш урам. Кайрадан көртирликке белчемен батып кетем. Балам таң атканча чыркырап чыгат. Кичине бутум сунуп эс алып алсам дейм, ага болбойт.

«Ку-ка-ре-ку»! Жаагың сынгыр ай, ушул короздуку өттү. Таң атып кеткен тура. Күтпөй укканым ушул... Тирүүлүк – баары бир кубаныч.

## Музыка

Сезим шарап
Селдей тарап.
Кылым ыры
Куюн, барак.
Курган жаны
Куурап барат.
Сурап барат
Сулуу аял.

Сулап таппас
Жан сырлары.
Жалгыз дүйнө
Жандүнүйө
Урап барат...
Сезим шарап
Сезим шарап...

## Жолдо

Баспаймын деген жокмун
Актаймын дегеним жок.
Аттаган эшиктен жөн
Акырын
Карек төгөм.
От болуп өчпөй-өчпөй.
Токтолуп, көктөй-көктөй.
Каргасам кайып кетпей
Тилесем
Тилек беттей.
Баары келген
Мен дагы
Бир Кудайдын
Мен дагы
Пендеси бир
Адамга бакты тилеп,
Көздөрүн сүйүү өпкөн
Балага жанын таштап
Башкача сүйүү төккөн
Бармын мен
Мен жөн гана
Балалуу, жүдөө аял
Эч кимден аласам жок,
Эч кимге карыз да эмес...
Каерде
Ким болбоңуз
Сизге да
Бакыт тилейм...

## Үй

Ушулбу, ушул элеби, мына сага! Күйүп кет. Сенин том-том китеп болгонуңан не пайда? Кимге кереги бар? Түбөлүктүн түркүгү сага гана байланып калыптырбы? Жалбыртта. Жалында. Мен менмин. А сен менин чийип койгон чиймелеримсиң. Ошон үчүн окулба. Дүйнө сүйүүм, үмүт-тилегим, өмүр отум, көңүл жарыгым мени менен гана... О бала күндөн бери «байлыгым» деп койчу, күн сайын эмес, саат сайын жазган баштык-баштык, кучак-кучак кол жазмалар отко ыргыды. Көпкө алоолонду. Кагаздагы ырдын саптары улам окулбай, карарган сайын көкүрөк басаңдап баратты. От өчтү. Көңүл өчтү. Эмне кылдым, ич өрттөндү. Кан-жан менен сүйүү сүртүлүп, өмүр аарчылып, көзүм жешилип, көкүрөк тешилип жазгандарым эмес беле. Өзүмө ыйык көрүнгөн ырларым эмес беле...

Жанагы акылсыз, албуут жиндилик каякка кетти? Кечирилгис... Тил тишке бекинди. Кай акмак өзүнө өзү жамандык кылат. Көкүрөк онтогон сайын ай-ааламды агызып кетчүдөй муза күүлдөп ырдап келип, алда нерсени айтып, кошо онтоп, жээкке чегинет. Үнү угулбайт... Кадамдар ыргытылып жаткан каламдын жанына барганга эч даай алышкан жок. Көпкө даай алышпады...

*Поэзия*



## Зуурабүбү ААЛИЕВА

*1954-жылы 7-июлда Нарын областынын Ак-Талаа районунун Куртка айылында төрөлгөн.*

*1961–1971-жылдары Баетов айылындагы Ломоносов атындагы орто мектепти аяктаган. 1971–1972-жылдары райондук байланыш бөлүмүндө иштеп, ошол эле жылы КМУнун даярдоо бөлүмүнө өтүп, 1978-жылы филология факультетинин орус тили жана адабияты адистиги боюнча жогорку билимге ээ болот. Шаардык калкты жумушка орноштуруу бюросунда 1984-жылдан 2001-жылга чейин эмгектенип, азыр ардактуу эс алууда. Үй-бүлөлүү, алты баланын энеси.*

## Көк жайык

*Сууңдан ууртап, жүз чайып,*
*Көрөм деп келсем Көк жайык,*
*Нөшөрлөп куюп жамгырың,*
*Басалбай койдум бут тайып.*

*Көркөмүң көз жоо алдырган,*
*Көргөндүн эсин тандырган.*
*Көрө албай калдым жакшылап,*
*Көнөктөп куйган жамгырдан.*

*Белгисиз келер-келбесим,*
*Кайрылып кайра көрбөсүм.*
*Көркүңдү айта жүргөнгө,*
*Көргөндөр сени өлбөсүн!..*

## Булуттар

*Жылдыздар көктөн тиктешип,*
*Көңүлүм сурайт түн сайын.*
*Табышмак күүнү черт дешип,*
*Шуулдайт терек, ак кайың.*

*Кечкурун жорткон жел дагы,*
*Эркелеп сылайт бетимден.*
*Билгизбей келип сен дагы,*
*Сузуп кет назик сезимден.*

*Сыбызгып шашып булуттар,*
*Сагынып учат өзүңдү.*
*Башканын баарын унуткар,*
*Унутпа муңдуу көзүмдү.*

*Таңга маал куштар сайрашып,*
*Жорушат көргөн түшүмдү.*
*Бакытка мени кайрашып,*
*Курчутат алсыз күчүмдү.*

## Бүгүн менин ичким келди шарапты

*Бүгүн менин ичким келди шарапты,*
*Басабы деп ичимдеги жаратты.*
*Байкабаган башка адамдар капалык,*
*Басып ныктап жүрөгүмдү канатты.*

*Бүгүн менин ичким келди шарапты,*
*Башымдагы жалгыздыгым жадатты.*
*Балким, ичсем көтөрүлөр көңүлүм,*
*Бузайынчы канга сиңген адатты.*

*Бузайынчы калыптанган адатты,*
*Бүгүн менин ичким келди шарапты.*
*Бирок шарап таасир бербей денеге,*
*Бир көз караш баш айлантып баратты.*

*Бир көз караш баш айлантып баратты,*
*Көп нерсени түшүндүрүп кадатты.*
*Качан, кайра дал ушинтип карайт – деп,*
*Чагылгандай көз караштьы саматты!..*

## Сен үйүңө шашкан сайын

*Сен үйүңө шашкан сайын,*
*Мен жек көрүп өзүмдү.*
*Ала качам көздөрүңдөн,*
*Шаттык кеткен көзүмдү.*

*Сен үйүңө шашкан сайын,*
*Күнөөлүүдөй болуп дайым*
*Болду, экинчи келбейм деймин,*
*Болгум келип көздөн кайым.*

*Сен үйүңө шашкан сайын,*
*Шагым сынып жарты-жарым.*
*Жерге кирип кетким келет*
*Ичим күйүп, чыгып жаным.*

*Сен үйүңө шашкан сайын,*
*Денем муздап, сууп каным.*
*Бир адамды бузгансыймын,*
*Мээнет кылып салган тамын.*

*Сен үйүңө шашкан сайын,*
*Түшүнүп мен дүйнө тарын.*
*Келбей калсам күткөн жерге,*
*Кечир жаным, баарын, баарын!*

## Мен үчүн окуп койгон дубаң барбы

*Унчукпай тиктей берем аткан таңды,*
*Угузбай ичимдеги муңду-зарды.*
*Уктабай таң атканча толгономун,*
*Мен үчүн окуп койгон дубаң барбы?*

*Буталбай эң бир зарыл иштер калды,*
*Сырдашпай досторумдун көөнү жарды.*
*Даамын да билбей калдым туздун, балдын,*
*Мен үчүн окуп койгон дубаң барбы?*

*Кыйнады белгисиз күч курган жанды,*
*Мен үчүн бирдей эми кечпи-таңбы.*
*Бейтааныш сезим менен маңкурт кылган,*
*Мен үчүн окуп койгон дубаң барбы?*

*Эсептеп кезикkенче секунд-санды,*
*Эстебей бул турмушта жокту-барды.*
*Эзелтен күткөн теңим жолуккансыйт,*
*Мен үчүн окуп койгон дубаң барбы?!*

## Улутунам, ушкуруп терең-терең

*Убактың жок сүйлөшкөнгө мени менен,*
*Улутунам, ушкуруп терең-терең.*
*Ушунча да күн узарып кеткен белең,*
*Улам карайм телефонду дудук-керең.*

*Чарчаңкы үнүң телефондон жаңыртганда,*
*Чыкчудай жүрөк туйлап кабыргамдан.*
*Чабуулу түмөн ойдун тып токтолуп,*
*Чаңкайып бүркөө кабак жайылганда*

*Билдим мен бактымдын ачкычы кимде экенин.*

## Лондондун буурул туман кечиндей

*Кыжыр кайнап жек көрбөсүң билгендей,*
*Көңүл толкуп сүйбөсүңдү билемин.*
*Коңур күзгө суук кездер киргендей,*
*Чыйрыктырган мүнөзүңдөн жүдөдүм.*

*Капа болсом байкабасың билгендей*
*Кубанганым көзгө илбейсиң, билемин.*
*Лондондун буурул туман кечиндей,*
*Салкын супсак мамилеңден жүдөдүм.*

*Мен өзүңдөн кетпесимди билгендей,*
*Сен да менден адашпайсың, билемин.*
*Лондондун буурул туман кечиндей,*
*Салкын, супсак мамилеңден жүдөдүм.*

*Мен өзүңдөн кетпесимди билгендей,*
*Сен да менден адашпайсың, билемин.*
*Үмүт үзбөй эртеңкиден жүргөндөй,*
*Акыр бир күн түшүнөт деп жүрөмүн.*



**Абдыжапар ЖАКЫПОВ**

*1946-жылы Тоң районундагы Ак-Өлөң айылында туулган. Кыргыз мамлекеттик университетинин чет тилдер факультетин аяктап, узак жылдардан бери областтык «Ысык-Көл кабарлары» гезитинде кабарчылык иште эмгектенет.*

*Буга чейин аңгемелери, котормолору мезгилдүү басма сөздөрдө жарык көргөн. Кыргыз Республикасынын Журналисттер союзунун мүчөсү. Учурда Балыкчы шаарында жашайт.*

*Проза*

# САЛЫЙ АПА

*Эри Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон жесирлерге арналат.*

Салый апа бүгүн демейдегисиндей кечки тамак жасоого кам көргөн жок. Уюн бададан келээр замат саады да, токол тамга жанаша салынган стандарттуу чатырланган үйдүн эшигин ачты. Көптөн бери киши кирбегендиктенби, кандайдыр салкындык, көңүлдү ээнсиреткен кусалык бар. Жасалгалуу мебелдердин жылтыраган бетине чаң отуруп, бозоруп калган. Салый апа төркү бөлмөдөгү шифоньерден сыйга кийүүчү көйнөгүн, маасы-галошун, костюмун алып кийди. Анан жогорку текчесиндеги ирээттүү жыйылган кездемелердин астынан кичинекей түйүнчөктү алып чыкты. Түйүнүн чечип, андагы акчаларды терезенин жарыгына келип шашпай санады да, бир бөлүгүн костюмунун ички чөнтөгүнө салып, төөнөгүч менен оозун бекемдеп койду.

«Ал деле бир туугансып, эжем деп чакырып жатат да. Бөтөн кишиге барктап чай бербей калсын. Жаңы үйүң кут болсун деп, муну колума кармап барайын. Бир боор эмеспи, сүйүнүп жанагы далкылдаган келиндин алдында мактанып калсын» – деп ойлоду ал.

Кеч күз болгондуктан аш-той бергендер көп. Адатта жакшы санаалаш дегендер кечки мейманга чакырылат. Ал конокко бара турган үйдүн

ээси Бекиш менен эки ата өткөн тууган. Салый апа жука пальтосун кийип, бурчта турган күзгүнүн алдына келди да, жоолугун оңдоду, өмүрүндө түйшүктү көп тарткандыгын далилдеген бырыштуу жүзүн туурук алаканы менен сылап койду. Көзүнө бадалактап, айтарга сөз таппай турган Бекиш элестеп кетти.

«Элден алсам, жулсам дегенде маркум атасы – байкем Бийкелдинин эле өзү. Мен деле жетим-жесир болуп, балдар окууда, үйдө-сыртта болду, кудай сактасын, муну алып койчу деп бир ашмүшкө чайга жараган эмес…» Эзелки таарынычтын угуту кайрадан көкүрөктө көбүрүп-жабырып чыкты. Жанагы түпкүргө бекемдеп каткан акчасын жана бир ирет чыгарды да, туура экиге бөлүп, жан чөнтөктөрүнө салды.

Салый апа дарбазасын бекитип, баруучу тарабына бет алганда көз байланып калган. Бекиштин үйү көчөнүн четинде. Салый апа өзү ушул айылдык болгондуктан, бүт төркүнү ошол тегеректе.

Дарбазанын мамысынын кылда чокусунда орнотулган чоң электрочырак киребериштен тартып короонун бүт булуң-бурчуна жарыгын төгөт. Каз-катар коюлган самоорлордун ооздорунан чыккан жалын тынч абада кернейден ашып күйүп, түнкү жарыкта алыстан күмүш шамды эске салат. Колдоруна балта кармап, тарсылдата отун жарган боз уландар, чара-чайнек алып тызылдаган келин-кыздар той узатуу түйшүгүн жандантып, а түгүл шаңга бөлөп, чакырылган меймандардын чайга олтурганын баяндайт.

– Эжем эмне кечикти деп жол карап, азыр жаңы кирдим эле. Келиңиз, бул жакка өтүңүз?.. – Бекиш дарбазанын босогосун жаңы аттаган Салый апаны байкай коюп демейдегисиндей бакылдады. – Ушул үйдү салып жатканда чакыртып келтире албай койдум эле, эми бүткөндө келип көрүп, чай ичип, бата берип кетсин деп эле кабар айттырганбыз. Шаардагы уулуңузга телефон чалсам: «Колум бошобойт го» – деп күңк-мыңк этет. Аларга кызмат болсо эле болду. Жакшылык… Агайын-тууган дегендин кереги жок…

– Келет, кагылайын, келет! Зарыл жумушу болуп калган го! Болбосо, өзүң деле көрүп-билип жүрөсүң, ушул таякелеринин бирөөнүн сөзүн эки кылган жери барбы?! Жакшылыктын эрте-кечи жок эмеспи, келип калышаар?!

– Эжемден үйдүн көрүндүгүн өзүм алам! – ичкериден жаңы эле башбаккан толмоч, жоолугунун учун чекесине байланган келиндин оозунан адеп чыккан сөз ушу болду.

– Келе эже, көрүндүк!?

– Берейин, кагылайын, берейин! Ботом, адегенде үйгө кирип, керегесин көрөлүчү.

Бекиш менен жанагы толмоч келин Салый апаны колтуктай үйгө алып кирип кетишти. Алар жаңы акталып, сырынын жыты кете элек

чакан бөлмөлөрдү кобурап-жобурап кыдырып чыгышты да, меймандар олтурган төркү тарапка бет алышты.

– Жаңы конушунар кут болсун, ушул үйдү салган силер, бала-бакыраңар, агайын-тууганыңар менен аман-эсен болуп, убайын көргүлө! – Салый апа демейде тойдо, бата берген жерде айта жүргөн, көкүрөккө жат болуп калган сөздөрүн шуруга тизгендей быдырата айтты да, колун оң чөнтөгүнө салып, сууруп чыккан акчасын келиндин колуна карматты.

– Бул менин көрүндүгүм. Жакениң келип калса, тойдун кошумчасынын жайы башка!

Бекиштин чечекейи чеч, бак-бак сүйлөп Салый апаны меймандардын үстүнө алып кетти.

Салый апа орундарынан туруп, жол бошоткон коноктор менен сый учурашып, төргө өттү. Кеңири бөлмөнүн эшик төрүнө чейин салынган дасторкон нанга, таттууга мол, табак-табакка үйүлгөн түркүн жер-жемишке али кол тие элек. Дасторкондун бир четинде жогортон төмөн улуулашып олтурган эркектер, төрдө жаңыдан байбичеликке баш койгон бирин-экин аял, удаалаш этек-жеңдерин кымырынган келиндер орун алган.

Салый апага ысык чай беришти. Ал боорсоктон ооз тийип, чайдан ууртады да олтургандарга көз чаптырды. Көпчүлүгү өзүнүн айылдаштары, көрүп билип жүргөн агайын-туугандары, абысын-жеңелери. Ырас, бирин-экөөнү тааный алган жок. «Башка айылдан келген го» – деп божомолдоду.

Эркектер колхоздогу, газетадагы жаңылыктар жөнүндө кеп салып олтурушту. Аялдар болсо анда-санда эки-экиден быж-быж шыбырап сүйлөгөн болушат. Аманчылык сурашып, ден соолуктарын айтышат. Күткөн коноктору түгөл келген көрүнөт, колуна эки-үч бөтөлкө кармап эшиктен Бекиш көрүндү. Борк-борк кайнаган самоорлор улам бири алмаштырылып, тойго келгендер өздөрүнүн жакшы каалоолорун, тилектерин айтып жатышты. Улам жаңыланып тост көтөрүлүп, той кызый берди, сөз арбый берди.

Салый апанын ден соолугу али жакшы. Ошондуктан сый жарашкан конокто арактан да алып коёт. Биринчи тосту калтырбай ичип жиберген менен кийинкилерин ооз тийип арбыткан жок.

– Ичип-жеп отурсаңар, меймандар?! – Бекиш жаңы куюлган ысык чайдан Салый апага сунуп: – Сиз бирдеме деп конокторду алдырып жибербейсизби?

Салый апа алдында турган стаканды колуна алып үй ээсине, бала-бакырасына узак өмүр, чың ден соолук тилек айтып, бардыгына ичип жиберүүсүн өтүндү.

– Өзүңүздөн башталсын!

– Жок, кагылайын атайын киши жиберип чакыртканынан эле тууганчылыкты кыя албастан келип олтурам. Өзүңүздөр билесиздер, жумушум бар.

– Оолда, жарыктык ай. Иш, тиричилик, бирин-экин тыйын табам деп жүрүп, шашпай дидаарлашып чай да иче албайт экенбиз да. Оокат, дүнүйө табылат, бир тууганчылыкчы?.. Сиз өмүр бою эле иштеп келе жатасыз, жукканы барбы? Ушу тирүүлүктө сыйдан артык эмне бар?! – Бекиштин сөзү жаңыдан тамылжып келе жаткан конокторго жага бербей, ээ-жаа коштоп кетишти.

Меймандар эми кысылышпай, кең-кесири олтуруп калышты. Салый апа өзүнө жанаша олтурган жеңесинин ал-ахыбалын, үй-бүлөсүнүн эсендигин сурады.

– Шаардагы тун уулуң келип турабы? – деди ал сөз кезегинде.

– Өгүнү эле келип, үйдүн ичиндеги эмеректерди эшикке чыгарып, жайып, үйдү актап берип кетти Нукен.

– Ушу Нукеним, Нукеним эле дейсиң. Ошол келиниң мага жакпайт. Кандай көрсөң андай көр. Ботом, кенжең аскерден келгенче бир кызын эрмекке сага берсе эмне болот эле. Ээн үйдө каңкайтпай…

– Азыркылар «шаарда окутабыз» дешип шарты ушундай турбайбы.

– Шаар, шаар…Ушул эле айылда чоңоюп өскөн балдар… Маңдайга жазганы болоор. Чилистен кылганын көрөрбүз…

– Заман ошол болду, кандай кылабыз жеңе. Балдарды чоңойтуп, жетилттик. Эми өз акылдары өзүндө. Аман жүрүшсө болду.

Салый апага жеңесинин бул сөзү оор тийди. Түпкүрүндө уул-келинине таарыныч артты. Айтса, айтпаса төгүнбү. Бир кызын беришсе, жанына эрмек болуп, бир айылдуу кишидей олтурбайт беле. Мектеп болсо бул жерде деле бар, үйгө жакын. Бир ирмемде чуудадай болуп самсаалаган ойлор жүрөгүн жууруп өттү.

Ал бул кечте меймандан кеч кайтты. Жумушуна – интернатка барган жок. Үйүнө келээр замат белендеп салынуу турган төшөгүнө чечинбестен баш коюп, ошол бойдон мелтиреп уйкуга кетти…

* * *

Мектеп директорунун кабинетиндеги тынчтыкты эшикти шарт ачып удаалаш кирген Салый апа менен интернаттын башчысынын дабышы бузду.

– Жок, айланайындар, мени иштен бошоткула. Антпесеңер болбойт. Жалаң ушул интернат деп жүрүп жамандык, жакшылыктын баарынан калдым. Бир күн калса мунун айткан сөзү бул! Бошоткула иштен!

– Түшүнсөм кудай урсун. Деги эмне болуп кетти? Эмне үчүн? Апа, сиз мындай олтуруп, бир аз эс алыңызчы. Ачууңузду келтирбей. Сиз, Керимович, болгон ишти ирээти менен айтып мага түшүндүрө аласызбы?

– Кечээ кечинде Салый апа интернатка келбегенден тарбиячы Жумагул таң аткыча ошол жерде болууга туура келди. Милдетин алгандан кийин ишиңизди так аткарбайсызбы десем, мында жетелеп келип олтурат. Башка адам табылбай кала тургансып…

– Табылса ошону дайындап алгыла! Жанагы тентек балдардын арасында канча күн чыдаарын көрөм. Мен мендигимен жүргөм. Койчу эми, окуу жылы аяктаганча иштейин деп. Болду, жетет, бошоткула!

– Эмесе кеп мындай, эже. Иштен бошотуу маселесин көрө жатаарбыз. Бирок сиздики туура эмес. Интернатта жашаган балдарды түнкүсүн кароосуз калтырууга болбойт. Аны жакшы билесиз. Ал эми тиричилик, жамандык-жакшылык жөнүндө болсо, биз да адамбыз да, бир ооз айтсаңыз бир айласын табат элек го. Экинчи зарыл жумушуңуз чыгып калса интернат башчысына же мага билдирип коюп жүрүңүз. Сиз бошсуз. Кете берсеңиз болот. Экинчи мындай болбосун. Ал эми Керимович, сиз менен сүйлөшө турган бир аз иш бар.

Салый апанын ачуусун директордун токтоолугу жеңди. «Ка-ап, келбей эле койбой, балээ басканда…» Ал ыңгайсыздана эшикти жаап, өзүнө күнөө жүктөй үйүнө бара жатты.

* * *

Чоң үйдүн жанындагы сөңгөгү кулач жеткис кара жыгачтын жалбырагы чатырын көчөдөн көрүнтпөй чүмкөп жаап, эртели-кеч жорткон сылык желге дир-дир алакан чабат, төгүлө тийген күн нуруна магдырай бирде көк жашыл, кээде күмүш сымал жалт-жалт кулпунуп, көлөкөлөгөн куштардын мекенине айланат. Каникул күндөрү неберелери, жээндери келип Салый апанын үйү базар.

Жай күнү узун. Салый апага сааттын кереги жок. Ал таң менен тең ойгонуп, балдар кызуу уйкуда жатканда көк чайнек менен алек. Кастарлап, жалгыз өзүнө дасторкон жайып, чекесинен тер акканча камкаймак кошулган чай ичмейинче ыраазы болбойт. Анан божурап-жожурап бата тилейт да, жалгыз уюн айдап бадага кошот.

Салый апа уй күтпөй деле койсо болмок. Ал жөнүндө тун уулу экөөнүн ортосунда да анча-мынча таарыныч да болгон. Анын оюнча, Салый апа малы жок эле үйдү бекитип коюп шаарга барса… Жанагы бириникине бири чакырмайынча башбакпаган асман мелжиген үйдө жашаса...

Бирок азыркы жаштар кайдан билсин. Үйдөн мал чыгып турган ырыскы. «Үрүп чыгаар ити жок, айдап чыгаар малы жок» – деп илгеркилер эмне үчүн айткан. Капырай, уй да болсо кирип-чыгып турганы жакшы. Анын сүтү, төлү эмне. Же чөп жулуп берип жатпаса. Эртең менен бадага кошуп жиберсе барат экен, келет экен. Ботом, баякыныкы деген сөз деле жакшы эмеспи, – деп ал болбой койгон.

Эртең менен мал айдап, айыл аралап амандык сурашуу, кечинде уй тоскону барып эл ичинде болгон жаңылыктарды угуу – тынчы жок Салый апа үчүн эмне экенин уулу түшүнөбү?!.

* * *

Жашыл кымкап жамынган бөксө адырмак тоолорду аралай бирде өр тарта, бирде төмөндөп кеткен жол алыстан макмал бетинде калган шапалактын изине окшош. Кызыл-тазыл жоолук салынып, созолоно үн чыгарып ырдап бара жаткан кыз-келиндерди ташыган машиналарды өзөн бойлой жорткон сылык жел кош тарабын коштоп, адам жүзүнаймалайт.

Убай-чубай артына буруксутуп боз чаң калтыра бара жаткан машинадагылардын бет алган тарабы Көкүл-Саз. Чөбү бышып жетилгенде үзөңгүгө оролгон бул жер саздуу. Машина, трактор тыгылып жүрө албайт. Ошондуктан бул мезгилде колхоздо кары-жаш дебей жапатырмак келишип, чөбүн чаап жыйнап кетишет. Жыл сайын ушундай.

Учуктай булуту жок асман көпкөк болуп, күн нуру мемиреп жагымдуу эле. Жаштардын шаңк-шуңк үндөрү, обологон обондору теребелди ого бетер шаңга бөлөп, кооздук боёгун коюулантат. Саамай сылаган жел Салый апанын көңүлүнүн түпкүрүнөн эбакы эски ырын эске салат. Уу-дуудa башкаларга угулбаганы менен ичинен кыңылдап ырдап барат.

Машиналар мерчемдүү жерине келип токтошту. Селкинин шаңк күлкүсү, бозойдун сырдуу сөзү, теңтуштун куйкум тамашасы, карынын сабырдуу нуска кеби – айры тырмооктордун, тиги дөшүдө чаңк-чаңк чыңалып жаткан чалгылардын добушуна жуурулушуп төп.

– Алтын жеңем, аттап босогону үйдөн чыксам сыркоолоп калам дечү элең, ден соолугуң жакшыбы? – Арык чырай шыңга жигит кара тору толук келиндин колун кармап тамаша узатат.

Эркектер каркырадай каз-катар тизилип чалгы менен чөп чаап жүрүшөт, чалгы бир калыпта шарт-шарт шилтенип, айдарым желге үлпүлдөп мелт-калт толкуган чөбү эңшерилип заматта сол-сол боо таштап барат. Аялзаттары мына ушул сол-сол чабылган чөптөрдү чөмөлөөнүн аракетинде.

Салый апа өзүнө курбалдаш эки-үч аял менен бир солду тестелеп бара жатат. Көптөн бери кара жумуш жасабагандыктанбы бат эле билеги ооруйт, айрысына илген чөбү улам кемип барат. «Жаның менен кара жерге кир. Жанды ардактаган сайын абалы ушул экен го?! Болбосо мындай жумушту буюм ордуна көрчү белем». Ал ого бетер албууттана арданат да, чекесинен терин сүртө айрысын чөпкө ныгыра матырат.

– Ой, болгула, күн ысып кетмек болду! – Салый апа катарлаш иштеген келиндердин да жанын койбой сүрөйт. «Ай ушу кемпирдики өттү,

карыганда орден ала тургансып» деген күңк-мыңк сөздөрдү укса да укмаксан. Түш маалы болуп, бардыгы эс алууга олтурушту. Салый апа чөмөлөнүн үстүндө, чөптүн жытын искеп жатты. Көкүрөк толтура дем алып, көөдөндөгү кусалыктын дартына эм тапкандай көшүлүп көз кыры тээ алыста.

Ырас, ал кезде курсак тойбой, кийим жыртык болчу. Бирок өмүр дайыма бир нугунда өтөт деп, карылык эч качан эске келбеген бейкапар жаштыгы ушул жерде калбадыбы? Береги ак кырчоодой ийри-буйру болуп жаткан арыкка суу келип, ушул саздын жогор жагына эгин айдашчу. Кызыл ашык тарс кесилип, кыламыктап тоңгон сууну жыңайлак кечип ал сугарган жер ошол эле. «Берекеңден айланайын куттуу жер! – деп койду ичинен. Бир заматта кыйындыктар унутулуп, эсине кыпкызыл болуп куурулган ысык бадырактар түшүп, ууртуна ширелүү даам келип, шилекейин жутту.

Салый апа Ак-Кырчоонун арыгынын жээгинде олтурду. Азыр анда баягыдай суу акпайт. Анын жогору жагында бетон каналы бар, мелт-калт суу толтура. Салый апа шамал үйлөп эрдөөнүнө жеткире топурак топтоп салган теги арыкты жээктей басты. Качандыр бир кезде чүйгөсү тулгадай болгон балбаалаган чийлер көп урунуп сөңгөгү гана калган шыпыргыга окшоп дүмүрлөрү молоюп жылаңач.

Карегине эзелки агып кеткен көк кашка суу, анын жээгинде жүз чайып олтурган өзү менен теңтуш курбусу Зуура тартылды. Адырдын аргымак желине аралаш кулагына Зууранын тоо булагындай тунук күлкүсү, мукам обону угулуп жатты…

Ал бул күнү күнгө тотуккан жүзү албырып, кубанычтуу кайтты.

* * *

Жер бетинен кар кетип, мемиреген күн нуру магдыратып бой талыкшытып, балчык тоборсуп, теребел көк жыттанып, кой көк тиштеп, алчанын сабактары ак көбүктөнүп, гүлгө оронуп турган жаз эле. Бул мезгилде айылдыктардын түйшүгү өзгөчө арбын. Таң аткандан кеч күүгүмгө чейин короолорунун ичин тазалап, бирдеме тигип, бирдеме эгип жандары тынбайт. Короодогу оокатын иретке келтирүү менен алек болгон Салый апа азыр интернатка барганда балдардан мурун өзү кулайт. Көп жылдардан бери окуучулар ага үйүр болуп калгандыктанбы улуулар кичүүлөрүнө баш-көз болуп, ээнбаштыкка жол беришпейт, ыйбаа кылышат.

Жаз таңы эрте. Салый апа бүгүн таң заардан туруп, жерди күрөк менен сайып бошотту да, кынаптап тегиздеп, анан электен өткөрчүдөй топурагын майдалап кирди. Көгөрүп сабак салып өнүп кеткен пияздарды эски каптан бирден алып, ирети менен катар-катар кылып тигип кирди.

– Жакшысыздарбы?

Иш ортосунда ой учугу жана калган Салый апа селт эте башын көтөрүп мандайында турган Күлүйпаны көрдү. Бир көчөдө жашашат.

– Ии, кел! Бир аз пияз калган экен ыргытып жибергенден көрөк деп, тигип койдум. Азыр бүтөм. Чай ичели.

Салый апа кенжеси аскерге кеткенден бери жалгыздыктан аябай коркот. Киши жок болсо үйгө тура албай коңултактайт.Эртели-кечте кимдир бирөө үйгө кирип калса бererге тамагын таппай, акидей асылып жатып, чайга калтырат. Анын бул сырын билген абысын-ажындары Салый апанын чайы кайнаган кезде дайын.

– Жок, ыракмат, чайга күтө албайм. Апа, менин келгеним, – келин бир аз кысталгандай – аялдардын жаңы көйнөгү жүргөн болсо…

– Куда келдиби?

– Жо-ок. Тиги төмөнкү айылдагы таэжебиз каза болуптур. Ошого…

– Кайсы таэжең?

– Зуурачы. Жанагынын энесинин сиңдиси.

Күлүйпа күйөөсүнүн аты кайнагасынын атына уйкаш болгондуктан, аны «жанагы» деп чакырчу.– Мурда күнү кайтыш болгон экен же эрте айттырышпайт. Бүгүн коюлат деп түндө киши келиптир.

– Ыя?!

Салый апанын кулагы дүңгүрөп, мээсине балка менен чапкандай башы айланып, бир кан тамырын жулуп алгандай эңгирей түштү. Күлүйпа дагы бирдемелерди сүйлөп жатты, бирок ал тигинин кулагына жеткен жок.

– Качан жөнөгөнү жатасыңар? – адеп оозуна келген сөз ушу болду.

– Азыр, «жанагы» колхоздон машина сураптыр, ошого кетти эле, келип калчу убагы болду. Барып, топурак салып келебиз деп айылдын аксакалдары да көчөдө турат.

Салый апа сөз аягына жете укпады. Аттап-буттап топурак болгон колун чала-була сууга чайкай, үйгө бет алды.

* * *

Айыл ортосунда бутактары жаңыдан күчүктөнүп, балбаалаган бийик талдарга оронгон чакан үйдөн окчун жерге машина токтоду. Дарбаза кеңири ачылып опур-топур кишилер, короонун ортосунда тигилген боз үй. Машинадагылар жерге түшүшүп, этек-жеңин кагып силккен болушуп, анан чогуу ошол тарапка бет алышты.

Адегенде эркектер жоктоп өкүргөн үн чыгарышты. Дарбазага жакындаганда уу-дууга аялдар кошулду.

Боз үйдүн капталында тестиер эки-үч бала жана тумагын көзүнө баса кийген узун пальточон бир адам өкүрүп жатты. Каңылжаары ачышып,

каңырыгы түтөп, эстеп келе жаткан эки ооз кошогунун баш аягын таппай көзүнүн жашы он талаа болгон Салый апа тигинин Зууранын уулу экенин жазбай тааныды.

Аялдар боз үйдүн ичине өтүштү. Жаратканга миң наалат айтып, адамдын сай-сөөгүн сыздаткан үн бул Зууранын кызыныкы. Эркектер бир аз жоктошкондон кийин бири-бирине сабыр айтышып, өкүрүк үнү басаңдаган сайын Салый апанын өпкөсү улам казандай болуп, эки ийининен солкулдайт. Салый апа өз кошогун айтып жатты. Сөз аягы окшошпосо да сөөк тосулган чыгданга такай олтуруп курбусу Зуура менен түбөлүккө кош айтышып, басмырт мукам үнү менен экөөнүн өткөн өмүрүн айтып жатты. Ал сүйүүгө жаралган Зууранын сулуулугун айтты. Анын жүрөк ачкычын азамат жигит Абдыгул тапкандыгын айтты. Алардын бактылуу турмушка жеткендигин айтты. Азамат эрдин казатка кеткендигин айтты.

Эл башына мүшкүл иш түшкөндө түрүнүп суу кечкен, керилип кетмен чапкан Зуура менен Салый апанын өмүрүнүн далай күндөрү өтмө катар оролошуп жанаша өткөн. «Дагы эмне шумдук кабар келээр экен» – деп тунжурап анданы өчкөн кемпир-кесектин, келиндердин көңүлүн Зуура шатыра-шатман шайыр мүнөзү менен көтөрүүчү. Ыргалган эгинге орок салганда өзүнө тийиштүү жерлерди эңшерилтип бүтүрүп жиберип, башкаларга жардам берип, иштин да, жаштын да көркү болуучу. Салый апанын кошогунда мына ушулар жөнүндө тегиз айтылды.

Зуура Абдыгулду өмүрүнүн акыркы күнүнө чейин күттү. Курбу келиндеринин көпчүлүгү кара кагаз алып, бет тытып, кара кийип олтурганда демейдеги өкүм мүнөзү качып, көңүл жубатып сөз айтуудан алыстап, өзүн ошолордун алдында кандайдыр күнөөлүүдөй сезүүчү.

Абдыгулдан үч жылдан бери кат-кабар албаса да, бактысы колдо тургансып, ушул аалам башында турган алаамат бүтсө эле баягысындай жадырап-жайнап кирип келүүчүдөй, согуш бүткөнчө телегейи тегиз жүрдү. Абдыгул аскерге жөнөөрдө уулу Алымбек бир жарым жашта, кызы курсакта калган. Согуш бүтүп, эл-жерге тынчтык келди. Бирок ошол бойдон Абдыгулдан дарек билинген жок, кайрылып босогосун аттабады.

Зуура өмүрүнүн акыркы жылдарын азап менен өткөрдү. Кеселге кесел уланып, уул-келининин ыркы келишпей, ажырашып кетиши ого бетер анын шайын оодарып салды.

Салый апа мына ушулар жөнүндө кошуп ыйлады.

Күн түштөн ооду. Кабар айттырган кишилер толук келип бүткөн көрүнөт, ызы-чуу өкүрүк, кошок басылып, сөөк чыгарууга кам көрүү башталды. Мындай жерде адамдын өткөн өмүрү кайра баштан бирден саналып айтылат. Айрыкча, аялзаттары эбиреп-жебиреп, маркумдун ата-жотосуна, төркүн-төсүнө чейин чечмелеп билмейинче, жашоо турмушун айтмайынча алымсынбайт.

– Бечаранын көзү барында тирикарактуу кийим-кечеси деле болгон эмес го. Баары эле жаңы экен – деди нооча кемпир боз үйдүн ичинде керегеге илинген көйнөктөрдү карап.

– Анан кантсин байкуш! Уулу жанагинтип олтурса, ишинин да орду жок дейт го?! – Жанындагы тепкедей кемпир тигиге жантая шыпшынды. Бул сөз Салый апанын жүрөгүнө канжар менен сайгандай ачуу тийди. Бирдеме айтайын деп оозун эптеп, анан өңү кубарып аптыгып туруп калды.

– Сөөктүн жайы алигиче дайын эмес дейт го? – бул кабар отургандардын арасына кургак камышка койгон өрттөй тарады.

– Көр казгандарга деп кечөөтөн бери тынбай эле арак ташышса, анан кантип даяр болсун! – алиги тепкедей кемпир ээрдин шалп эттирди. Салый апа ордунан ыргып туруп эшикке бет алды.

– Алымбек кайда жүрөт?

– Тиги үйдө. Үтүр акем менен акылдашып отурат ко? – жаш келин короонун бурчундагы токол тамды көрсөттү.

– Акылдашкан кишиси адал эмгектен качып, өмүр бою калп айтып, алып-сатарлык менен жан багып келаткан Үтүр болсо, жеткен экенбиз да!

Шарт ачылган эшиктин босогосунда турган Салый апаны көргөн Алымбек:

– Келиңиз, аяш апа! – деп шаша-буша ордунан козголду.

– Аа, Салыйсыңбы? Кел! – Үтүр үнүн жасап салабаттуу сүйлөдү.– Сен деле бөлөк-бөтөн киши эмессиң! Абдыгул, Зуура менен чогуу жүрүп, чогуу өсүп дегендей, көзүн көрүп калдың. Мен Алымбекке Зуураны Абдыгул өлгөндөй кылып коёлу деп жатам. Жогорку айылдын, төмөнкү айылдын аксакалдарына мүчө бербесек болбойт. Анан табак сайын эки бөтөлкөдөн арак алдыр. Азыркынын шарты ушундай болуп калбадыбы!? Антпесек…

– Тирүүсүндө жыргатпаган, эми кадырлайын деп жаткан турбайсыңбы?... Салый апанын мууну калчылдап, сабыры качты. – Баланын баары сендей болсо… Уялсаң боло… Же сенин атаң арактан өлдү беле? Каргыш алган арак эмес эле жоо бетинде, эл четинде эле курман болгон! Энеңдин арбагы эмне дейт. Ошол байкуш ушул сен деп жүрүп бүт күлгүндөй өмүрүнөн айрылганын билесиңби?

Сырттан дагы эки-үч адам кирди.

– Алымбек го бала, мындай жаманчылык башынан өтө элек. А силерге эмне болду. Зарлык, Касым! Силерди деле өз баласынан артык көрбөй, талаадан таап келген бир ууч данды ботко кылып чогуу берчү эле го. Көрү казылбай, казаны асылбай калгандай бул байкуш эч кимге деле жамандык кылган жок эле го? – Салый апа арттан киргендерди арылдап беттен ала айкыра сүйлөдү да, эчкирип-эчкирип жиберди.

* * *

…Бул жолу Зуура Салый апа үчүн экинчи жолу өлдү. Ушул күнү ал үйүнө кеч кайтты. Эртеден бери күйүп-бышып туталанып жүргөндүктөнбү башы чыдатпай ооруп, эки чыны карандай чай ичти да, ошол бойдон чечинбестен төшөккө кулады.

* * *

Салый апа менен интернат башчысы кайрадан директордун алдында олтурушту.

– Ну, что ж! – деди директор чалкалай. – Каалабаса кандай кылабыз? Зордомок белек. Арызыңызды жазып келиңиз. Эртең райОНОго барам. Такташып, акчаңызды кошо ала келем.

…Эки-үч күн эмне кылаарын билбей, алапайын таппай жүрдү. «Ачууңуз тарагандыр, тараса ишиңизге киришиңиз!» – деп киши жиберип, чакыртабы деп, канткен менен ою мектеп тарапта, эч ким көрүнбөйт. Дарбазадан чыгып эки жакты караган болуп, кабар иликтейт. Салый апа ошол ачуусу менен эски үйүнүн ичи-тышын мизилдете актап да жиберди. «Байкуш абышкам өз колу менен салды эле» – деп терезе, каалгаларын да бүт сырдап салды. Мектеп тараптан эч кабар болгон жок. Жаңы үйдүн жаңыланып акталышы, көчөнүн ажарын ача түштү.

Бир жумадан кийин Салый апа жумушунан чын эле биротоло түңүлдү. Чебелектеп чый-пыйы чыкты. Абысындарына  уулум түшүмө кирди, неберелерим сагынган окшойт деген шылтоо менен шаарга жөнөп кетти.

* * *

Чар эткен коңгуроодон улам, квартиранын эшигин ачууга бейкапар ойноп олтурган секелек эки кыз биринен бири озуна удаа жөнөштү.

– Чоң энем келди! Чоң энем келди! – деп жарыя салышты алар ичкериге баш баккан атасына сүйүнчүлөй.

Төрдө олтурган Салый апа менен уулу сыпайы учурашып, жай сурашты. Жакшылык айылдагы тууган-туушкандарынын, теңтуш-жоролорунун ахыбалын бир ооздон сурап өттү.

– Айылда дагы кандай жанылыктар бар?

– Эч деле жаңылык жок. Бардыгы баягы өзүң көргөндөй.

– Апамды кызматынан түшүрүп коюшуптур! – деди ашканадан чыга келген келини сөз аягына жеткирбей.

– Эмне кызматтан? – деди уулу кеп учугун түшүнбөй.

– Интернаттан! – келини борс-борс күлдү.

– Кайсы интернаттан? Эмне үчүн?

– Ботом жанагы жаңы директор. Жакшы жигит экен деп жүрсө…Өгүнү баягы Зуура каза болуп, ошого барып ишке жетишпей калбадымбы. Ачуум менен бошот десем: «Арызыңызды жаз» – дейт. Жазып бердим.

Арызданам деп келген уулунун мыйыгынан жылмайып, келининин каткырып турганын көрүп Салый апанын супсуну сууй түштү.

– Бошоном деп жатсаңыз бошоткон да. Койчу апа, ошол жумушту, Жолдош аскерден келгенче чогуу эле мында туралычы. Биздин эмнебиз жетпей жатты эле.

– Малчы! – Салый апанын айласы кетип калды.

– Эртең айыл тарапка командировкага барам. Жалгыз уйдун айласы табылаар. Үйдү болсо бекитип койсо турат. Азыр ууру жок го.

– Тамагың даяр болсо алып кел – деп келинчегине карады.

Эне-баланын сөзү ушуну менен бүттү.

Салый апа бул кечте неберелеринин чулдураган таттуу сөзүн угуп, сагынычы жазылып, түн жарымында уктады.

Ал түшүндө Ак-Кырчоонун көк кашка суусун, учу-кыйырына көз жетпей сеңселип жаткан буудайды аралай баскан күйөөсү экөөнү көрдү.

*Проза*




## Абдыкерим МУРАТОВ


*1956-жылы Ош облусунун Ноокат районунда туулган.*

*1976-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетин бүтүргөн. Мектептерде мугалим, жогорку окуу жайларында окутуучу, илим-изилдөө институтунда илимий кызматкер, газета-журнал редакцияларында кабарчы, баш редактордун орун басары, баш редактор болуп иштеген.*

*Прозада «Ак чыйыр», «Рахманкул хан», «Бири кем дүйнө», «Ордолуу жыландар», «Акыркы адам жапайынын арзуусу» деген китептери чыккан. Педагогика илимдеринин доктору.*

*Автордун бул романы «Арча – 2011» сыйлыгына татыган.*

# СУНУЛГАН БАШ... СУУРУЛГАН КЫЛЫЧ...

**(Тарыхый роман)**

**(Уландысы, башы журналдын №2 санында)**

## Өнөр үйрөнбөсөк болбойт

1918-жылдын жайы ысык болду. Чызыраган аптапта Мадаминбек тандалма жигиттери менен тоолор тарапка салкындаганы баратып Гарбува деген кыштакка келгенде тык токтоду. Дайыма бул кыштактан өткөндө кыя өтө алчу эмес. Буерде бир карында жаткан уялашы бар. Эжеси жетине албай сүйүнүп, жездеси да дыйкан адам, каяктандыр бир козу таап келди. Куш уйку салып жигиттер бир аз сеп алгыча эжеси экөө аны-муну сүйлөшүп алды, өзгөчө улуу эженини жан күйүп атканы, өзүң сыңары эле эл ичинен чыккан жигиттердин сенден бийлик талашып атканы, сени жок кылабыз деп кызылдар менен тил табышып атат дегени ойго салды. Өзгөчө Маргаланда калган келини Саадатка убайым жегини, мында алып келип кой деп кайра-кайра суранганы Мадаминбектин ансыз да санга бөлүп аткан санаасын дагы көбөйттү.

Эт бышып, колго суу куюларда кумган көтөрүп бир алп жигит кирди. Отургандар баары эле аны карап калыптыр.

– Бул биздин айылдын мурабы, аты Шер, өзү да шер,– деди жездеси жигитти Мадаминбекке көрсөтүп.

– Кол күрөштүрөлүбү?– деп калды жаны тынбаган Кылычбек.

– Коюң аа, мыйман?– Шер уялып кетти.

Ага болбой эле колун жуубай Кылычбек туруп алды.

– Күрөштүр!– деп койду Мамаминбек да.

Анан ал чылапчынын коюп эле сол колундагы кумганын таштабай Кылычбекке оң колун сунду.

– Бу биздин мурап эч кимге суу бербейт. Өткөндө өйдөкү айылдын он бир баласын алышка басып суу алып келген деп койду жезде өз баатырын күрөшкө салып атканга корстон боло.

Шер менен Кылычбектин кол күрөшү көпкө созулган жок. Кылычбек жабышып, биригип калган, кыпкызыл болгон алаканын ушалап жатып:

– Өлө күчтүү экен,– деп койду.

– Канча жигитиң бар?– Сулайман токтоо суроо узатты. Бул суроого баары таң кала карашты. «Мында кайдагы жигит» дегендей турган.

– Беш жүздөй!– дегенде отургандар оозунда чайнап аткан эттерин жута албай какап калды.

– Эмне иш менен шугурланасыңар?

– Эл кайтарабыз!

– Кимден?

– Кимден болсо да.

– Кайда машыгасыңар?

– Ушул жерде. Эски көрүстөндүн жанында.

– Анан чыкканда ошерди көрсөк болобу?

– Болбой анан.– Шер менен Сулаймандын кеби ушуну менен үзүлдү. Тамак желип бүткөндөн кийин баары Шер айткан жерге барды. Бул жерде качанкы бир чеп бар экен. Урап калыптыр. Төрт күлү турат. Төрт бурчунда төрт мунарасы бардай билинет. Анан ураган коргон. Коргонго миңдей адам беймарал баткыдай.

– Бек, ушул жерди аскерлер машыга турган полигон кылсак кандай болот?– Сулайман жай сүйлөп Мадаминбекке карады.

Мадамин ары-бери жакты тиктеп, алыс-алыс тоо тарапка, анан пас тарапка бир карап:

– Өзүңүз билиңиз, жайлуу жер болсо, мен жок демек белем,– деп койду.

Мадаминбектин Сулайманга минтип ишенишинин да жөнү бар. Сулайман Күчүков Орусиянын императордук армиясында кызмат кылган, алардын аскерлеринин командири болгон, падыша аскерлерин баштап далай кыргын-сүргүн согуштарды башынан өткөргөн. Мунусу үчүн Улуу урматтуу Ак паашанын өз колунан көкүрөгүнө орден-медалдарын тагын-

ган, аскердин полковник чинин да алган. Өзү болсо тоолуктардан болгон үчүн тоо сырын да, бул жактагылардын үрп-адатын, салт-саанасын да жакшы билет. Жунус уулу Сулайман 1880-жылы Алай-Гүлчө болуштугунда туулган. Айтуудан атасы менен Ташкенге мал айдашып келип, базарда адашып калат. Анан бир башкорт бай багып алат да, баланы жакшы көрүп окутуп-чокутуп, Орунбоорго Неплюев кадеттер корпусуна жиберет. Поручик наамын алып, 1-дүйнөлүк урушта орус армиясынын штаб-капитаны кызматын аткарган жана согуштан жараланып келген.

– Андай болсо мен ушул жерде калайын, кимдин, кайсыл жердин жигиттерине аскер өнөрүн үйрөтүү керек болсо, бул жакка жиберишсин. Анан кандай жаңы курал колубузга тийген болсо, биринчи биз көрөлү,– Сулайман Күчүковдун бул ынтымасы Мадаминбекке да макул келди.

– Буердеги Шермухаммеддин жигиттери силерди кайтарсын, кандай дейсиз, Шер мырза?– деп Мадаминбек айылдык мурабга карады эле ал макул болгондой баш ийкеди.

Ошол күнү кечинде Мадаминбек бир топ жигиттери жана Сулайман Күчүков менен өз армиясынын курамын түзүп чыкты. Аскерлердин эң башында Амир ал-муслими турат, ал ислам аскерлеринин саясый, диний, согуштук жактан өкмөт башчысы болот, ал генштабга да башчылык кылат, бул кызмат орундагы адам дини жагынан да баарынан өйдө туруп, жума жана айт намаздарда имамдыкка өтөт. Андан кийинкилер жер-жерлердеги аскер башылар, же элде айтылып калгандай, корбашылар, булар орус аскериндеги генералдар даражасындагы жетекчилер, Амир ал-муслимге гана баш иет жана көп иштерди, анын ичинде кызыл аскерлерге чабуулдарды уюштурууну жүргүзүшөт жана жигиттердин арасынан кызмат даражаларын тандап берет. Андан кийинкилер паңсаттар, алар полковник даражасындагылар. Аскер жигиттеринин санына жараша жана аймагына карап булардын лашкербашы, токсобо, топчубашы, миңбашы дегендери да болот. Мурда салттуу түрдө кандай айтылып келсе ошол бойдон айта берүүгө мүмкүндүк берилди. Паңсаттар ичинде жүзбашы, амин, кароолбеги деген вазийпалар да киргизилген. Ар бир элде жана кызылдар ичинде айтылып кеткен, өздөрү да ошого үйрөнүп калган корбашы деген чиндеги адамдардын динден жана согуш илиминен, орус тилинен сабаты болсун дешти. Ошол эле кезде алардын ар биринин өзүнүн желегин, туусун, мөөрүн жасоо керектиги айтылды.

Эртеси таң эртең Мадаминбек Сулайман Күчүковго кошуп усталардан жана тапанча, замбирек, пулемет атуудан тартып, ат минүүгө чейин үйрөтүүчүлөрдөн таап аларга дубасын берип, Кайкаустун насаатын дагы бир жолу эскертип, анан жөнөп кетти. «Оо, уулум, айкаш жүрүп жатканда шашпай козголуп, өлүмсүктөнбө, жоо сени талкалап, жеңишин тойлогонго жеткирбей аны таш-талкан кылып, жеңишиңди салтанат-таганга үлгүрүшүң ылаазым, – делген эле ал китепте. – Уруштун орто-

сунда энөөлүк кылбай, кайра жаныңдын барынча салгылаш. Дегеним, маңдайына өлүм келгенин туйган адам үйүндө бейкапар уктай албайт... Согушта бир кадам алга жыла алсаң, кайра эч качан артка чегинбе. Эгер душман курчап алса, урушту токтотпо, бул кезде дале жоо менен чабышып жатып, утуп кетүүгө болот. Жоо сенин майдан талаасындагы эрдиктериңди көрсө, сенден опкоолжуп коркуп калат. Уруш талаасында эч качан коркуп жатканыңды шек алдырба, согуша бер, согушта жалтанбасаң акыры колуңдагы кыска канжар узун кылычка айланат... Амилекин, бейчаки кан төкпө жана мусулмандардын канына забын болбо. Селсаяктарды, уруу-кескилерди, шарият уруксат бергендерди аяба, ал эми айыпсыздардын төгүлгөн каны үчүн оо дүйнө-бу дүйнө жоопкерсиң. Тарки дүйнөдө кыямат күнү ал айыбың үчүн тозок отуна күйөсүң, бу дүйнөдө атың жаманатты болуп, абийириң кетет. Экинчи жагы, кичүүлөр сенин алдыңда өздөрүн коркуу менен алып жүрөт жана малайларың сенден үмүт үзөт. Анан дагы үчүнчү жагы адамдар сенден алысташат, жек көрүү сезими менен карайт жана бейчеки төгүлгөн кан үчүн тиги дүйнөнүн каргышы урат».

Бул сөздү баары кунт коюп угуп турду. Анан Сулайман Күчүковдун кең далысын таптап:

– Жок дегенде ар эки айда миңден кишини согушка үйрөтүп туруңуз, Алла Таала сизге жар болуп, Азирети Мухаммед пайгамбарыбыз колдосун!– деди кетип жатып.

Мадаминбектин кылчайбай кетип жатканын карап эжесинин жигари эзилип, көзүнөн мончок жашы тамып атты...

* * *

Ушу тапта Түркстан маселеси көптүн башын катыра берди. Букар жана Хива хандыгын кошпогондо 5 миллион 250 миңдей калк жашаган. Алардын 41,1%ы өзбектер, 19,3%ы казактар, 10,8и кыргыздар, 7,7си тажиктер, 4,7си түркмөндөр, 1,4%ы кара калпактар болуп, европалыктар 7%дын тегерегин түзгөн. Ошол калк курамынан 5-Бүткүл Түркстан Советтер съездинде Түркстан Автоном Республикасын түзүү тууралуу добуш бергенде 263 мандат эсептелген, башкача айтканда, 90%дан көп калкы бар жергиликтүү эл 50дөй гана добушка ээ болуп, 7%дай калктан шайланган европалыктар 220дай киши болгон.

1918-жылы июнда Түркстан большевиктер уюмунун 1-съезди өтүп, анын Борбордук Комитетинин төрагасы И.О.Тоболин болгон. БКнын жети мүчөсүнүн бирөө гана жергиликтүүлөрдөн эле.

Мына ушуга окшогон түркстандыктарды теңсинбей кароо элеттегилердин баарына жетип атты.

## Орловго кол салуу

1918-жылдын күзү. Анжияндан ары Кокон-Кыштак өтүп Базар-Коргонго, андан Арсланбап тарапка кызылдардын бир отряды барат деген кабарды Мадаминбектин жигиттерине жеткирди.

– «Узун кулактын» сөзүн тактап билдиңерби?– деп сурады Кылычбектен Мадаминбек.

– Сурадык.

– Баары канча экен?

– 170 аскер. Баары аттуу.

– Куралдарычы?

– Эки замбирек, эки пулемет жана ар биринде бирден винтовка.

– Командири ким деген экен.

– Орлов.

– А бизчесинен Бүркүтов турбайбы? – Мадамин блокнотун ачып ал киши тууралуу өзүндө болгон маалыматты окуп, кебин андан ары улантты. – Александр Невский орденинин кавалери, орус-жапан жана орус-герман урушунун катышуучусу. Майор. Анжиян аскер гарнизонунун эң ишенимдүү офицерлеринен... Мм...да... Кеттик анда!

Алар Кокон-Кыштакка жетпей, Анжияндан чыга бергендеги адырларга жети пулеметун жайгаштырды, алар качып келаткандарды атмак жана булар кызылдар өтүп кеткенче пахтанын гозо паясын оруп аткандардын арасында ак жегде, ак ыштан кийип жүрмөк. А негизги отряддын бир бөлүгү өтө берчү кырды да белгилешти. Алар өтөр менен жүздөй атчан артынан кууп кетмек да, калган жүздөйү артта келаткандарды аткылап кирмек, кача бергенде жанагы буктурмада турган пулеметчулар терип салмак.

Ошол күнү Орлов оо дүйнө кетип, эки замбирек, эки пулемет, жүз жетимиш винтовка олжо болду.

# Төртүнчү бөлүм: Бөлүнгөндү бөрү жейт

## Айрылыш жол, эски көпүрө

Үч-Коргондогу Исфайрам суусуна салынган эски көпүрөдө үч адам турду. Алар айдын жарыгында көпкө үнсүз-сөзсүз бири-бири менен тиктешип атты. Бактан баюулунун чарчаңкы кыйкырыгы угулат, анан дарыянын тыным билбеген шоокуму, дүйнөгө тегиз нурун чачкан ай, алыстагы ак тоолор...

Башка эч нерсе жоктой жымжырт.

Бул табияттын мемиреген жымжырттыгында тургандар Акчолпон жана анын эки уулу. Атасынын кыркылыгын өткөрүп, ар кимиси өз-өз жолуна түшүү үчүн келди. Ушунча келди да, үчөө тең артка – үйлөрүнө кайтууну ойлошту, баягы бактылуу күндөрдү бирге кечирүүнү каалашты...

Оо анда дал ушул көпүрөдөн эки эгиз кол кармашып, шар аккан дарыяга секирип түшүшчү, анан аларды тоо суусунун албуут агымы агызып жөнөчү. Бир жолу экөөнүн ушул кылыгын көрүп апасынын жүрөгү түшкөн. Атасы болсо:

– Тим кой, балдар чыйрак өссүн, муздак сууга көнүксүн,– деп койгон.

Дарыя менен балдар көпкө агып барат, анан айылдан өтүп жайылып агат, ошол жерден экөө кошоктошуп, бири-бирин жетелешип чыгат. Анан экөөнүн суу болгону, титиреген, бири-бирин кучактап, бири-биринин ысыгын алып тургандары...

...Эми андагы балалык да ушундай тайманбас, күчтүү, шамдагай болууга үйрөткөн атасы да жок. Атасынын өлүмү катуу тийди. Үчөө тең үнсүз-сөзсүз отурушат да, үчөө үч жакка тарап кетет. Муну адат кылып алды.

Бул жолу болсо алар баягы көпүрөсүнө бири-бири менен көпкө чейин ажырашканы келди...

Андай кылышпаса болбой калды...

«Атамды жанагы сары оруспу, татарбы, же башкасыбы, Апсатардын тегирменин тартып бергендер эле өлтүрдү, атайын күндүз тегирменди алып беримиш болуп түнү жайлап салды. Ошолордон өч алышым керек. Паска барсам, аларды табамын» – деп ойлонду Момун.

«Атамды тегирменин тарттырып ийген Апсатар балдары менен өлтүрүп салды. Ал тууралуу ошондон бери жок, тоо аралап жигит курап кетти деген каңшаар бар. Эгер атамды өлтүрбөсө, айылда жүрөт эле го, алдыбызга келет эле го. Жаңы өкмөттүн аскерлерине кошулуп, алардан өчүмдү аламын» – деп ойлоду Эмин.

«Ай ушул чүрпөлөрүм, бир балакетти баштабагыдай эле. Кек жаман, кек куубагыла десемби, же акылдуу балдар айттырбай эле билишеби. Же Дыйканбегимдин өчүн алып өлтүргөндөрдү тапканы эле туурабы» – деп акыл чаргытты ак жоолукчан Акчолпон айым.

Супа саадак таң агарып келди. Бир кезде да таңдар ушинтип атчу. Анда Дыйканбек бар. Төртөө ушунда келчү. Солкулдак көпүрөнүн ортосуна келген ойноок балдар энесин кучактап, аны алдагандай «биз тез эле келебиз» деп атасын ээрчип паска кетишчү. Же балдардын бири кетип, бири калса, эгиздер бири менен бири төш тирешип кучакташып коштошчу, анан бири келгенче экинчиси куса болуп, үйгө батпай, айылга батпай, ушул көпүрөгө кайра-кайра келе берчү. Экөө кошулганда дүйнө түгөл, бул үйлөнүн телегейи тегиз эле.

Азыр да эне балдарынын төш тирешип кучакташып, кайырлашканын, анан өзүнүн чекесин сылап, колдорун жыттап коштошуусун каалады.

Бирок андай болбоду. Кайдыгер гана баш ийкешкендей белги беришти.

Үчөө үч жакка кетти: апасы артка, күн жүрүшкө, Эмин таңдын алдын тосуп күн чыгышка, Момун дарыянын агымы менен пас тарапка жол алды...

## Момундун жолу, Миң-Дөбө баяны

Момун айылынан чыкканда эле Мадаминди издеп чыкты. Даңазалуу кол башчыны таап, ага атасын кимдер өлтүргөндөрдү айтып берет, аларды көрсөтсө, мына бул киши деп таанып да берет, анан өз колу менен жазалайт.

Баягында тегирменде Мадаминбекке атасы тууралуу айта алган эмес. Бирок ал баарын билет экен. Жөн гана ошол түнү билбеген болуп койду. Эмнеге андай кылды Момун түшүнгөн жок.

Кечки намашам убагында суу боюнда намаз окуй коёюн деп даарат алып жатып, Момун жигиттерге колго түшүп калды. Ал дароо эле Мадаминбек берген кагазды көрсөтө салды. Жигиттер аны бир буйга жерге алып барды. Ал жердегилердин кат тааныганы Момунга ырайым кыла, өткөн-кеткенин сурап отуруп, өздөрүнө кошуп алуу чечимине келди. Момун да каршы болбоду. Акыры бир күн ушулар менен жүрсө Мадаминге жолугарын боолголоду.

Бир айдай Төө-Моюндун чөлүндө катуу даярданышты. Кайсыл бир жактан курал-жарактар келди. Момун аларды колдонгонго машыкты. Күндүз булар кадимки коон-дарбыз, анар, мака эккен дыйкан да, түн кирери менен машыгууну башташат.

Күндөрдүн биринде жигиттерге аксакал бир адамды алып келди. Аны тарыхчы, аалым дешти.

– Жигиттерге Миң-Дөбөнүн кандайча Мархамат болгонун айтып берсеңиз? – деп ылтымас кылды булардын жигит башысы.

Мурда эле масилатташкан иш белем, аксакал тамагын таптап, узун сөздүн учугун улады. – Бул жер атам замандан Миң-Дөбө деп аталган. Ал жерде миң эки жүз адам жашап, алар эки аминдикке, он бир элүү башылыкка бөлүнгөн, өзбек, кыргыз, тажик аралаш жашап, килем, таар, кийиз, жип сыяктуу кол өнөрчүлөрү базар көркүн чыгарып турган, шаарга окшош болгону менен адамдар жака-белдеги талааларга чыгып, дыйканчылык кылган, коон-дарбыз, ашкабак, жүзүм, анжир, сабиз-пияз, пахта эккен. Ушул жерде Мухаммадали деген киши жашаган. Анан атасы Сабыр эшендердин кызматында жүрүп, калыйпалык кызмат алган. Ал киши уулун өзү менен кошо ала жүрүп, Букара, Чоржуо, Самаркан шаарларында алып

жүрүп, ошол жактан карылыкка берип, он сегиз жашында сопучулукка өтүп, кыраатын ачып, көп эл-жер көрүп, акыры жыйырмага толгондо Миң-Дөбөгө кайтып келет. Келет да, ошол кезде кыштагына гана эмес, Араван менен Асакеге аты дайын Султан хан төрөнүн кызматына өтөт. Жыйырма экисинин тамак-ашын тартып, талкан чайып гана суюктук ичип калат, Кулкожо Акматтын, Сулайман Бакырганийдин, Мавляна Жалилиддиндин жолуна түшүп, актыкка ооп, жыйырма тогуз жашында пайгамбарды жана анын төрт халифин көрөт, алар Мадалиге тон жана башына сопуларынын кулах кийгизип кетет. Мүрүттөрүнө муршүт болуу даражасына көтөрүлөт. Отуз жашында Индияга барып, Бомбейден кемеге түшүп Меккеге кетет. Кабатуллада Арафат тоосуна көтөрүлөрдө бир түш көрөт, түшүндө пайгамбар чарыярлары менен келип, алтын чөмүч берип, халиф наамын тартуулайт. Мекке-Techinede ал үч жылдай өмүр кечирет, диний билимин мыктылайт. Кийин жолдо Ыстамбулда болуп, Осмон дөөлөтүнүн султаны менен акылдашкан, анын зыпатын көргөн, Кашкарда зыяратта болуп, Асхабат, Бакы, Одес, Кырым, Өфө, Севестопул, Ташкен, Узун-Ата сыяктуу шаарларды кыдырып келип, кадыр-барк жана турмуштук тажрыйба топтойт. Дервиштик жашоо кечирип, бул дүйнөнүн ырахатын унутуп, ак уруп жүрүп, адамдарга сооп кылуу, адамдарды кордуктан куткаруу анын инсандык вазийпасына айланат.

Анан ал Араван менен Асакенин орто чениндеги Шааркан суусунан көзө менен суу алып чыгып, ээн талаадан өткөн кербендерге жана жолоочуларга суу берип, чаңкоосун кандырып, алардын батасын алат, бул сооп издеген адамга өз ыкласы менен кайыр, садага, адия, назир, битир, зекет бергендей улам-улам артып отурат. Ал гана эмес ийик жасап, ийик тартуулап, оңу келсе сатып, «Ийикчи эшен» аталат. Ээн жерге бекет кылып абатташтырып, «суу кудайы» кылган бул жигит бара-бара өткөн-кеткендер тарабынан оозго алынып, Көк-Арт, Кетмен-Төбө, Алай, Ноокат кыргыздары ал кишини ыйык көрүп, эшен дешип, зыярат кыла баштайт. Ооган табыптан үйрөнгөнү боюнча кеселдерди эмдөө да жүргүзөт, далай кишилерди ажалдан арачалап калат. Миң тогуз жүз токсон беште Курманжан датка да баласынан азасы үстүндө Миң-Дөбөгө келип эшенге кол берип, экөөлөп көпкө эл келечегин сүйлөшөт.

Колунан келген элет кыргыздары Миң-Дөбөдөн жай салып берип, тамын бүтүрүшүп, Ийикчи эшендин зоболосу артып, ага кол берип, мүрүт болушат. Жер-жерлерге, өзгөчө элетия кыргыздарынын арасына өз калыйпаларын койгон. Жалпы ага кол берип, мүрүт болгондордун саны акыры келип жыйырма миңге жетет. Алардын ичинен калыйпалар, казылар, манаптар чыгат, кыйласы жолун жолдор шакирттикке өтөт. Кыргыз айылдарына өз каражаты менен мечиттерди, медреселерди салып берет, ал гана эмес Оштун базарына ашкана куруп, ал жерде намаз жума күндөрү бей-бечараларга текин тамаш-аш таратып турат.

Орто бойлуу, эчки сакал, арык, буудай ыраң, каштары бири-бири менен туташып турган, акырын күлүп сүйлөгөн, көп кеп айтпаган тажикке окшош бул киши ар дайым ак жегде, ыштанчан жүрүп, суук түшкөндө анын үстүнө мала тон кийип алчу. Башына анча чоң эмес селде чалып, бутунан маасы-галош кийип, колунда болсо да жасанып жүрчү эмес. А түгүл алыс-жакындан келген зыяратчыларга өзү чай коюп ийчү. Тал бышканда Кадамжай, Ноокат, Апшыр-Сай жактарга чыгып, ийикке деп өзү тал кыйып келчү. Анын ийигин сатып алган кыргыздар ошол ийик менен ийрип жип кылып, соккон кийимдерди ыйык тутуп, тон кылып, аны табыттын үстүнө жапчу. Ал гана эмес, анын ийиктерин ошол кезде жаңы ачыла баштаган шайы, аллас, бөз, даки чыгарган чакан фабрикалар да алып турган.

Ошол эшен 1890-жылы беш жүз ат бата турган аткана салдырып, андан күнүнө эки жүздөй ат үзүлчү эмес, ал аттар элеттен келген кыргыз мүрүттөрүнүкү боло турган. Кызыгы канча ат болсо да бири бир кишенеп, же тебишип, же азынашып койчу эмес. Муну Ийикчи эшендин кереметинен дешчү. Анан да эшендин мейманканасы болуп, ал жердин керемети айтып бүткүс болор эле, кимде-ким эшенге кара санатайлык менен келсе, дубалдан от чыгып, ал адамдын сакал-муруту күйүп кетчү, казандарда тамак бир паста алоосуз эле бышып калчу, онтоп ооруп келгендер эшенди бир көрүп, таза айыгып кетчү. Эшен жазган «Ибрат ал – гофилин», «Макамат» деген китептер колдон колго көчүрүлүп таратылган, анын ханаканасында китепкана болуп, анда көптөгөн китептер боло турган, аларга Зыйабидин максым өзү карап, өзүнүн Кокон хандыгынын тарыхы тууралуу окуянаамаларын да койгон, Молло Ныйаз баш болгон кыпчактардын улуу даанышман акындары келип, айылындагы медресесине кол китеп кылып көчүрүп кетип турган, Түркия султаны Хамид халиб өз колу менен берген адиялар жана анын мөөрү басылган Мадаминди пайгамбардын халифи деп тастыктаган күбөнаама болор эле. Элеттен келген Токтогул, Ботобай, Жеңижок, Барпы апыз акындар, калаадан Молло Тойчулар жаз-күз келип, эшендин авлисин шаңга бөлөп турчу.

Эшен жами мечиттин азан айтар мунарасын бийиктетем деп 12 газ мунаранын үстүнө дагы ушундай көбүрөөк улап, 30 газга чейин, үстүнө 4 газ купа кылып, жалпысы 34 газга жеткирет. Бир күнү мунарасы кыйшайып калат, мунун эшендин касиети деп билишет, болбой эле дагы бир күн мунара кулап калат. Кулаганда да алдындагы мектептин жарымын басып түшөт. Эки жүздөй бала окуган, өзү жеке пулуна ачкан мектептин бир ыптасындагы балдардан жыйырма үчү жан берип, он беши жаракат алат. Мунун жигин билдирбей эшен баарын тазалатып салат да, Асакеде турган участковый приставды сыйлап жолго салат. Бирок миң сегиз жүз токсон жетинчи жылдын он бешинчи декабрындагы участковый пристав Чарнышевдин Ташкенге генерал-губернаторго жазган рапортуна ылайык Ийикчи эшен катуу текшерүүгө алынмак болот. Рапортто эшен

толук кыргыздарды өзүнө тартып алганы, мүрүттөрү он миңге жеткени, балдарды окутуп, орустардын элдешкис душманы саналган түрктөргө – Ыстамбулга жиберери жазылат. Текшерүүчүлөр он эки киши – төрөлөр, акимдер, приставдар төрт извош менен келгенде эшен аларды жарым чакырым жерден баркыт паяндос салдырып, өзүнчө өргөө тиктирип, чоң зыйнаттар менен тосуп алат. Келгендерге «чаң тону» деп алтын жалатылган кымкаптарды кийгизип, дүйүм тамактарды коюп, чөнтөктөрүнө акча салып, баарын сатып алат. Тергөөчүлөр байлык десе баарына кайыл болуп, «хорошо-хорошо» деп, мунара боюнча эч нерсе айтпай кете берет. Ошентип адамдарды сатып алуу жана адилетсиз тергөө деген нерселер Миң-Дөбөгө пысып келе баштайт.

1895-жылдарда Түркстанга дин бузар Остроумов аттуу «миссионердин» ойлору таратылат, ал киши жаннат аймакты орусташтыруу ниетинде орус-тузем мектептерин ойлоп таап, мечит-медреселерге катуу сокку урат, жаамы мечиттерде жума намазындагы кутбаларда орус падышасына жана анын авладдарына атап тилеват кылууну талап этет, Курандагы «вал мушрикин» деген жердеги «мушрикни» деген сөздү кошпой окугула деп, «капыр» деген сөздү такыр жолотпогула деп чыгат. Ажы зыяратына барууга ман этилет. Шаардыктарды келгиндер кемсинтип, салам айтпадың менен тепкиге алса, элеттиктердин жерлерин оторчулар ээлеп, жаңы поселкаларды куруп, аларды, мисалы Көк-Арт өрөөнүндө эски аттарын өчүрүп, Михайловка, Благовещенск, Дмитровка, Николаевка, Гавриловка, Архангельск, Спасовка деп, Аксыда Успановка деп аташып, ал жердегилерди тоого сүрүп, «туяк пулу», «чөп пулу», «ооз пулу», «кан пулу» дегендей ондогон алымдарды алып, мужуктар мурда мал жайылып жүргөн жерлерди ээлешип, ал жерге асал аарыларын жашыктарын коюп, кокус көнгөнү боюнча жергиликтүүлөрдүн малдары кирип барса, «штраф» дегенин чыгарышты. Келгиндер колбала арагын чыгарып, мас болушуп, аял-эркеги чогуу дасторконго отуруп, таң атканча ырдапбийлеп, улуу-кичүүнү барк албай, жарым жылаңач ылдый жактан эл ичкен сууларга түшүп, пара дегенди үйрөтүп, кыргыздардын эшен, калпа, манап дегендерин да тоготпой...

Акыры азап кыйнап, миң сегиз жүз токсон алтыда Көк-Артта элетиянын элдери топтолуп, маселени хал кыла албай Ийикчи эшенге бармак болушат. Арасында манаптар жана манапзаадалар болуп, бир гана талабы – мужуктардын эзүүсүнө каршы болушкан. Ошол жерде Шадыкан баатырдын небересин өздөрүнө башчы кылып да алат. Жыйырма беш өкүл Миң-Дөбөгө эшендин астына келип, мужуктардын поселкаларына кирип, баарын ат менен бастырып кетебиз, биздин жаныбызга тийди, биз ээн-эркин жүргөн элбиз, эгер кечээ эле келип төрүбүздү талашкандар болсо алар менен кашык каныбыз калганча кармашабыз, сиз гана казатка уруксат бериңиз дешти келгендер.

Ийикчи эшен ойлонду. Көпкө ойлонду. Намыстуу жигиттер бар экенине, тоолуктардын дымагынын күчтүүлүгүнө, жүрөктөрүнүн өлбөгөнүнө ыраазы болду. Бирок бул да кооптуу болчу. Орусия деген кылкылдап жаткан улуу дөөлөт, артында куралданган аскери бар эле. Андыктан да бир аз сабыр кылгыла, азыр бурсат келе элек, баары бир Николай зулумунун кордугунан суурулуп чыгабыз, Алла ишибизди колдосо силер эле эмес шаарлыктарды да үгүттөп бүт баарыбыз бирдей чыгабыз, газаватты бир убакта, бардык жерде бирдей баштайбыз дегендей насааттарын айтып жигиттерди тоолоруна кайтарды.

Бир жыл өтүп Кетмен-Төбө жана Көк-Арт өрөөнүнүн кыргыздары бир ашта миңдей жигит топтолуп, мужуктарга күжүм кылабыз деп Чыйбыл болуш менен казы найыбы Молдо Рахматилланын тегерегине баш кошуп, болгон куралын, союлдарын алып, буйрук күтүп даяр турушту. Капырларга каршы казатта өлгөндөр шейит болуп, түз эле жаннатка түшөт деп молдолор айтса, Сатылган уулу Токтогул сыяктуу акындар элди эркиндик үчүн күрөшкө үндөп жүрдү. Чакырык ашка Ийикчи эшен да келди. Падышалык бийликтин адамдары да аралашты. Алар тергөөгө ала баштады. Бул жолу да иш башталбады...

Кийин Ийикчи эшен кеңешкенге жана маселени биротоло чечкенге миң сегиз жүз токсон жетинин шаввал айдын он жетисине Миң-Дөбөгө – өзүнүн сопуканасына чакырып бир нече кишиге кат жиберди. Ал каттар Ошко Курманжан датка менен анын уулу Камчыбекке, Жакып акун аалымга, Анжиянга жаамы мечитинин башчысы Мухаммед Али бай Калмырза бай уулуна, мударистер башчысы Самийге жана Калыкберди дамбылдага, Маргаланга Мухаммед Жусуп эшен менен Сайид Акмат кожого, Наманганга Йака хан төрө менен Кадыр кожо ажыга, дагы-дагы башка зобололуу кишилерге жиберилди.

Катты Мадали эшендин атынан Зыябидин максым өзү колу менен жазды. Көп жерин чийип, толуктап, кайра оңдоп отуруп жазды. Анда: «Мусулмандардын эч бири бул залимдердин эзүүсүндө калууну каалабастыр. Шаарлар өзбектерге тар болгондой, тоолор кыргыздарга, элетияга тар болду, балким, Түркстан мусулмандарга тарлык кылды. Эмне кылабыз, ылаажыбыз жок. Колубузда эч нерсе жок. Жетээрлик жарак жана казына жок. Эмнеси болсо да иштин акыбетин ойлоп, бей-бечаралардын тилегин аткаруучуларды колдойбуз» – деп мискин жана карып Махмудали деп айтылган эле.

Ушундан түшүнгөндөр түшүнсүн дешти.

Айтылган күн келип, шаввал айдын он бешинде (9-март) Көк-Артта кыргыздар кылкылдап топтолуп, чакырылгандардын бир тобу Миң-Дөбөгө келип, калк жакшылардын бир ооз сөзүн күтүп турган. Элеттиктер келгиндер менен мамилесин үзүп, мужуктардын чааракелери менен малайлары поселкаларды таштап кетти, мурда алардын кол алдында

иштегендер карыздарын үздү. Бул падышачылыктын төбөлдөрүнө угулбай коймок беле, угулду, оторчуларды курал-жарак, ок-дары менен камсыздай баштады, алар топтошууга өттү.

Миң-Дөбөдөгү эшендин ханаканасында болсо элеттик кыргыздардын чабуулун колдоо-колдобоо тууралуу ар кыл каттар окулуп жатты, шаарлыктардын айрымдары ачык эле коркконун билдирсе, кээ бири силер баштай бергилечи, анан көрөрбүз деп койду. Канткен менен көпчүлүк элбашылар Мадали эшендин кыргыз менен кыпчакты, кашкарылар менен тажиктерди, түрктөр менен шаардык сарттарды шарият жолуна тартамын, жерди баскынчылардан азат кыламын деген ою ишке ашарга аз калды, Кудай буйруса, түрк султандары да жардам колун сунууга макул болду.

Он эки журт башына кол койдуруп, он үч мөөр менен тастыктаган жашыруун келишим Баргана ойдуңунун ар бир айылынан Миң-Дөбөгө келип жетти. Журт башчылар, ошол эле кезде казатты баштай тургандар булар болду: Анжияндын ичкилик болуштугунун болушу Баатыр миң башы Нармат уулу, ошол эле аймактын казылыгынан Акмат молдо наиб Мырза уулу, Айтпай токсобо, айыл башы Молдо Касым амин, Арзыкул паңсат, Мухаммад Ибраим токсобо паңсат, Кулу болушу Молдо Гайыпназар Артык уулу, Алибек датка, Кайып кожо Мухаммад Мурат уулу, Сатыбай мырза, Зыябидин максым, Өмүрбек датка.

Эрте баарда баштала турган газават аттар арык болот деп бир-эки айга жылдырылды, ал аралыкта Мадали эшен эки кыргызды Курбанбай молдону калпа деп жарыялап, Курбанкулга жүз токсон кат берип, Эки-Суу арасындагы кыргыз айылдарына ат чаптырды, анда казатты качан баштоо керектиги так айтылган.

Миң сегиз жүз токсон сегизде, жавза (май) айынын он биринде Көк-Арттан эки жүз киши Миң-Дөбөгө келди, аларга ар жерден кошулуп отуруп беш жүзгө жетти.

14-майда эшен жашыруун аскерий жыйын өткөрүп, анын чечимине ылайык Бакир Нурмат уулу менен Инаятхан төрө Маргалаңдагы, Өмүрбек датка Бекмурат уулу Оштогу, Мадали эшен, Кайыпназар, Зыябидин максым баштаган топ Анжияндагы орус аскер лагерлерине кол салмакчы болду. Элге тийбей, аскерлерди алсыратуу, курал-жаракка ээ болуу планы түзүлдү.

Ийикчи эшен Көк-Артка Чыйбыл болушка кабар жиберди, ал жакта Атакул паңсат да бар: – Жолго чыккыла, Асаке жанында кезигишебиз – деди. Ал жактан болсо азирети эшен бул жакка чыга берсин, биз жер-жерлердеги мужуктарды тындым кылып, Анжиянга келебиз деген жооп келди. Баары башталды. Миң-Дөбөдө Ийикчи эшенди ак кийизге салып көтөрүп, такбир айтышып, Дулдул деген атына мингизип хан көтөрүп жиберди.

Орус полкалары Чыйбыл болуштун жигиттерине бош келбеди, алар бүт куралданып алган экен, союл көтөргөн кыргыздарды көп эле жолото коюшпады.

17-майда Миң-Дөбөнүн Тажик кыштагындагы эски мечитке миңден ашык адам жыйылды, имамдыкка эшен өзү өттү, намаз бүтөрү менен эле минтип сүйлөп кирди: – Азиз, мусулмандар! Бурадарлар!

Баарыңарга маалым болгондой, журтубуз мусулман, калк мусулман, хан мусулман, шарияттын өкүмү ачык, буйругу дайын. Өкүмдү Алла Таала өзү билет, биз Жараткандын колундабыз. Журтубузга орус келди, капырлардын бийлигине өттүк. Кудаяр хандын ордуна Кауфман, Өмөр хандын ордуна Черняев келди. Баргана хандыгына Москөө падышалыгы, ак пааша өкүмдар болду. Орус отан журтту басып алып, тилибизди өзгөрттү, эми аста-аста динибизди өзгөртүүгө киришти. Келгенине отуз жыл болуп-болбой орустар мусулманга жеп-ичкенди үйрөттү, адал менен арамдын айырмасы калбады. Казылар мойнуна крест тагына баштады. Шариятыбыз кордолуп, мусулманчылык карып болду. Эркиндигибизден ажырадык! Сөзгө сөлтүк болдук!

Азиз, мусулмандар! Буларга өзүбүз себепкербиз. Азыркы абалыбызга Алла да, азирети пайгамбарыбыз да ыраазы эмес. Бул кулдукка жана баскынчылыкка ким эле ыраазы болсун. Азиздер, ушинтип жүрө берсек, бу капырлар төбөгө чыгат!

Эчен улуу дөөлөттөрдү тикелеген биздин шер жана балбан бабаларыбыз бул тымпыйып жатканыбызды кечире албайт. Кана биздин күч, кана кубат, кана ата-бабаларыбыздан калган даанышмандык? Бизге эмне болду, кандай күндө калдык?!

Төрт жүз аалымыбыз бар эле. Бардыгы мусулман, баарысы түрк авладдари, баарынын аты Мухаммад. Баарысы ханафий. Бир динден, бир агымдан, бир ысымдан, бир топуракта, Түркстан топурагында ушунча аалымдын чыккандыгы мурда жер ааламда болбогондур!

Түркстандыктар ушунубузга мактанабыз! Ушунубузга сыймыктанабыз! Ошондой ата-бабаларыбыз жашап өтсө да биз майдаланып, осол болуп тебеленип, уктап жатабыз!

Чыныгы түркстандык болсоңор жихадга чыккыла! Жихадда өлсөк шейит, өлтүрсөк газыбыз! Жихад! Жихад!

Эшен ушинтип айтканда намазга келген миңден ашык адам: «Жихад, жихад, жихад» – деп кыйкырып жатса, кээ бирлери уңулдап ыйлап, кээ бирлери тообо келтирип отурганы отуруп, турганы туруп, мечит эле эмес, маалалардын баарын дүрбөлөңгө түшүрүп жатты...

Миң-Дөбөдөн куптан намазын окуп, караламан көпчүлүк газаватка аттанды. Бир топту Мадали эшен өзү Дулдул атын минип баштады. Экинчи топту сексен таяп калса да ал-күчтөн тая элек максым Зыябидин Шарип уулу ээрчитти. Ал да ушул эле Миң-Дөбөнүн жанынан, Жүлгө

деген айылдан. Кезегинде Кокон паашаларынын тарыхнаамасын жазган билимдүү, такыба киши. Максым ичкилик кыргыздарына өзгөчө өтүмдүү болгон.

Үчүнчү топ болуп Кулудан Кайыпназар Артык Сопу уулу колу менен кошулду.

Газаватчылар орок, келтек, найза, мылтык, канжар, кылыч, иши кылып колуна эмне келсе, ошону алып орустарды келген жагына кетирүүгө, жөөсү жөө, атчаны атчан камынып чыкты.

Миң-Дөбөдөн чыккандар түндөп жүрүп таң үрүң-бараңда Анжияндын четине – Чокандга жете келди. Келди да жаалданган топ Ооган бактагы аскердик казармага кол салып, жыйырма үч солдатты жайран кылды. Лекин көтөрүлүшчүлөрдөн да көбү өлдү. Аларды эч ким санаган да, эсепке алган да, ак кепиндеп көмгөн да жок.

Анан эмне болду? Эмне болмок эле, өз жерин коргойбуз деген адамдардын канаты кагылды. Фергана шаарынын аскер башчысы Чайковский мыкты куралданган 250 жоокери менен келип, Анжияндын жаңы шаарын тыптыйпыл кылып, мусулмандардын канын агызды. Аларга башка шаарлардан дагы чакыртылган падыша аскерлери кошулду. Селде, ак допу кийип жүргөндөрдү «сеники эшен» деп уруп, камап, суракcыз ата берди. Эл базарга чыга албай калды, бири-бирин сатмай, кыз-келиндерди зордуктамай, мечит-медреселердин күлүн көккө сапырмай шаарлыктардын үшүн алды. Солдаттар өздөрү өлтүргөн өлүктөрдү кайра туугандарына сата баштады. Көмүлбөгөндөр карга-кузгунга жем болду, көркөө иттер көбөйдү.

Эшен качып кетти. Фергана губернатору эшен кармалбаса Анжиян уездин бүтүндөй окко алам деп каарданды. Миң-Дөбөнү, андагы Ийикчи эшендин авлисин үч саат аткылап, жолуккан адамды өлтүрүп, мал-мүлкүн аскерлер талап кетти. Бул жыйырма үч жоокердин куну үчүн эки миң кишини камап салды, алардын көбү кыргыздар болгон. Акыры бир нече күндөн кийин Жакып саркар менен Кадыркул миңбашы амал менен Кызыл-Үңкүр менен Арсланбап-Атанын айрылыш таш көпүрөсүнөн эшенди кармап алат. Ошондо эшен: «Мени оруска кармап берген колуңар менен өз башыңарды уруп, сөккөн оозуңар менен өз денеңерди өзүңөр тиштегилеп жатып өлгүлө» – деп каргаган экен, кийин экөө орустар убада кылган мансапка жетип, акыры эшендин каргышындай болуп өлгөн дешет.

Зыябидин максым бир топ жигиттерин ээрчитип, орустун буту баспас жакка – Кашкар тарапка ооп кетти.

Эшен кармалгандан көп узабай июндун он экисинде Анжияндын жаңы шаар майданына бийиги сегиз-тогуз кулач келген сегиз дар орнотту, калаа калкын зордоп айдап келди, алар сегиз жүздөй чоң адамдар болсо, дагы эки жүздөй жаш балдар эле, баары ушул хадисаны көрсүн, падыша

бийлигине каршы чыккан кандай болорун билсин, жүрөктөрү биротоло өлсүн дешти.

Ийикчи эшен дар алдында унчукпай башын жерге салып тура берди. Кимдир болуш: «Эй, мусулмандар! Күбөө болгула, мен айыпсыз асылып жатам. Мага бул төрөлөр зулум кылды...» – деп баштады эле эки солдат келип мылтыктын кундагы менен төрт-беш жолу урду, анын да башы шалак этип, унчуга албай калды. Асылгандардын ичинен кимдир бирөөлөр ак жеринин кетип жатканын айтса, кимдир бирөө бала-чакасын дайындап атты, кимдир бирөө зулумчулур жок болсун деп бата кылгыла десе, балдардын «атакелеп» кыйкыргандары угулуп турду...

Ошентип кырк беш жаштагы Мухаммадали калпа Мухаммад Сабыр уулун, же Мадали эшендин, отуз үч жаштагы Рустамбек Сатыбалды уулунун, элүү экидеги Субанбек Арабай уулунун, отуз алтыдагы Ботобой Кайыпбай уулунун, кырк бештеги болуш Кайыпназар Артык уулунун, кырк төрттөгү Мырзахамдан Осмон уулунун дарга асылышы кимдир бирөөлөр үчүн ажал болсо, кимдир бирөөлөр үчүн сабак болду, кимдир бирөөлөр үчүн оюн болду...

Он сегиз адам дарга асылды. Калп эле ырайым кылган болушуп үч жүз кырк төрт адамдын өлүм жазасын Сибирь сүргүнү менен алмаштырышты.

Миң-Дөбөгө барган аскерлер адамдар калбай калып, тоок менен иттерди да ата баштады, элинин өлгөндөн калганы Маргалаң менен Ошко, Наманганга качты. Миң-Дөбөгө уезд акими өзү келип, тыптыйпыл болгон үйлөрдүн араларын өлчөп-ченеп, саржандап, жаңы көчөлөрдү чыгарды. Бир ай өтүп-өтпөй арабаларда ичкери Орусиядан мужуктар, жер ээлери келе баштады. Бул жердеги падышанын төбөлдөрү аларды: «Кош келиңиздер, мархамат» – деп, Миң-Дөбө аты өчүп «Мархамат» аталып калды.

Мына ушул, жигиттер, Мархаматтын тагдыры. Ал жерди эл азырга чейин «Орус кыштак» деп атагандыгы ошондон.

Тарыхчы, санжырачы, аалым ушинтип сөзүн аяктады.

Жигит башы оор улутунуп турган колго карап:

– Шам киргенде жолго чыгып, ошол Мархаматка кирип, ал жердеги большевиктерди талкалайбыз! Бектин тапшырмасы ушундай! – деди.

Баары бул ойду макул көрдү да, аттарын, куралдарын даярдай баштады.

Момун да эртелеп Мархаматка барганы, ал жерден атасынын өчүн алып кызылдардын таш-талканын чыгарганы ээлигип турду...

**(Уландысы бар)**

*Чүүлүү чыгармалар*



## Сүйөркул ТУРГУНБАЕВ

## *Арноо*

*Мен – туюк ыргытылган бу жарыкка,*
*Тереңде чөгүп жаткан купуя дух.*
*Сен менин сүлдөрүмдү сүйүп оку.*
*Керемет маанайыма тике кара.*
*Жүрөктө албуут күүлөр ойноп турат.*
*Буюгат, куюндапат чексиз санаа.*

*Сен мага эрте бүтүм чыгарбагын,*
*Сен мени күйбөс оттой санабагын.*
*Сыртымдан кайып өтүп көз нурларың,*
*Сен менден оңой жомок издебегин.*
*Сен мага алиппедей карабагын.*

*Жашырын жалынымды, жарыгымды,*
*Курчумду, миздеримди ичке кайрып,*
*Турмушта эстеликтей катып тургам*
*Замандын карай берип агылганын...*

*Мен – жазгы булуттардын койнундагы*
*Ааламдын атыла элек чагылганы.*
*Албыртып тилегиңди, жүрөгүңдү*
*Жана элек менин албуут жалындарым.*
*Өтө элек ойноп менин чагылганым.*
*Көйкөлтүп сүйүүңдү, саамай сылап,*
*Жүрө элек менин куунак шамалдарым.*

*Мен сага төгө элекмин бар күнүмдү,*
*Мен сага берелекмин бар затымды.*
*Мен сага ачалекмин бейиштерди,*
*Мен сага жылдыз кармап берелекмин!*

*...Өмүрдүн сүйүп өпкөн жылдызы сен,*
*Жамгырым, мөлтүр кезим, сүйүү кезим*
*Сен менин күндөрүмдү этиет кыл,*
*Терезем, күн чыгышым, янтарь көзүм.*

## Толкуу

*Табигый мунарлардай*
*сепилдей бийик тоолор арасынан*
*жар салып, жашыл дүйнө өстөмүндө*
*жаңырыктап жаш кыргыздын обону*
*жүрөктөрдө сыбызгып*
*мөрт өмүрдүн ырын ырдайт,*
*заман бойлоп зуулдайт.*

*Албыртып сүйүүңдү,*
*уялтып илимиңди*
*салам бергин ийилип,*
*европалык бийик эркек,*
*Ала-Тоодон оттор учат түрүлүп.*

*Күн чыгыштын шамалдары ойдолоп,*
*оттой ысык обондору дирилдеп,*
*эфирде ойнойт бийик жердин жаштыгы.*
*Тыңшагыла таңданып,*
*Ала-Тоолук булактардын чулдурун.*
*Ала-Тоолук эркин өскөн кыялды,*
*Ала-Тоолук дарактардын шуудурун!*

## Ресторандык жаштар

*Селкилер кеч киргенде сулуу болуп,*
*Атайлап, кечелерге жаралгандай*
*Отурушат тизилип кооз болуп,*
*Алыскы тоостордой айкүрлөнүп,*
*койкоюп стол бойлоп бек ликёрдой.*

*Жигиттер «шампан мүнөз»*
*Ресторандарда чоңойгон.*

*Оролушуп кыздардын көйнөгүнө,*
*Кирпиктердин эпкининде дирилдеп,*
*Сылык болуп кубулуп,*
*Шылуундуктун окууларын,*
*«Чын сүйүүнүн» илимин*
*Үйрөнүшкөн жакшылап.*

*Рюмканын илеби уруп, дүүлүгүп,*
*Көп тааныган турмушту*
*Философтой олуттуу,*
*Сүйлөйт алар кыйынсып.*
*Окумуштуу өңдөнүп,*
*Карайт алар турмушту*
*Ырахаттуу рюмкадан,*
*Ресторандык тумандаган көздөрдөн.*
*Карайт алар дүйнөнү*
*Сигареттик түтүндүн арасынан.*
*Маашырланып,*
*Бакыттын сересинде тургансышып.*

*Кандай деги*
*Силердеги логика?*
*Сүйүшүүбү опоңой?*
*Жүрүүбү же жупталып,*
*Вино жутуп ыксырап,*
*Анархизм жыттанып?*

*Турмуш күндө ресторан эместир,*
*Бүткүлө майрамдарды!*
*Көйкөлүшкөн көйнөктөр,*
*Сулуусунган кооз чачтар –*
*Ресторандык жаштар,*
*«Акылдуу» сүйлөгөн галстуктар!*

*Кагып таштап окууңарды ойдогу,*
*Төбөңөрдөн жанып өтөт жаркырап*
*Идеялар – турмуштун алп ойлору.*
*Турмуш дүйнөгө улуу ойлор ойлойт,*
*Турмуш силерге чүчкүрүп да койбойт.*

# *Ал*

## I

*Мен аны көрүп турам*
*Ал али курсакта жатат.*

## II

*Ал – чыгаан*
*чыңырып, азып мына*
*чыкты жарыкка.*

## III

*Ыргытылган*
*бир бүтүн жан,*
*жөнөдү жөрмөлөп.*

## IV

*Күндү көрдү,*
*бир топ барып.*
*Айды көрдү,*
*таңыркап.*
*Баарын таанып,*
*баарын билип*
*кетти туруп жүгүрүп.*

## V

*Казды жерди.*
*Бычак алды,*
*Мылтык алды,*
*Урду келип бирөөнү.*
*Бомба жарды.*

### VI

*Калем алды.*
*Китеп жазды.*
*Окуу жазды ойлонуп.*

### VII

*Суулар ашты,*
*Тоолор ашты,*
*Булут жиреп,*
*Аалам жиреп*
*Учуп кетти ок болуп.*

### VIII

*...Мен аны көрүп турам*
*Ал азыр жерде –*
*өзүнүн мүрзөсүндө жатат.*

* * *

*Акындарга бергиле жайлоолорду.*
*Акындарга бергиле түрмөлөрдү.*
*Акындарга бергиле аскар тоону.*
*Акындарга бергиле мейкиндерди.*
*Деңиздерди бергиле акындарга.*
*Бүт ааламды бергиле акындарга!*

*Бир орунда бук кылып койбогула.*
*Үп күндөрдө кысылып, өңү азып.*
*Митаам аял койнундай тар чөйрөдөн*
*Деми сууп, түбөлүк көңүлү калып,*
*Аша кечип кетпесин өмүрүнөн.*

*Ыргыткыла деңизге,*
*Толкун минсин.*
*Ыргыткыла токойго,*
*Түнт токойдо*

*Ач жолборстой каңгып ал*
*Дүйнө билсин.*

*Кондургула учуна аска тоонун,*
*Жашоо түсүн бийиктен карап көрсүн.*
*Коё бергиле, кең мейкин жайлоолорго,*
*Жаш кулундай жалтылдап оюн курсун.*
*Тоо бойлоп жагалмайдай кайкып учсун.*
*Ракеттей көктү карай шукшурулсун.*
*Ааламга аалам болуп житип кетсин.*

*Бардык жерди бергиле акындарга.*
*Баарын таанып,*
*Жарыктын баарын билсин.*
*Анан келип биздерге ак шоокумдай,*
*Жан жашартар ырларын ырдап берсин.*

## Футболисттин мүрзөсүндө

*Бүткүл дүйнө калаалары*
*атың атап дүңгүрөп,*
*канча шыктар күйүп-жанды,*
*канча колдор чабылды.*
*Чабуул баштап, уу-чуу менен*
*чагылгандай*
*сенин тепкен тобуңдан*
*канча бекем дарбазалар алынды!*
*Баары өттү ал шоокумдуу өмүрдүн*
*топ кубалап,*
*топ да сени кубалап,*
*чарк айланып жер шарын,*
*зуулап чуркап баратып,*
*(жашоо деген кан жолдо),*
*мүдүрүлүп кокустан,*
*мезгил жетпей чарчадың.*
*...Эми башка футболисттин*
*ысмы элге тарaптыр,*
*сени болсо тагдыр минтип*
*топтоголок топ кылып,*
*чыкпас, мерес дарбазага камаптыр…*

# Дөңгөлөктөр

*Сен дөңгөлөк,*
*Мен дөңгөлөк,*
*Жер дөңгөлөк,*
*Күн дөңгөлөк,*
*Турмуш дагы дөңгөлөк.*

**I**

*Кеттик анда*
*Чоң сахнага,*
*Жанды жанып,*
*Кымкуут салып,*
*Жүрө бербей,*
*Өтө бербей дөңгөлөк.*

**II**

*Жаз дөңгөлөк,*
*Күз дөңгөлөк,*
*Ай дөңгөлөк,*
*Кыз дөңгөлөк.*
*Карай калсаң көз алдыңда*
*Бардык дүйнө көч-көч болуп*
*Бир дегенче миң дөңгөлөп,*
*Кайдадыр бир зып-зып этип*
*Кайып барат өңдөнөт.*

**III**

*Дөңгөлөктөр дүйнөсүндө*
*«Өлбө жаным, өлбөлөп»*
*Дөңгөлөктөр дүйнөсү*
*Тыным албай дөңгөлөп,*
*Турмуш күтөт өңдөнөт.*

### IV

*Сен дөңгөлөк,*
*Мен дөңгөлөк,*
*Максаттар да дөңгөлөк.*
*Бу жарыкта бардык затың,*
*Дөңгөлөк дух өңдөнөт.*

## Туш

*Дарактардан,*
*бутактардан, чөптөрдөн,*
*туш-тараптан тымызын*
*калтыраган кандайдыр бир*
*музыкалар агымы*
*мына, мына*
*мени көздөй*
*каптаган зор апаттай*
*жылып келе жатышат…*
*Кайда качам?*
*Жерге өбөктөйм коркконуман,*
*жер да мени тим койбой*
*титиретет козголоп,*
*муундарым зырпылдатып,*
*тереңинде мотор бардай*
*бир башкача дүңгүрөйт.*
*Добулбасы миң сандай.*

*Чочуп кетип*
*үрккөн тайдай,*
*тура калып жүгүрөм,*
*роялда бараткандай*
*уруп клавишаларын,*
*зың-зың этет баскан жолум,*
*үстүмдө асман шуулдайт,*
*жаңырыктайт туш-тарабым…*
*Бүткүл аалам күүканабы?*
*Бул эмне?*

*Көркөм котормо чеберлери*



## Николай ГОГОЛЬ

*1809-жылы 20-мартта Полтава губерниясындагы Миргород уездинин Великие Сорочинцы деген жеринде туулган.*

*Адабиятка арбалып жүрүп, 1830-жылы «Отечественные записки» журналында «Басаврюк» аттуу биринчи повести жарык көрөт (кийин «Вечер накануне Ивана Купала»).*

*В.Гоголго адабий атакты 1931–1932-жылдары «Вечера на хуторе близ Диканьки», «Сорочинские ярмарки», «Майская ночь» ж.б. повесттери алып келип, «Миргород» жыйнагы (анда «Старосветские помещики», «Тарас Бульба», «Вий» ж.б. чыгармалары камтылган), «Арабески» жыйнактары, «Мертвые души» чыгармалары арттырган. Атактуу «Шинелди» 1842-жылы бүтүргөн. Драматургияга да кызыгып, «Ревизорду» Щепкиндин катышуусунда Москвада койгон. 1952-жылы 11-февралда каза болгон.*

# ШИНЕЛЬ

**(Повесть)**

Бир департаментте[1]... бирок кайсы департаментте экенин атабай эле койгонубуз дурус. Дар дүйнөдө ушу департамент, полк, канцелярия, кыскасын айтканда, мансаптуу сословиелер дегендерден ажаан эч нерсе жок. Азыр ар кимибиз эле кокус бирөөдөн акаарат көрсөк, бүткүл коомду акаараттады деп жалаа жабабыз. Уккан кулакта жазык жок, жакын арада эле кайсыныкы экени эсимен чыгып кетиптир, иши кылып кайсы бир шаардын капитан-исправнигинен өтүнүч келиптир, анда да мамлекеттик токтомдор кор болуп жаткандыгын жана да акимибиздин касиеттүү аты эч жүйөсүз айтылып жүргөнүн ачык-айкын баяндаптыр. Сөзүн далилдеш үчүн өзүнүн өтүнүчүнө кандайдыр бир кызык чыгарманын килейген томун кошуп коюптур, бул чыгарманын ар бир он барагы сайын бир капитан-исправник учурайт, учурганда да ылжыган мас бойдон учурайт. Ушунтип, ар кандай балаадан оолак болуу үчүн, биз аңгеме кыла турган департаментибиздин атын атабай эле, бир департамент деген ат берелик. Ушунтип, бир департаментте бир чиновник иштеген экен, аны ашкере сонун чиновник эле деп ай-

[1] *Департамент* – падышалык Россияда министстерстволордун, мамлекеттик жогорку мекемелердин бөлүмдөрү.

туура болбос: жапалдаш бойлуу, анча-мынча чаары бар, саал-паал сары чийкил, ал түгүл, бир аз сокур чалыш, маңдайында бир аз кашкасы бар, бетине тырыш кирген жана геморрой менен ооруган өңдүү киши... Кантсин! Анысына Петербургдун климаты айыптуу да. Ал эми анын мансап жагына келе турган болсок (анткени бизде адегенде эле мансабын аташ керек эмеспи), ал түбөлүк титулярный советник дегендерден болучу; каяша айта албагандарга асылып калмай адаты бар далай жазуучуларыбыз аларды моокуму канганча шылдыңдап калемдерин кайрагандыгы белгилүү го. Чиновниктин фамилиясы Башмачкин. Бул ат бир кезде кадимки эле башмактан чыкканы өзүнөн өзү көрүнүп тургандыр, бирок ал качан, кай заманда жана кантип олтуруп башмактан чыкканы такыр белгисиз. Атасы да, бабасы да, ал түгүл, кайын ага, кайын иниси да, кыскасы, башмачкиндердин бардыгы жылына үч жолу таш тамандарын жаңыртып алып, дайыма өтүк кийип жүрүшчү. Чиновниктин өз аты Акакий Акакиевич болучу. Балким, окуучуларыбыз бул атты биз тага койгондой көрүп, таңыркай турган чыгар, бирок кадырыңар жан болсун, биз аны жоктон таба койгон эмеспиз, чын жери, мындан башка ат коюуга таптакыр мүмкүн болбогон шарт келип калган; бул мындайча болду: жаңылбасам, Акакий Акакиевич 28-мартка караган түнү төрөлдү. Маркум энеси, чиновниктин аялы болсо да, эң жакшы ургаачы эле, баласына каада боюнча мыктылап туруп ат коёюн деди. Энеси али эшиктин тушундагы кроватта жаткан, ал эми оң кол жагында анын куму[1], сенатта столоначальник[2] болуп иштеген опсуз сонун адам Иван Иванович Ерошкин жана да кумасы, квартальный офицердин[3] зайыбы, өтө адамгерчиликтүү аял Арина Семеновна Белобрюшкова турган. Баланын энесине үч атты атап көңүлүнө жакканын тандагын дешти: Моккия, Соссия дегин, же болбосо балага Хоздазат шейиттин атын койгун дешти. «Жок, – деп ойлоду ыраматылык энеси, – булардын деги бир ат сыягы болсочу». Эненин көңүлүн уламак үчүн календардын дагы бир жерин ачышса, Трифилий, Дула жана Варахасий деген дагы үч ат чыкты. «Балаа болбодубу, – деди кемпир, – мындай тири укмуштуу аттарды эч качан уккан жок элем. Жок дегенде Варадат же Варух болсо да бир жөн го, анан калса Трифилий, Варахасий деген да болмок беле». Дагы бир бетти ачышса: Павсикахий менен Вахтисий чыкты. «Болбостур, айла барбы, – деди кемпир, – тагдыры ушундай болсо керек. Андан көрө бул балага атасынын атын коёлу. Атасынын аты Акакий эле, уулу да Акакий болсун». Акакий Акакиевич деген ат ушунтип пайда болду. Өзүнө ат коюлганда бала ыйлап жиберди да, кийин титулярный со-

[1] *Кум, кума* – балага чокундуруп ат коюшкан эркек менен аял киндик ата, киндик эне сыяктуу кишилер.

[2] *Столоначальник* – төмөнкү даражадагы чиновниктин бири.

[3] *Квартальный офицер* – шаардын белгилүү бир бөлүгүнө көз салуучу полицейский.

ветник болорун сезгенсип, бети-башын жыйырды. Бул ат ушинтип пайда болгон. Биз мунун баарын баяндап олтурганыбыздын себеби, окуучуларыбыз бул аттын зарылдыктан келип чыкканын жана мындан башка ат коюуга мүмкүн болбой калганын өз көздөрү менен көрүшсүн дедик. Акакий Акакиевич департаментке качан, кай кезде келип киргени, аны кызматка ким дайындаганы эч кимдин эсинде жок. Андан бери нечен директорлор, далай начальниктер которулса дагы, анын баягы эле ордунда, кагаз жазуучу чиновник бойдон тап жылбастан отурганы отурган эле, ошондуктан ал энеден дапдаяр болуп, вицмундир[1] кийген бойдон, башынын ушул кашкасы менен туулуп калса керек деген пикирлер да болгон. Департаментте аны эч ким урматтоочу эмес. Жадаганда күзөтчүлөр да Акакий Акакиевич өтүп баратканда ызаат кылып ордунан турмак түгүл, жөнөкөй эле бир чымын учуп бараткандай көрүп, ага карап да коюшчу эмес. Начальниктер буга мээримсиз, салкын мамиле кыла турган. Столоначальниктин жардамчысы да: «Мына муну көчүрө салыңызчы», же «Мына бу кызыктуу, жакшы иш эле» – деп, же сыпайгерчиликке үйрөнгөн мекемелердегидей башка бир жагымдуу сөздү айтып коюунун ордуна, түз эле анын тумшугуна кагазды такай коё турган. Кагазды алып келген киши ким экендигин карабай жана буга анын укугу барбы, же жокпу деп да койбой, Акакий Акакиевич аны шып алып, ошол замат жаза баштаганды гана билүүчү. Жаш чиновниктер аны шылдыңдап кордошор эле да, анын көзүнчө эле ал тууралуу далай аңгемелерди айтышчу. Маселен, Акакий Акакиевич турган үйдөгү жетимиш жаштагы кемпир аны уруп коёт экен деп айтышып, тоюңар качан болот деп сурашчу, кар жаады деп, анын башына кагаз чачышчу. Бирок Акакий Акакиевич өзүнүн жанында тургандарды таптакыр көрбөгөнсүп, ушунун баарына бир ооз жооп кайтарчу эмес, ал түгүл, кызматынан да алагды болчу эмес: канчалык жадатып жатышса да, катынан бир да ката кетирчү эмес. Өтө обу жок шылдыңдап, колун түрткүлөшүп, иштеген ишине жолтоо кылышканда гана: «Койсоңорчу, мени мынча эмне кордойсуңар?» – деп коёр эле. Анын бул сөздөрүндө, аларды айтканда чыккан добушунда кандайдыр бир таң каларлык нерсе бар болучу. Андан адамдардын боорун ачыта турган кандайдыр бир нерсе угулуучу, ошондуктан жакында кызматка орношкон бир жаш жигит адегенде башкаларга кошулуп, аны кээде шылдыңдап коюп жүрсө, кийин жанагы сөздөр сай-сөөгүнө жеткендей болуп тыйылып калды, ошондон бери ал жигиттин көз алдындагылардын баары өзгөрүлүп кеткенсип, башкача көрүнө баштады. Кандайдыр бир адаттан тышкары күч ал жигитти мурун адептүү, ак сөөк адамдар го деп эсептеп, тааныш болгон жолдошторунан кол үздүрдү. Кийин көпкө чейин көңүлү шат мезгилдерде да, бул жигиттин

[1] *Вицмундир* – чиновниктердин форма кийими.

көз алдына кыска бойлуу, кашка баш: «Койсоңорчу, мени мынча эмне кордойсуңар» – деп жалооруп турган чиновник элестеп турчу жана да анын бул муңканган сөздөрүнөн: «Мен да сенин боордошуңмун» – деген башка сөздөр угулуучу. Анан адамда али айбандыктын көп экендигин, өтө сыпаа, билимдүү ак сөөктөрдө, ал түгүл, о, Жараткан ак сөөктөрдүн арасында асыл жана ак ниет деп эсептелген адамдарда да тымызын жаткан мээримсиз оройлуктун көп экенин көрүп, бечара жигит колу менен бетин басып, далай ирет бүткөн бою дүркүрөгөн.

Өзүнүн кызматына Акакий Акакиевич сыяктуу берилген адамды табуу кыйын. Ал өз ишин ынтаа менен гана эмес, ашкере берилип иштей турган. Ошол ишинен, ошентип кагаз көчүрүп отурушунан ага кандайдыр бир өзгөчө, жагымдуу дүйнө көрүнүп туруучу. Анын ыракаты өңүнөн билинүүчү; ариптердин ичинен бөтөнчө сүйгөн ариптери бар эле, аларга кез келгенде, кубанычы койнуна батпай күлүмсүрөп, көзүн ымдап, эрдин кошо кыбыратуучу, андыктан анын калеми жазып жаткан тамга анын өңүнөн окула тургандай сезилчү. Эгерде Акакий Акакиевичтин ынтаа коюшуна жараша сый көрсөтүлө турган болсо, анда ал, балким, эмдигиче статский советник да болуп калмак, бирок анын шылдыңкор жолдоштору айткандай, өзүнүн кызматы менен ал муратка да жетпеди, мээнеттен да кетпеди. Ошентсе да ал, ага эч кандай көңүл бөлүнгөн эмес деп айтууга болбойт, кайрымдуураак бир директор анын көптөн берки сиңирген эмгегин эскерип, ага кагаз көчүрүүдөн бөлөк маанилүүрөөк иш тапшыруу жөнүндө буйрук берди; ага белен эле бир иштен башка бир мекемеге кандайдыр бир кат жазуу тапшырылды; бар болгону, каттын башындагы титулду гана өзгөртүп, кай бир этиштерди биринчи жактан үчүнчү жакка которуш керек болучу. Бул иш аны абдан кыйнады, ал көл-шал болуп тердеп кетип, маңдайынан аккан терди улам шыпыра берди да, эң акырында: «Жок, муну тим эле коюп, мага мурункудай эле көчүрө турган бирдеме бергиле» – деди. Ошондон тартып, аны өмүр бою кагаз көчүрүүгө калтырышты. Ал үчүн ушинтип кагаз көчүрүп олтуруудан башка такыр эч нерсе жок сыяктуудай көрүнчү. Акакий Акакиевич өзүнүн кийими тууралуу такыр ойлоочу эмес; анын вицмундири жашыл эмес, алда кандай бир бозомтук саргыч түстө болучу. Анын жакасы тайкы жана жапыз, ошондуктан, Акакий Акакиевичтин мойну узун болбосо да, ушундай жакадан чыгып турганда орустук чет элдиктер башына он чактыдан тагынып жүргөн калтырак баш гипс мышыктардын моюндары сыяктанып, дегеле бөтөнчө узун болуп көрүнүүчү. Качан көрсөң да, анын вицмундирине чөп же жип өңдүү бирдеме илээшип жүрө турган, анын үстүнө, Акакий Акакиевич көчөдөн өтүп бараткан-да, бирөө терезеден ар кандай ыпыр-сыпырларды ыргытып жаткан кезде туш келип кала турган бөтөнчө касиети бар эле, ошондуктан ал

качан болсо өз калпагына коон-дарбыздын кабыгын жана ушул өңдүү какыр-чикирлерди илээштире кетүүчү. Акакий Акакиевич көчөдө эмне болуп, эмне коюп жатканына өмүр бою бир жолу да назар салып койгон эмес. Ал эми анын башка бир туушканы, кандайдыр бир көзү көрөгөч жаш чиновник болсо, көчөнүн бул жагында баратып, тиги жагындагы кимдир бирөөнүн чалбарынын илмеги сөгүлүп кеткенин да абайлап, мыйыгынан күлүп калары белгилүү го.

Бирок Акакий Акакиевич бирдемени караса да, өзүнүн колу менен жазылган таптаза, тегиз саптардан башка эч нерсени көрүүчү эмес. Кээде, кайдан-жайдан келе калганы белгисиз бир аттын тумшугу ийнинен артылып жаагын көздөй бышкырып жибергенде гана, Акакий Акакиевич жазылган саптын ортосунда эмес, көчөнүн ортосуна келип калганын араң абайлачу. Үйгө келер замат ал столго отуруп сорпосун ичип, бир кесим эт менен пиязды жей турган, жегенде да алардын даамын да байкабай, чымын-чумунду, кыскасы, ошол мезгилде Кудайдын жиберген заттарынын бардыгын кошо сугунар эле. Курсагы төмпөйгөндүгүн сезгенден кийин столдун артынан туруп, сыя челегин алып чыгуучу да, үйгө ала келген кагаздарын көчүрө баштачу. Кыларга такыр иши жок болуп калса, бекер отурганча бекер иштейин дегенсип, сөзүнүн кооздугу жагынан болбосо да, кандайдыр жаңы же мансабы чоң адамга багышталгандыгы жагынан башкалардан бөлүнүп турган кагазды кайрадан көчүрчү. Петербургдун бозоруп турган асманы биротоло карарып, иңир киргенде да чиновник адамдардын ар кими өзүнүн чамасына, алган айлыгына жана өз көңүлүнө жараша тамак-ашын ичип, жайланып отурганда да, узунду күнү кечке департаментте калемди кычыратып кагаз жазып олтуруудан, курулай жүгүрүп жүрүүдөн, өзү менен өзгөнүн ишинен, кыскасы, жаны жай албаган пенде өзүнө өзү таккан түйшүктүн баарынан кийин тыным алган кезде да, чиновниктер бош калган убактысын ыракатка арнаган мезгилде да: чыйрактары театрды көздөй жөнөп, башка бирөөлөрү ары-бери өткөндөрдү карап жүрүү менен убакытты өткөрүү үчүн көчөгө чыгып кетишкенде да; бир даары бир аз чиновниктин ардагы болгон кандайдыр бир өңү жылма кызга комплимент айтуу үчүн кечеге кеткен кезде да, кай бирөөлөрү (мунусу көбүрөөк учурайт) анчейин гана эрмектешип олтуруу үчүн, төртүнчү же үчүнчү катарда оозгу үйү же ашканасы жана көрктүүрөөк көрүнүү үчүн анча-мынча жасалгасы, лампасы же далай жолу өз жанынан өзү аяп, тамактан да, оюн-зооктон да кечүүнүн натыйжасында алынган башка бир буюму бар чаканыраак эки бөлмөдө турган курбусуна баруучу кезде да, кыскасы, чиновниктердин бардыгы чомун ойноо үчүн өзүлөрүнүн курбу-курдаштарынын кичинекей квартирчелерине барып, бир тыйындык кургак нан менен стакандан чай ууртап, чылым тартып, карта бөлүштүрүп жаткан мезгилде, жогорку коомдон таралган кандайдыр бир ушакты сүйлөп (орус киши андан эч качан тартынбайт

эмеспи), же айтууга кеп табылбай калганда Фальконеттин монументинин[1] атынын куйругу түшүп калгандыгы тууралуу кабарды айтып баргандарга кулагын түрүп турган комендант жөнүндөгү ооздон түшпөгөн анекдотту айтып олтурушканда, бир сөз менен айтканда, телегейи-текши көңүл ачууга умтулуп жаткан мезгилде да Акакий Акакиевич оюн-зоокко эч дит койчу эмес. Аны баландай кезде түкүндөй кечеден көрдүм деп эч ким айта албас. Моокуму канганча жазгандан кийин төшөккө жатуучу да, эртеңки күндү ойлоп, эртең да кудайым өзү көчүрүп жазууга бирдемени жиберер дегенсип, күн мурунтан жылмайып коюучу. Акысына төрт жүз сом алып, ошого жеткенине эле канимет кылып, өзүнүн тагдырына ыраазы болуп жүргөн адамдын бейкут өмүрү ушинтип өтүп жаткан жана жалаң гана титулярный советник эмес, тайный советник, анык советник, надворный советниктердин[2], ал түгүл, бирөөгө кеңеш бербеген, өзү да бирөөдөн кеңеш албаган ар кандай советниктердин турмуш жолунда кезигүүчү ар түрлүү кырсыктар болбосо, Акакий Акакиевичтин өмүрү картайганча ошентип өтүп кетмек.

Петербургда жылына төрт жүз сом, же ошол чамалуу ала тургандардын баарынын тең бир каардуу душманы бар. Бул душман кайсы десеңиздер, так эле биздин түндүктүн аязынын өзү, ырас, аны саламаттыкка жакшы деп да айтышат. Эртең мененки саат тогузда, көчөлөр департаментке бараткандарга толуп кеткен кезде, бул аяз мурундардын баарын тең ылгабастан черткилей баштайт, ошондуктан байкуш чиновниктер тумшуктарын кайда катарын билбей, айласы кетишет. Мына ушул мезгилде, жогорку мансаптагылардын да сууктан чекеси тызылдап, көзүнөн жаш куюла баштаган кезде, бечара титулярный советниктер кээде паанасыз калышат. Мындай учурларда алардын жалгыз аргасы: шинелдери үлбүрөгөн немелер беш-алты көчөдөн ылдамыраак чуркап өтүп, анан швейцарскийге жеткенде мыктылап жер тепкилеп алып, жолдо сенейип катып калган жан-дарманын жылытып, кызмат кылууга жарамдуулугун калыбына келтиришет. Жакын арадан бери Акакий Акакиевич, тиешелүү аралыкты тезирээк чуркап өтүүгө канчалык тырышса да, аркасы менен ийни өзгөчө тызылдап калып жүргөнүн сезе баштады. Эң акырында, шинелимде бир мандем бар го деген ойго келди. Үйгө келгенде шинелин жакшылап карап чыкса, анын эки-үч жери, так эле аркасы менен ийини дакиден бетер алжырап туруптур: сукносу айласыз тозуп, тешилип, астарынын тамтыгы кетип калыптыр.

Акакий Акакиевичтин шинелин да чиновниктер шылдыңдаганын айта кетиш керек; ага шинель деген атты да ыраа көрүшпөй, жөн гана

[1] *Фальконеттин монументи* – Петербургдагы Петр I нин эстелиги; Фальконэ деген скульптордун долбоору боюнча жасалган.

[2] *Статский советник* – бешинчи класстагы чиновник. Тайный, действительный, надворный советниктер – экинчи, үчүнчү жана жетинчи класстагы чиновниктер.

капот[1] деген ат коюшкан. Чындыгында да бул шинелдин кейпи кызык эле: жакасы жыл өткөн сайын өөнөлүп кичире берүүчү, анткени башка жерлерине жамаачы болуп кете турган. Жамалганда да кынапталып жамалбай, кап сыяктуу шөлпөйүп, көрксүз болуп калуучу. Иштин жайын билгенден кийин Акакий Акакиевич шинелди Петровичке алып барайын деди. Петрович деген көмүскө тепкич менен чыкканда төртүнчү катарда турган кыйшык көз, чаар портной. Ал бирдеме ичпей башы соо турган кездеринде чиновниктердин жана башкалардын панталондору[2] менен фрактарын[3] эби-сыны менен жамап берүүчү. Бул портной тууралуу анын ийне-жибине чейин терип сүйлөбөй койсок да болор эле, бирок повестте ар бир адамдын мүнөзүн ачык-айкын көрсөтүү адат болуп калган соң, Петровичти да алдыңыздарга тартыш керек. Мурун ал жөн гана Григорий деп аталып, бир мырзанын малайы болуп туруучу, малайлыктан бошонуп, адегенде ар бир чоң майрам сайын, андан кийин чиркөө майрамдарында, айтор, календарда крестик коюлган күндөрдүн бардыгында аябай иче баштагандан бери ал Петрович деген атка конгон. Бул жагынан Петрович ата-бабасынын салтын сактап жүрүүчү жана аялы менен чатакташа кеткенде аны сопу аял, немка деп атай турган. Эми анын аялы жөнүндө сөз ачып койгон соң, ал киши тууралуу да бир-эки ооз сөз айта кетпесек болбос. Бирок тилекке каршы, ал тууралуу маалыматыбыз анчалык көп эмес. Петровичтин аялы бар экени, ал жоолук салынбастан, кептакыя кийип жүргөнү гана белгилүү; сулуулук жагынан бул аял мактанарлык эмес болучу, аны менен кездешкенде, гвардия солдаттары гана көзүнүн кырын салып, мурутунан күлүп, кандайдыр бир бөтөнчө үн чыгарып коюшар эле.

Акакий Акакиевич Петровичтин үйүн көздөй баруучу тепкич менен чыгып баратты. Эмнесин жашырабыз, бул тепкич баштан аяк сууга, жугундуларга толуп, спирт жыттанып, көздү ачыштырып туруучу. Мындай жыт Петербургдун үйлөрүнүн көмүскө тепкичтеринин баарысында бар эмеспи. Акакий Акакиевич так ушул тепкич менен өөдө чыгып баратып, Петрович канчаны сурарын ойлоду да, эки сомдон артык бере койбосмун деди. Эшик ачык туруптур, анткени Петровичтин аялы ашканада кандайдыр бир балыкты кууруюн деп, үйдү түтүнгө толтуруп жибергендиктен, жадегенде таракандар да көрүнбөй калыптыр. Акакий Акакиевич Петровичтин аялына да көрүнбөй, ашкана аркылуу төркү бөлмөнү көздөй киргенде, сырдалбаган чоң жыгач столдун үстүндө түрктүн падышасындай мандаш урунуп отурган Петровичти көрдү. Ал иштеп жаткан портнойлордун адаты боюнча жылаңаяктанып алыптыр. Адегенде эле Акакий Акакиевичтин көзүнө анын баягы ортону уруна

[1] *Капот* – халат түрүндөгү сырт кийим.
[2] *Панталон* – багелеги кууш шым.
[3] *Фрак* – эркектердин уча этеги узун, өңүр этектери оюк сырт кийими.

түштү. Петровичтин ортонунун алда кандай курушкан, таш баканын баш сөөгүнөн бетер катуу тырмагы бар эле. Петрович мойнуна жибек жип менен чарык жиптин түрмөгүн илип алып, тизесине кандайдыр бир чүпүрөктү жайып коюп олтуруптур. Ал ийнесин саптайм деп үч мүнөтчө мушакат тартып, саптай албагандан кийин караңгылыкка да, ал түгүл, жиптин өзүнө да ачуусу келип: «Сапталбады го жылас болгур, шайымды оодарып салды, жүзү кара!» – деп күңкүлдөп жатыптыр. Петровичтин ачууланып турган кезине келгенине Акакий Акакиевич өкүнүп калды; ал Петровичтин чери жазылып турган кезде, же аялы айткандай «кашайган шайтан аракка тоюп алган» учурда бирдемени заказ кылууну жакшы көрүүчү. Мындай учурларда Петрович оңоюраак тезге келип, айткан сөзгө да көнүп, ал түгүл, кайта-кайта баш урунуп, алкыш айтып калар эле. Ырас, кээде аялы келип: «Күйөөм мас болучу, мастыгынан арзан сурап коюптур» – деп ыйлап калуучу, бирок он чакты тыйын кошо койсо, ошону менен иш өз жайында боло турган. Бул жолу Петрович соо өңдүү экен, ошондуктан эпке көнбөчүдөй эле жана кандай бааны бычары бир кудайга гана маалим болучу. Акакий Акакиевич муну сезе коюп, ушунчамда кайра кайтайын деген, бирок иш башталып калган. Петрович аны жалгыз көзү менен үңүлө карап калганда, Акакий Акакиевич айласыздан: «Амансыңбы, Петрович!» – деп жиберди. А Петрович: «Шүгүр!» – деди да, кандай олжону алып келди экен дегенсип, көзүнүн кыйыгы менен Акакий Акакиевичтин колун карап калды.

– Мен сага, Петрович, мына берекини...

Акакий Акакиевич бирдемени сүйлөгөндө өз оюн көбүнчө жалгоо, демдөө сөздөр менен, же таптакыр мааниси жок мүчөлөр менен баяндай турганын айта кетиш керек. Эгерде өтө эле кыйналып баратса, баштаган сөзүн аяктабай да калуучу, ошондуктан көп убакта сөзүн: «Бул тим эле эметип...» – деп баштап коюп, андан кийин эчтеме айта албай токтоп калар эле да, айтар сөзүмдү бүттүм го деп, эмне дээрин өзү да унутуп коюучу.

– Эмне дейсиң? – деп сурады да, Петрович сыңар көзү менен Акакий Акакиевичтин вицмундирин баштан аяк жакасынан тартып жеңине, аркасына, этеги менен бүчүсүнө дейре карап чыкты. Мунун баары ага бештен белгилүү болучу, анткени өзүнүн колунан чыккан. Бирөө менен кезиккен кезде ушинтип калуу портнойлордун адаты эмеспи.

– Мен муну, Петрович, эметип... шинель го сукно... көрүп турасың го, өзгө жеринин баары бекем, бир аз гана кирдеп, эски өңдөнгөнү менен бул жаңы эле бойдон, бир жери гана эметип... далысы менен ийини гана бир аз кырылып, ийининин мына бул эле жери, көрүп турасың го, мындан башка эчтемеси жок. Иши да көп эмес...

Петрович капотту алып, эң оболу аны столго жайды, бир далай убакыт карап чыгып, башын чайкады да, терезеге колун сунуп, кандайдыр

бир генералдын сүрөтү тартылган тамеки соотун алды. Тамеки соотунун капкагына тартылган генерал ким экени белгисиз болучу, анткени анын так эле бетинин орду кол менен чукулуп, төрт бурчтуу кенедей кагаз менен чапталып коюлган. Тамекиден жыттап алган соң, Петрович капотту колу менен керип, жарыкка салып карады да, кайрадан башын чайкап койду. Анан айкарасынан салып карап, кайрадан башын чайкады да, бети кагаз менен чапталган генералы бар капкакты кайрадан ача салып, тамекиден шоркурата жыттагандан кийин капкакты жаап, тамеки соотун катып койду да эң акырында:

– Жок, муну жамоого болбойт: чалдыбары чыгып калыптыр! – деди.

Бул сөздөрдү укканда Акакий Акакиевичтин жүрөгү зырп эте түштү.

– Эмне үчүн болбойт, Петрович? – деди Акакий Акакиевич баладай жалооруп. – Ийини гана бир аз кырылып калган да, сенде майда-чүйдө жамаачылар бардыр.

– Жамаачыны табууга болот, жамаачы табылат, – деди Петрович, – бирок жамаачы сала турган жери жок да, жедеп тамтыгы кетип калыптыр, ийне тийгизсең эле, ыдырап кеткени турат.

– Ыдыраса, сен жамаачы сала койбойсуңбу.

– Ошол жамаачы сала турган жердин өзү жок да, жамаачы токтой турган жери жок, эң эле көп кийилиптир. Сукно деген аты эле калганы болбосо, үйлөп койсоң учуп кеткени турат.

– Бирдеме кылып эптеп бекитип бер. Антпесең болобу!..

– Жок, – деди. Петрович үзүл-кесил, – эчтеке кылууга болбойт. Тамтыгы кетип калыптыр. Андан көрө, күн суугуна айланып бараткanda муну чулгоо кылып алыңыз, анткени жука байпак бутту жылытпайт. Жука байпак акчаны көбүрөөк алуу үчүн немецтердин ойлоп чыгарган немеси го (Петрович кезеги келгенде немецтерди чымчып өтүүнү жакшы көрүүчү), чынында сиз жаңы шинель тиктиришиңиз керек.

«Жаңы» деген сезду укканда Акакий Акакиевичтин көзү караңгылап, белмөдөгү нерселердин бардыгы астын-үстүн болуп кетти. Ал Петровичтин тамеки соотунун капкагындагы бетине кагаз чапталган генералдан башка эчтекени көрбөй калды.

– Жаңы деген эмнеси? – деди ал уйкусурап жаткан немедей, – ага менин акчам да жок.

– Ооба, жаңыдан тиктирүү керек, – деди Петрович таш боор капарсыздык менен.

– Кана, эгерде жаңыдан болсо деги, анда тиги...

– Баасы канча болот дейсиз го?

– Ооба.

– Жүз элүү сомдон ашык турар, – деп Петрович эрдин жымырды. Ал бирөөгө сыр көрсөтүп, капысынан анын башын маң кылып, анан маң

болгон кишинин өңү-түсү кандай болуп кеткенин көзүнүн кыйыгы менен карап турууну жакшы көрүүчү.

– Бир шинелге жүз элүү сомбу? – деп байкуш Акакий Акакиевич кыйкырып жиберди, балким, туулуп бүткөнү анын кыйкырганы ушудур, анткени ар дайым акырын сүйлөчү.

– Ошондой, – деди Петрович, – дагы шинелди кандай тиктиреринe жараша болот. Эгерде жакасына суусар салып, жибек менен ичтелген капюшон[1] чыгарсак, анда эки жүз сомго жетер.

– Айланып кетейин Петрович, – деди Акакий Акакиевич жалооруган үн менен, Петровичтин айткан сөзүн укпагансып, уккусу да келбегенсип жана сыр көрсөтүшүн байкабагансып: – Эптеп оңдоп берсең, эч болбосо дагы бир аз киейин.

– Жок, оңдоого болбойт: эмгек да талаага кетет, акча да текке жок болот, – деди Петрович. Бул сөздү уккандан кийин Акакий Акакиевич эңги-деңги болуп чыгып кетти. Ал кеткен соң, Петрович өзүнүн да беделин кетирбей, портнойлук өнөрүнүн да баркын төмөн түшүрбөй калганына ыраазы болуп, көпкө дейре эрдин жымырып, ишке киришпестен тура берди.

Көчөгө чыкканда Акакий Акакиевич өңү же түшү экенин билбей турду. «Ушундай да болот экен ээ, – деди ал өзүнөн өзү, – чын жери, мен муну ушундай эметет го деп ойлогон да жок элем... Анан бир аз унчукпай туруп, дагы, – ушундай экен го! Эң акырында ушинтип калган экен го, мен муну ушинтип эметет экен деп такыр ойлогон да эмесмин». Андан кийин ал дагы бир топко чейин тунжурап туруп, кайрадан: «Ушундай экен да! Мен муну мындай болуп эметет го деп, деги күтпөгөн жерден ушинтип... Мен муну эч качан... ушундай иш болобу!» – деди. Ушул сөздөрдү айткандан кийин ал үйүн көздөй басуунун ордуна, кайда баратканын өзү да сезбей, таптакыр тескери жакка жөнөдү. Жолдо бараткaнда аны кандайдыр бир мор тазалагыч көөлүү капталы менен жөөлөп кетти эле, ийини бүт бойдон көө болуп калды; андан өтө бергенде жаңыдан салынып жаткан үйдүн үстүнөн итапкан акиташ төбөсүнө келип төгүлдү. Акакий Акакиевич мунун баарын байкаган жок, кийин гана айбалтасын каруусуна таяп, чор баскан алаканына чакчадан тамеки салып жаткан кароолчу менен сүзүшө кеткенде гана эсине кирди, ошондо да кароолчу: «Сен эмне кишинин так эле тумшугуна келип тирелесиң, сага эмне башка жол табылбай калдыбы?» – дегенде араң эсин жыйды. Ошондон кийин эки жагын каранып алып, үйүн көздөй бет алды. Эми гана эс-учун жыйнап, өзүнүн ал-жайын ачык-айкын, дапдаана түрдө көрдү да, өзү менен өзү мурункусундай мукактанып сүйлөшпөстөн, жүрөк сырын чечише турган санаалаш досу менен маектешип жаткан-

[1] *Капюшон* – тышкы кийимдин жакасына бекитилип, жаан-чачында башка чүмкөлө турган баш кийим.

сып, акыл-эстүүлүк менен тартынбастан аңгемелеше баштады. «Жок, – деди Акакий Акакиевич, – эми Петрович менен келишүү кыйын: ал азыр эметип... аялы анча-мынча төпөштөп койгон көрүнөт. Андан көрө мен жекшемби күнү эртең менен келейин, жекшембиге караган ишембинин кечинде ал өлгөнчө ичип, башы каңгырап калат эмеспи, ошондо ага баш жазар керек болот, ал эми аялы акча бере койбойт, так ушул учурда ага бир он тыйын бере коёюн, ошондо тезирээк көнөт да, шинелди да эметип...» Акакий Акакиевич өзүнө ушул кеп-кеңешти айтып, кайрат берип койду да, келерки жекшембиге чейин күттү. Күткөн күнү келгенде Петровичтин аялы бир жакка кетип баратканын алыстан көрө коюп, түз эле портнойдун үстүнө кирип барды. Айткандай эле Петрович ишембиден кийин көзү ала чакмак болуп, башын жерге салаңдатып, үргүлөп отуруптур, бирок ошондой болгону менен, иштин жайын түшүнгөн соң, шайтан сайып жибергенсип: «Болбойт. Жаңыдан тиктириңиз», – деди. Ошол замат Акакий Акакиевич анын колуна он тыйынды сунду. «Ракмат, мырзам, сиздин эсен-соолугуңуз үчүн бир аз ичип, тыңып алайын, – деди Петрович, – бирок шинель жөнүнөн убара болбоңуз: аныңыз такыр эчтекеге жарабайт. Жаңы шинелди келиштирип туруп тигип берейин, убада ушул болсун» – деди.

Акакий Акакиевич оңдоо жөнүндө ооз ачты эле, Петрович анын сөзүн чала угуп: – Жаңы шинелди сизге кандай да болбосун тигип берейин, бул жагынан кам санабаңыз, колдон келгенче тырышайын. Ал турсун, азыркы мода боюнча жакасын күмүштүн буусуна карматкан таралга менен бүчүлөгөндөй кылууга да болот, – деди. Мына ошондо гана Акакий Акакиевич жаңы шинелсиз иш болбой калганына көзү жетип, таптакыр чүнчүй түштү. Деги эмне кылуу керек, шинелди эмнеге, кайсы акчага тиктириш керек? Албетте, келерки майрамда бериле турган сыйлыкка дем байлоого болор эле, бирок бул акча алда качан бөлүштүрүлүп коюлган да. Жаңы панталон алыш керек болучу, өтүгүнүн эски кончун баштаткандыгы үчүн өтүкчүнүн карызын да бериш керек, анын үстүнө үч көйнөктү, анан басма сөздө атын атоого болбой турган ич кийимден бир-экини тиктириш керек эле, кыскасы, бардык акчанын орду эчак табылган болучу. Эгерде директор марттык кылып, кырк сомдун ордуна, кырк беш же элүү сом берсе дагы, ошондо да жарыбаган акча калмак, анысы шинелдин кунуна караандап да коймок эмес. Кээде Петрович тиге турган кийимине эрдин кунунан да ашыра сурай тургандыгын Акакий Акакиевич жакшы билүүчү. Андай убакта аялы да чыдай албай: «Сен эмне кутуруп кеткенсиңби, акмак! Кээде арзыбаган эле бирдемеге бирөөнүн кийимин тиге салат, эми карачы, өзүнүн кунунан да артык сурап турганын», – деп ажылдап калуучу. Петровичке сексен сом берсе эле бир шинелди тигип берерин ал билүүчү, бирок ошол сексен сомду кайдан алмакчы? Жарымын эптеп табууга болор, жарымы табылар,

бирок калган жарымын кайдан алат?.. Бирок окуучуларыбыз эң оболу жарымы кайдан алынганын билиши керек. Акакий Акакиевич өзү жумшаган ар бир сомдон бир тыйындан үнөмдөп калып, акча салуу үчүн капкагында тешиги бар бир кичине ящикке салып коё турган. Жарым жыл өткөн сайын ал чогулган жез тыйындарды санап чыгып, анын ордуна күмүш тыйын салып коюучу. Ал далайдан бери ушундай кылуучу, ушинтип жүрүп нечен жылдан бери жыйнаган акчасы кырк сомдон ашпаптыр. Ушунетип жарым акчасы колунда болучу, бирок калган жарымын кайдан алат? Дагы кырк сомду кайдан табат? Акакий Акакиевич ойлоп-ойлоп отуруп, жок дегенде бир жыл бою жөнөкөй чыгымдарды азайтыш керек деген тыянакка келди: кечкурун чай ичүүнү токтотуп, түн ичинде шам жакпай, бирдеме иштөө керек болсо, үйдүн ээсинин бөлмөсүнө барып, ошонун шамынан пайдалануу керек; көчөдө жүргөндө, өтүгүнүн таманын эртерээк жыртпас үчүн чебердеп басып, таш менен плиталардын үстүнөн аярлап бутунун учу менен жүрүү керек; мүмкүн болушунча кирди сейрегирээк жуудуруп, жыртылып калбас үчүн аларды үйгө келгенде чече салып, демикотондон[1] жасалган эски халатты кийип жүрүү керек – деди. Кептин чыны жакшы, Акакий Акакиевич адегенде бул шарттарга көнө албай кыйналып жүрүп, бир аздан кийин көнүп кетти, бирок ал келечекте шинелдүү боло турганын ойлоп, ошого канимет кылып жүрдү. Ошондон тартып анын тиричилиги да оңолгонсуду, үйлөнгөн өңдөнүп, жанында кандайдыр бир башка киши жүргөнсүдү, жалгыз бой кишидей болбой, кандайдыр бир жагымдуу өмүр шериги турмуш жолун бирге басууга макулдугун бергенсиди, анын бул өмүр шериги, ичине кебезден калыңдап шырыган, астары бышык шинелдин так өзү эле. Ал өзүнүн алдына белгилүү бир максат койгон адам сыяктуу бир аз чыйралып, кайраттуураак боло баштады. Анын өңү-түсү менен кылык-жоругунун мурунку ыкшоолук, бошоңдук, кыскасы, олку-солку жана дендароолук мүнөздөрдүн бардыгы жоюлду. Кай бир учурларда көзүнөн от жанып, ал түгүл, «жакасына суусар салдырсамбы» деген айбаттуу жана кайраттуу ойлор башына келе баштады. Бул ойлор аны энөө да кылып коё жаздады. Бир күнү кагаз көчүрүп жатып аз жерден ката жиберип коё жаздады да: «Ух!» – деп чочуп кетип, чокунуп эс алды. Ар бир ай сайын, эч болбоду дегенде бир ирет Петровичке барып, аны менен шинель тууралуу, сукносун кайдан алуу керек экендиги жөнүндө, өңү-түсү, баасы жөнүндө аңгемелеше турган болду. Петровичтен кайтканда, бир аз санаалуу болгону менен эң акырында ушунун баары сатылып алынып, шинель да тигиле турган кез келери жөнүндө ойлоп, ар дайым ыраазы болуп кайтар эле. Иш Акакий Акакиевич ойлогондон да тезирээк жүрө баштады. Күтүлбөгөн жерден директор Акакий Акакиевичке кырк да эмес, кырк беш да эмес, бакыйган алтымыш беш сом сыйлык чектеди:

[1] *Демикотон* – бышык кездеменин бир түрү.

же Акакий Акакиевичке жаңы шинель керек экендигин сездиби, же өзүнөн өзү эле ошондой болуп чыктыбы, айтор, ага жыйырма сом акча ашык тийди. Бул ишти ого бетер тездетти. Дагы бир эки-үч ай азыноолок ачка жүргөндөн кийин Акакий Акакиевич сексен сомго жакын акча чогултуп алды. Демейде былк этпеген жүрөгү эми дүк-дүк сокту. Биринчи эле күнү Петрович менен дүкөнгө жөнөдү. Сукнонун эң жакшысынан сатып алышты – башкача болууга мүмкүн эмес эле, анткени бул жөнүндө жарым жыл мурда алдын-ала ойлошкон жана баасын билүү үчүн дүкөнгө алда-нечен барышкан; эмнеси болсо да Петровичтин так өзү: мындан артык сукно болбойт, – деди. Астарына коленкор алышты; алганда да Петровичтин айтканына караганда жибектен мыкты, ары көркөм, ары жылтырак, бышык жана калың коленкордон алышты. Жакасына суусар сатып алышкан жок, анткени ал чыны менен эле кымбат болучу. Анын ордуна, дүкөндөгү мышык терисинин эң мыктысын тандап алышты. Мышыктын териси деген менен, алыстан караганда суусар экен деп ойлоого болот. Петрович шинель менен эки жумача алек болду, анткени шыруусу көп эле, антпегенде эбак бүтмөк. Тиккен акысына Петрович он эки сом алды – андан кем алууга мүмкүн эмес болучу: баарысы жибек менен тигилип, кош кабаттап кайылып, тигиштеринин бардыгын Петрович так өзүнүн тиши менен сыдырып, өңгүл-дөңгүл жеринин баарысын тегиздеп чыккан. Петрович акырында шинелди алып келген күн... бул күн кайсы экенин айтуу кыйын, бирок Акакий Акакиевичтин турмушундагы эң салтанаттуу күн болсо керек. Шинелди Петрович эртең менен, куп гана Акакий Акакиевич департаментке барардын алдында алып келди. Шинелдин мындай дал учурунда келиши эч качан болбос, анткени аяз бир кыйла күчөп калган жана мындан ары да катуулачудай эле. Шинелди алып келгенде Петровичтин жүзүндө кандайдыр бир маанилүү сыр бар болучу, Акакий Акакиевич анын жүзүнөн мындай сырды эч качан көргөн эмес. Петрович бир зор ишти аткарганын жана кийимдин астарын гана жаңылап, оңдогонду гана билген портнойлор менен жаңыдан тигүүчү портнойлордун ортосундагы асман менен жердей айырманы көрсөтө салганын толук сезип турган өңдүү эле. Ал ороп алып келген кол жоолугун чечип, шинелди алып чыкты: кол жоолук жаңыдан гана жуулган экен; кайрадан урунуу үчүн, анысын бүктөп чөнтөгүнө салды, шинелди алып чыккандан кийин Петрович аны кош колдоп кармап туруп, дагы бир сыйра жагалдана карап алды да, шамдагайлык менен Акакий Акакиевичтин ийнине жапты; анан арт жагын колу менен төмөн силкип тегиздеп койду; андан кийин аны Акакий Акакиевичке желбегей кийгизип көрдү. Акакий Акакиевич орто жашап калган адам болгон соң, жеңин ченеп көрөйүн деди; Петрович жеңин да кийгизип көрдү эле, жеңи да куп келишип калды. Кыскасы, шинель куюп койгондой жарашыктуу болуп чыкты. Сөз арасында Петрович кичине көчөдө вывескасыз тургандыктан, анын үстүнө

Акакий Акакиевичти көптөн бери билгендиктен гана арзан алгандыгын, болбосо Нева проспектисиндеги портнойлор жалаң гана тиккендиги үчүн жетимиш беш сом алып коё тургандыгын да айта кетти. Акакий Акакиевич бул жөнүндө Петрович менен сүйлөшкүсү келген жок, анын үстүнө Петрович бирөөнүн башын маң кылуу үчүн айтып жиберүүчү чоң суммалардан корко турган. Акакий Акакиевич анын акысын берди да, алкыш айтып, жаңы шинелди кийген бойдон департаментти көздөй жөнөдү. Петрович анын артынан кошо чыкты да, көчөгө токтой калып, шинелди көпкө чейин алыстан карап турду. Анан көмүскө көчө менен айланып барып, Акакий Акакиевичтин алдынан чыгып, өзүнүн тиккен шинелине башка жагынан, мындайча айтканда, бет маңдайынан дагы бир сыйра көрүп калуу үчүн атайын эле туура жакка бурулду. Ошол мезгилде Акакий Акакиевич кубанычы койнуна батпай кетип бараткан. Үстүнө жаңы шинель кийип келатканын ал мүнөт сайын эстеп, кубангандан бир нече жолу жымың этип күлүп да койду. Чындыгында эле кош пайда эмеспи: жылуу десе жылуу, жакшы десе жакшы. Баскан жолун байкабай, департаментке жетип келгенин гана көрүп калды; швейцарскиге киргенде шинелин чечип, аны баштан аяк карап чыкты да, швейцарга көздөтүп койду. Акакий Акакиевичтин жаңы шинель кийип келгенин, анын мурунку капоту эми жок болгонун департаменттегилер кантип биле коюшканы белгисиз. Айтор, Акакий Акакиевичтин жаңы шинелин көрөбүз дешип, көз ачып-жумгуча швейцарскиге чуркап келишти. Баарысы тең салам айтып куттуктай баштаганда Акакий Акакиевич адегенде күлүп коюп турду эле, андан кийин уялып да кетти. Анан баарысы аны ортого алып, эми жаңы шинелди жууш керек, кур дегенде кече өткөрүш керек деп чуркурай баштаганда Акакий Акакиевичтин айласы кетип, эмне кыларын, кандай жооп кайтарарын жана кандай шылтоо табарын билбей калды. Бир нече мүнөттөн кийин гана аябай кызарып кетип, момундук менен: бул жаңы деле шинель эмес, анчейин эле бир эски шинель демиш болду. Акырында, столоначальниктин жардамчысыбы, айтор, чиновниктердин бири бой көтөрбөй тургандыгын билдирейин дедиби, же өзүнөн төмөнкүлөрдү да жерибегендигин билдиргиси келдиби: «Эмесе, Акакий Акакиевичтин ордуна кечени мен өткөрөйүн, меникине чайга келүүңүздөрдү сурайм, анын үстүнө, бүгүн менин туулган күнүм» – деп калды. Чиновниктер, кайдан тим турушсун, ошол замат столоначальниктин жардамчысын куттукташып, анын сунушун ыкласы менен кабыл алышты. Акакий Акакиевич аныкына бара албай тургандыгын айтып көрөйүн деди эле, баарысы тең: аның уят, маскаралык, өңгөлөр болбосо да сен барбай коё албайсың дешти. Бирок бир пастан кийин ушунун шылтоосу менен кечкисин да жаңы шинелди кийип баса тургандыгын эстеп, көңүлү көтөрүлө түштү. Бул күн Акакий Акакиевич үчүн салтанаттуу чоң майрамдын күнүндөй болду. Үйүнө ал эң эле көңүлдүү кайт-

ты, шинелин чечип, этияттык менен тамдын бооруна илип койду да, ичи-тышына дагы бир сыйра көз жүгүрттү, ошондон кийин атайы салыштыруу үчүн чалдыбары кеткен эски капотун алып чыкты. Эски капотун карап алып, өзү да күлүп жиберди: айырмасы асман менен жердей! Андан кийин да тамагын ичип жатып, эски капотунун кебете-кешпири эсине түшкөн сайын күлүп коюп олтурду. Тамакты абдан көңүлдөнүп отуруп ичти. Тамакты ичип болгондон кийин ал эч кандай кагаз жазган жок, жөн гана төшөктүн үстүнө жатып, иңир киргенче бир аз эс алды. Анан буйдалып олтурбастан, кийимин кийип, үстүнө шинелди жамынып көчөгө чыкты. Мейманга чакырган чиновник кайда турганын айта албайбыз: өтө эле унутчаак болуп кеттик, анын үстүнө Петербургдагы нерселердин баарысы, көчөлөрдүн, үйлөрдүн бардыгы башыбызда чалды-куйду болуп чаташып калган, андыктан андан бирдемени орду менен табуу кыйын. Эмнеси болсо да ал чиновник шаардын эң мыкты бөлүгүндө, демек, Акакий Акакиевичтен бир кыйла жерде турганы кадиксиз. Адегенде Акакий Акакиевич жарыгы аз, ээн көчөлөрдөн өтүүгө тийиш болучу, бирок чиновниктин үйүнө жакындаган сайын көчөлөр, кыймылдуу, элдүү жана жарыгыраак боло баштады. Ары-бери жүрүүчүлөр көбөйүп, кооз кийинген аялдар да, жакасы кундуз эркектер да көбүрөөк учурай турган болду, алтындын буусуна карматкан чегеден жыш кадалган жыгач чаналары бар ванькалар сейрегирээк кезигип, алардын ордуна күрөң кызыл баркыттан шапке кийген, сырдалган чанасы, аюу талпагы бар лихачтар[1] жолуга баштады жана дөңгөлөктөрү менен карды кычыратып, кооздолгон кареталар көчөдөн зуулдап өтүп жатты. Акакий Акакиевич булардын бардыгын кандайдыр бир жаңылыктай карап баратты. Ал бир топ жылдан бери кечкурун көчөгө чыгуучу эмес. Бир магазиндин жарык кылынган терезесинин тушуна келип, кандайдыр бир сулуу аялдын сүрөтүн көргүсү келип токтоп калды, ал аял башмагын чечип жатып, келбеттүү бутун бүт дээрлик жылаңачтап туруптур; анын арт жагында башка бир бөлмөнүн эшигинен бакенбардасы жана ээгинде жарашыктуу испаньолкасы[2] бар кандайдыр бир эркек башын кылтыйтып турат. Акакий Акакиевич башын чайкап, күлүп койду да, жолуна түштү. Эмне үчүн күлүп койгонун билбейбиз, же таптакыр бейтааныш, бирок ар бир эле адамда кандайдыр бир сезимди ойготкон нерсени жолуктургандыгы үчүн күлдүбү, же көп чиновниктер сыяктуу: «Деги ушул французддарчы! Сөз жок, алар бирдемени жасагысы келсе, тим эле эметип…» – деген сөздөрдү айткысы келдиби. Балким, муну ойлогон эмес чыгар – деги бирөөнүн ичине кирип, анын ойлогонунун баарын билүүгө болбойт да. Эң акырында столоначальниктин жардамчысы турган үйгө да жетти. Столоначальниктин жардамчысы сөөлөттүү турат экен: тепкичинде фонарь жанып

[1] *Лихачтар* – мыкты аттар чегилген кооз экипаждардын извозчиктери.

[2] *Испаньолка* – ээкке коюлган чокчо сакал.

туруптур, квартири экинчи кабатта экен. Оозгу бөлмөгө киргенде Акакий Акакиевич катар-катар тизилип турган көлөштөрдү көрдү. Алардын арында, бөлмөнүн так ортосунда буусу бурулдап, шуулдаган самоор турат. Тамдын боорунда чылк шинелдер менен плащтар илинген, алардын арасында кундуз жакалуусу, же баркыттан кайырма салдыргандары да бар. Тамдын ары жагынан меймандардын чуусу менен кобур-собуру угулат, бир оокумда эшик ачылып, патнусуна куру стакандарды, каймак салгыч менен сухарь салуучу себетчени шыкырата тизип алган лакей чыга калганда, бул добуш катуураак угула баштады. Кыязы, чиновниктер эчак эле чогулуп, бир стакандан чай ичишсе керек. Акакий Акакиевич өз шинелин өзү илип бөлмөгө кирди, кирип барганда анын көзүнө чиновниктер, чылымдар, карта ойноочу столдор жыбырай түштү да, кулагына кандайдыр бир башкача шоокум: чар тараптан чыккан шыбыр-күбүр, ордунан жылдырылган отургучтардын добушу угулду. Ал эмне кыларын билбей, бөлмөнүн ортосуна шоңшоюп туруп калды. Бирок ошол замат аны көрө коюшуп, баары тең дуу көтөрүлүп аны каршы алышты да, кийим иле турган бөлмөгө барышып, анын шинелин кайрадан карап чыгышты. Акакий Акакиевич бир аз уялыңкырап калса да, ак көңүл адам эмеспи, баарысы тең шинелин мактаганын көрүп, чыны менен кубанды. Ошондон кийин баарысы тең мунун өзүн да, шинелин да таштап коюп, карта ойной турган столго кайтып келишти. Мунун баары: кишилердин ызы-чуусу да, чокмороктоп отурушу да Акакий Акакиевичти айран-таң кылды. Ал эмне кыларын билбей колу-бутун, бүткөн боюн коёрго жер таппай турду, эң акырында карта ойногондордун жанына келип отуруп, картага, отургандардын ар кайсынысынын өңү-түсүнө көз жүгүрттү да, бир аздан кийин зеригип, эстей баштады. Анын үстүнө Акакий Акакиевичтин уктай турган мезгили да келип калган. Ал үйдүн ээси менен коштошоюн деди эле, жаңы шинелдин урматына шампандан бир бокал жутууга тийишсиң деп жибербей коюшту. Бир сааттан кийин тамак берилди. Берилген тамактар: винегрет, музоонун муздаткан эти, паштет, кондитер пирожокторy жана шампан эле. Акакий Акакиевичке эки бокал ичиришкенден кийин ал бөлмөнүн ичи көңүлдүүрөөк болуп калганын сезди, бирок ошондо да саат он эки болуп калгандыгын, үйүнө кайта турган маалы эбак келгендигин эси-көөнүнөн чыгарган жок. Үй ээси дагы жибербей кармап калабы деген ой менен бөлмөдөн акырын гана жылып чыгып, оозгу бөлмөдөн шинелин тапты, анысы жерде жатканына бир аз өкүнүп койду, шинелин күбүп-кагып, кыл-кыбырын алып таштады да, ийнине жамынып, тепкич менен көчөгө чыкты. Көчө али жарык эле. Кээ бир майда-чүйдө дүкөндөр, үй кызматчыларынын жана ар түркүн кишилердин ушул үздүксүз иштөөчү клубдары али ачык экен, калгандары жабык болгону менен али ээн эмес экендигин жана кайда жүрүшкөндүгү жөнүндө өз кожоюндарын айран-таң кылган үй кызма-

тындагы аял-эркектердин аңгемеси менен ушак-айыңдары аяктай элегин көрсөтүп, эшиктердин жылчыгынан жарыктын шооласы сызылып турган. Акакий Акакиевич көңүлү шат келатты, ал түгүл, кандайдыр бир шыпылдап баскан, ар бир мүчөсү өзгөчө шамдагай кыймылдаган сулууча аял жанынан өтө бергенде, анын артынан эмнегедир чуркап койду. Бирок ошол замат эле бул текирең жүрүш кайдан пайда болгондугуна өзү да таңыркап токтой калды да, мурункусундай жайыраак баса баштады. Бир аздан кийин ал кечкисин гана эмес, күндүзү да аңгырап ээн турган көчөлөргө түштү. Азыр алар мурдагыдан да ээн жана түнт болуп калыптыр. Фонарлар сейрегирээк учурай баштады, кыязы, май азыраак берилип калса керек; жыгач үйлөр, жыгач кашаалар гана турат; тегеректе мыдыр эткен жан жок; көчөдө жалтырап кар жатат да, уйкуга кирген жепирейген кепелердин терезелеринин жабылган капкалары кандайдыр муңдуу карарат. Акакий Акакиевич көчөлөрдүн тоомундагы учу-кыйырына көз жетпеген ээн аянтка жакындады, анын тиги жагындагы үйлөр араң эле көрүнөт.

Кай жерде экенин кудай билсин, тээ алыстагы бир будкадан от жылтылдайт. Бул жерге жеткенде Акакий Акакиевичтин ындыны өчө түштү. Аянтка ал жүрөгү алда кандай бир балааны сезгенсип, бүткөн бою дүркүрөп кирди. Артына, эки жагына каранды: айланасын деңиз курчап тургандай. «Жок, андан көрө карабай койгонум жакшы го» – деп ойлоду да, көзүн жумуп алып басты, андан кийин аянттын четине келдим бекен деп көзүн ача салса, так бет маңдайында кандайдыр бир мурутчан адамдар турганын көрдү, булар кандай адамдар экенин ажыратууга анын чамасы да келбеди. Анын көзү караңгылап, жүрөгү дүкүлдөдү. Жанагылардын бирөө алка жакадан алып, күркүрөгөн үн менен: «Мынабу шинель меники турбайбы!» – деди. Акакий Акакиевич, «караул» деп кыйкырайын деди эле, башка бирөө чиновниктин башындай болгон муштумун оозуна такап: «Кыйкырып көрчү!» – деди. Акакий Акакиевич шинелин үстүнөн сыйрып алышканын, бирөө тизеси менен ичке бир койгонун гана сезди, анан карга барып чалкасынан жыгылды да, ошондон кийин эчтекени туйбай калды. Бир нече минута өткөндөн кийин эсин жыйып, ордунан турса, тегеректе кыбыр эткен жан жок. Талаанын суук экенин, шинелинен да айрылганын сезип кыйкыра баштады, бирок үнү аянттын четине жеткендей эмес. Жан айласын таба албай, кыйкырган бойдон аянтты аралап, түз эле будканы көздөй чуркады. Будканын жанындагы кароолчу айбалтасына таянып, өзүн көздөй кайсы жин урган адам алыстан кыйкырып келатканын билгиси келип таңыркап карап турду. Акакий Акакиевич анын жанына чуркап келип, аптыккан үн менен:

– Сен уктаганды гана билесиң, эчтекеге көз салбайсың, кишини тоноп жатышса да көрбөйсүң, – деп кыйкыра баштады. Кароолчу болсо: – Эчтекени көргөнүм жок, сени аянттын ортосунан кандайдыр бир эки киши

токтотконун көрүп, достору го деп ойлогом, андан көрө жөнү жок сөгүнбөстөн, эртең надзирателге баргын, шинелди ким алганын ошол таап берет, – деп жооп кайтарды. Акакий Акакиевич үйүнө кейпи кеткен бойдон чуркап келди: жаагы менен желкесинде калган түгү таптакыр уйпаланып бүткөн; капталы менен көкүрөгү, панталону бүт кар болгон. Акакий Акакиевич турган квартирдин ээси кемпир эшиктин тири укмуштай тарсылдаганын уккан соң, карбаластап төшөктөн тура калды да, бир гана башмагын бутуна салып, уялгандан көйнөгүнүн көкүрөк жагын колу менен кармап, эшикти ачты, бирок эшикти ачары менен Акакий Акакиевичтин кейпин көрүп, артын көздөй кетенчиктеди. Акакий Акакиевич иштин жайын айткан соң, ал кемпир алаканын шак койду да: квартальный алдап коёт, убада берип коюп, анан убара кылат; андан көрө түз эле частныйга барыш керек, аны менен бир аз тааныштыгым да бар, анткени мурда меникинде ашмачы болуп жүргөн Анна деген чухонка азыр частныйдыкына нянька болуп иштейт, кээде частный биздин үйдүн жанынан ары-бери өткөндө анын өзүн да көрүп жүрөм, ал жекшемби сайын чиркөөгө барып кудайга сыйынат, а түгүл, кишилердин баарына жайдары мүнөз менен карап калат, демек, ошонусуна караганда, боорукер адам болсо керек, – деди. Ушундай кеңешти уккандан кийин Акакий Акакиевич кайгылуу абалда өзүнүн бөлмөсүнө кирди, бирок ал түндү кандай өткөргөнү жөнүндө ой жорууну башка бирөөнүн абалын анча-мынча түшүнө турган кишинин ыктыярына коёбуз. Эртеси ал таң заарынан частныйга барды, бирок уктап жатат деп айтышты; саат ондо дагы барды, кайрадан уктап жатат дешти; саат он бирде дагы барды – частный үйдө жок деп айтышты; түшкү тамак маалында барды эле, оозгу үйдөгү песирлердин жибергиси келбей, эмне иш менен, кандай мүдөө менен келгенин жана эмне болгонун сөзсүз билгиси келишти. Ошондуктан Акакий Акакиевич өмүрүндө биринчи жолу мүнөзүн көрсөткүсү келип:
– Мен частныйдын так өзүн көрүшүм керек, жибербей коюуга силердин акыңар жок, мен департаменттен казына иши боюнча келдим, эгерде силердин үстүңөрдөн арыздансам, ошондо көргүлүктү көрөсүңөр, – деп кесе айтты. Ошондо песирлер буга каршы эчтеке айта алышкан жок, анан бирөө частныйды чакырып келүүгө кетти. Шинелдин сыйрылып кетиши жөнүндөгү аңгемеге частный кандайдыр таң каларлык мамиле жасады. Ал иштин негизги пунктуна көңүл бурууну ордуна Акакий Акакиевичтен: – Эмне үчүн мынча кеч айтасың, башка бир ыплас үйдө болгон жок белең – деп сурай баштады, ошондуктан Акакий Акакиевич айласын таппай калды да, шинель жөнүндөгү иш ийгиликтүү бүтөрүн же бүтпөсүн өзү да билбей, частныйдан чыгып кетти. Ошол күнү ал керели-кечке мекемеде болгону жок, өмүрүндө мекемесине барбай калганы ушул. Эртеси ал купкуу болуп, мурдагыдан да тамтыгы кеткен эски шинелин кийип кызматка келди. Шинелдин тонолушу жөнүндөгү аңгеме Акакий

Акакиевичти шылдыңдабай тура албаган чиновниктердин чыкканына карабастан, бир тобунун зээнин кейитти. Ошол замат буга көптөп жардам жыйып бермек болушту, бирок арзыбаган гана бирдеме чогулду, анткени чиновниктер директордун портретине, анын үстүнө, бөлүм начальнигинин сунушу боюнча анын жазуучу досунун кандайдыр бир китебине жазылып коюшуп, ансыз деле чыгымдуу болуп калышкан, ушинтип жарыбаган гана акча чогулду, ырайымдуураак бирөө Акакий Акакиевичке жок дегенде орундуу кеңеш менен жардам берейин деди да: сен квартальныйга барбай эле кой, анткени квартальный чоңдордон эптеп алкыш алыш үчүн шинелди эптеп тапкан күндө дагы, эгерде шинель сеники экенин закон жүзүндө далилдей албасаң, баары бир шинель полицияда кала берет; андан көрө, сен ушунда бир зор улукка кайрылгын, бул зор улук тиешелүү кишилер менен кабардашып сураштырат да, ийгиликтүү бүткөртөт, – деди. Башка айласы барбы, Акакий Акакиевич зор улукка бармак болду. Зор улуктун мансабы эмне экени ушул күнгө дейре белгисиз. Бул зор улук жакын арада же зор улук болгонун айта кетиш керек, андан мурда да жөн гана кичине улук болучу. Бирок анын азыркы орду да, өзүнөн башка зор улуктардыкына караганда анчалык деле зор эмес деп эсептелүүчү. Ошондой болсо да, өзгөлөргө зор көрүнбөгөн нерсе кай бир адамдарга зор көрүнөт эмеспи. Анткени менен жанагы зор улук өзүнүн зордугун алда нечен амалдар менен күчөтүүгө тырыша турган: өзү кызматка келе жатканда, майда чиновниктер аны тепкичтен эле тосуп ала турган адатты кийирди. Өзүнүн үстүнө эч бирөөнү түздөн-түз киргизбестен, баарысын катуу тартип менен жүргөндөй кылды: иштин жайын коллежский регистратор – губернский секретарга, губернский секретары титулярныйга же ошол өңдүү дагы бирөөнө баяндап, анан ошондон кийин гана иш өз колуна тийгендей болду. Биздин касиеттүү Руста бирөөнү туурап калмай адат баарысында бар эмеспи, ар бир эле адам өзүнүн начальнигин туурап, ошонун жолун жолдогусу келет. Ал түгүл мындай деген сөз бар: кандайдыр бир титулярный советникти өзүнчө бир кичинекей канцеляриянын башкаруучусу кылып дайындап коюшса, ошол эле замат өзүнө атайы бир бөлмө бөлдүрүп алыптыр да, ага «иш бөлмөсү» деген ат бериптир жана эшиктин түбүнө кандайдыр бир кызыл жакалуу, ноколуу капельдинерлерди[1] тургузуп коюптур; «иш бөлмөсүнө» кадимки эле кат жазуучу стол араңдан зорго батканына карабастан, алар келгендердин ар бирине эшик ачып берип туруучу экен. Жанагы зор улуктун кылык-жоругу, салт-адаты салабаттуу жана сүрдүү эле, бирок көп татаал эмес болучу. Анын системасынын негизи – катуулук. Качан болсо: «Катуулук, катуулук жана да катуулук» – деп айтып калар эле да, акыркы сөздү айтканда сүйлөп жаткан кишисине сурдана карап калуучу. Минтип калуунун эч кандай кажаты жок болучу, анткени канцеляриянын

[1] *Капельдинер* – театрга кире бериште билеттерди текшерип туруучу кызматчы.

башкаруу механизмин түзгөн он чакты чиновник ансыз деле зирилдеп туруучу: аны алыстан эле көрө коюшуп, ошол замат иштерин таштап, начальник бөлмөдөн өтүп кеткенче какайып күтүп турушар эле. Өзүнөн төмөнкүлөр менен сүйлөшкөндө анын аңгемеси көбүнчө: «Мунун айбатын көрбөйсүңбү? Ким менен сүйлөшүп жатканыңызды билесизби? Алдыңызда ким турганын түшүнөсүзбү?» – деген үч гана сөздөн турар эле. Бирок ал чындыгында ак көңүл, жолдоштукка да жакшы, сылык киши болучу, бирок генералдык чин анын башын маң кылды. Генералдык чинди алгандан кийин ал эмнегедир адашып, изден тайды жана кандай болуп, кандай жүрөрүн таптакыр билбей калды. Эгерде өзү менен тең чамал адамдар менен кошулса, анда ал кадимки эле адамдай дурус, а түгүл, атайы эле эстүү адам болуп калуучу, бирок бир гана чини төмөнүрөөк кишилер бир чөйрөгө туш келишсе, тим эле айласыз болуп кетүүчү: эч сүйлөбөй, кишинин боору ачыгандай болуп калуучу, а түгүл, өзү да убактысын алда канча жакшы өткөрө ала турганын сезе баштачу. Кээде кандайдыр бир кызыктуу аңгемеге же топко кошулгусу келип турганы көзүнөн көрүнүп туруучу, бирок мен тарабынан бул аша чаап кеткендикке жатпайбы, тең туугандык болуп кетпейби, ошентип баркымды кетирип албайын? – деген ой аны токтото салуучу. Ушинтип ойлоонун натыйжасында, ал ылайым эле унчукпаган калыпта кала берип, анда-санда гана табышын чыгарып коюучу болду. Ушинтип жүрүп мерез киши атанып кетти. Биздин Акакий Акакиевич так ушундай зор улукка келди, келгенде да өзү үчүн деги эле орунсуз, бирок зор улук үчүн орундуу мезгилде келди. Зор улук өзүнүн кабинетинде отурган жана көптөн бери көрүшпөгөн эски таанышы менен эң эле көңүлдүү аңгемелешип жаткан. Ал адам мунун бала чакта бирге өскөн курбусу эле. Так ушул мезгилде ага Башмачкин деген бир киши келди – деп кабар кылышты. Зор улук корс этип: «Ким экен?» – деп сурады эле: «Бир чиновник», – деп жооп беришти. «А! Эмесе күтө турсун, убакыт жок» – деди зор улук. Бул жерде зор улук кызылдай эле калп айтып койгонун айта кетиш керек: анын убактысы деле бар эле, досу менен бар-жоктун баарын эбак сүйлөшүп бүткөн жана сөз арасында көпкө чейин унчукпай отурушкан, кез-кезде гана: «Ушундай, Иван Абрамович» – «Ырас, Степан Варламович!» – деп бир биринин санын акырындан таптап коюп олтурушкан. Бирок ошондой болсо да, көптөн бери кызмат иштебеген жана кыштакта узак туруп калган кишиге өзүнүн эшигинин алдында чиновниктер канчадан күтүп турарын көрсөтүү үчүн тиги чиновникти күттүрүп койду. Эң акырында сүйлөшүп бүтүп, ал турсун, унчукпай олтуруудан да жадап жана аркасы чалкалама жумшак креслодо отуруп, бирден сигарка тарткан соң, ошондо гана жанагы чиновникти эстегендей болду да, бирдемени баян кылуу үчүн кагаздарын алып, эшиктин түбүндө турган секретарга: «Баса, тиги жакта жанагы чиновник турса керек, кирүүгө

болот деп айтыңызчы», – деди. Акакий Акакиевичтин маанайы пас түрүн жана анын эскирген вицмундирин көрөр замат, ага кайрылып, ары кескин, ары бекем үн менен: «Сизге эмне керек?» – деди. Ушинтип сүйлөшүүгө ал азыркы орду менен генералдык чинди алардан бир жума мурда эле өзүнүн бөлмөсүндө ээн-элкин, күзгүнүн маңдайында туруп атайы машыга баштаган. Акакий Акакиевич эмитен эле калтаарып, бир аз мукактана түштү, анан тилинин эби келишинче, «тиги» деген бөлүкчөнү демейдегиден көбүрөөк колдонуп: – Шинелим жапжаңы болучу, ушинтип таш боордук менен тоноп кетишти, эми сизге кайрылып, сиз эптеп аракет кылып, тиги, таксыр обер-полицмейстер же башка бирөө менен кабардашып, шинелди таап берсеңиз деп өтүнүп олтурам, – деди. Мындай мамиле генералга эмнегедир өөн учурады. Эмне, урматтуу мырза, – деди генерал кескин түрдө, – тартипти билбейсизби? Кайда кирип отурасыз? Иштин кандай жүргүзүлөрүн билбейсизби? Бул жөнүндө сиз адегенде канцелярияга арыз берүүгө тийишсиз, анан ал арыз столоначальникке, андан бөлүмдүн начальнигине түшүп, андан кийин секретарга тийип, ошондо гана секретарь мага берүүгө тийиш болучу...

– Бирок урматтуу төрөм, – деди Акакий Акакиевич өзүнүн кенедей кайратын бүт жыйнап жана көл-шал болуп тердей түшүп: – Мен сиздин урматыңыздын тынчын алып жатканымдын себеби, секретарлар тиги... ишенимдүү кишилер эмес...

– Эмне, эмне, эмне? – деди зор улук. – Сиз качантан бери ушундай баатыр болуп калгансыз? Сиз мындай ойду кайдан алдыңыз? Начальниктер менен улуктарга карата мындай ээнбаштык жаш жигиттерге кайдан таралган!

Акакий Акакиевичтин жашы элүүдөн эбак ашып кеткенин зор улук байкабай калса керек. Акакий Акакиевичти жетимиштерге келген адам менен салыштырганда гана жаш жигит деп атоого болор эле.

– Сиз муну кимге айтып жатканыңызды билесизби? Сиздин алдыңызда ким турганын түшүнөсүзбү? Айтыңызчы, сиз ушуну түшүнөсүзбү, же жокпу? – Ушул учурда үнүн аябай бекем чыгарып, жерди бир тепти эле, жалгыз Акакий Акакиевич эмес, башкалардын да жүрөгү түшкөндөй болду. Акакий Акакиевичтин эси оой түштү, эңги-деңги болуп, бүткөн бою калчылдап, тикесинен тура албай калды: эгерде күзөтчүлөр чуркап келип, аны жөлөп калышпаса жерге тарс жыгылып кетмек; тырп этпей калган бойдон аны алып чыгып кетишти. Ал эми зор улук болсо, өзүнүн сүрүнүн натыйжасы күткөндөн да ашып түшкөнүнө, сөзү кишини эстен да тандыра ала турганына аябай маашыркан ып, буга курбусу кандай карарын билгиси келип, аны көзүнүн кыйыгы менен карап койду да, курбусу таңданган абалда калганын, а түгүл өзү да чочуй баштаганын көрүп, абдан ыраазы болду.

Тепкичтен кантип түшкөнү, көчөгө кантип чыкканы – мунун бири да Акакий Акакиевичтин эсинде жок. Ал колу-бутунун кыймылын да туйбай калды. Ушунча болуп өз өмүрүндө генералдан, анын үстүнө чоочун генералдан мындай катуу жемени ал эч качан уккан эмес. Көчө бойлоп, ызылдап соккон бороондо Акакий Акакиевич оозун кымтыбай, тротуарлардан адашып келе жатат. Петербургдун каадасы боюнча шамал төрт тараптан тең, бардык көчөлөрдөн келип, аны көздөй сокту. Заматта эле анын тамагы колдоюп шишип кетти; эптеп үйүнө жеткенде, бир ооз сөз айтууга да шайы келбей калды; бүткөн бою күпчөктөй шишип кетти да, төшөккө жыгылды. Кээде катуу жеменин күчү ушундай болот! Эртеси ага жел тийгени билинди. Петербургдун климатынын кең пейил жардамы менен Акакий Акакиевичтин оорусу демейдегиден тездей баштады; анан доктор келип, тамырын кармады да, сыркоо киши медицинанын кең пейил жардамысыз калбас үчүн гана малаам тартыш керек деп койду да, башка эч айла кыла алганы жок; ошону менен бирге, бир жарым суткадан кийин тиги дүйнөгө кетерин кабар кылды. Андан кийин үй ээсине кайрылып: «Эми сиз, байбиче убакытты текке кетирбей, азыр эле карагайдан табыт жасатыңыз, анткени эмен табыт маркум үчүн кымбат болот» – деди. Акакий Акакиевич бул мээримсиз сөздөрдү уктубу же жокпу, эгерде укса, бул сөздөр ага коркунучтуу таасир көрсөттүбү же жокпу, өзүнүн азаптуу өмүрүнө өкүндүбү же жокпу, мунун бирөө да белгисиз, анткени ал тынымсыз жөөлүп, делбеленип жаткан. Анын көз алдына биринен бири укмуштуу көрүнүштөр элестей баштады: бирде ал Петровичти көрүп, каракчыларды кармай турган тузагы бар шинелди заказ берип калат, бул каракчылар кроваттын астында жаткандай көрүнөт, а түгүл, төшөктүн астындагы каракчыны сууруп чык деп, кайта-кайта үй ээсин чакырат, бирде жаңы шинелим турса, эски капотту эмнеге илип койгонсуңар деп сурайт, бирде генералдын астына барып, анын жемесин уккан соң айыптуумун, урматтуу төрөм, – деп турганы көрүнөт; эң акырында, тири укмуштуу сөздөрдү айтып, бирөөнү аябай сөгүп калат, мурда мунун оозунан мындай сөздөрдү эч качан укпагандыктан, анын үстүнө бул сөздөр утур эле «урматтуу төрөм» деген сөздүн артынан айтылып жаткандыктан, үйдүн ээси кемпир чокунуп да турду. Андан кийин ал деги адам түшүнө алгыс чалды-куйду сөздөрдү айта баштады; бул чайды-куйду сөздөр менен ойлор баягы эле шинелдин тегерегинде гана болуп жатканын гана байкоого болор эле. Акырында, шордуу Акакий Акакиевичтин жаны таслим болду. Анын бөлмөсү да, буюмдары да печатталган жок, анткени биринчиден, анын мураскери жок эле, экинчиден, андан арзыбаган гана мурас калган, атап айтканда, бир тутам каз канаты[1], бир табак казыналык кагаз, үч түгөй байпак, панталонунан үзүлүп түшкөн эки-үч топчу, анан окуучуларыбызга белгилүү капот калган. Мунун баары кимге тийгени

[1] *Илгери каздын канаты менен жазышчу.*

бир гана кудайга маалым: чын жери, ушул аңгемени айтып жаткан киши бул жагына кызыккан эмес. Акакий Акакиевичти алып барып, мүрзөгө коюшту.

Ушинтип, Петербург Акакий Акакиевичсиз калды, калганда да бул жерде ал эч качан болбогонсуп калды. Ушинтип, эч ким көзүн салбаган, эч кимге баркы жок, эч ким кызыкпаган, а түгүл, жөнөкөй эле чымынды төөнөгүчкө сайып алып, аны микроскоп менен карамайынча кыя өтпөгөн табият таануучунун да көңүлүн өзүнө бурбаган инсан, канцеляриянын шылдың-күлкүсүнө кыңк этпестен чыдаган жана да эч жазыксыз эле көргө кирген, бирок кур дегенде өмүрүнүн акырында шинель түрүндөгү нурлуу мейман келе калып, анын жакын жакыр турмушун бир азга жандандырып кеткен, анан падышалар менен дүйнөнүн зорлоруна да келүүчү кырсык аны да ушинтип аёосуз баскан инсан дүйнөдөн кайтып жок болду... Акакий Акакиевич өлгөндөн кийин бир нече күндөн кийин: Тезинен келсин, начальник чакырып жатат, – деген буйрук менен департаменттен күзөтчү келди, бирок күзөтчү таш жалак болуп кайтты да, эми такыр келе албайт, – деп жооп берди; «эмне үчүн» деген суроого ал: «Жөн эле, өлүп калыптыр, көмүлгөнүнө төрт күн болуптур» – деп жооп кайтарды. Акакий Акакиевичтин өлүмү жөнүндө департаменттегилер ушундайча билишти, анан ошонун эртеси эле Акакий Акакиевичтин ордуна бою андан бир аз бийигирээк, тамгаларды тикесинен жазбастан, алда канча кыйгачыраак жазган жаңы чиновник олтуруп калды.

Бирок Акакий Акакиевич жөнүндөгү аңгеме ушуну менен бүтпөйт, өзү өлгөндөн кийин да, ал эч кимдин көңүлүн бурбаган өмүрүнүн өтөлгөсүн чыгарайын дегенсип, дагы бир нече күн чуулгандуу өмүр сүрөт деген кимдин оюнда бар эле? Бирок ошондой болуп чыкты жана биздин кайгылуу тарыхыбыз күтүлбөгөн жерден фантастикалык түргө айланды. Петербургга ушундай бир каңшаар таралып кетти: түн ичинде Калинкин көпүрөсүнүн жанынан жана андан да алысыраак жерлерден чиновник түрүндөгү бир өлгөн киши көрүнө баштаган имиш, ал кандайдыр бир уурдалган шинелин издеп, ошол уурдалган шинелдин шылтоосу менен эч кимдин мансабына да, атагына да карабай, туш келгендин баарынын жонунан ар кандай шинелдерди: мышык жака салынганын да, кундуз жакалуусун да, кебез шырыганын да, суусар, түлкү, аюу ичиктерди да, айтор, адам баласы өз денесин жабуу үчүн ойлоп чыгарган терилердин баарын тең сыйрып кетип жүргөн имиш. Департамент чиновниктеринин бирөө ошол өлгөн кишини өз көзү менен көрүп, Акакий Акакиевич экенин тааный коюптур да, эси чыгып кетип, шыйрагы үзүлгөнчө качыптыр, ошондуктан аны жакшылап карай албай, сөөмөйү менен тап бергенин гана көрүп калыптыр. Түн ичинде шинелдерин сыйыртып жиберген себептүү, титулярный совет-

никтерди мындай эле коёлу, тайный советниктердин да аркасы менен ийиндери суукка учурап жатат деген арыздар чар-тараптан үстү-үстүнө жаай баштады. Полицияда: бул өлгөн адам кандай да болбосун же тирүү, же өлүү бойдон, сөзсүз, кармалсын жана башкаларга сабак болсун үчүн аёосуз түрдө жазалансын деген буйрук берилди. Кирюшкин көчөсүндөгү кандайдыр бир кварталдын кароолчусу жанагы өлгөн киши кылмыш кылып жаткан жеринен, бир кезекте най тартып жүргөн ишсиз музыканттын фриза шинелин[1] сыйрып алып жатканында жуп үстүнөн чыгып, алка жакадан алыптыр. Аны жакадан кармап туруп, кыйкырып эки жолдошун чакырып алып, өлгөн кишини ошолорго көздөтүп коюптур да, өзү болсо өмүрүндө алда нече жолу тоңгон мурдун жибитип алуу үчүн өтүгүнүн кончунан тамеки соотун суурук чыгыптыр, бирок тамекисине өлгөн киши да чыдап тура алгыс болсо керек. Кароолчу бармагы менен оң таноосун басып алып, сол таноосу менен тамекиден шор тартып алайын дегенде, тиги өлгөн киши үчөөнүн тең көзүнө жаба чүчкүрүптүр. Алар колу менен көздөрүн аарчып алганча болбой, өлгөн киши көздөн кайым болуп жоголуп кетиптир. Ошондуктан булар аны кармаганын да, кармабаганын да билбей калышыптыр. Ошондон бери кароолчулар өлгөн кишилерден аябай коркуп калып, өлгөн киши эмес, тирүү кишилерди кармоодон чочуп, алыстан гана: «Эй, өз жолуң менен кете бер!» – деп кыйкырып калуучу болуптур. Бирок биз баягы зор улукту такыр эле унутуп койгон турбайбызбы, чындыгында ал мына ушул анык болгон окуянын фантастикалык багытынын себепчиси болду деп айтсак да болор эле. Адилеттүүлүк менен айта турган болсок, жемени аябай жеген шордуу Акакий Акакиевич кеткенден кийин бул зор улук өкүнүч өңдөнгөн бирдемени сезе баштаганын айтууга тийиишпиз. Анда да боорукердик жок эмес эле; мансабы сыртка чыгарууга көп учурда жолтоо кылганына карабастан, анын жүрөгүндө да далай жакшы сезимдер бар болучу. Алыстан келген досу кабинеттен чыгып кетер замат, бул зор улук шордуу Акакий Акакиевич тууралуу ойлонуп да калды. Ошондон бери ар күн сайын улуктун жемесине туруштук бере албай, купкуу болуп кеткен Акакий Акакиевич анын көз алдына көрүнүп туруучу болду. Акакий Акакиевич жөнүндөгү санаа анын тынчын абдан алган соң, бир жума өткөндөн кийин, анын ал-жайы кандай экен, чынында эле ага эптеп бир жардам көрсөтүүгө болбос бекен, – деп, Акакий Акакиевичтикине бир чиновникти жиберди, анан Акакий Акакиевичтин суук тийип өлүп калганын уккан соң, селдейе түштү, өкүнүчтө болуп, керели-кечке капаланып жүрдү. Анча-мынча көңүл ачып, жагымсыз ойду унуткаруу үчүн кечкурун ал өз досторунун бириникине барды. Анда нарк-шараттуу кишилер чогулган экен, анын үстүнө дагы бир жакшы жери, мансап жагынан баарысы тең чамалаш

[1] *Фриза шинель* – түктүү калың момозуйдан *(фризадан)* тигилген шинель.

экен, ошондуктан ал эчтемеден тартынбай олтура бергидей эле. Бул анын көңүлүнө эң сонун таасир көрсөттү. Бүткөн бою жазылып, жагымдуу сөздөрдү сүйлөп, кичи пейил болуп калды, кыскасы, кечти эң жакшы өткөрдү. Кечки тамактын убагында эки стакан шампан ичти, бул көңүлдү көтөрүү үчүн дурус таасир кыла турган суусун экени белгилүү го. Шампан анын көңүлүн желиктирди, ачыгыраак айтсак, ал үйүнө барбай эле Каролина Ивановна деген бир тааныш аялдыкына бармак болду. Бул аялдын түпкү ата теги немецтерден болсо керек эле. Зор улуктун көңүлү ага абдан жакын болучу. Ырасын айтыш керек, зор улук улгайып калган, үйлүү-жайлуу, өрнөктүү күйөө, ардактуу ата деп эсептелген киши эле. Эки уулу (алардын бирөө канцелярияда иштөөгө жарап калган), анан бир аз кайкы болгону менен татынакай мурду бар он алты жашар жакшынакай кызы ар күнү келип, bonjour papa[1] деп анын колун өөп турушар эле. Анын зайыбы, али ажары кете элек, а түгүл, абдан эле дурус аял адегенде ага өз колун өптүрүп, анан колун ошол замат ала салдырып коюп, күйөөсүнүн колун өбүүчү. Бирок зор улук, үй-бүлөсүндөгү назиктикке абдан ыраазы болуп жүргөнү менен достук мамилелер үчүн шаардын башка бир жеринен ынак аял күтүүнү туура тапты. Бул ынагы анын өз аялынан артык да эмес, жаш да эмес болучу, бирок бул жалганда андай окустуктар боло берет, аларды терген-тескөө биздин иш эмес. Ушунетип, зор улук тепкичтен түшүп чанага олтурду да, ат айдоочуларга: «Каролина Ивановнаныкын көздөй жөнө» – деди. Өзү болсо сөөлөт менен жылуу шинелине оронуп алып, орус адамы үчүн издесе табылгыс абалда, мындайча айтканда, өзүң эчтекени ойлобосоң да, биринен бири жакшы ойлор кубалатып жүрбөстөн, өзүнөн өзү башыңа келе бере турган абалда бара жатты. Тереӊ ыракатта баратып, ал кээде бүгүнкү кеченин эң көңүлдүү жерлерин, кичинекей чөйрөнү кыраан-каткы күлдүргөн сөздөрдүн баарын эсине салып турду, а түгүл, ал сөздөрдүн далайын билинер-билинбес кайталап коюп да жатты жана да алар мурункудай эле күлкүлүү экенин, ошондуктан өзү да чын дити менен күлгөнүндө таң кала турган эчтеме жок экенин туура тапты. Бирок кээ бир кезде гана кайдан-жайдан жана эмне себептен чыга калганы белгисиз ээликме шамал анын бетин каарылтып, бети-башына кар учуруп келип, жакасын кайыктын канатындай желбиретип, же тири укмуштай күч менен анысын башына чүмкөй салып, аны тынымсыз алек кылып, мазасын кетире баштады. Бир оокумда зор улук кимдир бирөө аны жакадан катуу кармап калганын сезди. Кылчайып карай салып, жапалдаш бойлуу, эскирген вицмундир кийген адамды көрдү да, ал Акакий Акакиевич экенин тааный коюп, үрөйү учуп кетти. Чиновниктин өңү кардай аппак жана куду эле өлгөн кишиникиндей эле. Өлгөн киши оозун кыйшайтып, оозунан көрүстөндүн

[1] *Саламатсызбы, ата! (Французча)*

демин чыгарып: «А! Акыры сен колго түштүңбү! Акыры мен сени тиги жакадан алдымбы! Мага сенин шинелиңдин кереги жок! Менин шинелимди табууга аракет кылбаганың аз келгенсип, мени жемелединби, кана, эми өзүңдүкүн бер!» – деген сөздөрдү айтканда зор улук корккосунан жүрөгү оозуна тыгыла түштү. Бечара зор улуктун жаны чыгып кете жаздады. Канцелярияда, айрыкча өзүнөн төмөнкүлөрдөн алдында абдан кайраттуу болсо да, анын айбаттуу түрү менен турпатын көргөндө эле ар кимиси: «Капырай, сүрү кандай!» – деп жүрсө дагы бул жерде ал, баатыр келбеттүү далай адамдардай эле аябай коркту да, кандайдыр бир талма ооруу тийбесин деп чочулай баштады. А түгүл, өзүнүн үстүнөн шинелин ыргытып жиберип, өзүнүкүнөн башкача алда кандай үн менен ат айдоочуга: «Жаныңдын бардыгынча үйдү көздөй чап!» – деп айкырды. Мерчемдүү мезгилде гана чыга турган, кала берсе, москоолураак дагы бирдеме менен коштоло турган үндү уккан соң, ат айдоочу алда неме болуп кетпесин деп башын ийнине катып алды да, камчысын бир үйрүп алып, жебедей учуп жөнөдү. Алты мүнөттөн азыраак аша бергенде, зор улук өз үйүнүн эшигинин алдына келип токтоду. Купкуу болуп, эси чыккан жана шинелсиз калган зор улук Каролина Ивановнага баруунун ордуна, өлдүм-талдым менен өз бөлмөсүнө араң жетти жана түндү чар учкандай өткөрдү, ошондуктан эртеси эртең менен чай ичип олтурганда кызы түз эле: «Бүгүн сенин такыр өңүң жок, папа» – деди. Бирок папасы унчукпады жана эмне болгону, кайда барганы, кайда барайын дегени жөнүндө эч кимге бир ооз сөз айткан жок. Бул окуя ага эң күчтүү таасир көрсөттү. А түгүл, өзүнүн карамагындагыларга: «Мунун айбатын көр, сиздин алдыңызда ким турганын түшүнөсүзбү» – деген сөздөрдү сейрегирээк айта турган болду, айтса да иштин жайын билгенден кийин айта турган болду. Дагы бир жакшы жери, ошондон бери өлгөн чиновник такыр көрүнбөй калды: кыязы, генералдын шинели анын боюна абдан чак келсе керек; эмнеси болсо да биröönүн шинелин сыйрып кетиптир деген каңшаар эч жерден угулбай калды. Ошентсе да бышык, камкор далай адамдар дагы эле тынчтангысы келбей, жанагы өлгөн чиновник шаардын чет жакасынан али да көрүнүп калат экен деп айтып жүрүштү. Ырас эле, коломналык кароолчулардын бири кандайдыр бир үйдүн далдасынан арбактын чыга калганын өз көзү менен көрүптүр, бирок бул кароолчу өзүнүн түпкү жаратылышы боюнча бир аз чабалыраак киши экен, ошондуктан бир жолу кандайдыр бир өзүмдүк үйдүн бурчунан чыга калган кадимки эле чоң торопой коюп өткөндө жыгылып кетип, тегеректе турган извозчиктерди кыраан-каткы күлдүрүптүр да, ушинтип шылдың кылышкандыгы үчүн алардан тамекилик тыйын жыйнап алыптыр ушунтип, бул кароолчу чабалыраак болгондуктан, арбакты токтотууга батына албай, караңгыда анын артынан кошо баса бериптир, акырында арбак капы-

сынан артына кылчайып, токтой калып: «Сага эмне керек?» – деп сураптыр да, тирүү кишилерден да табылбай турган муштумун көрсөтүптүр. Кароолчу: «Эчтеме керек эмес» – дептир да, ошол замат эле кайта жөнөптүр. Ал эми арбак болсо, бою мурункудан алда канча узун, барпайган чоң муруту бар неме экен, ал Обухов көпүрөсүн көздөй арыштагандай болуп, түнкү караңгылыкка житип кетти.

Которгон **Олжобай ОРОЗБАЕВ**
**1952-жыл.**

---

*Кыргыз Эл жазуучусу* **Олжобай ОРОЗБАЕВ** *(1920–2005-жж.) 1920-жылы Ысык-Көлдөгү Темир айылында туулган. Ата Мекендик улуу согушка катышып, эки ирет оор жаракат алган, согуштан кийин партиялык жооптуу кызматтарда, Кыргызстан Жазуучулар союзунда, «Ала-Тоо» журналында жооптуу секретарь, баш редактор болуп иштеген.*

*А.Гайдардын, Н.Лесковдун повесть, аңгемелерин, Байрондун «Шильон туткунун», Р.Ролландын «Кола Брюнон» романын, Гоголдун «Тарас Бульба», М. Шолоховдун «Тынч Дон» романынын эки китебин ж.б. көптөгөн чыгармаларын кыргыз тилине, Т.Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романын орус тилине которгон. О.Орозбаевдин «Кыл көпүрө» повести бүткүлсоюздук А.Фадеев атындагы сыйлыкка арзыган.*



**Сергей**
**СТЕПАНОВ**

*Поэзия*

# Нежная снежная

*Мне чуждый ангел,*
*хрупкий снег*
*Несбыточным встревожил душу.*
*И времени неспешный бег*
*Своей внезапностью нарушил.*

*Из неба звездной темноты*
*Ты вырвался*
*комами света –*
*Сквозь пелену моей судьбы*
*Грехопадением поэта.*

*Предвестник скорых перемен,*
*Ты пахнешь свежестью*
*прощанья,*
*И будущность мою ничем*
*Не омрачаешь в расставанье.*

*Усталый ангел, хрупкий снег,*
*Беззвучно расколов пространство,*
*Припал к земле.*
*Так человек,*
*Ни в чем не зная постоянства,*

*Летит средь звезд,*
*не окрылен.*
*Землей вращаем бесконечно.*
*Печатью гения клеймен.*
*В грехе своем распят навечно.*

*И снега счастьем одарен,*
*Творцом забыт в глуши времен.*

## Тайное

*Отсутствие ума необъяснимо.*
*Но предсказуемо почти у всех.*
*Скупа природа на прозренье,*
*мнимо*
*нас уравняв. И глупостью навек*
*отметив род людской.*
*Невыносимо*
*глядеть на мир, где нет уж никого…*

*Отсутствие ума необъяснимо!*
*И приговор –*
*присутствие его.*

## Я и ты

*Непредсказуемо могуч,*
*ловлю я солнце в сонме туч.*

*И, огранен Творца резцом,*
*вдруг в травы падаю лицом.*

*Исполнить прошлого черту*
*спешу, едва дыша, к листу.*

*И обретаю истин свет,*
*в глуши утраченный поэт.*

*…В миру затерянный навек,*
*ты счастлив смертью,*
*человек!..*

*Гонимый вдохновенья плетью,*
*я пригвожден – пером*
*к бессмертью.*

*Истратив веру и мечты,*
*мы разойдемся.*
*Я и ты.*

## Когда бы я…

*Когда б я мог, как Бог, единым взором*
*окинуть Мир в единый сей момент, –*
*пришел бы в ужас, обуян простором.*
*И попросил…*
*прикрыть эксперимент.*

*Бог не согласен будет, это ясно.*
*И, чтоб не тратить силы и огня*
*на проясненье замысла напрасно,*
*прикроет вмиг…*
*эксперимент меня.*

*Пусть человек – ошибка из ошибок,*
*Творцу не жаль потраченного дня.*
*В попытке избежать подобных сшибок,*
*в других мирах*
*размножит Он меня.*

*Меж звезд давно расставлены акценты.*
*Случилось все,*
*что будет чрез века…*
*Историей затерты прецеденты,*
*как Homo смысл искал у камелька.*

*Да, копий наштамповано немало…*
*Еще добавить могут. А пока*
*ищите. И обрящете лекало –*
*с копьем в руке, с огнем на мотылька!*

*Звероподобен человека норов…*
*Творцу подобен! – лирики твердят.*
*И только мы с Ним, Мир окинув взором,*
*прознали, что в галактиках творят…*

*Когда бы я… – изгнал бы нас с позором*
*с планеты этой, где цвел райский сад!*
*Но, милосердный, отобрал топор Он,*
*меня изгнав в который раз подряд.*

*Вновь появлюсь я, в дальней из галактик.*
*Воспряну духом. И опять к Нему –*
*с вопросом вечным из духовных практик:*
*когда, зачем,*
*кому и почему?..*

*Он не ответит, знаю. Нет в том смысла:*
*так много копий, и вопрос не прост…*
*И спрячет лик свой в запредельных числах.*
*Мол, хочешь знать, –*
*бозон поймай за хвост.*

*И я не прост: в секунду не отстану.*
*И буду вычислять и гомонить.*
*Пусть в квантах я запутаюсь с нулями,*
*но докопаюсь, где тот кварк зарыт.*

*И предъявлю его: глядите, вот он!*
*И вздрогнет Он, свой замысел тая…*
*И ниц паду я, воспарив к высотам.*
*И не посмеет Он*
*изгнать меня.*

## Меч ты

*Навек оставив Рай земной,*
*увлечена душа мечтой.*

*Сладки ей грезы бытия*
*на острых гранях жития…*

*Увы, гербария цветы,*
*мы вянем на листах мечты.*

*И, искушенные судьбой,*
*вдруг осыпаемся трухой.*

*Ах, человек!.. В суровый век*
*твои мечты – и смех, и грех.*

*Неясной думой наделен,*
*ты прах пространства и времен.*

## Журавль

*Неисчерпаемый,*
*как кладезь,*
*вновь журавлем возвышен –*
*в радость.*

*Усталый путник!.. Не спеши.*
*Колодца воды так свежи.*
*И славно утоляют жажду.*

*И все же высохнут однажды*
*на перекрестии дорог.*

*…Когда же срок?*
*То знает Бог.*

*Проза*



**Давид**
**МАРКИШ**

*Родился в 1938 году в Москве, в семье знаменитого поэта Переца Маркиша.*

*В 1957 году Давид Маркиш поступил в Литературный институт им. Горького. Первые публикации появляются в 1958 году.*

*В 1972 году репатриировался в Израиль.*

*Давид Маркиш самый известный русскоязычный писатель современного Израиля. Он написал и опубликовал на русском языке одиннадцать романов. Большая часть его произведений переведена на иврит и другие языки и опубликован в США, Англии, Германии, Франции, Швейцарии, Швеции и Бразилии.*

*Удостоен семи израильских премий, премии Британской книжной лиги, международной литературной премии Украины и грузинской литературной премии имени Мачабели.*

# ЛУКОВЫЙ МЁД

Дом престарелых «До 120!» стоял на опушке цветущего лукового поля, на окраине белого города Кирьят-Парпар, в зелёной ложбинке – как раз на том месте, где Каин убил Авеля. В ясную погоду из Кирьят-Парпара можно было разглядеть невооружённым глазом небоскрёбы Тель-Авива, а ясная погода держится в наших краях почти круглый год. Лишь изредка, куда реже, чем хотелось бы, набегают невесть откуда зимние тучки и поливают иссушенную солнцем землю экономно, как из лейки. На смену зиме, не спрашивая разрешения у горожан, приходит лето, а там и осенние праздники на пороге. И прокручивается год, год за годом, – то ли потому что Земля крутится вокруг Солнца, то ли по какой другой веской причине. Жители города Кирьят-Парпар, ни при какой погоде не дотягивающие покамест до 120 лет, охотно посещают русскую столовку «Жар-птица», марокканский буфет «Марракеш» и опасливо обходят стороной эфиопский киоск «Царица Савская», где тебе вместо борща и хумуса предложат запечённого в баобабьих листьях летающего грызуна и нацедят в пластмассовый стаканчик безалкогольной бурды, способствующей, якобы, соблюдению заповеди «плодитесь и размножайтесь». На белых городских улицах обыватели лузгают подсолнухи и покуривают наргиле, из окон квартир и автомобилей до-

носятся песни Высоцкого и Офры Хазы; город лениво существует – ни Европа, ни Азия, а так, сам по себе.

В конце прошлого века высокая волна эмиграции русских евреев в Израиль – этих, по утверждению одного учёного профессора из тель-авивского университета, то ли хазар, то ли вообще татаро-монголов – задела золотым гребешком и Кирьят-Парпар. Приезжих было много – миллион, а работы мало. Рома Розенсон, бывший ленинградец и мастер велоспорта, не стал вешать нос на плечо, а поступил, долго не думая, на работу в богадельню «До 120!» на второй этаж, ночным медбратом. Почему медбратом, если Рома совсем ещё недавно гонялся на велосипеде по треку и при всём желании не мог мазь от замазки отличить? А потому что Роме просто повезло, удача ему привалила: в богадельне освободилась ставка, а в ночные медбратья не каждый-то и побежит. Можно было бы, конечно, нанять араба, но помощь новым репатриантам – почётный долг каждого израильтянина; вот Рому Розенсона и взяли.

И то – на велосипеде ему, что ли, оставалось ездить? На Святой земле езда на велосипеде дело сугубо личное: купи велосипед и езди, пока его не украли. А мастерский диплом можешь хоть к стене прибить, хоть на лоб приклеить: до трековых гонок мы пока ещё не дотягиваем, у нас других забот полон рот.

С велосипедом, значит, тут всё ясно, за велосипедную езду хоть по треку, хоть как никто гроша ломаного не даст. А вот со вторым этажом богадельни как раз наоборот. Там тоже на двух больших колёсах ездят, но на особый лад. На первом этаже ходят на своих ногах, с перебоями, но ходят, опираясь двумя руками на рогатый ходунок. У ходунка, как у зебры, четыре надёжных ноги – на две передние надеты, вместо копыт, колёсики размером с чайное блюдце, зато задние обуты, как в чуни, в надрезанные теннисные мячики для беспрепятственного скольжения по вымощенному полированной плиткой полу. Обитатели первого этажа, цепко взявшись за рога ходунка, толкают его вперёд и, семеня нестойкими ногами, преодолевают пространство. Одна убогая старушка сразу после завтрака впрягается в свой ходунок и пускается в путь – от столовой по коридору к чёрному ходу, ведущему в богаделенский садик. Добравшись до дверного проёма, старушка поднимает к потолку крупное одухотворённое лицо и возносит молитву: «Благословен ты, Боже, за то, что привёл меня сюда сегодня и сейчас». Вознеся молитву, старушка поворачивается вместе со своим ходунком на 180 градусов и пускается в обратный путь по коридору. Осилив путь до столовой, она делает остановку, вздымает лицо и произносит молитву: «Благословен ты, Боже, за то, что привёл меня сюда сегодня и сейчас…» Помолившись, она разворачивается и пускается в обратный путь к чёрному ходу. Так она путешествует до самого обеда, без перерыва на отдых, творя благодарственную молитву

в точке разворота… Не знаю как вы, а я испытываю к ней уважение за её жизненную твёрдость.

Но оставим в покое богомолку. Ей не отведена существенная роль в этой истории, пусть себе ходит по коридору из конца в конец. Да она мало чем и отличается от других обитательниц первого, «ходячего» этажа, почти целиком заселённого женщинами; старички здесь – большая редкость, их можно перечесть по пальцам одной руки. Почему так сложилось – вопрос, занимавший многих вдумчивых наблюдателей; ни один из них не получил на него исчерпывающего ответа ни от бывалых служащих богадельни «До 120!», ни от самих её обитателей, включая колясочников со второго этажа, где, в отличие от первого, абсолютное большинство составляли представители некогда сильного пола, а женщины встречались редко, как бабочки на снегу.

Так или иначе, после недолгого делового разговора с директором заведения в его кабинете на первом этаже, Рома Розенсон был радушно принят и на втором: в служебном помещении, своего рода каптёрке, его угостили растворимым кофе и сухим сахарным печеньем.

Угощали Романа две то ли сестры-сиделки, то ли няни-поломойки – Лара и Зина; ему было всё равно, на какой они тут числились должности. Обе приехали из России три года назад, обе были рады новому человеку – «своему». Зина выглядела лет на тридцать, не больше – голубоглазая стройная брюнетка на высоких ногах, знающая себе цену. Лара – та была постарше, за пятьдесят, много пережившая, ещё больше видевшая. Говоря без умолку о выставленном ею за порог пьянице-муже, о новом сердечном друге и о своей кручёной жизни, она перемежала бегущую речь легко ложившимся в строку матерком и подливала кофе, подкладывала печенье. А Зина сидела молча, только отрывисто поглядывала на Рому – давно и высоко оценив себя, привычно оценивала теперь симпатичного плечистого новичка.

В неширокои проёме приоткрытой двери каптёрки Рома видел, как по коридору, точно такому же, как и внизу, на первом этаже, ездили инвалиды в своих колясках. Они ездили уверенно и искусно, делая неожиданные повороты и обгоняя друг друга. Они двигались тесно, словно бы роясь. На людей в белых медицинских халатах, изредка возникающих то здесь, то там в их движущейся массе и возвышающихся над нею, они поглядывали со скрытым интересом, как на рыбаков рыбы из воды. Колясочники за стеной каптёрки являлись как бы существами иной формации, попавшие сюда, на второй этаж богадельни «До 120!», с другой планеты и почему-то здесь поселившиеся.

– А эти… – Рома Розенсон кивнул на дверь, – они, вообще-то, как? Смирные?

– Ну, как… – Лара пожала крепкими плечами. – Днём они ездят, в домино играют. А ночью спят. Можно сказать, что смирные.

– Куда они ездят-то? – спросил Рома.

– Да никуда! – сказала Лара. – Куда им ездить? Тут вот, по коридору.

– А на улицу? – спросил Рома.

– Да как они поедут! – удивилась такому вопросу Лара. – По лестнице они не могут, там же ступеньки, а ключа от лифта, – она вынула из кармана халата ключик на шнурке и показала Роме Розенсону, – у них, конечно, нет.

– А они хотят? – Рома взглянул на Зину, сидевшую молча. – Вниз?

– Мы не спрашиваем, – сказала Зина.

– А нижние, с первого, – продолжал расспрашивать Рома, – здесь, что ли, не показываются?

– Они же ходячие, – объяснила Зина. – Им сюда зачем?

– Но если, например, ноги у кого отнимутся, – добавила Лара, – тех могут сюда перевести, к нам. Были такие случаи.

– У наших тут всё есть, на втором, – сказала Зина скучным голосом. Ей надоел этот разговор, за чашкой кофе ей хотелось поговорить на другую тему: кем работал Роман в России и из какого города он приехал в Израиль – может, выяснится, что они земляки.

– Всё есть абсолютно! – подтвердила Лара. – И питание хорошее, и уход суточный. Мы им пелёнки поменяем и уложим на ночь, а ты уже потом смотри, если кто вызовет звонком.

– А сколько их всего? – спросил Рома, соображая, что может послужить причиной ночного вызова.

– Всего тридцать девять, – дала справку Зина, как будто подвела черту и сразмаху поставила печать.

– Тридцать восемь! – уточнила Лара. – Ночью же умер один, из восьмой палаты.

И вот тут-то через открытое окно в комнату влетела пчела.

Не возьмусь утверждать, что за все тридцать два года жизни Романа Розенсона пчёлы оказали на него какое-либо влияние. Он, разумеется, сталкивался время от времени, как каждый из нас, с этими насекомыми – где-нибудь в парке или в лесу. Но осмысленно, со знанием дела отличить пчелу от осы он бы не сумел. Да ведь, правду говоря, редко кто это и умеет в нашем урбанистическом мире, кроме пчеловодов, обладающих таким умением в силу своей профессии, да угрюмых дикарей, кормящихся собирательством где-нибудь в непролазных джунглях Папуа и Новой Гвинеи.

В отличие от назойливой, но безвредной мухи пчела обладает боевыми качествами: может ни с того ни с сего напасть на прохожего человека и ужалить. Набрасывались пчёлы и на Рому, он отмахивался и отбивался, но безуспешно: раз пять, а то и десять был атакован. Он не смог бы припомнить, где и при каких обстоятельствах случились эти нападения, да

такая памятливость ничего бы и не прибавила: цапнула сволочь, и всё тут. Опасливо глядя на пчелу с её жалом и ядом, летящую своей дорогой, Рома Розенсон даже на окраине сознания не выстраивал связь между нею и мёдом, которого был большой любитель. Мёдом медленно текущим в Святой земле, янтарно светящимся в стеклянных банках, на магазинных полках.

– Пчела, – настороженно следя за полётом насекомого, сказал Роман. – Дай-ка я её газеткой пришлёпну!

– Не надо! – предостерегла красивая Зина. – Другие сразу налетят, всех искусают.

– Случались уже такие случаи? – озабоченно подивился Роман Розенсон. – Чтоб всех подряд перекусали? Это сколько же их должно сюда поналететь…

– Тут пасека рядом, – дала объяснение Зина. – Их там тучи, просто тучи. В суд уже подавали – не помогает.

– Потому что судья – аферист, – рассудила Лара. – Тут, всё же, не лес, а дом престарелых. А пчёлы эти летают и летают. Это же опасно, особенно для пожилых людей! Не успеешь оглянуться, а они до смерти загрызут.

– Арабы тоже опасно, – сказал Роман. – И для пожилых, и для любых. И живут они рядом, им даже пасека не нужна. Во-он минарет торчит!

– Правда, – согласилась с такой оценкой действительности красивая Зина, а Лара привела возражение:

– Арабы хоть люди, от них любой вред можно ждать. А эти, – она укоризненно взглянула на гудящую над столом пчелу, – тьфу!

– Ты поосторожней, – предостерегла товарку Зина, – а то Петрик на тебя снова телегу накатает.

Зазвенел звонок к ужину, и колясочники, шелестя резиновыми шинами, ринулись по коридору к столовой. Роман не успел спросить, кто таков этот Петрик и, подымаясь из-за стола вслед за женщинами, подумал: «Наверно, левак какой-нибудь. За арабов заступается».

После ужина наступил черёд ночи и сна. Сёстры уложили колясочников в койки и разошлись по домам. Старшая сестра сидела в дежурке, там пел и шутил телевизор. Она сидела на высокой табуретке как капитан на своём мостике, посреди ночного моря, пустынного на первый взгляд и обманчиво спокойного. На вопрос Романа Розенсона, чем ему следует заняться в первую очередь, она лишь пожала плечами: инвалидная команда спит, что тут поделать. Эта сестра не склонна была к задушевным разговорам, и Роман, собравшийся было поделиться с нею своими знаниями о трековых гонках на велосипеде, молча выскользнул из дежурки в коридор. Там было пусто, хоть шаром покати, из открытых дверей палат доносились стоны и храп.

Южная ночь, эта чёрная красавица прилегла на Святую землю, опустилась тьма с небес на богадельню «До 120!» и скрыла её от чужих глаз. Да и

что на неё глядеть! Ночью добрые люди спят – и ходячие, и колясочники, и медперсонал, и звери в поле спят на свой лад: шакалы, и суслы, да и неустанные пчёлы на своей луковой пасеке. Только тать в ночи не спит, шастает тут кругом в поисках наживы.

Темень наступила. Где-то что-то такое читал Рома Розенсон про темень, подступающую к нашим отечественным краям – здорово было написано, очень живо, и вот запало в голову: «Тьма, пришедшая со Средиземного моря, накрыла… исчезли висячие мосты… опустилась с неба бездна и залила… базары, караван-сараи, переулки…» Это про нас, про нас: ведь отсюда можно до Средиземного моря на гоночном велике доехать за пятнадцать минут. Там было ещё интересно про какого-то чудака и как Иисуса Христа казнили.

Присев к регистрационному столику около лифта и уложив голову на согнутую в локте руку, Рома задремал. Ему снились бегущие по коридору богадельни криворогие антилопы-гну, он таких видел по телевизору, по каналу «National Geographic».

Посреди ночи затренькал звонок, заморгала красная лампочка на стеклянной, в золотой рамке панели вызовов: кто-то дёргал за шнурок в палате номер семь. Роман поднял голову от столешницы, выпрямился на стуле и, с удивлением сообразив, где он, быстренько зашагал на вызов по коридору, очистившемуся от антилоп-гну без следа.

Вызывал старик, мутно различимый в темноте четырёхместной палаты. Койка старика стояла у окна, жёлтый месяц и молоки звёздных путей были словно размазаны по чёрному стеклу. Приподнявшись на руках над подушкой, старик что-то говорил, твердил на непонятном наречье, из которого Роман Розенсон не различил ни слова. Видя искреннее непонимание Романа, старик вздохнул и по-русски произнёс отчётливо:

– Никак не засну. Таблетку дай.

Рома сбегал к дежурной сестре за снотворным, отнёс таблетку старику под окном и дал ему запить. Бессонный старик что-то невнятно пробормотал, подобрал сильные руки и бревном рухнул на подушку, так что кровать заходила ходуном на своих четырёх железных ногах. А Рома вернулся к хлипкому столику под доской вызовов, возле лифта, поёрзал головой по столешнице и, подложив под щёку регистрационный журнал, заснул сном праведника, кои ещё встречаются иногда на Святой земле, робко пасутся на её пажитях наряду с нечестивцами.

– Петрик из второй палаты, конечно, на весь этаж самый боевой, – сказала Лара, напяливая прорезиненный оранжевый фартук на медицинский халат. – Пчёлы – это у него задвиг такой, а так он знаешь какой учёный? И по истории всё знает, и по географии, и по чему только хочешь… Ахмед, поросёнок, опаздывает!

10 – 912

Дневная смена в богадельне «До120!» заступила в шесть утра, а медбрат Ахмед опаздывал. Подъём и мытьё колясочников под душем, таким образом, задерживалось до прихода араба. Роман мог идти, но спешить ему в такую рань было некуда. Он, честно говоря, ждал появления красивой Зины – поделиться с ней впечатлениями о первой рабочей ночи. Но Зина взяла на сегодня отгул – поехала в Крайот, на родину Иуды, чтобы пообщаться там с дальними родственниками, недавно прибывшими на ПМЖ из Кривого Рога.

На допотопном Фиате приехал Ахмед, и вместе с Ларой, в четыре руки, они споро перемыли своих стариков. Минут пятнадцать Рома Розенсон наблюдал, для общего развития, за их работой, а потом сел в автобус и поехал домой отсыпаться.

Дни, в очередь с ночами, то ли катились, то ли перекатывались с боку на бок, а время оставалось неподвижным для обитателей богадельни «До 120!». Петрик потянул шнурок экстренного вызова перед рассветом, в пятом часу утра. На улице было темным-темно, и не только наступление светлого дня, но и само его существование казалось сомнительным для всякого разумного человека.

– Ахмед? – спросил Петрик, когда Роман Розенсон проявился в чуть подсвеченном из коридора проёме двери.

– Роман, – сказал Рома, входя. – Ахмед – дневной, а я ночной. Новенький, первую неделю только работаю… На что жалуетесь?

– Ни на что, – сказал Петрик. – На что можно жаловаться?

– Вызывали? – терпеливо уточнил Роман Розенсон.

– Вызывал. – Он выговаривал «л» мягко и округло, с польским акцентом. – Садитесь вот сюда… Угостите болеутоляющим?

– Голова болит? – сказал Роман, присаживаясь на краешек койки. – Может, от погоды?

– А что там может болеть, в голове? – требовательно спросил Петрик. – Мозг выше боли, это факт. Тогда что – кость?

– Ну, не знаю… – сказал Роман Розенсон. – А таблеточку – пожалуйста: у меня болеутоляющее и снотворное всегда в кармане.

– У меня кости ноют, – сказал Петрик, проглотив таблетку. – А голова, молодой человек, болит оттого, что думает. Кто не думает, у того не болит… Вот, например, Настродамус.

– А? – спросил Роман. Делать ему было нечего, а Петрик интересно говорил. Даже непохоже, что левак.

– Ты не слыхал про Настродамуса? – приподнявшись на подушке, жёстко спросил Петрик.

– Как не слыхал! – с жаром отвёл подозрение Рома. – Я слыхал! – Он, действительно, кое-что знал о провидце – смотрел о нём фильм по ТВ и

даже читал статейку в «Google». Рома Розенсон, хотя и привык смотреть на мир с высоты велосипедного седла, любил интересные вещи и помимо велосипеда.

– Ну, хорошо, – отступил Петрик. – Допустим… Так вот, Настродамус подсчитал, что конец света наступит 21 декабря 2012 года. Астрономически подсчитал! Р-раз – и всё!

– Как – всё? – с недоверием переспросил Рома. – Совсем, что ли?

– Индейцы майя, про которых ты, наверно, тоже слыхал, – продолжал Петрик, – а Настродамус про них не то что не слыхал, но даже не подозревал об их существовании – эти индейцы пришли к тому же выводу: конец света произойдёт через два года, 21 декабря. Всё…

– Ну, это мы ещё посмотрим, – не стал унывать Роман Розенсон.

– Первые признаки уже видны, – сказал Петрик и покачал головой.

– Льды, что ли, тают? – проявил знание Рома.

– Мимо… – сказал Петрик. – Пчёлы улетают.

– Куда они улетают? – удивился Рома Розенсон. – Вон, недавно совсем, на прошлой неделе, в дежурку одна залетела.

– Заблудилась, – озабоченно предположил Петрик. – Перепутала что-нибудь.

– Да чего она перепутала! – усомнился Роман. – Летела-летела, потом глядит – окно…

– А в окне, – иронически усмехнулся Петрик, – ты, дундук, сидишь. Она и обрадовалась… Так, что ли?

– Ну, не знаю, – сказал Роман без обиды. – Может, и так.

– Тут нечего и знать, – жёстко сказал Петрик. – Пчела поумней нас с тобой будет, ей здесь делать нечего… «Залетела»!

– А правда, что вы жалобу написали на сестру, когда она пчелу пришибла?

– Написал, – признал Петрик. – Пчёл нельзя убивать.

– Так они ж кусаются! – возмутился Роман.

– А ты, что ли, не кусаешься? – возразил Петрик. – Тогда тебя тоже надо пришибить.

– Ну, я, предположим, не кусаюсь, – сказал Роман в темноте комнаты. – Я ж не собака.

– Ты кусаешь хлеб, мясо, – гнул своё Петрик. – У тебя кусательный аппарат развит на все сто. И при этом совсем не обязательно кусать меня или вон его, – Петрик кивком головы указал на соседа, храпевшего на своей койке у противоположной стены. – Но, если припечёт, ты и человека цапнешь за милую душу.

– Цапну, – согласился Роман. – Но только за руку и, во-вторых, не до смерти. А пчёлы до смерти могут загрызть, я точно знаю.

– За руку, говоришь, – проворчал Петрик. – Это потому что за горло не получится ухватить.

Сосед напротив застонал во сне и зачмокал губами, как будто погонял лошадь. За распахнутой дверью палаты коридор, тускло освещённый ночными светильниками, был пуст, как шахтный штрек.

– Ну, что, меньше болит? – спросил Роман. – Кости?

– Нет пока, – сказал Петрик. – Эти таблетки одна химия, их надо запретить давно.

– Массаж лучше всего помогает, – сказал Роман. – Я сколько раз травмировался, связки рвал, боли страшные – и вот именно массаж просто спасал.

Петрик не проявил интереса к тому, по какой причине Роман Розенсон связки рвал; прошлое медбрата, как видно, ничуть его не занимало.

– На массаж у нас тут очередь какая, – угрюмо заметил Петрик, – сам знаешь.

– Я могу отмассировать, – предложил Рома. – У меня опыт.

– Давай попробуем, – ворчливо согласился Петрик. – А то сил уже нет терпеть.

– Начнём с плечевого пояса и пойдём ниже, – засучивая рукава, объявил Роман. – Ложитесь на живот.

Движениями пальцев мягкими и в то же время сильными, бороздящими Роман обтекал тело старика, его давно утратившие упругость мышцы. Вниз, ещё раз от головы вниз, как будто отслаивая от костей боль и стряхивая её, отбрасывая прочь в темноту ночи. Старик лежал смирно, трудно дыша.

– Ты говоришь, пчёлы жалят, – внятно произнёс Петрик. – Ну да. Эти ужаленные избраны. Отмечены печатью.

– Я, значит, тоже отмечен? – удивился Роман Розенсон. – Меня же ведь кусали.

– Жалили, не кусали, – терпеливо поправил Петрик. – Я тебе объясню. Люди просто не понимают. Пчёлы из другого мира, из сопредельного.

– А как же мёд? – нажимая сильней, спросил Роман.

– А что мёд? – сказал Петрик. – Мёд – нектар божий. Если б не мёд, первые люди с голоду бы погибли, и земля осталась пустой. Бортники – знаешь?

Про бортников Рома Розенсон ничего не знал.

– Ну, бортники, – объяснил Петрик. – Они дикий мёд собирали по колодам, по дуплам… Вот здесь, вот здесь посильней!

Роман поднажал, ему стало жарко. Продолжая массировать, он плечом утёр пот со лба.

Жарко было и Петрику – то ли жарко, то ли холодно.

– Ужаленные и избранные, – сказал Петрик, – переживут День Конца и перейдут в сопредельный мир. Два года ещё осталось…

Напрягая сильные гибкие пальцы, привычные намертво сжимать велосипедный руль, Роман продолжал водить руками вдоль тела пчелиного

старика. «Так, вроде, нормальный, – нависая над Петриком, размышлял и раздумывал Роман Розенсон, – а крыша у него, всё же, набекрень. Пчёлы…»

«Пчёлы… – глядя как бы со стороны на богадельню «До 120!», на свою койку на втором этаже у окна и на себя в этой койке, раздумывал и размышлял Петрик. Он не ощущал уже ни своего увечного тела, ни проникающих, отслаивающих жизнь от смерти пальцев Романа Розенсона, ни присутствия самого Ромы, продолжавшего, кажется, что-то говорить и спрашивать. – Пчёлы… – Оглядываясь назад, Петрик видел на зелёном горизонте островерхий шатёр, сложенный из жердей и покрытый ветвями с овальными, размером с ладонь глянцевыми листьями. Шатёр становился всё ближе, выглядел всё отчётливей. Петрик, волнуясь, приготовился увидеть в нём или около него своих давно умерших родных – отца с матерью, сестру. Он увидел гребца с мускулистым, открытым солнечному ветру торсом, в долблёном челне, скользящем по реке к берегу и шатру, и со счастливым смирением признал в нём самого себя. Лодка скользила по тёмной воде, как по маслу, тишина мира казалась, а, может, и в действительности была музыкой.

Подойдя к берегу впритык, гребец выпрыгнул из лодки и легко зашагал к шатру, и Петрик вдруг вспомнил дивную летучесть стремительной походки. Высокие кусты куртинами обступали тропу, по которой он шёл. Тёплая земля пружинила под его ногами. У входа в шатёр хлопотала у костерка, разведённого в булыжном ложе, молодая женщина – готовила еду. К спине женщины был привязан, наподобие рюкзачка, младенец. У самого костра сильный гребец бросил на камни связку серебристых рыб, нанизанных на пропущенную через жаберные щели лубяную верёвку и ещё трепыхающихся. Затем он опустился на землю и свободно растянулся, удовлетворённо оглядывая свой дом, мать с младенцем и розовый костерок, ластящийся к ногам, как собака. И Петрик вглядывался в картину глазами вольного гребца, и ему было отрадно, что эта молодуха родила ему сына, что дом его – полная чаша: река кормит рыбой, пчёлы – мёдом. Что ноги легко носят, и нет нужды в кресле на колёсах. Что жизнь проста, как таблица умножения, и никто не пристаёт с дурацкими пожеланиями дотянуть до 120. Петрику хотелось завести разговор о пчёлах и разведать, где они тут поселились – в дупле или же в колоде, – да он не успел: из-за реки, а, может, из лесных зарослей донеслось упреждающее «Давай сирену, а то не довезём!», и ревун «скорой помощи» пинком вытеснил все другие звуки мира и залил отрадную картину густою тьмой.

– Живой, живой! – опустив телефонную трубку на рычаг, сообщила красивая Зина. – Откачали его.

– Ну, это просто зашибись! – заметила прямодушная Лара и обернулась к Роману Розенсону, угрюмо сутулившемуся на стуле. – И кто тебя только просил ему массаж делать, когда он еле живой и на тело, и на голову.

– Он сам просил, – сказал Рома. – А то бы я не стал.

Давно рассвело, время шло к завтраку, а ночная смена всё не расходилась: судьба Петрика была почему-то небезразлична медперсоналу второго этажа богадельни «До 120!»

– Ты его затёр почти до смерти, – сказала Лара. – И это ему повезло, что «скорую» сразу вызвали. А есть ещё такие, которые жалуются, что медицина у нас плохая.

– Сколько его там продержат? – спросил Рома. – В больнице?

– Долго держать не станут, – сказала красивая Зина со знанием дела. – Каждый день влетает в тысячу баксов или даже больше, если анализы. А ты как думал!

– Да никак я не думал, – оправдался Роман Розенсон. – Не он же сам платит, а казна.

– Раз очухался, – заключила красивая Зина, – так его, скорей всего, после обеда уже выпишут. Обход пройдёт, документы оформят…

– Тогда я домой не поеду, – сказал Рома. – Подожду, пока его привезут. А то, всё же, неудобно…

Но везти Петрика обратно на «скорой» оказалось накладно, богаделенский врач не хотел вводить администрацию в расходы. Вот тут-то Роман и предложил свои услуги: доставить больного из госпиталя до самого места в инвалидном кресле, пешочком. Здесь недалеко, вполне можно управиться. И полезно: Петрик по дороге свежим воздухом подышит, продует лёгкие после гериатрической больницы.

Путь туда, с порожним креслом на велосипедных колёсах, Рома засёк по часам; получилось двадцать пять минут. Значит, обратный ход займёт полчаса, от силы минут сорок. Пока выпишут документы, то да сё – ну, час. Обернёмся до темноты.

Ждать не пришлось: документы были уже готовы. В больнице никто не удивился, что выписанного Петрика Выгодского, с постоянным местом жительства в доме престарелых «До 120!» пришёл забирать медбрат с креслом. Пришёл – значит, так и надо: скатертью дорога, полотенцем путь. Петрик был задумчив, тих. «Какой-то он вяленый, – подумал Роман. – Как видно, рано его выписали, надо было хоть до завтра ещё подержать». И спросил, чтобы начать разговор:

– Вам анализы все сделали?

– Сделали, наверно, – сказал Петрик. – Я не спрашивал.

– Вы ночью взяли и сразу отключились, – с упрёком сказал Роман Розенсон. – Я слышу – дыхание идёт, но слабое.

– А я такое видел, Рома, – не поворачивая головы, сказал Петрик. – Такое раз в жизни видят… – И замолчал.

– Ну, что? – поторопил Роман и, поскольку Петрик продолжал молчать, уточнил вопрос: – Видели – что?

– Реку, – неохотно сказал Петрик. – И двор.

– Река – большая? – продолжал спрашивать Роман Розенсон.

– Довольно большая, – прикинул Петрик.

– Как, например, Нева? – спросил Рома.

– Примерно, – сказал Петрик. – Не гони так, куда спешишь!..

– Значит, это не у нас, – проявил Роман знание географии. – У нас самая большая – Иордан, её курица перескочит.

На улицах было многолюдно, народ возвращался с работы по домам. Лавируя между прохожими, Роман толкал кресло, стараясь не накренять его на поворотах и не вывернуть седока под ноги пешеходам. До богадельни оставалось пройти три жилых квартала, потом – пересечь шоссе и обогнуть широкое луковое поле, окружённое зарослями красных, белых и жёлтых бугенвилий.

– Нет, не Нева, – сказал Петрик. – Нева холодная, а та, моя – тёплая.

Через шоссе переправились без помех, по «зебре». Водители предупредительно тормозили, завидев инвалида в кресле-каталке, с сопровождающим.

– Где ж она, всё-таки, могла течь? – призадумался Роман Розенсон. – Вот что интересно…

– Всё там было, – с тоскою в голосе сказал Петрик. – Рыбы, пчёлы. Так хорошо… А я не успел досмотреть.

На поле со стороны шоссе вела тропинка, проложенная сквозь высокие заросли кустов, густо украшенных цветами – красными, белыми и жёлтыми. Красных бугенвилий, более сильных, было больше, чем жёлтых и белых. Перед кустами и тропинкой, ведущей в заросли, вплотную к ним – так, чтоб его можно было увидеть с дороги – был прикреплён к двум шестам рекламный щит. Этот щит опирался тыльной стороной, спиной о цветущие кусты, как бы открывая перед проезжими и прохожими вид через окно, ведущее в иные края. Мускулистый дикарь со своей дикаркою был изображён там рукой наивного умельца, крытый листьями островерхий шатёр и синяя река с причаленной к берегу лодкой. В ясном небе застыла в полёте занимавшая добрую треть картины пчела с золотыми усиками, туго опоясанная чёрным лакированным пояском. Красочное изображение венчала удостоверяющая надпись, выполненная чёткими библейскими буквами: «Пасека «Луковый мёд». Подарочная упаковка, низкие цены».

Петрик вцепился в колёса своего кресла, и Роман послушно остановился.

– Мне сюда, – сказал Петрик. – Это здесь.

– Так магазин же вон по той дороге, – указал пальцем Роман Розенсон. – Ещё с полкилометра до него, вот тут и планчик нарисовали.

– Нет-нет! – твёрдо возразил Петрик. – Ты не знаешь. Я ночью не успел досмотреть!

– Там пчёлы летают, – озабоченно заметил Рома. – А если нападут?

– А ты не ходи, – сказал Петрик. – Я сам поеду и сразу вернусь. – И направил кресло на велосипедных колёсах к щиту, к тропинке, ведущей в кусты и на луковое поле за теми кустами.

Роман Розенсон остался и праздно стоял. Минут через десять он озаботился: подступали сумерки, надо было ехать дальше, а на тропе никто не появлялся, и с поля не долетало ни единого звука. Рома решительно вздохнул и ступил на тропу.

Кресло-каталку на краю поля, на фоне закатных кустов, не просто было увидеть. Роман разглядел Петрика, сидевшего в кресле совершенно неподвижно; пчелиный рой стоял над ним, как чёрный дым над трубой.

Об этой истории много писали в газетах. Рому Розенсона никто ни в чём не винил – несчастный случай, что ж тут поделать! Возвращаясь с похорон в богадельню «До 120!», Роман ломал голову над тем, что же такое успел досмотреть покойный Петрик на луковом поле. И назавтра – ломал.

И через неделю.

И через год.

Ноябрь, 2010

*Сандан санга*

# МОНГОЛДОРДУН КУПУЯ ТАРЫХЫ

**(Уландысы, башы өткөн сандарда)**

Бул кезде, Мегүжин Сегүлтү өңдүү татарлар Улжа дарыясынын боюндагы Кустушитүген жана Нарату Шитүген деген жерлерде коргон согуп жайланышкан эле. Чыңгыс хан менен Тогрул хан коргон сактаган адамдары менен Мегүжин Сегүлтүнү кармап алып аларды ошол жерде эле өлтүрүп таштады. Чыңгыс хан ал жерден күмүш бешик жана маржан шурулуу жууркан олжо алды.

134. Чыңгыс хан менен Тогрул хан кошун баштап, Мегүжин Сегүлтүнү өлтүрүптүр деген кабарды угуп кубанычка бөлөнгөн вазир Ваң Жиң Чыңгыс ханга «Жагут кури» (?) деген наам, керейлердин Тогрул ханына «Ваңхан» деген наам берди. «Ваңхан» деген наам вазир Ваң Жиңдин ошол жердеги берген титулу эле.

– Силер бизге кошулуп, Мегүжин Сегүлтүнү өлтүрүп, Алтун хандыгыбызга зор кызмат көрсөттүңөр, – деди Вазир Ваңжиң. – Бул кызматыңар жөнүндө Алтун ханга кабарлап, Алтун хандан Чыңгыс ханга мындан да чоңураак «Жао тао» деген наамды берүүсүн талап кылам.

Вазир Ваң Жиң ушул кубанычы менен чериктерин чегиндирип кетти. Чыңгыс хан менен Ваңхан татарлардан олжого түшкөн мүлктөрдү бөлүшүп алгандан кийин өз жерлерине кайтышты.

135. Татарлардын Нарату Шитүген деген жердеги коргонду алганда, таштап кетишкен бир баланы кошунубуз таап алышты. Кулагында жана мурдунда алтын иймектери бар, алтын гүлдүү, жибек тыштуу булгун ичик кийген бул баланы алып келип, Өлүн Ужинге белек кылышты. Өлүн Ужин:

– Жакшы болду, насили асыл кишилердин баласы экен!– деп аны беш баласынын кичүү иниси – алтынчы баласы катары багып алып, ага Шигикен кутуг деген ат койду.

136. Чынгыс хандын ооругу (тылы) Карылту Көлү деген жайда эле. Жүркилер басып кирип, оорукту сактаган элүү кишинин кийимкечелерин алып кетишти, он кишисин өлтүрүштү. Аман калгандары Чынгыс ханга жетип кабар беришти. Бул кабарды угуп жаалданган Чынгыс хан:

– Жүркилер бизди өзгөчө аний таба баштады. Өткөндө Онон дарыясынын боюндагы токойдо Бавурчи Шикигүрдү урган да ошолор. Белгүтейдин ийнин жаралагандар да ошолор. Алар жарашалы деп жалынганы үчүн Корижин Хатун менен Когорчин Хатунду кайра бергенбиз. Андан кийин кектүү ата душманыбыз татарларга жорук жасайлы деп элчи жиберсек алты күнгө чейин келип беришкен жок. Азыр болсо душманыбызга чокмор болуп биз менен душман болгусу келгендиктен булар да биздин душманыбыз! – деди да дароо кошун алып жүркилерди жазалоого аттанышты. Чынгыс хан Керүлен дарыясынын Күлөге аралынын Долуган Бултаг деген жеринде турган жүркилерди жазалап, талап-тоноду. Сачабег менен Тайчу экөө бир аз адамдары менен качып кетти. Чериктерибиз артынан кууп, Сачабег менен Тайчу экөөнү Телетү тоосунун оозунан кармап алышты. Аларды кармап келгенден кийин Чынгыс хан:

– Илгери биз эмне деп убадалашкан элек? – деп сурады Сачабег менен Тайчудан.

– Кара беттик кылдык, ошондогу убадабыз боюнча болсун!– деп моюндарын сунду. Чынгыс хан да алардын күнөөлөрүн өздөрүнө таанытуу үчүн, убадага ылайык алардын баштарын алып, ошол жерге таштап коюшту.

137. Сачабег жана Тайчу экөөнүн башын алып жүрчилерди көчүрүп келгенде жалайырлардан Телегетү баяндын Гүвүн Гува, Чилагун Кайчи, Жебке деген үч уулу жүркилерде эле. Гүвүн Гува болсо Мукали, Бука деген эки баласын хандын алдына алып келип:

Балдарымды сага тапшырдым,
Босогондо кул болсун – деп,
Эгер босогондон тайса,
Булардын толорсугун кыркып ташта!
Балдарымды сага өтүндүм,
Кол астында кул болсун – деп,
Эгер босогондон аттап кетсе,
Булардын жүрөгүн сууруп ал! –

деп балдарын тапшырды.

Чилагун Кайчи да эки уулу Түге менен Кашты ханга алып келип:

Балдарымды сага белек кылдым,
Алтын босогонду баксын – деп,
Эгер босогондон аттап кетсе,
Башын кесип чөлгө ташта!

Балдарымды сага белекке бердим.
Куттуу дарбазаңды кайтарсын – деп.
Дарбазаңдан кадам ары кетсе,
Чөл-талааларга ташта! –

деп, ал дагы балдарын тапшырды.

Гүвүн Гува уулу Жебкени Касарга карматты. Жебке жүркилер айылынан Борогул деген баланы таап, Өлүн Ужинге тапшырып берди.

138. Меркиттерден таап алган Күч, тайчыгуттардын Бесүттөрүнөн таап алган Көкчү, татарлардан таап алган Шигикен Кутуг, жүркилер журтунан таап алган Борогул төртөөнү үйүндө багып жүргөн Өлүн Ужин эне: «Бул балдарыма күндүз караган көз, түн ичинде уга турган кулак болуучу менден башка ким бар?» – деп ойлоп, аларды багып, чоңойтуп катарга кошту.

139. Жүркилердин жүркин болуудагы себеби мындай, Кабул хандын жети баласынын ичиндеги эң чоңу Өкин Баркаг эле да анын баласы Суркату Жүрки болучу. Бул Кабул хандын балдарынын чоңу болгону үчүн эл ичинде:

Кайраттуу, коркпос,
Жаа атууга чебер,
Кеп, сөзү эркин,
Теңдешсиз баатыр,
Эр жүрөк, тайманбас,
Жигиттик балбандыгы бар.

Кишилерди тандап бергендиктен булар жигердүү, тайманбас, кайраттуу, теңешерге киши жок элге айланып Жүрки деп аталган. Чынгыс хан мына ушундай кудуреттүү жүркиндерди багындырып, өзүнүн элине айлантып алды.

140.– Бүри Бөке менен Белгүтейди күрөштүрүп көрөлү! – деди Чынгыс хан бир күнү. Бүри Бөке жүркиндерден эле. Бир жолу ал Белгүтейди бир колу менен эле жамбашка салып көтөрүп ургандыктан эл ичинде балбан деп аталып калган. Белгүтей менен Бүри Бөке күрөшкө түшүштү. Тең келээри жок Бүри Бөке Белгүтейге атайын жыгылып берди. Аны жерге баса албаган Белгүтей анын далысынан кармап соорусуна минип туруп, Чынгыс ханга карады. Чынгыс хан астыңкы эрдин тиштеп койду. Хандын максатын түшүнгөн Белгүтей Бүри Бөкенин далысына минип туруп мойнун кайрып, тизелей коюп жүлүнүн үзүп таштады. Жүлүнү үзүлгөн Бүри Бөке:

– Белгүтейге жеңилбейт элем, бирок хандан ыйбаа кылып атайын жыгылып берем деп жандан ажырадым! – деп коюп жан үздү. Белгүтей жүлүнү үзүлгөн Бүри Бөкенин өлүгүн сүйрөп таштады да кетти.

Кабул хандын жети баласынын чоңу Өкин Баркаг, кенжеси Бартам Батур, Бартам Батурдун уулу Йесүкей батур, кенжеси Кутугту Мөңгүр, Кутугту Мөңгүрдүн уулу Бүри Бөке эле. Бүри Бөке Бартам Батурдун балдарынан ыраакташып, Өкин Баркагдын баатыр балдары менен жакын болгону үчүн эл ичинде балбан деп наам чыгарган Бүри Бөке Белгүтейге жыгылып берем деп жанынан айрылды.

141. Андан кийин тоок жылы, катагин салжыгуттар биригип, Баку Чорогинин жетекчилигиндеги катагиндер, Чиргидей Батурлар башчылыгындагы салжыгуттур, дөрбен, татарлар менен биригип калыптыр. Качгунбегдердин жетекчилигиндеги татарлардан Алчы татарлары, Түге Макалар жетекчилигиндеги йикирестер, Дергеге Эмел, Алкуйлар жетекчилигиндеги оңграттар, Жунаг Чагаган башчылыгындагы короластар, Күчгүт, Буйрук хандардын жетекчилигиндеги наймандар, Токтогабектин балдары Куту жетекчилигиндеги меркиттер, Кудукабег башчылыгындагы ойраттар, Таргутай кирилтуг, Кудун Урчаң, Агучу батур башчылыгындагы тайчыгуттар Алку булаг деген жерге чогулушуп жажырадайлардан Жамуканы хан шайлоо үчүн айгыр, бээлерди союп бирлик түзүштү. Андан кийин алар Эргүнө дарыясын бойлоп, Кен дарыясынын Эргүнө дарыясына куюлган жериндеги Шина деген жерге келишип, Жамуканы Гүрхан кылып шайлашты. Булар Жамуканы Гүрхан шайлагандан кийин:

– Биз, Чыңгыс хан, Ваңханга чабуул коёлу,– дешти. Бирок бул кабарды Короластардан Коритай Гүрелгү тоосундагы Чыңгыс ханга жеткирди. Мындан кабар алган Чыңгыс хан Ваңханга кабар жиберди. Ваңхан бул кабарды уккандан кийин кошуун тартып, Чыңгыс хандын жанына дароо жетип келди.

142. Ваңхан Чыңгыс хандын жанына келгенден кийин экөө: «Жамукага чабуул коёлу!» – деп келишишти да Керүлен дарыясын бойлой аттанышты. Чыңгыс хан Алтун, Кучар, Дарытай үчөөнү, Ваңхан Сеңгүм, Жака Гамбу, Билге бег үчөөнү чалгынчы кылып жиберишти. Алардын алдына дагы кайгуулчу жиберип, Элеген Гүйлетү деген жерге бир бөлүк кароол, булар жагындагы Чекчер деген жайга бир бөлүк кароол, андан ичкерирээк жайга бир бөлүк кароол коюшту. Чалгынчыларыбыздан Алтун, Кучар, Сеңгүмдөр Удкия деген жерге жаңыдан келишине Чыкурку жагындагы кароолдордон: «Душман келди!» деген кабар жетти. Кабар келгенден кийин булар ал жерге түшпөй: «Алдына чыгып, душмандардын ким экендигин билели!» – деп алардын алдына келишти.

– Ким болосуңар?– деп сурады алар.

– Муңгулдардан Агучу Батур, наймандардан Буйрук хан, меркиттерден Токтуга бектин уулу Куту, ойроттордон Кудука бег дегендер болобуз. Төртөөбүз Жамуканын чалгынчыларыбыз.

– Бүгүн кеч болуп кетти, эртең алышып көрөлү,– дешип түнөгөн жайга келишти биздин чалгынчыларыбыз.

143. Эртеси эки жак кармашууга аттанышты. Булар Күйтен деген жерде учурашып, жааларын октоп, кылычтарын сууруп турганда (Жамуканын) чалгынчыларынан Буйрук хан, Кудука бегдер жайчылык кылып бороон-чапкын пайда кылып жиберишти. Кокусунан боло кеткен бороон-чапкындан илгерилей албай жылгага камалып калган Жамуканын адамдары:

– Теңирдин каргышына калдык! – деп удургуп кача жөнөлүштү.

144. Алар качканда наймандардын Буйрук ханы Алтай тоосунун күңгөй жагындагы Улуу тоого качып жөнөдү. Меркиттерден Токтогабегдин уулу Куту Селеңге дарыясы жакка бет алды. Ойроттордон Кутуга бег токойду ээлеп калуу үчүн Шигис деген жерге качып кетти. Тайчигуттардан Агучу батур Онон дарыясын көздөй сызды. Жамука өзүн хан шайлаган элин тоноп, Эргүнэ дарыясын бойлой качты. Булар алды-алдына качып жөнөгөндөн кийин Ваңхан Эргүнэ дарыясын бойлоп качып жөнөгөн Жамуканын артына түштү. Чынгыс хан Онон дарыясын бойлоп качып кеткен тайчигуттардан Агучу Батурдун артына түштү. Качып келген Агучу Батурду көргөн улустагылар корккондунан туш-тушка качып жөнөштү. Агучу Батур, Кодун Орчаң өңдүү тайчигуттар Онон дарыясынын аркы жээгинде калган Тура чериктерин уюштуруп согушууга даярланды. Аңгыча жете келген Чынгыс хан тайчигуттар менен катуу тирешип кирди. Күн ордуна отургандан кийин ар эки жак ошол эле жерде карама-каршы түнөп калышты. Согуш азабынан тамтыгы чыккан тайчигуттар ушул жерге топтолуп, чериктери менен бирге түнөп калышты.

145. Ушу жолку атышууда Чынгыс хандын мойну жараланып, кан токтобой жатты. Ошол карбаласта күн батып калгандыктан эки жак бир бирине каршы түнөп калышкан. Желме Чынгыс ханды башкаларга таштап коюуга чыдабай жаракаттын оозундагы канды соруп жутканын жутуп, жуталбаганын түкүрүп, жарым түнгө чейин жанынан кеткен жок. Таң атаарга жакын эсине келген Чынгыс хан:

– Кан токтоптур, суусап калыпмын! – деди. Муну уккан Желме баш кийимин, өтүгүн, көйнөктөрүн чечип таштап ыштаны менен гана каршы жактагы элдин курчап койгон арабаларын аңтарып бирууртам кымыз табалган жок. Согуш мезгилинде эл тымтыракайы чыгып, бээлерин саабай калышкан. Кымыз таба албагандан кийин бир арабадан бир көнөк айран таап аны көтөрүп келди. Теңир өзү колдосо керек, Желме барып келгенге чейин аны эч ким да сезген жок.

Желме айранды алып келип суу кошуп чалап жасап, Чынгыс ханга ичирди. Чынгыс хан айранды үч тынып ичип алгандан кийин:

– Пах, эми мага жан кирди! Көзүм да ачылды, – деп ордунан туруп отурду. Аңгыча таң атып жерге жарык түштү. Тегерек Желме түкүргөн кан менен жошолонгон эле. Аны көргөн Чыңгыс хан:

– Бул жерге эмне болгон? Эмнеге алысыраак түкүргөн эмессиң?– деп сурады.

– Сен азап тартып жатканда алыстап кетсем, сени кыйналып калаар бекен деп жаныңан жылганым жок, – деди Желме, – ашыгып жутканын жутуп, түкүргөндү түкүрдүм, канчасын жутканымды өзүм да билбейм...

– Мен жараланып жатсам, мени таштап коюп, эмнеге жылаңачтанып душман жакка өтө алдың?– деп сурады Чыңгысхан, дагы: – Кармалып калсаң, менин оор абалда жатканымды аларга айтаар белең?

– Мен жылаңач кармалсам, – деди Желме,– «Мен силер жакка өтөйүн деп тургам. Бирок кишилерибиз мени сезип калып өлтүрмөкчү болуп кийимдеримдин баарын чечтирип ыштанымды чечтирейин дегенде алардын колунан жулунуп чыгып, ушул боюнча силерге качып келдим!» десем алар ишенип, кийим-кече берип жанымды сактап калаар деп ойлогом. Караңыз, аралык ушунчалык жакын болгон соң, амал таап бир атка минип качып келбейт белем! Хан аба, суусунуң канып, жаның аман калсын деп ушул ишке барбадымбы!

– Сага кандай ыракмат айтсам экен? – деди Чыңгыс хан анын сөзүн уккандан кийин,– мурда үч меркиттер Бурхан Халдун тоосун курчап үч жолу чабуул койгондо сен менин жанымды аман сактап калгансың. Азыр дагы жаратымдагы канды соруп жанымды куткарып калдың. Аның аз келгенсип, суусунумду кандыруу үчүн жаныңды тигип коюп, кооптуу ишке тартынбай душман ичине кирип айран алып келип, жанымды дагы бир жолу сактап калдың. Сенин мага кылган ушул үч жолку жакшылыгыңды түбөлүккө эсимден чыгарбасмын!

**146.** Таң атып, жерге жарык түшкөнгө чейин эле тирешип түнөп калган душман чериктери түн ичинде эле тымтыракайы чыгып качып кетишкен. Топтолуп, түнөп калган эл кача албай ошол жерде калышкан. Чыңгыс хан атка минип, кайсалап көчүп жатышкан элди кайра алып келүү үчүн кетип бара жатканда чокуда кызыл кийимчен бир аялдын: «Темүрчин! Темүрчин!» – деп ый аралаш кыйкырган үнүн угуп калды. Чыңгыс хан: «Бул кимдин аялы, эмнеге ыйлап жатат?» – деп киши жиберди. Жиберген кишиге тиги аял:

– Мен Суркан Ширанын кызы, атым Кадаган, эримди силердин чериктер өлтүргөнү алып кетти. Жанынан айрылгыча эримди куткарар бекен деп Темүрчинди чакырган элем! – деди. Бул кабар Чыңгыс

ханга жетээри менен аялдын жанына чаап жетип келди да атынан түшүп аял менен кучакташып көрүштү. Бул учурда чериктерибиз анын күйөөсүн өлтүрүп болгон эле. Чынгыс хандын кошуну көчүп жаткан элди кайтарып келгенден кийин ошол жерде кош тигип, Кадаганды чакырып келип өз жанынан орун берди.

Эртеси тайчигуттардан Төдөгелердин үй кызматкери Суркан Шира менен Желме экөө келишти. Чынгыс хан Суркан Ширага:

Мойнуман өткөн тактайды,
Талкалап аны таштаган,
Кежигемди баскан кишенди
Талкалап бузуп таштаган,
Ата-бала экөөңөр,
Менден жакшылык аябаган,
Неге эртерээк келбей,
Кечигип, эми келдиң? – деди.

– Качан болсо да келет элем да. Эмнеге ашыгам, деп ойлогом, – деди Суркан Шира, – жаныңызга ашыгып келип алсам, Тайчигуттардын ноёндору калган бала-чакамды, ат-унааларымды, азык-түлүктөрүмдү талап алып ойронун чыгаруудан тайманбас эле. Ошон үчүн да ушуларды ойлоп сабыр кылдым. Мына эми келип ханыбызга кошулуп отурам.

– Туурасын айттың,– деди Чынгыс хан анын сөзү түгөнө электе эле.

147. Күйтен деген жерде өлүм-өмүр тирешип согушуп жатканда тоо чокусунан ак тумшук кула атымдын жүлүнүн үзө аткан ким?– деп сурады Чынгыс хан.

– Мен,– деди Жебе,– эгер таксыр ханыбыз мени өлүмгө буюрса алакандай жер канга боёлот, ырайым кылыңыз!

Улуу хандын алдында,
Деңиз, океандарды кечип,
Таш-тоскоолдорду жемирем.
Бар деген жерине барып,
Уюл таштарды талкалайм,
Аттан деген жерге аттанып,
Корум таштарды күкүмдөйм.

– Душман болгон адам, өзүнүн өлтүргөнүн жана душмандык иштерин жашырып өзүн актоого тырышат. Бул жигит атканын да, чапканын да кылчалык жашырбай айтып берди. Достошууга жарактуу азамат экен. Ак тумшук кула атымдын жүлүнүн үзө атканына караганда мергендиги билинип турат. Ошол мергендигиңе жараша сага Жебе деген ат коёлу. Мындан ары соот кийип жанымда болосуң! – деп буюрду Чынгыс хан. Бул Жебенин тайчигуттардан бөлүнүп келип ханга нөкөр болгондугунун окуясы.

## ТӨРТҮНЧҮ БАПТЫН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

*Он үч уруу* – булар уруулук байланышы жок уруулар. Алар: жадаран, тайчигут, йикирес, уругут, ноягин, барулас (Темирлаң таандык 5 уруу), багарин, горолас, оңграт (коңурат), катагин, салжигут, дөрбен, татарлар.

*Мүлүк Тутаг* – киши аты. *Мүлүк* – кадимки мүлктү билдирген. Бирок бул араб сөзү делинип жүргөн. Эч кандай катышы жок эки башка жердегилердин сөзү бирдей чыгышы таң калычтуу.

*Чинус* – уруу аты. Бул Негүс уруусуна, тайчигуттарга таандык уруу.

*Кытан* – уруу аты. Батышта, орустарда «китай» деген сөз ошондон калган.

*Алтун хан* – Жин хандыгынын ханы. Аты Жин Заңруң (1190–1208).

*Мегүжин Сегүлтү* – киши аты. Татарлардын аксакалы.

*Ваңжиң* – киши аты. Жин хандыгынын оң кол вазири.

*Жагут Кури* – мансап аты. Кароолчу дегенге жакын.

*Жао тао* – мансап наамы. Жазалоочу деген мааниде.

*Дологан Бултаг* – жер аты. Жети чоку деген мааниде.

*Чылагун кайчи* – киши аты. Таш кайчы, таш кыпчуур деген мааниде.

*Жүркин* – уруу аты. Борбору, жүрөгү деген мааниде.

*Бүри Бөке* – киши аты. *Бүри* – толук, *Бөке* балбан деген мааниде.

*Тоок жылы* – биздин жыл санообуз боюнча 1201-жыл.

*Жалин Бука* – киши аты. Куу, айлакер деген мааниде.

*Куту* – киши аты. Былтыр деген мааниде.

*Агучу Батур* – киши аты. Агучу – score уучу, аңчы деген мааниде.

*Гүрхан* – Батыш Лиао (Кара кытай) ханы ЙоллугТашиндин ардактуу наамы. *Гүрхан* – хандардын ханы деген мааниде.

*Күйтен* – жер аты. Суук деген мааниде.

*Жебе* – киши аты. *Жебе* – жаанын огу.

# БЕШИНЧИ БАП

148. Алкыйса, Чыңгыс хан тайчигуттарды басып алып, Агучу Батур, Кодун Урчаң, Кудугудар деген тайчигуттардын бирин койбой кырып таштаган соң калган эл-журтту көчүрүп келип, Кубакая деген жерде кыштады.

149. Этчүгүт Багарин уруусунун аксакалы Ширгүгетү Алак, Наяга деген эки уулу менен кетип бара жатып, Чынгыс хандын душманы, семиздигинен атка да мине албаган Таргутай Кирилтугдун токойду көздөй качып баратканын көрүп калды. Ал дароо артына түшүп кууп, кармап алды да арабасына отургузуп ала кетти. Аксакал Ширгүгетү уулу Алак, Наяга менен Таргутай Кирилтугду алып баратканын көргөн Таргутай Кирилтугдун балдары менен инилери арабанын артынан кууп жетти. Алар жетейин дегенде Ширгүгетү аксакал ордунан козголо албаган Таргутайды чалкасынан жаткызып үстүнө минип алды да жанынан бычагын сууруп чыгып:

– Балдарың менен инилериң сени куткарам деп келатышат. Сени өлтүрбөй коё берсек кармап алган күнөөбүз үчүн да хан жаныбызды алат. Өлтүрсөк да, өлтүрбөсөк да бизге баары бир өлүм. Андан көрө сени өлтүрүп таштап тынганыбыз оң! – деп кекиртегине бычактын мизин такаганда Таргутай Кирилтуг балдары менен инилерине:

– Ширгүгетү мени өлтүргөнү жатат, өлтүрүп койсо өлүгүмдү эмне кылмак элеңер! Жанымдын барында тезирээк кетип калгыла! – деп жанынын барынча кыйкырды, – Темүрчин болсо мени өлтүртпөйт болчу. Анын кичине чагында талаа-түздө ээсиз жүргөнүндө мен аны көзүнөн от, чырайынан нур таамп турган бала экен, тарбияласак киши болгудай деп кайра алып келип кунан-быштыны баккандай баккан элем. Ошол учурда элдин сөзү боюнча аны өлтүрсөм өлтүрүп коёт элем, бирок андай иштөөгө колум барган эмес. Угушума караганда ошондо кылган жыкшылыктарым анын эсинде экен. Ал бар болсо мени эч качан да өлтүртмөк эмес. Ой, балдарым, инилерим тез кеткиле! Ширгүгетү мени мууздап таштап жүрбөсүн!

– Биз атабызды куткарабыз деп жүргөндө Ширгүгетү аны мууздап таштаса,анын өлүгүн көтөрүп кетип жүрбөйлү! Өлтүрө электе тез кетели! – дешти да балдары менен инилери кетип калышты. Таргутай Кирилтугдун балдары менен инилери кууп келгенин көрүп качып кеткен Ширгүгетүнүн уулу Алдак менен Наяга тигилер кеткенден кийин кайра келишти. Кутугул Нугу деген жерге келгенде, Наяга:

– Биз, Таргутай Кирилтугду кармап барсак, Чынгыс хан: «Өзүнүн ханына упаа кылбай кармап келишкендер кимге упаа кылмак эле? Булардан бизге жакшылык келеби? Өзүнүн ханына кол салган упаасыздардын башын алуу керек!» – деп бизди өлүмгө буйруп жүрбөсүн?! Эң жакшысы, аны ушул жерден эле коё берип, Чынгыс хандын алдына барып: «Биз, хан сиздин кызматыңызда бололу деп келдик! Жолдо Таргутай Кирилтугду кармап алып алдыңызга алып келели дегенбиз. Бирок өз ханыбызды өлүмгө кармап берүүгө дитибиз чыдабай коё бердик. Бизди кызматыңызга кабыл алыңыз!» – деп кеп жасайлы деген ойго келишти. Ата, бала Наяганын кебин угуп аны

макулдап, Кутугул Нугу деген жерге келгенде Таргутай Курилтугду коё беришти. Аксакал Ширгүгетү уулдары Алак, Наягандар менен Чынгыс хандын жанына келишти.

– Силер кандайча мында келип калдыңар? – деп сурады Чынгыс хан.

– Биз Таргутай Кирилтугду кармап алып алдыңызга алып келели дегенбиз. Бирок өз ханыбызды өлүмгө берүүгө дитибиз чыдабай аны коё бердик. Анан, хан, сиздин кызматыңызда бололу деп келдик,– деди аксакал Ширгүгетү.

– Эгер силер өз ханыңар Таргутай Кирилтугду алып келген болсоңор, силер өңдүү өз ханына упаасыздык кылгандардын тукумун курутуп коймокмун! Ханыңарга кол салбай коё берип туура кылган экенсиңер! – деп Наягага тартуу берди Чынгыс хан.

150. Мындан кийин, Чынгыс хан Терсүттө турганда керейлерден Жака Гамбу көчүп келди. Ал көчүп келгенден кийин, согушууга келген меркиттерди Чынгыс хан менен Жака Гамбу кыра чегиндирди. Ошол жерлердеги Түмен Түбеген, Өлүн Туңгайт өңдүү уруулар көчүп келип, Чынгыс ханга кошулду. Керейлердин Ваңханы Йесүкей тирүү чагында туугандарча мамиле түзүп, бири-бирин анда деп өтүшкөн. Булардын анда дешип өтүшкөнүнүн себеби мындай болгон: Ваңхан өз атасы Курчакус Буйрук хандын инилерин өлтүргөндүгү үчүн атасынын иниси Гүрхандын каршылыгына учурап, Карагун жылгасына качып барып жашырынат, ээрчиген жүздөй кишиси менен Йесүкей ханды пааналап көчүп келишкен. Алар келгенден кийин Йесүкей хан кошун тартып, Гүрханды Кашын деген жерге чейин кууп салган да Ваңхандын эл-журтун өз колуна кайта берген эле. Мындай иш болуп өткөн соң алар андалашып калган экен.

151. Андан кийин Ваңхан иниси Эрке Караны өлтүрмөкчү болгондо ал качып наймандардын Инанч ханына пааналап барган. Инанч хан дароо чериктерин жыйып Ваңханга чабуул коймокчу болгондо Ваңхан Үчбалыкты кесип өтүп кара кытандардын Гүрханы жакка барат. Көп өтпөй, ал Гүрхан менен да чыгыша албай уйгур, таңгыт шаарларын кезип, жол боюу беш эчкисин саап, төөлөрдүн канын ичип миң бир азап менен Гүсегүр көлүнө келет. Мындай кабарды уккан Чынгыс хан илгери атасы Йесүкей менен анын жакын болгонун эскерип, Тагай Батур менен Сүкегейди элчиликке жиберип алдына чакыртты. Чынгыс хан да Керүлен дарыясынын башындагы Терегүн деген жерден алдынан тосуп чыкты. Ваңхан арыктап шимектей болуп калганын көрүп Чынгыс хан эл-журтунан салык алып, аны өз айылында багып калат. Ошол жылы аны менен жайлап, Кубакая деген жерде кыштап калышты.

152. – Биздин бул хан агабыз ичинин тардыгы, ниетинин жамандыгынан тууганадарыбыздын баарын өлтүрдү, – деди Ваңхандын

инилери жана ноёндору, – булары аз келгенсип, кара кытандарга багынып, эл-журтун азапка салды. Ошол кегибизди кантип алсак болоор экен? Илгери аны жети жашында меркиттер колго түшүрүп кетиптир. Ала эчкинин терисинен тигилген тон кийин Селеңге дарыясынын боюндагы Бугра талаасында меркиттерге кызмат кылып жүргөн жеринен анын атасы Курчакус Буйрук хан меркиттердин сазайын колуна берип аны кутулдуруп алат. Он үч жашка киргенде татарлардын Ажай ханы аны энеси менен тартып алып төө бактырган экен. Кийин Ажай хандын койчусу төө багып жүргөн жеринен алып кетиптир. Анан наймандардан коркуп, сартагулдардын журтуна качып барып, Чүй дарыясынын боюндагы Кара Кытандардын Гүрханына паана тартып барыптыр. Ал жерде да Гүрхан менен чыгышалбай бир жыл өтө электе эле уйгур, таңгыттардын шаарларын кезип, ачарчылыкта беш эчкисинин сүтүн жана төөлөрдүн канын ичип жүрүп, акыры Сокур Колиси менен азап-тозок тартып Чынгыс хандын жанына келген экен. Темүрчин аны жакын көрүп, эл-журттан салык чогултуп баккан экен. Эми болсо, аш бергенге муш берип Темүрчинге кастык ойлоп жатат. Муну кандай кылабыз!

Бул сөздөрдү угуп калган Алтун Ашук Ваңханга төкпөй чачпай жеткизди.

– Ошол кеңеште мен да бар элем. Бирок көңүлүм сиз жакта болгондуктан сөздү жашыргым келген жок.

Мындан кабардар болгон Ваңхан кеңешке катышкан Эл Кутур, Кулбари, Арин Тайши өңдүү ага-инилерди жана ноёндорду карматып алып келди. Ал ага-инилер ичинен Жака Гамбу гана качып кетип наймандарга багынды. Ваңхан тигилердин буту-колун байлатып үйүнө алып келип:

– Уйгур, таңгыттардын шаарларында көрбөгөн күндү көргөндө эмне дештик эле. Оо, кара нээттер, бүгүнкү күндө менден бет бурасыңарбы? – деп беттерине түкүрүп, буту-колдорун чечтирип койду. Ваңхандын түкүргөнүн көргөн үйдөгүлөр да алардын беттерине түкүрүштү.

153. Ошол жылкы кыш да өттү. Ит жылынын күз мезгилинде Чынгыс хан Далан Нетүргес деген жерде Чаган татар, Алчы татар, Дутагут татар, Алугай татарларга чабуул коюу алдында жоокерлерине:

– Душманды жеңгенде олжого ашыгып кетпегиле, олжолор баары бир бизге калат, ашыгып кетпесеңер да аны тең бөлүшөбүз. Эгер, душман күчтүү келип чегинип калсаңар, дароо мурдагы чабуул койгон жерге чегингиле. Эгер кимде ким чабуул койгон жерге чегинбесе анын башын алам! – деген жасакты (мыйзамды) чыгарды. Булар Далан Ненүргесте чабуулга өтүп, татарларды жеңип чыкты.

Булар жеңиштин кубанычы менен Улгуй дарыясы боюндагы Шилугилжит деген жерде татарлардын жергесине басып кирип Чаган татар, Алчы татар, Дутагут татар, Алугай татарларды багындырды. Алтун, Кучар, Даритай үчөө Чынгыс хан айткан жасакка моюн сунбай олжого ашыгышып өз мейлинче кеткендигинен Чынгыс хан Жебе менен Кубулайга буйрук берип, тигилердин олжого алган мал-жылкыларынын баарын кайра ортого алды.

154. Татарлар багынгандан кийин алардын элин бир жактуу кылуу үчүн Чынгыс хан уруулаштарын бир үйгө чакырып кеңеш өткөрдү. Уруулаштары:

– Татарлар ата-бабабызды өлтүргөн кектүү душманыбыз. Алардан ошол кегибизди алышыбыз үчүн аларды арабанын шатысына теңеп туруп, бою шатыдан ашкандарынын баарын кырып таштайлы. Калгандарын кул кылып бөлүп алалык, – деп кеңешип үйдөн чыгып келе жатканда татарлардан Йеке Черен Белгүтейге учурап калып:

– Бүгүн чогулушуп эмне жөнүндө кеңештиңер? – деп сурады.

– Силердин арабанын шатысынан бою ашкандарын кырып таштоону кеңештик! – деп жооп берди Белгүтей. Бул кабарды Йеке Черен өзүнүн татарларына дароо жеткизээри менен алар буктурма жасап даярдана баштады. Ошентип, чериктерибиз татарларды жоёбуз деп оор чыгымга учурады. Татарларды буктурмадан көп бедел төлөп алып чыгып, араба шатысына теңеп кырмакчы болгондо, татарлар: «Ар бирибиз жеңибизге бычак катып алып жок дегенде бирди өлтүрүп анан өлөлү!» – деп кеңешип алган экен, бул дагы чериктерибизге көп зыян алып келди. Татарлардын араба шатысынан ашкандарын өлтүрүп бүткөндөн кийин Чынгыс хан: – Белгүтей биздин кеңешибизди ачыктап коюп чериктерибизди оор чыгымга учуратты. Мындан кийинки уруулар кеңешине ал катышпай турган болсун! – деген буйрук чыгарды. – Биз кеңешүүдөн мурда ал тыштагы уруш-чатак, уурулук, алдамчылык иштерди башкара турган болсун. Кеңеш бүткөндөн кийин биз өтөктөнүп болгондо Даритай экөө кире турган болсун!

155. Чынгыс хан татарларды багындыргандан кийин Йеке Чирендин кызы Йесүген Хатунду катын кылып алды. Чынгыс хандын мээримине туш болгон Йесүген Хатун:

– Улуу Хандын мээримине ээ болуп чоң урматка ээ болдум! Менин Йесүй деген эжем бар эле. Ал менден да сулуу. Улуу Ханга абыдан ылайык келет, күйөөгө тийгенине аз гана убакыт болгон, талпагы ташка жайылган бул күндөрдө ал кайсы жерлерде болду экен? – деп кайгырды.

– Эжең сен айткандай сенден да сулуу болсо, киши жиберип издетип көрөйүн. Эгер табылып калса, өз ордуңду берүүгө ыраазысыңбы? – деп сурады Чынгыс хан.

– Улуу Ханым, сиздин мээримиңиз менен эжем табылып калса, баарын берүүгө ыраазымын! – деди Йесүгей Хатун. Анын сөзү боюнча Чыңгыс хан буйрук түшүрүп, Йесүйдү издетти. Баш аламан башталганда Йесүй күйөөсү менен токойго качып бара жатканда, чериктерибизге кезигип калып күйөөсү качып кетип, Йесүйдү кармап келишти. Эжесин көргөн Йесүгей Хатун убадасы боюнча ордун берип, аны төргө отургузду да өзү андан төмөн отурду. Йесүй Йесүген Хатун айткандай эле Чыңгыс хандын көңүлүнө бирден эле жагып калды. Ошентип, Чыңгыс хан Йесүйдү аялдыкка алып өз катарынын орун берди.

156. Татарлар багынгандан кийин, бир күнү өткөрүлгөн көңүлдүү отурушта Чыңгыс хан тышта Йесүй Хатун менен Йесүген Хатундун ортосунда даам ичип отурганда Йесүй Хатун улутунуп алды. Аны сезе койгон Чыңгыс хан шектене түшүп, Богорчу, Мукалий деген ноёндорго:

– Силер бул отуруштагыларды аймактарга бөлүп, араларындагы жат аймактагыларды бир жерге топтогула, – деп буюрду. Тигилер буйрук боюнча отургандарды аймактар боюнча ажыратып чыккандан кийин, сымбаттуу бир жигит жалгыз калып калды.

– Эмне адамсың? – деп сурады тигилер.

– Мен татарлардын Йеке Чирен дегендин чоң кызы Йесүйдүн эри болом,– деди жигит,– душмандар басып алып жатканда коркконуман качып кеткем. Эми, эл-журт тынчыды го деп көптүн ичине кирип алсам тааныбай калаар деп ойлоп кайра келген элем.

Бул кабарды уккан Чыңгыс хан:

– Тополоң козгоо максатында көптүн арасына кирип алып жашырынып жүргөнү эмнеси? Мындай немени арабанын шатысына теңеп туруп башын албай эмне карап турасыңар! Аны тез көзүмдөн тазалагыла! – деп буйрушу менен жигиттин башы дароо алынды.

157. Ошол ит жылы Чыңгыс хан татарларды жазалап жатканда Ваңхан меркиттерге чабуул коюп, Токтога Бегди Баргужин Төкөм деген жерге чейин сүрүп таштап, Токтоганын чоң уулу Тогусбегди өлтүрүп, анын Кутугтай, Чагарун деген эки кызы менен катындарын тартып алды. Дагы, Куту, Чилагун деген эки уулунун эл-журтун талап-тоноду. Мындан Чыңгыс ханга эч нерсе берген жок.

158. Андан кийин Чыңгыс хан менен Ваңхан наймандардын күчгүттөрүнүн Буйрук ханын жазалоого аттанышты. Булар Улуу Тоонун Согуг Усун деген жерине жеткенде Буйрук хан каршы туралбай Алтай тоолоруна качып жөнөдү. Чыңгыс хандар Буйрук ханды Согук Усундан кууп Алтай тоосун ашып, Кум Сиңирдеги Үрүңгү дарыясын бойлоп кууп баратканда кароолдо жүргөн наймандардын ноёну Йеди Туйлуг кароолчуларыбызга кезигип калып тоого карай качып бара жатканда анын басмайылы үзүлүп кетип, аттан кулап,

кароолчуларыбыздын колуна түштү. Буйрук ханды болсо Үрүңгү бойлой кууп Кызылбаш Көлгө жеткенде кармап алып ошол жерде эле өлтүрүп салышты.

159. Чыңгыс хан менен Ваңхан кайра келе жатканда наймандардын согушчулу Көксегү Сабраг Байдараг Белчир деген жерде чериктерин чогултуп, согушка даярданып турган экен. Чыңгыс хан менен Ваңхан да чериктерин даярдап ошол жерге жеткиче караңгы түшүп кетет. Согушту эртеси кыла турган болгон соң булар ошол жерде түнөп калышты. Ваңхан түшкөн жерине отторду жагып коюп, жарым түндө Кара Сегүл дарыясы жакка кача жөнөлдү.

160. Ваңхан менен кошо качкан Жамука Ваңханга:

– Андам Темүрчин илгертен бери эле наймандар менен барыш-келиш кылып, элчи жиберип турган. Азыр анын биз менен бирге болбой айрылып калганы эмнеси?

Хан ата, Хан ата!
Жаныңан кетпегеним үчүн,
Булбул өңдүү жүрөм.
Андам Темүрчин,
Жаныңан кеткенден кийин,
Тозгон торгойдой болду!

Наймандарга багынмакчы болуп, атайын ажырап калса керек!

Жамуканын сөзүн угуп бара жаткан упчигатайлардын Курин Батуру:

– Эң жакшы, адилеттүү тууганыңа кара чаптоого кантип тилиң барды? – деди.

161. Чыңгыс хан ошол жерде түнөп, таң атканда согушка камынып Ваңхан түшкөн жерге келсе, алар эбак эле кетип калышкан экен. Чыңгыс хан:

– Булар бизди курмандыкка чалып кеткен экен да! – деп, ал жерден козголду. Булар Эдер Алтай жылгасынан өтүп, Сагры талаасына келип түнөштү. Ал жерде Чыңгыс хан менен Касар наймандардын жалпы абалынан кабардар болгондон кийин, наймандарды киши катарында көрбөй калышты.

162. Көксегү Сабраг Ваңхандын артына түшүп кууп чабуул коюп, Сеңгүмдүн катын-баласын, эл-журтун талап-тоноду. Анын үстүнө, Ваңхандын Телегүтү тоосунун оозундагы бир бөлүк кишилерин талап-тоноп, алардын мал-мүлкүн, азык-түлүгүн талап алышты. Ушундан пайдаланган Токтуганын эки баласы Коту менен Чилагун ошол жердеги эл-журтун баштап Селенге дарыясын бойлоп, атасы Токтога турган жерге качып кетти.

163. Көксегү Сабрагда талан-таражга учураган Ваңхан Чыңгыс ханга:

– Наймандар катын-балдарымды, эл-журтумду талап-тоноп кетти. Уулум төрт күлүгүңдү жиберип, катын-баламды, эл-журтумду кайра алып келип беришиңди өтүнөм! – деп элчи жиберди. Чыңгыс хан мындан кабардар болгондон кийин төрт күлүгү – Богорчу, Мукали, Борогул жана Чилагун Батурду черик даярдатып жолго салды. Төрт күлүк барелектен мурда Сеңгүм Кулаган Кут деген жерде наймандар менен согушуп, атынын соорусуна ок тийип колго түшүү алдында турган экен. Аңгыча, төрт күлүк жетип барып аны кутулдуруп алды. Ваңхандын катын-балдарын, эл-журтун да куткарып берди. Буга ыраазы болгон Ваңхан:

– Илгери, Чыңгыс хандын кадырлуу атасы Йесүкей батур тамтыгы кеткен элимди кутулдуруп берген эле. Бүгүнкү күндө болсо, анын уулу Темүрчин төрт күлүгүн жиберип, талап-тонолгон эл-журтумду дагы бир жолу куткарды. Ата-бала экөөнүн мага кылган жакшылыгын кайтаруума Теңир ээм, касиеттүү кара жер медет бергиси бардыр! – деди.

164. Андам Йесүкей батур тамтыгы чыгып тарап кеткен элимди куткарып берген. Азыр Темүрчин эл-журтумду дагы бир жолу кутулдуруп отурат. Ата-бала экөө чачыраган элимди чогултуп, башын кошту. Алар мен үчүн азап-тозокко туруп бербедиби?

Карып да калдым,
Эми, бийик тоолорго чыгып,
Аркы дүйнөгө кетем,
Эгер аркы дүйнөгө кетсем,
Эл-журтум, букараларым,
Кимдин колунда калаар экен?

Инилерим колунан иш келбеген бекерчилерден болду. Тикенектей жалгыз уулум Сеңгүм да бар-жок дегичелик. Темүрчинди Сеңгүмгө ага кылып берейин. Эки уулум болсо, көөнүм ток болчудай! – деп, өкүнүчүн билдирген Ваңхан Тула дарыясы боюндагы Каратүн деген жерде Чыңгыс хан менен кезигишип, өз ара «ата-бала» дешип чакан той өткөрүштү. Булардын ата-бала болушунун себеби мындай эле. Илгери Хан ата Йесүкей Батур Ваңхан менен андалашкан. Азыр, Ваңхан Темүрчиндин атасы катары болгону үчүн ата-бала болушуптур. Булар ата-бала болушкандан кийин мындай деп убадалашты:

Жырткыч душмандарды жоюуга аттансак,
Чабуулга тең баралы!
Жырткыч айбандарды ууласак,
Курчоого тең баралы.

Чыңгыс хан менен Ваңхан дагы буларды айтышты:

Тиши бар жылан
Ортобузга от жакса,

Өз ара тиштешип калбайлы.
Сөзүбүз ачык болсун,
Бир бирибизди түшүнөлү.
Тиштүү чаян арабызга
Кирип кутуртса,
Өз ара талашып калбайлы.
Сөзүбүздү ачык айтып,
Бирибизге бирибиз ишенели!

Булар ушундайча убадалашып ынак өтүштү.

Чыңгыс хан достугунун үстүнө куда-сөөк болушуп, уулу Жочиге Сеңгүмдүн карындашы Чагур бикени алып берүү, кызы Кочин бикени Сеңгүмдүн уулу Тусакага берүү үчүн кудалашууга барганда, Сеңгүм манчыркап:

– Биздин кызыбыз аларга берилсе босогодон төргө өтө албайт. Алардын кызы бизге келсе, төрдөн түшпөйт! – деп, бизди кемсинтип сүйлөп Чагур Бикени берүүгө кошулган жок. Бул сөздү уккан Чыңгыс хан Ваңхан менен Нылка Семгүн экөөнөн тең көңүлү калды.

Чыңгыс хандын тигилерден көңүлү калганын Жамука сезип, доңуз жылы көктөмдө Жамука, Алтун Кучарлар жана Кардакитай, Эбүгежин, Ноягиндерден Сөгегетай, Тогрил, Качгун, Бегдер акылдашып, Жежегер Өндүрдүн тескей жагындагы Берке Элет деген жерде турган Нылка Сеңгүмдүн жанына көчүп келгенден кийин Жамука:

– Темүрчин андам наймандардын Таян ханы менен элчи жиберишип, тил бириктирип алышыптыр, – деди арага от жагып,– ал оозунда гана атам деп жүргөнү менен нээти башка, ошон үчүн да ага ишенип кетпегиле. Ушул учурдан пайдаланып кол салбай эмнеге карап турабыз? Эгер Темүрчин андамга чабуул койсоңор, мен дагы силерге кошулуп чабуулга өтөм!

– Сен үчүн Өлүн Ужиндин балдарынын ага-инилерин койбой кырып таштайбыз! – деди Алтун менен Кучар.

– Сен үчүн биз дагы буту-колун байлашып беребиз! – Эбүгежин Ночгин кара кытандар да, Тогрил:

– Бир амал таап Темүрчиндин элин колго түшүрөлү, – деди. – Алар элинен айрылса чамасы эмнеге жетмек эле? – дегенде Качигун Бег:

– Уулум Нылка Сеңгүм, эмне ойлогон болсоң баарын айта бер, биз даярбыз, суу келсе суудан, от келсе оттон да кайтпайбыз! – деди.

167. Нылка Сеңгүм бул сөздөрдү Сайган Түдеге аркылуу атасы Ваңханга жеткизди. Бул сөздү уккан Ваңхан:

– Темүрчин баламды эмне үчүн андай ойлойсуңар? Бул күнгө чейин ошого таянып келатабыз го. Ага жаман нээтте болсоңор Теңирим да силерди кечирбес! Жамука оозуна келгенди жөөлүй берет. Анын

алдаганына көнбөгүлө, – деди да тигилерди жолго салды. Сеңгүм дагы бир жолу киши жиберип атасына:

– Оозу, тили бар кишилер ошондой деп жатса, кантип ишенбей коём?– деп кайра-кайра киши жиберип атасын көндүрө албаган соң, акыры өзү атасына келип:

– Хан ата, көзүң ачык турса да бизди назарыңа албадың. Кокус жакшы күндөрдүн жаманы келип калса, Курчакус Буйрук хан атабыз көп азап менен чогулткан элибизди биз башкарбаганда ким башкармак эле? – деди. Муну угуп убайымга түшкөн Ваңхан:

– Тежемел баламдан кантип ажырайм? Бүгүнкү күнгө чейин ал бизге түркүк болуп келатат. Ага каршы жаман нээтте болсок кантип болсун? Теңирим бизди кечиреби? – деди. Бул сөздү уккан уулу Нылка Сеңгүм ачууланып эшикти тарс жаап чыгып кетти. Бирок Ваңхан уулу Сеңгүмдүн көөнүн аяп, аны кайра чакырып алып:

– Балам, Темүрчинден айрылалы дедиңер, ошентсең Теңир бизди кечиреби? Мейли, чамаңар жетсе билгениңерди кыла бергиле!

168. – Алар биздин Чагур бикени алмакчы болуп куда болмок эле да, биз аларды куда болуу үчүн аксарбашыл койду союп масилет чайга чакыралы. Ошентип Чынгыс ханды колго түшүрөбүз, – деди Сеңгүм. Баары ошентели деп келишимге келе кетишти. Анан аларга киши жиберип:

– Чагур бикени силерге берели, масилет чайга келип бериңиздер! – деп кабар беришти. Чайга чакырылган Чынгыс хан он киши менен жолго чыгып, жол үстү Меңлик чалдын үйүнө түшүштү.

– Өткөндө биз Чагур бикеге куда түшөлү десек бизди жаратпай коюшкан, – деди Меңлик чал, – эми кандайча чайга чакырып калды экен? Өткөндө жолу менен алдына барганда манчыркаган адам эми кызды берели дегени эмнеси? Мында бир сыр бар. Уулум жакшыраак ойлон, алардын жаман нээтине кабылып жүрбө! Азыр көктөм кези, көктөм мезгили, ат ылоолорубуз арык, малдарыбыз эт алганда бирдеме дешели, – деп киши жиберип коюп, өзүңдүн барбаганың түзүк го дейм.

Бул акылды туура көргөн Чынгыс хан өз ордуна Букатай менен Киратай экөөнү жиберет. Булар бараары менен Сеңгүм:

– Алар сырыбызды билип койгон экен, эртең эрте барып курчап, жоготолу! – дешти.

Алар курчап алып согушууга келгенден кийин Алтундун иниси Йеке Черен үйүнө келип катынына:

– Эртең менен Темүрчинди карамакчы болдук, эгер муну Темүрчинге бирөө жеткизип койсо, ал эмне тартуулар эле? – дейт. Анын катыны Алак ит:

– Эмне деп жөөлүп жатасың? Башкалар чын экен деп калбасын да дегенде, саамал алып кирген жылкычы Бадай булардын сөзүн угуп

калды. Ал кайра баргандан кийин жылкыны бирге баккан Кишиликке Йеке Черендин сөздөрүн ага айтып берди. Кишилик:

– Мен дагы барып угуп көрөйүн, – деп Йеке Черендин үйүнө барат. Эшикте жебе огун жонуп отурган Йеке Черендин уулу Нарын Кеген: – Жана эмне дедик эле? Тилибизди кесип таштайлыбы? Кимдин оозун басалабыз! – деди жылкычы Кишиликке. Дагы:

– Тезирээк барып ат короодон меркиттердин боз атын жана калтар атын алып келип байлап кой. Эртең эрте минем! – деп буйрук кылды. Кишилик кайра келип Бадайга:

– Жаңкы айткандарың чын экен. Муну тезирээк барып, Темүрчинге айтып коёлу! – дешип меркиттердин боз аты менен калтар атын алып келип байлап коюшту. Түн ичинде Кишилик менен Бадай бир козуну союп, тактанын жыгачтарын алып тилип, этти бышырып жеп, эшикте байлоолу турган меркиттердин боз аты менен калтар атына минишип түн бою жөнөп отуруп Чынгыс хандын ордосуна келишти. Бул экөө аттан түшпөй туруп эле Йеке Черендин жана анын уулунун айткан сөздөрүн, дагы «Меркиттердин боз аты менен калтар атын алып келип байлап кой!» дегендерин Чынгыс ханга төкпөй-чачпай айтып берди.

– Хан аба, айткандарыбызга ишениңиз, кылчалык шектенбеңиз. Алар сизди курчап, кармоого макулдашып алышты! – дешти.

## БЕШИНЧИ БАПТЫН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

*Куба Каяа* – жер аты. Керүлен дарыясынын баш жагына туура келет.

*Таргутай Кирилтуг* – киши аты. *Таргун* – семиз деген мааниде.

*Карагун* – жер аты. *Карагун* – караңгы деген мааниде.

*Кашин* – Таңгуттардын жери.

*Инанч Хан* – De Rachuwiltzдин текшерип далилдөөсүнө караганда Инанч Билге – Бөгө хан, Буйрук хан менен Таян хандын атасы.

*Куре* – жер аты. Биз айыл деп алдык.

*Сартагул* – элдин аты. Батыш жана Орто Азиядагы Ислам динине ишенгендер. Селделүүлөрдү Сартагул, селдеси жокторду Чаган Малихай ( Ак калпактуулар) деп аташкан.

*Чүй дарыясы* – биздин Чүйдү айтышат.

*Алтун Ашук* – киши аты. Алтын чүкө маанисинде.

*Ит жылы* – 1202-жыл.

*Өтөг* – арак ичип дуулоо.

*Йеди Тублуг* – киши аты. Байбачанын балдары маанисинде.

*Сагри* – жер аты. Соору ( Жер соорусу).

*Кулук* – байгелүү ат, кишиге карата баатыр деген мааниде.

*Кочин Бике* – киши аты. Кочин – хан же бектин кызы, Бике – кыз.

*Доңуз жылы* – 1203-жыл.

*Тогрил* – Ваңхан менен аты уйкаш, мурда Чынгыс хандын малайы болгон киши.

*Өндүр* – тоо чокусу, Өндүр.

*Берке Элет* – жер аты. Берке – кыйын, кыйынчылык. Элет – кумдуу талаа, элет.

*Алак ит* – киши аты. Ала ит маанисинде.

*Кишилик* – киши аты. *Кишилик* – кең пейил деген мааниде.

**(Уландысы бар)**

Которгон **Аман САСПАЕВ**

*Мастер-классик*

# ЭЛДҮҮЛҮК ЖАНА РЕАЛИЗМ



## Бертольт БРЕХТ

**(1898–1956)**

*Атактуу немец драматургу, акын, искусство иликтөөчү, режиссёр. Аугсбургда туулган.*

*Германиянын жана дүйнөнүн көптөгөн театрларына коюлган «Ваал», «Барабанный бой в ночи» (1922), «Говорящий «да» и говорящий «нет» (1930), «Горации и Куриации» (1934) ж.б. пьесалардын автору. «Эпикалык театр» теориясын иштеп чыккан. 1933-жылы Гитлер бийликке келгенден кийин эмиграцияга кетип «Страх и отчаяние в Третьем рейхе» (1938), драму «Винтовки Терезы Каррар» (1937) аттуу реалисттик чыгармаларды, «Добрый человек из Сезуана» (1940), «Карьера Артуро Уи» (1941), «Кавказский меловой круг» (1944), «Мамаша Кураж и ее дети» (1939), «Жизнь Галилея» (1939) тарыхый драмаларын жазат. 1948-жылы мекенине кайтып келип, Берлинде театр ачып, 1956-жылы Берлинде каза болгон.*

Элдүүлүк жөнүндө айтканда, биз эсибизге тарыхый өнүгүшкө активдүү гана катышпастан, аны ылдамдатып, ошол өнүгүштүн жолун аныктаган элди алабыз. Биз эсибизге тарыхты жараткан, дүйнөнү жана өзүн өзгөрткөн элди алабыз. Биз эсибизге, күрөшчүл элди алабыз, андыктан элдик деген түшүнүк күжүрмөн мааниге ээ.

«Элдик» дегенибиз: кеңири көпчүлүккө түшүнүктүү, ага таандык көркөм форманы өзүнө сиңирген жана аны байыткан, алардын көз карашында турган жана аны негиздеген, элдин айрыкча прогрессивдүү бөлүгүнүн атынан чыккан жана ага өзүнө жетекчилик ролду алууга жардам берген, а демек, салт боюнча байланышкан жана анын жолун жолдогон элдин калган катмарына да түшүнүктүү, өзүнө жетекчилик ролду, азыркы кездеги анын жетекчилеринин тажрыйбасын алууга аракеттенген элдин калган катмарына өткөрүп берүү деген маанини түшүндүрөт.

«Реалисттик» дегенибиз – социалдык себептердин комплексин ачып көрсөткөн, үстөмдүк кылган көз караштарды үстөмдүк кылып турган таптын көз карашы катарында бетин ачкан, адам коому үчүн абдан керектүү проблемаларды мүмкүн болушунча түп-тамырынан чечүүгө жөндөмдүү таптын көз карашында турган,

өнүгүүнүн факторлорун баса белгилеген, конкреттүү, бирок жалпылоого да жол берет деген маанини түшүндүрөт...

Тигил же бул чыгарма реалисттикпи, реалисттик эмеспи – анын өз мезгилине реалисттик деп эсептелген гана чыгармаларына салыштырып, ага төп келээр-келбеси менен өлчөп чечүүгө болбойт. Ар бир өзгөчө учурда турмуштун чагылышын башка чагылдыруулар менен эмес, чагылдырылган турмуштун өзү менен салыштыруу керек.

## ЛИРИКАНЫН АКЫНЫ АКЫЛГА САЛГАНДАН КОРКПОШУ КЕРЕК

Ырларын окуп жүргөн кээ бир кишилер менен жекече таанышмын. Алардын кайсы бири ырларында башка түрдө айткандарына караганда, акылмандуулукту алда канча аз колдонушаарына мен көп учурда таң каламын. Балким, алар ырларды жалаң гана таза сезимдин айтылышы деп эсептеп жүрүшпөсүн. Балким, ал таза сезим гана билдире турган нерселер болот деген ойдо болуп жүрбөсүн? Эгер ал ушундайча ойлой турган болсо, эң жок дегенде, сезим деле ой сыяктуу жалган болуп кала тургандыгын билип коюшу керек. Ошондо ал алда канча сак болуп калат.

Кээ бир лирикалык акындар, артыкча жаңыдан баштагандар, белгилүү бир күүгө келип алганды сезген соң, акылга салгандын иши ошол келген күүнү учуруп жибереби дегенчелик кылып, кандайдыр бир коркуу сезимин баштан кечиришет. Андай коркуу ар кандай шарттарда, ар качан сандырак коркуу экенин айтуу керек. Бардык улуу акындын чыгармачылык өнөрканасынан билгендерибизге караганда, алардын акындык күүгө келүүсү өзгөчө жеңил-желпилиги, ийкемдүүлүгү, учкулдугу менен айырмаланбайт, ал түгүл абдан акылга салып отуруп ойлонуулары да анысын бузбагандыгын айгинелеп турат. Белгилүү деңгээлдеги көңүлдүн көтөрүңкүлүгү, кыялга канат байлагандык, акылдын тунуктугуна дегеле каршы келбейт. Ал түгүл, акылга салуу критерийин киргизүүнү каалабаса, ал акындык күүгө келүүнүн жетишерлик жемиштүү эмес мүнөзү бар экендигин ырастайт. Мындай учурда ыр жазуудан баш тартып коюу жакшы болот.

Лирикалык ой жемиштүү болгон кезде, сезим менен акыл экөө тең шайкеш таасир этет. Алар бири-бирине кубануу менен: «Сен чечкин!» – деп турушат.

## ТАЗА ИСКУССТВО ЖӨНҮНДӨ

Мо-цзы айткан: «Жакында акын Цин-юэ менден биздин заманда жаратылыш женүндө ыр жазууга акым барбы? – деп сурады. Мен ага: «Бар» – деп, жооп бердим.

Аны дагы бир жолу кезиктирип, жаратылыш жөнүндө ыр жаздыңбы? – деп сурадым. Ал:

– Жок – деп жооп берди.

– Эмне үчүн? – деп сурадым мен.

Ал айтты:

– Мен өз алдыма жаап жаткан жамгырдын тамчыларынын үнүн окурман үчүн жагымдуу таасир калтыргандай берсем деп максат койдум эле. Бул жөнүндө ойлонуп, ыр саптарын бирин таштап, бирин тандап жазып көрүп, жамгыр тамчысынын үнүн бардык адамдар үчүн жагымдуу таасир калтырсын деп чечтим. Демек, үстүндө, үйү жок, көзүн илинтейин деп баратканда жакасынан ылдый жаан киргендер үчүн да жагымдуу болушу керек да. Ушундан кийин мен бул максатымдан кайттым.

– Искусство бүгүнкү кана күндү көздөбөйт, – дедим сынай карап. – Андай жаан тамчылары ар качан боло бере турган соң, ошондой эле ыр да түбөлүк болушу мүмкүн.

– Ооба, – деди ал кейиштүү түрдө – аны жанагыдай жаан мойнуна шорголобой турган адамдар болбой калган кезде жазууга болот».

## ЭСКИ КАЛПАК

Парижде «Үч тыйындык опера» даярдалып жатканда кадимки маш болуп бүткөн селсаяктын өнөрүн үйрөнүүгө аракет кылган Фильч деген өспүрүмдүн ролун ойной турган бир жаш актёр менин көңүлүмдү адегенде эле өзүнө бурду. Ал көпчүлүктүн айрымдарынан мурда репетицияны кандай жүргүзүү керектигин түшүндү: ал адамдардагы касиеттерди көрүүчүлөрдүн өздөрү байкоого алыш керектигин, өзүнүн сөзүн өзү кунт коюп тыңшоо менен сунуш этип жатты.

Бир жолу эртең менен аны башкы ролдорду ойногондор менен бирге артисттердин кийимдери сакталып туруучу чоң үйдөн көрүп, эч кандай таң калганым жок. Ал мында өз ыктыяры менен келген экен. Мага өзүнүн ролуна ылайыктуу калпак таап алайын деп келгендигин айтты.

Мен башкы ролду аткаруучу аялга костюм тандап алууга жардам берип жаттым. Ал үчүн бир топ саат убакыт өттү. Көз кыйыгым менен тигинин калпакты кандайча издеп жатканын байкап турдум. Ал кийимкечек тейлегендерди аябай эле иштетти окшойт, аздан соң анын алдында бир дөбө баш кийим пайда болду. Ошолордун ичинен эки калпакты тандап алуу үчүн бир сааттай убакыт өттү. Эми экөөнүн бирин тандап алышы керек эле, ага дагы бир саат кетти.

Анын жүдөп-какаган тирикарак жүзүндөгү аябай кыйналуунун белгисин мен эч качан унута албайм. Улам бирин карап, көзү кыйбайт...

Бир карасам калпакты башынан шарт колуна алды да, такасына тура тез бурулуп терезенин алдына барды. Ал көчөгө чачыраган кайдыгер көз караш менен карап турду да, бир топтон кийин кайра калпактарды тиктеди: бул жолу абдан зериккендей, кайдыгер карады. Ал калпактарга салкын, эч кандай кызыгуусуз көз таштап турду. Андан кийин терезе жакты эч карабастан калпактарга илкий басып келди да, бирин алып ороп берүү үчүн столдун үстүнө таштады.

Кийинки репетициянын убагында мага кемселинин төш чөнтөгүнөн чыгып турган эски тиш щётканы көрсөттү. Ал Фильч көпүрөнүн астында эч кимге көрүнбөй жаткан убакта да, цивилизациянын эң негизги белгилеринен кайтпай тургандыгынын күбөсү болууга тийиш экен. Бул тиш щётка эч кандай калпак, ал түгүл эң сонуну да, актёрду канагаттандырбай тургандыгын мага көрсөттү.

«Биздин кылымдын, илимдин кылымынын актёру деген ушул», – деп ойлодум мен кубанычтуу.

## ИСКУССТВОНУ КАБЫЛДОО ЖАНА КАБЫЛДОО ИСКУССТВОСУ

**(Скульптуралык портреттен улам чыккан ой жүгүртүү)**

### ФРАГМЕНТ

Искусствонун чыгармасы жашына, даражасына жана тарбиясына карабастан ар бир адамга таасир калтырышы керек деген эзелтеден келаткан жана эч кандай шек туудурбаган пикир бар. Негизги, искусство адамга кайрылып аткан соң, демек, адам карыбы, же жашпы, ал башы менен иштейби, же колу менен иштейби, билимдүүбү же жокпу – ал эч кандай роль ойнобойт. Ар бир адамда художниктен эң жок дегенде бир нерсе бар болгон соң, адамдардын бардыгы искусствону түшүнүүгө жана андан ырахат алууга жөндөмдүү. Ушундай пикирлердин кесепетинен көркөм чыгармага түшүндүрмө деп аталган нерселерге, ар кандай түшүндүрмөлөргө муктаж болгон искусствого, «өзүнөн өзү эле» таасир калтырууга жөндөмсүз искусствого каршы кырсыйып калуулар көп болот. «Искусство бизге, – дешет кээ бирөөлөр ал жөнүндө, – окумуштуунун лекциясынан кийин гана таасир калтыра алабы? А Микеланжелоктун «Моисейи» бизди адис адам сөз менен түшүндүргөндөн кийин гана өзүнө тартабы?»

Ооба, ушинтип айтышат. Бирок ошондо да, искусствону башкаларга караганда жакшыраак билген, андан көбүрөөк ырахат алган адамдар бар экендиги белгилүү эмеспи. Ал баягы эле айтылуу «анча-мынча билермандар чөйрөсү».

Эч качан ошондой «билермандардын» тар чөйрөсү үчүн гана эмес, бүткүл эл үчүн чыгарма жаратууну алдына максат кылып койгон көп художниктер бар: алар эң начарлардан да эмес. Бул демократиялуу болуп көрүнгөнсүйт, бирок менимче, жетишерлик эмес. «Билермандардын тар чөйрөсүн» кеңейтүү – демократиялуу болот.

Себеп дегенде – искусство билимди талап кылат.

Кабылдоо искусствосу болгондо гана искусствону кабылдоо чыныгы ырахат берет.

Ар бир адамда художниктик шык бар деген кандай адилет болсо, ошол шык андан ары өөрчүйт, же өлүп калат деген ошого тете эле чындык. Искусствонун негизинде билүү – эмгектене билүү жатат. Ким искусство менен ыракаттанса, ал өтө чебер жана ойдогудай эмгек менен ыракаттанганы. Ошол эмгек жөнүндө эң жок дегенде кээ бир нерсени билип алуу үчүн ал анын натыйжасы менен суктанып, искусствонун чыгармасы менен ыракаттанууга мүмкүн болуу жөнөкөй гана керектүү нерсе. Жалгыз гана билим эмес, сезим кошо жүргөн билим айрыкча, скульптура искусствосу үчүн эң керек. Ташты, жыгачты же колону, бир аз болсо да сезиш керек: эң жок дегенде бул материалдар менен кандайча катнаш жасоонун кээ бир жагдайын билүү керек. Бычактын дөңгөчтү кандайча кесип жаткан жолун сезип, билип, формасыз эле бир массадан кандайча акырындык менен турпат, шардан – баш, томпок нерседен – бет пайда болуп келаткандыгын сезиш керек.

Мүмкүн, биздин заманда бул үчүн мурдагы кездерде муктаж болбогон кээ бир жардамдар керек болор. Машинанын негизинде пайда болгон өндүрүштүн жаңы методдорунун натыйжасында кол өнөрү белгилүү мааниде начарлады. Материалдардын касиети унутулду; эмгек процессинин өзү баштагыдай болбой калды. Ар бир буюм көп адамдардын биримдешкен эмгеги менен жаралып калды. Чыгармачыл жалгыз киши буюмду мурдагыдай башынан аягына чейин өзү жасабайт: азыркы кезде ал буюмдун өнүгүшүнүн бир гана фазасына ээ. Ошондуктан жалгыз кишинин эмгегин сезүү жана билүү жоголуп калды. Капитализмде керт баш (индивидум) эмгек менен каршылашат. Эмгек индивидумду коркутат. Эмгек процесси жана эмгектин натыйжасы керт башка тиешелүүнүн бардыгын жокко чыгарат. Азыр, ботинкадан, аны жасаган кишинин өзгөчөлүгүн биле албайсың. Бирок скульптура канткен менен кол өнөр болуп калууда. Ошондой болсо да, бүгүн скульптурага да ар кандай башка буюмдар сыяктуу эле машина менен жасагандай карап калышты. Эмгектин өзү эмес, эмгектин натыйжасы гана кабылданууда (ыракаттануу деле ошондон болуп калды). Ал эми скульптура искусствосу үчүн бул өзү көп нерсе.

Эгерде искусство менен ыракаттангыңар келсе, анда эч качан көркөм эмгектин бир гана ыңгайлуу жана арзан натыйжасын алып канагаттанып

калбагыла. Эмгектин өзү менен байланыш түзүп, белгилүү өлчөмдө, өзү да ишмер боло кетип, кайсы бир деңгээлде өзүнүн фантазиясын да иштетип, художниктин тажрыйбасына бүткүл өзүнүн тажрыйбасын катыштырып же ага каршы коюу ж.б. керек. Ал түгүл жөнөкөй эле тамак жеген киши деле эмгектенет: эт кесип, оозуна салып чайнайт. Искусство менен ыракаттанууну арзаныраакка сатып алууга болбойт.

Ошентип, художниктин күч-аракети менен тааныш болуу зарыл, албетте, кичирейтилген көлөмдө дечи, ошентсе да, мүмкүн болушунча көбүрөөк билүү милдет. Материалдар менен художниктин өзүнчө азап тартуусу бар: жыгач морт болуп калат, баткак өтө эле жумшарып дегендей: анын үстүнө натура менен иштөөдө кыйынчылык тартат, мисалга айталык – адамдын башын жасаганда.

Баш кандайча жасалат?

Искусствонун чыгармасы портретте ар түрдүү учурлардан өтүп, аздап окшошуп баратканын көрүү, чебер жана канат байлаган жеңил колдун кыймылы аркылуу эмгек мезгилиндеги скульптордун ички жан толкунундагы кыйналыш менен кубанычты кандайдыр байкоо өзүнчө бир сабак, ошол эле учурда өзүнчө жыргал.

Адегенде негизги формалары сулп-сулпунан сомдолуп келтирилет: чоңойтулуп, каармандык мүнөз берилип, ал түгүл керек десе, карикатурага окшошот. Мына ушунун баарысында кандайдыр айбанга окшош сыпатталбагандык, одонолук өкүм сүрөт. Андан кийин, аздан-аздан сыйдалана баштайт. Мына мисалга, чекени алып көрөлү. Ал басымдуулук кыла баштайт. Аны дагы оңдойт. Художник ачылыш жасайт, кыйынчылыктарга кездешет, биримдүүлүктү жоготуп, кайра жаңысын таап, бир ойду таштап, экинчисине көчөт.

Художникти байкап отуруп, анын байкагычтыгын үйрөнө баштайсың. Ал – кабылдоонун художниги. Ал жандуу нерсени – мурда жашаган жана кийин жашап жаткан башты өзүнө кабылдайт. Байкагычтык ага зор өнөкөт болуп калган, ал көрүүнүн чебери. Ушул байкоо жөндөмдүүлүгүнө үйрөнүү мүмкүн экендигин сен сезе баштайсың. Художник нерсени кабылдоо искусствосун үйрөтөт.

Бул ар кандай адам үчүн эң маанилүү искусство.

Көркөм чыгарма көрүүчүнү туура кабылдоого үйрөтөт, мындайча айтканда, ошол учурда кабылданып жаткан өзгөчө нерсени – предметти гана эмес, башка нерселерди да терең, бардык тарабынан жана жакшы табит менен кабылдоого үйрөтөт. Ал жалпы эле кабылдоого үйрөтөт. Эгерде кабылдоо искусствосу ириде искусствонун искусство экендиги жөнүндө жок дегенде азыраак бир нерсе билип калууга, искусство деген эмне экендигин билүүгө, сонундуктун сонундук экендигин таанууга, көркөм чыгарманын масштабы менен жүрөк толкуп ыракаттанууга, художниктин рухуна таң калуу үчүн керек болсо кабылдоо искусствосу

художник өзүнүн искусствонун чыгармасы үчүн керектеген нерселерди түшүнүү үчүн андан да көбүрөөк керек. Анткени художниктин чыгармасы бул – нерсенин чыныгы нускасы (баш, жер бетинин көрүнүшү, окуялар ж. б. у. с.) жөнүндө эң сонун сөз айтуу гана эмес жана нерсенин сулуулугу жөнүндө эң сонун сөз айтуу гана эмес, ошондой эле баарыдан мурда, нерсенин өзү жөнүндө сөз айтуу, ал нерсени түшүндүрүү болуп саналат. Искусствонун чыгармасы өзү кайрадан жараткан турмуш чындыгын түшүндүрөт, ал дүйнөнүн нерселерин туура көрүүгө үйрөткөн художникти, анын турмуштан алган тажрыйбасын кабарлайт жана колдон-колго өткөрүп берет.

## КАНАГАТТАНГАНДЫК

Эч кандай толук жаңылык жасалбасын деген ар тараптуу зор дилгирлик болот. Ал дилгирлик эски тартипте жана иштин эскиче жүрүшүндө өздөрүн жакшы сезишкен адамдардын чөйрөсүндө өкүм сүрөт. Эски бир нерселерди мындан ары каалабагандарда, ал эскилик толук канагаттандырган адамдарда анын эң начар маңызы болот деген ой үстөмдүк кыла тургандыгы түшүнүктүү.

## ТЫНЧТЫКТЫ КОРГОО БОЮНЧА ЭЛДЕРДИН КОНГРЕССИНЕ

Адамзатынын эси таң каларлыктай кыска: ал өзү тарткан азап-кайгыларды эң эле тез унутуп калат. Бирок келечекте боло турган кырсыкты, кыязы, адамдар көз алдына келтире албайт көрүнөт. Атомдук согуштун жүрөк түшөрдөй сүрөттөлүшү, кыязы, Нью-Йорктун элин анча деле коркутпаган көрүнөт. Гамбургда жашагандарды азырга чейин тамдын урандылары курчап турат. Ошондой болсо да алар баары бир жаңы согушка каршы өздөрүнүн үнүн чыгарууга батына алышпайт. Дүйнөнү титиреткен кыркынчы жылдардын шумдуктары, мынакей, унутуп калды. «Кечээки жаан суу кылбайт» – деп жүрүшөт көп адамдар.

Мындай кайдыгер сезимсиздиктин акыр түбү өлүмгө барабар. Аны кандай болсо да жоюу керек. Эң көп адамдар азыртан эле өлүккө окшоп калышты. Алар азырынча үрөй учуруп гана турган алдыда болуучу кырсыкты болтурбай коюу үчүн эң эле аз аракет жасап жатышат. Ошол коркунучтуу кырсык аларды азыр эле каптап калган сыяктуу.

Акылдын салтанат курушу үчүн анын душмандарына каршы күрөшүү айласыз иш деп мени эч нерсе эч качан ишендире албайт. Эбак айтылганды миң ирет кайталайбыз! Унчукпагандан көрө ашыгыраак кайталоо керек. Айтылгандар таасир этиши мүмкүн. Эскерте берүү кээде бизге көкөйгө

тийгендей көрүнбөсүн. Биздин милдет – адамдарды дагы да эскерте бериш. Анткени адамзатына буга салыштырганда бардык мурдагы өткөн согуштар баланын оюну сыяктанган эң зор согуш коркунучу туулуп жатат. Ачыктан ачык, бардык элдин көз алдында даярдап жаткандарды убактысында колго чаап токтотпосо ал согуштар, сөзсүз, чыгып кетет.

30-ноябрь, 1952-ж.
Которгон **Омор СУЛТАНОВ**

*Публицистика*



# АМЕРИКА МОЗАИКАСЫ

Үсөн
КАСЫБЕКОВ

**(Башы өткөн №4 (36) санда)**

## Америкада кабыл алынган «дөөдүр мыйзамдардан» бир түрмөк

Америкада «дөөдүр мыйзамдар» деген атайы тизме бар. Тизме мезгил-мезгили менен прессада жарыяланып турат. Ал мыйзамга моюн сунуп, мыйзамды сыйлап жашаган «такыба» америкалыктар качандыр бир кездерде келечекти ойлобой обу жок, осол иштер жасашканын эстен чыгарбасын деген максаттар менен жарыялап турган сыягы бар. Кээ бир мыйзамдарды аткарайын десең да аткарышың кыйын. Кайра өзүң уят болуп калышың мүмкүн. Анткени, мезгил өтүп, эл таптакыр башка шартта жашап калган. Эмесе ошол «дөөдүрлөрдүн» бир «үйүрүн» назарыңыздарга тартуулайбыз.

Аризона штатында эшекти ваннага жаткырып өрүү кылган киши чоң айыпка жыгылып калышы этимал.

Айдохада төөгө минип алып, балыкка кайырмак салууга тыюу салынган.

Калифорниянын Чикаго шаарында ошол калаанын чегинде ядролук куралды жардырса $ 500 айып төлөө милдеттендирилген. Арийне, айып ким тарабынан өндүрүлүп алары жөнүндө кеп жок.

Техаста экинчи кабатта туруп алып бизондорго ок атам дегениңиз оюңузга да келбесин. Чоң айыпка жыгылып каласыз.

Алабамада эки көзүңдү таңып алып машине айдаганыңа тыюу салынат.

Миннесотада дырдай жылаңач болуп көчөдө уктап калган киши түрмөгө түшөт.

* * *

Квартираны ижарага өткөрүп алып өзүбүзчө үй-жайлуу болгондон кийин жыргап эле калдык. Эми эч кимге күнкор эмессиң. Колду-бутту кенен сунуп дегендей. Көп узаган жок, банкка эсеп келип түшүп төлөм мүмкүнчүлүгүбүз квартира бергендер тарабынан ырасталгандан кийин андан бетер токпейил тарта түштүк.

Американын күндөлүк тиричилиги, башка айтканда, алар сыйынт кылган квартирасы жөнүндө эки ооз кеп. Биз жашаган жер Мэрлен (Maryland) штатында жайгашкан Gaithersburg шаарчасынын Montgomery county (графство) деген район. Бир кездерде байлар мергенчиликке келип, чер жазышып эс алган жай болгон экен. Кийин штат кеңейип өсүп, жаңы үйлөр салына баштагандан соң ал турак жай районуна айланып кетиптир. Чачыла, бири-биринен окчун жайгашкан үч-төрт кабаттуу биздин микрорайондорго салыштырып көрсө болоор эле.

Ошол райондогу квартиранттарды тейлеп турган администрациянын офисинде өткөн, XVIII кылымда пайдаланылган мергенчилик атрибуттары сакталып турганына күбө болосуң. Америкалыктар өткөнүнө аяр карап, ызаат менен мамиле кылгандыгы менен айырмаланган эл. Ал түгүл кээде тарыхы менен ашкере мактанычы кылып жибереби деп каласың. Кай бир кездерде Американын тарыхы деле жок болсо да өтө эле жакыр, өздөрү эле опулдашып пропагандалык каражаттары, искусствосу, айрыкча киноискусствосу аркалуу американын «бай» тарыхын жасап алышпадыбы деп күлүп калышат. Ал айткандар-



да акыйкаттын үлүшү бар. Тарыхка сарамжал мамиле жасоо боюнча америкалыктардан үлгү алсак кана, аттигин, деп да кетесиң.

Montgomery county району социалдык орто катмардын турагы деп эсептелет. Жанында эле элиталар жашаган район жайгашкан. Сыртынан бир караганда эле экөөнүн айырмасы асман менен жердей болуп бөлүнүп турганы көзгө урунат. Байлар жашаган район экенин үйлөрдүн архитектуралык жасалгаларынан эле көрсө болот. «Мен элитамын» – деп «келберсип» турганын көрүү кыйын эмес. Райондордун тургундары минген машиналары $ 40–80 миңден кем түшпөгөн маркалар. Албетте, элитага жараша квартира акысы да элитардуу дечи. Бир байкалганы орто деңгээлдеги бардар район менен элита бири-бири менен көп баарлашып жибербей боюн ала качып турганы. Бири-бирин жактыра беришпейби дейсиң. Ырасында эки башка райондун коошпогону элита бой көтөрүп текеберленип турганында же орто америкалык тигилерди жек көргөндөн эмес – ар бир социалдык катмардын өз өзүнчө кызыкчылыктары бар экенине, демек, жашоо образдары боюнча айырмаланарына байланыштуу. Болбосо Америкада байлар менен кедейлерге, миллионер менен үй-жайсыз тентип жүргөн бомжго ар башка мамиле жасалбайт. Бардыгынын укугу бирдей. Ким кайсы динди тутунарынын, кайсы улутка, расага киреринин мааниси жок – бардыгынын укугу тең. Американы «эритме казан» деп коюшат эмеспи – бүт дүйнөдөгү эл жыйылып келип өз ара жалгашып, куюлушуп келип өзгөчө феномен – америкалык улутту түзүшкөн. Ырас эле дебейсиңби, айтпаса жалганбы, англосаксондор афроамерикалыктарга же башка расаларга мурчуя карашканы сезилип эле турат. Тилекке жараша, ал мурчуюу бытовой деңгээлде гана байкала калат. Булар ар кайсы улуттардын, расалардын карым-катышы жөнүндө кененирээк сөз кылууга татыктуу – кийинчерээк кайрылганыбыз жөндүү болор эле.

Ошентип, орто катмар турак кылган райондон квартира алдык. Квартирадай эле квартира, башкалардан айырмаланган бөтөнчөлүгү жок… Бир анекдот бар: америкалык таанышы Джондон КМШлык бирөө (орусубу, украиныбы, казагыбы же кыкеңби – мааниси жок, иши кылып советикум дейли) сурайт имиш: – Сен жашаган үйүң кандай деги? Сүрөттөп бере аласыңбы?

Анда америкалык: – Кандай болсун, башкалардан эч айырмаланбайт. Ата-энемдин бөлмөсү, катыным менен менин бөлмөм, кызымдын бөлмөсү, уулумдун бөлмөсү, коноктор бөлмөсү, ашкана, кухня, лыжа коё турган бөлмө, туалет, ванное, гардероб, терраса, барбекю бышыра турган жай жана башкалар. А сеникичи?

Анда КМШ айтат экен: – Меники деле кудум эле сеникиндей. Бир гана айырмасы бөлмөлөрдүн арасы дубал менен тосулган эмес.

Бир жылга майын көтөрүп алган биздин квартира Джон айткандай эле болуп чыкты – ар буюмдун, ар бир кишинин өз-өзүнчө коё турган жайы

бар экен. Биздин өлчөм менен карап көргөндө мындай квартирада үч баш киши эч кысынып кыйналбай эркин жашоо өткөрсө болот. Иштөөгө, жашоого бардык шарт түзүлгөн.

Америкадагы кийинки он жылдагы катуу өсүп кеткен жогорку технология менен информациялык революция күндөлүк тиричиликке терең киргенине байланыштуу. Күндөлүк жашооң автоматташтырылган. Жашооңду, бир сөз менен айтканда, кнопканын тиричилиги деп койсо болчудай. Бир гана кылар ишиң жаңылбай тиги же бу приборду туура программалаштырып көздөгөн максатыңа ылайык тапшырма бере алсаң болду, калганын алар өздөрү, сен каалаганыңдай аткарышат, өздөрү жасашат.

Мысалды жөнөкөй эле прибордон баштап көрөлү. Микротолкундуу меш. Сага шашылыш түрдө шорпо жылытып же жасап ичкиң келип калды дейли. Тиешелүү ингредиенттерин даярдап идишке саласың да программалык убакытты аныктап кнопканы басасың, болду. Белгилүү мезгил өткөндөн соң тамагың даяр. Полуфабрикаттар үчүн өзүнчө программалык тапшырма салынган. Пиццаны кондициясына жеткирип даярдоо үчүн өзүнчө, картошка бышырып алуу үчүн өзүнчө программа дегендей. Бирок да айта кетүү керек: микротолкундагы тамактар көң калап мешке бышыргандай болуп даамдуу деп айтуу кыйын. Жеп көрсөң кадимки эле тамак. Бирок ыраазы кылбайт, ичиң толбойт. Оңкулдап каласың… резинка чайнагандай болуп.

Башка аппараттар деле ошол эле иштөө принцибине негизденген. Кир жуугуч бөлмөдө эки кубаттуу машина турду. Биринде кир-коктун өзү жуулат. Кир жууй турган порошогуңду салып ишке киргизсең жылуу суу өз ченеми менен куюлуп кирди жууй баштайт. Бир даар күйүккөндө демин басып тыным алып калмайы бар. Анан кайрадан бир үшкүрүнүп алып ишин улантмай. Иштин мөөнөтүн өзү аныктайт. Ал кир-когуңдун материалына жараша. Жука кийимдер: көйнөк-дамбал үчүн өзүнчө убакыт же программа, ал эми калыңыраактары үчүн башка убакыт талап этилет. Машиненин кубатына тан берсе болот. Эч бир «аный» дегени жок. Кийин-кийин гана аялым машинеге ишеними артып, бузулуп калбасына көзү жетип батымдуу болуп калганда килейген жуурканды да жууп жиберди. Асыресе кир жуугуч машине деле бышык материалдарга эсептелген экен. Биздин «Дордойдон» сатып алып кийген кытай ширпотребине тиешелүү айрым кийимдерибиз машинеге чыдай албай койду, кырчылып ишмалтайы чыгып калды.

Кир жуугуч машинанын жанында дагы бир аппараты турду. Ал жуулган кирди сыгып, кургатып берүү милдетин аткарат. Ошондон уламбы же дагы башка себептери барбы, америкалыктарда чыгыш өлкөлөрүндө кадыресе көрүнүш болуп калган сыртка – көчөгө же балконго болобу жиптен артылта керме тартып кир жаюу деген жок. Уят көрүшөт.

Бөлмө кондиционер менен жылытылат, ысып кеткенде салкындатып турулат. Биздеги бай офистерде терезеде жайгаштырылып кейипти кетирип турган кондиционерлердей эмес, алда канча кубаттуу, таптакыр башкача технологияга негизделген. Биздики кондиционер деген аты эле бар. Ал үйдүн сыртында окчунураак жерге жайгаштырылган. Кулактын кужурун албайт. Инженер болбогондон кийин техникалык өзгөчөлүктөрүнүн аки-чүкүсүнө тереңдеп кире албайм дечи. Баамыма караганда дубалдар аркылуу трубалар менен туташтырылып келип үйдүн ышынын белгилүү жерлерине монтаждалып коюлган. Абанын толкуну менен саксактап ээрчип барып таппасаң, табышың кыйын. Оңой менен байкала бербейт. Бөлмөдөгү абанын циркуляциясын, мейкиндиги эсепке алынып мерчемдүү жерлерге монтаждалып коюлган түрү бар.

Ал дагы программалык милдеттерге баш ийдирилген. Бөлмө муздап кетсе бир нече кнопкалардын манипуляциясын аткарышың керек. Сен каалаган, б.а., программалык тапшырмага ылайык жылуулук пайда болгондон кийин өзү өчүп калат, муздап баратса кайра иштей баштайт. Бөлмөдө салкын температураны карматуу үчүн башка комбинация талап этилет. Иши кылып сырын билип алсаң калганы оңой. Ар бир центин санап турган сары эсеп америкалыктар өтө эле зарылдыгы чыкпаса «үй жылытманын» жардамына артыкбаш кайрыла беришпейт. Себеби электр энергиясын көп соро турган түгөнгүр экен да.

Ары-бери өткөндө кошуналардын биринин аппараты бир тынып койбой иштеп атканын байкап калдым. Бир жума иштеп турду. Барып, же кезигип калса бир айтып көрөйүн дедим. Кезикпейт. Бир жагынан кулак кагыш кылсам жеке ишине кийлигишкендей болуп калбайымбы деп да тартынам. Анан ойлоп коём бир жакка кетип калган окшобойбу деп. Непадам, америкалыктарды – миң миллионер болсо да чычканга кебек алдырбаган немелер – билем да мынчалык куру бекер иштетип коё албайт эле да. Болду-болбоду бир жакка кетип, унутуп калса керек, шоруң каткыр. Олчойгон акча сүрөттөлгөн банктын эсеби келгенде ичиңен кан өтүп кетер бекен, шордуу деп боорум ооруп да коёт.

## Дөөдүр мыйзамдардан дагы бир түрмөк

Эскерте кетели: бул, дөөдүр мыйзамдар, азыркыга чейин өз күчүндө, аларды эч ким жокко чыгарган эмес.

Балтимордо арыстанды жетелеп алып театрга келгенге уруксат жок.

Нью-Орлеанда крокодилдерди гидранттарга (суу жүргүзүүчү колонкалар) байлап таштоого болбойт.



Иллинойс штатынын Юрика деген шаарында муруту бар эркек кишинин катындарды өпкөнүнө тыюу салынат. Калкайган муруттууларга андан бетер жаман. Ошол эле штаттын Гейлсбур шаарында бейсболдун токмогу менен келемиштерди сокконго уруксат берилбейт.

Индианада октябрь менен март айынын ортосунда ваннага түшүп, жуунганга тыюу салынган.

Алабамада балмуздакты чөнтөккө салып жүрүү кылмыш деп эсептелет. Ошону менен катар аялдардын көзүнчө түкүрүнүп-какырынганга, чиркөөгө жасалма мурутту чаптап алып барууга, көчөгө маска кийип чыгууга тыюу салынган.

Огайонун Оксфордунда аялдардын эркектин портретинин алдына туруп алып дырдай чечингенине тыюу салынган.

Калифорния штатынын Волдвин деген паркында велосипед менен күүлөнүп барган боюнча бассейнге кирип кеткенге болбойт.

* * *

Мектепте окуган балдардын сабактардан жетишүүсүн аныктоо боюнча баалардын системасы өзгөчө градацияга баш ийдирилген. Алар проценттик көрсөткүчтөр, тамгалар жана цифралар менен туюндурулат. Тизмектей келгенде мындайча болуп чыгат.

1) жогорку жетишкендик катары – 90% – 100%ке чейинки баалар каралат. A (Эй) тамгасы менен туюундурулат, цифрасы – 4 – биздин бешке туура келет (%, A, 4)

2) жакшы баа – 80%–90%ке чейин, тамгасы B (Би), цифрасы 3 (%, B, 3)

3) орто баа – 70%–80%, тамгасы C (Си), цифралык туюнтма 2 (%, C, 2)

4) начар – 0%тен 70% дейре, тамгасы D (Ди), цифрасы 1 (%, D, 1)

5) өтө начар – 0 % – жана андан төмөн, тамгасы E (И), (%, E, 0)

Айтылуу америкалык жазуучу Марк Твендин «Том Сойердин жоруктары» повестинде мектептеги баа системасы кеңири айтылган. Ырас, повестте сүрөттөлгөн Том Сойердин мезгилиндеги окуучуну мектептеги алган баасын ырастаган түстүү кабырчыкты баланын колуна берүү деген адат азыр жок. Ким канчалык баага татыктуу болгону мектептин веб-сайтына илинет. Ал ар дайым жаңыланып турат. Эсиңиздерде болсо Том Сойердей болуп баа кабырчыктарын эпчилдик менен атташтырып-буташтырып соода кылып отуруп начар окуса да алдыңкы окуучу болуп калуу дегенге азыр жол берилбейт.

Сабакка жетишип, жакшы окуган тырышчаак балдар сүрөөнчүлөр (меценанттар) тарабынан бөлүнгөн сыйлыкка татыйт экен. Сый акча түрүндө берилиши мүмкүн. Эсимден чыгып кетпесе менин уулум окуган мектепте ал сыйлык $ 400 барат экен. Ар кайсы мектепте ар кандай – меценанттардын жоомарттыгына жараша. Болбосо эс алуу жайларга путевка берилет. Ресторандар түштөнүп туруу үчүн атайы бекер, абоненттик чектер менен да сыйланат экен. Иши кылып сыйлоонун формалары санап отурса кыйла эле көп. Ар бир квартал сайын алдыңкы окуучунун жетишкенин ырастаган сертификаттар тапшырылат. Мындай балдардын ата-энелери катуу сыймыктанышат экен. Баласы же кызы татыктуу болгон сертификаттарды жумушчу столуна же болбосо машинесинин ылайыктуу бир жерине жайгаштырып коюп алган америкалык ата-энелерди көп жолуктурса болот.

Мектептерде балага эркиндик – эркин басып, эркин жүргөнгө мүмкүндүк берилгени менен тартип катуу. Тартипке көз салып турган атайы кароочулар жалданып алынган. Аларга балдардын ичинде тыныгуу убагында мушташ чыгып кетишине, наркотикалык тамеки тартып жиберишине жол бербөө милдети жүктөлгөн. Кыраакылык менен көз салышат экен. Коридорлордун мерчемдүү жерлеринде атайы кнопкалар коюлган. Чатак чыгып кеткенде ошо кнопкаларды басып, кароолчуларды чакырууга болот.

Деген менен советтик окуу сиситемасы америкалык системадан кыйла алдыга кеткенин моюнга алуу кажет. Батыш, Америка десе эле өңгөчүбүздү тартып суктана бергенибиз натура. Советтик системаны муштрага негизделген деп сындаганыбыз менен кыйла натыйжалуу экенин америкалыктар деле жокко чыгарышпайт. Мен Болот окуган мектептин электрондук гезитин Интернет барагынан ачып окуп көрүп алдыңкы орундарды ээлеген балдар КМШ өлкөлөрүнөн келгендер экенине көзүм жетти. Аларды фамилияларынын аягы «ов» менен бүтүп турганы менен оңой эле баамдаса болор эле.

Дүйнөлүк олимпиаларда алдыңкы орундарды үзбөй ээлеп келе жаткандар Кытайдын, постсоветтик өлкөлөрдүн, Япониянын окуучу балдары экени буга айгине далил. Ырас, советтик окуу системасында таяк менен тарбиялоого ашкере берилип кетүү көрүнүштөрү көп болорун айтпай коюуга болбойт. Пряникти унутуп коюу көп учурайт. Америкалыктар

кийинки кездерде башка өлкөлөрдүн алдыңкы окуу методикасын үйрөнүү боюнча иштерине чоң көңүл бөлө башташыптыр. Айрыкча Кытайга стажерлорду, волентёрлорду жиберүү иши жолго коюлган экен. Алар өз мекенине кайтып келип, Кытайдагы сабак берүүнүн алдыңкы технологиясын америкалык мектептерде сиңирүү иштерин активдүү жүргүзө баштаганын айтышты. Тажрыйбаларды өздөштүрүү максатында мектептин мугалимдери менен алмашуу иштерине өзгөчө көңүл бөлүнөт экен. Мектеп окуучу балдарын АКШга чакырып, америкалык үй-бүлөдө жашап сабагын улантуу боюнча программа да ушул максаттарга байланыштуу окшобойбу дейсиң.

* * *

Америка жөнүндө көп учурларда үстүрт түшүнүгүбүз болот. Океандын ары жагындагы табышмактуу өлкөгө совет доорунда чанда эле киши барбаса каттаган киши деле аз болгон. Эми гана Американын дарбазасы ачылып эл көбүрөөк каттай баштады. Студенттер, дипломаттар, сый конок менен баргандар, же болбосо грин-кард (ар жыл сайын бүт дүйнө боюнча Американы көксөгөндөр, Америкага барып жашагысы келгендердин арасында лотерея ойнотулат. Таалайыңдан көр, миңдин бирине Американын эшигин ачкан гринд-кард түшүп калышы этимал (Green Kard лотереялык программасы тууралуу эки ооз сөз: бүткүл дүйнөдөн 50 000 киши жана үй-бүлөсү АКШга келип жашап, иштөөгө жол ачат, программа Конгресс тарабынан кубатталган, каттоо онлайн режиминде жүргүзүлөт, эрди-катындын шансы көбүрөөк) мененби же башка жолун тапканбы, айталы, саясый башпаана алгандар («Ар-намыс» партиясынын мүчөлөрү) ал өлкөдө жашап-иштеп калган кыргыздар сейрек эмес. Кыргыздардын Америкада жүргөндөрүнүн сан эсеби белгисиз. Так маалымат жок. Айтымдарына караганда үч миңге чамалап барат.

Америка жөнүндө көбүнесе туристтик путевка же ырасмый иш сапарында болуп келип учкай көргөн билгенибизди саймедиреп айтып түгөтө албайбыз. Асыресе, ал түшүнүгүбүз көбүнчө туристтердин же ырасмый иш сапар менен болгон официалдуу адамдын үстүрт «кабык» түшүнүк болуп калып жаткандыгын элесибизге албаган эндекейлик жайыбыз бар. Чет элде сапар менен барып-келип катуу таасирленген: толкунданып кеткен акындар же болбосо журналисттер «Индия таасирлери», «Литва түрмөктөрү», «Бир кабат Пакистан», «Ооган кыргыздары», «Эстония ыргактары», «Улуу Британияга сапар» ж.б. ушу өңдөнгөн жол очерктерин токуп, ал гана түгүл ыр китеп жазып жиберген учурлары көп кездешет. Аны эч бир эрөөн-төрөөн деле көрбөйбүз. Кадыресе көрүнүш катары кабыл алабыз.



Асыресе, бир чоочун элди түшүнүп-билүү үчүн ошо эл менен кошо же ошолор сыяктуу тиричилик өткөрүп, бир пуд тузду жешкениң да аздык кылат деген сөздө калет жок. Башка элдин сырын түшүнүп билиш үчүн утурумдук баарлашып калганың аздык кылат. Ошо эл менен чогуу жашап, алардын көргөн кыйынчылыктарын кошо көрүшүң лаазым. Алар эмнеге сүйүнсө, эмнеге кайгырса сен да кошо сүйүнүп, кошо кайгырсаң гана алардын сырын, кулк-мүнөзүн баамдоого мүмкүн. Кыскасы, миң уккандан бир көргөн артык.

Ошентип насип буйруп, балким, тарткылыгы болуппу, үй-бүлөм менен Америкада толук бир жыл жашоого туура келди. Аякка Фулбрайт атындагы программа менен илимий иш жүргүзүү максатын аркалап барганбыз. Джон Хопкинс университетинин карамагында болдук. Университет дүйнөгө атагы чыккан эң кадырлуу окуу жайы жана илимий изилдөө борбору. Америкада чачылган көптөгөн филиалдары бар. Анда бүт дүйнөгө атагы чыккан окумуштуу-политологдор: Бзежинский, Киссинджер, Френсиз Фукуяма, Фред Старр лекция окушат. Университеттин президенти (бизче айтканда ректору) Америкада эң жогорку айлык алган адам: эгер Джорж Буш жылына $ 400 миң алса «ректордун» айлыгы $ 800 миңге чыгат. (Америкалыктар жалыйнасын бир жылга чегерип эсептешет. Бизге окшоп айлыктан айлыкка чейин оокат кылуу жок. Сыягы, алар бизге караганда келечекти ойлогон оптимист калк болот окшобойбу.)

Мунун өзү акчаны кудайындай көргөн америкалыктардын ичинде канчалык кадыр-баркы бар экенин, социалдык тепкичте кандай орун ээлеп турганына далил болуп бере алаар.

* * *

Нурбектин Америкада жүргөнүнө бир нече жылга аяк басыптыр. Кантип, кайсы шамал айдап келгенин айтпайт. Чечилип, ичиндегисин чыгарбагандан кийин биз деле анча кызыккан жокпуз. Бир жолу гана кимдир бирөөлөрдөн бутташтырып Грин-кард сатып алып келип калдым деп чаңгылт кылып жобураган болчу. Кийин-кийин, биз илимий программа менен жүргөнүбүзгө, эч кандай зыяныбыз жок экенине толук көзү жеткен соң чечиле баштады. Зыяныбыз жок деп жатканымдын себеби бар. Америкада бирөөнүн мыйзамсыз быкый иштерин байкап калгандар жогору жакка жеткирип барышы кадыресе көрүнүш катары эсептелет. Анын эч кандай эрөөн-тероөнү жок. Ал түгүл аны граждандык милдетим деп эсептешет. Америкадагы мындай жүрүм-турум эрежесинин, жорук-жосундун канчалык адилеттүү экени, канчалык үлгүлүү экени жөнүндө бир жаңсыл тыянак чыгарып айтуу кыйын. Мыйзамдуулукту сактоого өбөлгө болушу мүмкүн. Бул жагынан оң таасири бар. Бирок да коомдогу моралдык атмосферага оң таасир бербестиги шексиз. Аны айтпай койбосо да болбойт. Анткени кошуна кошунадан, бир иштешкендердин бири экинчисинен сестенип, чочулап турушканы, асты жакшы көрүнүш деле эместир. Алда кандай болот, байкабай-билбей айып кетирип коюп жанымдагы карачечекей кишим жогору жакка: начальникке, полицияга, соцкамыздоо, б.а., social security же дагы бир органга «сөз» ташып барбас бекен деген шектүү шекшинет болуп турганың адамды рухий жагынан чаалыктырып, чарчатып таштары айкын. Иши кылып мындай жашоону психологиялык жагынан комфорттуу деп эч айта албастырсың.

Нурбек кийин чечиле баштады. Баягы Грин-кард жөнүндөгү ойлоп тапкан олдоксон жомогунан айнып, биздеги «Ар-намыс» партиясынын мүчөсү болуп жүргөнүн, кийин партия куугунтук жей баштаганда Америкадан саясый башпаана алганын ачыкка чыгарды. Ал түгүл партияга 200гө жакын тааныштарын мүчө кылып айдап киргизген эмгегин, б. а., «эрдигин» мактаныч кылып айтып жүрдү. Асыресе, Нурбекти партиянын программасын тең бөлүшүп, идеялары дегенде ичкен ашын жерге койгон активист деп айтууга болбос. Тек гана эл дүрбөсө кошо дүрбөгөндөрдөн экени көрүнөт. Сүйлөшө келгенде Нурбегиңдин сөз түрпөйүн карап көрүп ал «Ар-намыс» эмнеси менен башка партиялардан айырмаланарын деле дурус билип жибербесине көзүң жетип «мүчөлүгүнө» тыкыр ишенип кете албайсың.

«Ар-намыстын» атын жамынып алып бир далай эптүү «азамат саясатчылар» Америкадан паана таап алышкандары бар экен. АКШда жайгашкан kyrgyznews.com сайтындагы «Америкага иммиграция. Кыргыздар кай жерде жашайт?» деген макалада төмөндөгүдөй кеп козголот: «Пожалуй, самым ярким примером является, так называемая, «компания переезда членов партии «Ар-намыс» из-за гонений и угроз режима Акаева начиная с середины 90 гг. прошлого тысячелетия и вплоть до событий марта 2005 года.

Не обошлось и без издержек. Поскольку известно, что многие кыргызстанцы подписывались под знамена этой не только, для того чтобы «защитить принципы партии», но и банально, для того, чтобы заплатив за «членство» в этой партии и под соусом «гонимых» просто получить «путевку для выезда» в Америку и приехать в США».

Айтпаса жалганбы, кыргыз элчилигинде чогулуп калганда ошол «ар-намысчылардын» бирине түз суроо берип калдым: «Мына, 24-мартта революцияңар болуп өттү. Акаевдин режими кулап, көздөгөнүңөргө жеттиңер, чынбы? Эми өз жериңерде – Кыргызстанда демократияны тереңдетүү, өнүктүрүп өркүндөтүү үчүн кайтып барбайсыңарбы? Же партия силерге муктаж эмеспи?» десем күң-мыңк этип тыңгылыктуу жооп айтышпайт. «Ар-намыска» караганда аларга Америка көбүрөөк жагып калган жайы бар дейсиң.

**(Уландысы кийинки сандарда)**



Белек
СОЛТОНОЕВ

*Мурас*

# ЭҢ ЭСКИ КЫРГЫЗ

**(«Кыргыз тарыхы» китебинен)**

Кыргыз – фин, могол, гунн элдеринен куралган эл. Көбүнчө биздин эрадан 500 жыл мурун түп жак кытайдан келген динлин уругунан, бир кабарда динлинди эски заманда Орто Азиядан Алтай, Орол ортосуна барып жерлешкен арийлердин эски карыялардын сөзү: Кыргыз Алтай, Кангайдан келгенбиз дегени жалган эмес. Эски түрк кыргызды тууганым дебеген. Кыргыздын тили уйгурдукундай болгон.

Биздин эрадан 206 жыл мурун болгон кытайдын «Улуу хан»[1] деген. Падышасынын тарыхын жазган Бангу (Баньгу) деген кытай болгон. Бангу биздин эранын 92-жылында өлгөн. Бул тарыхчы кыргыз «гиан-гун»[2] аталган. Бул гянгундар биздин эрадан 206 жыл мурун өзүнчө мамлекет болгон (ал 206 жыл мурун нары жагында канчалык жыл мурун мамлекет курганы, кандай турмушта болгону тарыхта кабары жок).

«Киге» деген түрк уругунан болгон эл биздин эрадан эки миң жыл мурун Египетти (Мисир) караткан[3]. Кытайлар кыргызды – кыкыс деп жазган. Ойго келет, балким, «гикис» кыргыз болбосун деп.

[1] *Бартольд В.В.* Кыргызы. Исторический очерк. 1927-ж., 6-бет.
[2] *Ган-гун* – по китайски большой или главный предводитель. Монах. Бичурин.
[3] *Павлов Н.* История Туркстана. Ташкент, 1910. 137-б.

Кытай тарыхынын атасы аталган, биздин эрадан 99 жыл мурун жазылган «Шиңзи» деген тарыхта[1] түрктүн «гунн» аталган уругу биздин эрадан 201 жыл мурун «Ге-гун» (киккин) гегунь деген элди караткан деп Сыма Цян айтат. Транскрип жазууга салып Кик-кин деген сөздү текшергенде «кыргыз» болуп чыгат. Кик-кин – «гян-гун» деген сөз.

Гиан-гун дегени Кем-кыр, жон деген сөз болуп, гиан-гун аталып кеткен. Гиан-Кем деген сөз болуп, эски түрктөр Энисей дайрасын «Кем» деген.

Гун – Орхон дарыясы болуп, аны кытайлар «гун» деген. Демек, гиан-гун-Кем, Оркон дайралары – жердин аттары болуп чыкты.

Кем-Оркон дайраларына эң эски замандан фин, могол жана түрк уругунан «гун» деген эл жердеп тургандыктан кыргызды фин, могол, гун уруктарынан куралган эл деп айтууга мүмкүн.

Кыргыздын турган жерлери Энисей дайрасынын тегереги, Уранкай, Саян тоолору, аягы Алтай тоолоруна тие болуп, ортосу Энисей баштары болгон.

Энисей дайрасынын башында Кемчик, Ситикем, Бомкемчик, Кукем, Бейкем, Улуккем, Кизгекем деген туура суулар бар.

Ураңгай деп кытай, могол атаган. Ураңгайлыктар өздөрүн «төбө» дейт. Биздин VII–VIII кылымдарда «дөбө» аталган азыркы Энисейдин башындагы «тави-туви» республикасы. Энисейдин башында «Кем» аталган суулар көп болгондугун жогоруда көрдүк. Атактуу тарыхчы Абылгазы мындай дейт: «Кыргыз, кемкемжут элинин зикири: Угуз хандын Кыргыз ысымдуу бир небереси бар эле, жонун насилинен эди, амма бу убакытта кыргыз насилинден кишилер аздур, моголдон, татардан вагайри уруглардан айбандарын асырамак үчүн от, суу излап келип кыргыз журтуна барып олтуруп, кыргыз исмини көтөрмүшлардур. Өзүлөрү кайсы уруктан экенин билелар. Кыргыз, Кемкемжут эли олаят (вилеат – О. С.) болуп бир бирине якынлардур, бир тарафи Селенгир исимли, экинчи тарафи Анкарамуран исимли экиси хам улуг агым суулардур.

Абир ва Сибир деген эки виалет бар. Кыргыз юрту аңга якундур. Кыргыз эли төрөүсүнү «йнал» дээр эди, могол ва тажик падыша деген кеби. Ол вакытта төрөлөрү «Ырыс Айнал» деген кемсе эди. Чингис хан Бура (Бөрүго – О. С.) деген кемсени элчи кылып, «Манга табиг болсун» деп кыргыз элине жиберди. Ырыс Айнал элчини жакшы сыйлап, узу бармай, көп бөлөксалак эле жакшы кишилеринен кошуп жиберип баш салды. Бөлөклөрүнүн машхури бир аягы ва бурни ва көзү кызыл ак шуңкар куш эди».

## Кыргыздын зор мамлекети[2]

Кыргыздын Моголияны каратып алгандын тарых жүзүндө кем-кем болуп саналат (Орто Азияда), себеп Күн батыштан Күн чыгышка карап

[1] *Бартольд В.В.* Кыргызы. Исторический очерк. 1927-ж., 5-бет.
[2] *Бартольд В.В.* Кыргызы. Исторический очерк. – Фр. 1927-ж.

эл каратуу сейрек болуп, көбүнчө Күн чыгыштан Күн батышка карай толкун болуп турган. Кыргыздын ханы уйгурду жеңгенден соң, анын Оркондогу борборуна турбастан «Лоо-шан» жаки «Думан» деген тоону (Таннула болсо керек – О.С.) ашып келип уйгурдун борбор шаарынан алыстыгы атка он беш күндүк жерге келип турган. Мундан соң кыргыздын согушу тууралуу кабар жалгыз: «Кумдак чөлдүн жагына 70000 аскер менен келип, жоосун жеңип алып көп уйгурду алып, ханы кайрадан өзү турган жерге кетиптир» – дейт.

Кыргыз падышасы уйгурду каратып алган соң, уйгур хандары сыяктуу жана мурунку угуз заманындай болбостон, кытайдын ал замандагы Тан насилинен болгон хандары менен жакындаша баштаган. Кыргыздар уйгурдун борбор шаарын каратып алганда андан кытайдын падышасынын Тайху деген баласын таап алган дагы аны кайтадан кытайга сакчы менен жөнөткөн; жолдо кетип бара жатканда уйгурдун Өгө деген ханына жолугуп калып, анын колунан 843-жылында бошоткон.

Кыргыздын ханы кытайдын «Ли лин» деген династиясынан саналып, өзүн ошол кытай падышасынын уруусу тан менен насилдеш деп билген. Демек, тан насилинен Ли-Лин таралган кытай падышалары биринчиде кыргыз менен жакындашып кетишке умтулса да, бирок 847–859-жылдарда император болуп турган «Суан-тзон» кыргыз өзү аз журт, булар тан насили менен сөөктөшүүгө тек боло албайт дегенде муну чоң төрөлөрдүн кеңеш-каллегиесине тапшырган. Каллегие кеңешинде «уйгурлардын кудуреттүү чагында аларга (грамота) белги-кат берип турдук, биздин бактыбызга алар эми жыгылды, эми кыргызды күч алдырыштын кереги жок» деп кеңешин коюлткан. Ушундай жароосуз бүтүм чыгарса да кыргыздар Кытай менен катышып турган. «Иу-Тзун» императордун заманында (860–880-жылдар) Кыргыздар үч мертем кытайга жаки жиберген.

Уйгурду жеңген кыргыздын ханы өзүнүн жеңген биринчи душманы Өгө 847-жылы өлгөн. Таншу тарыхында кыргыздын ошол өлгөн ханынан соң хан болгондугун жана анын мансабын (титул) айткан. Бирок алардын кандайча болгонунан кабар бербейт. Кыргыздын зор мамлекети жөнүндө Кытайдын берген кабары өтө аз. IX–X кылымдардагы Орто Азия кабарын мусулман тарыхчылары дагы жазган. Маселен, Ирандын XI кылымдагы Гардизи деген тарыхчысы Орто Азияны аралап кыргызга кеткен жолдорду жазып көрсөткөн. Мусулман менен кыргыздын катышып турганын кытайлар дагы айтат. Анын айтуунда Кыргыз мамлекети да шу (тажик), арап, карлык, тибет менен жакшы байланышып турган. Арап жеринен кыргызга ар үч жылда жыйырма төөгө жүк мал келип турган. Малдын баары алтындаган жибек бул болгон, кээ бир жакта 24 төөгө жүк мал келүүчү эле дейт.

Таншу тарыхында кербендин кайсы жол менен жүргөнү айтылбаса керек. Кыргызды арап, тибет, карлык элдери менен байланышып турган

деген кабарга караганда Орто Азиянын Күн батыш четинде болгон согушка катышпаса керек.

Гардизинин XI кылымдагы тарыхынан башка аты жазылбаган бир тарыхта иранча жазылып аалам чеги (граница мира) деген ат коюлуп, мусулманча 372-жылда, бизче 982, 983-жылдарда жазылган. Бул тарыхты Туманский деген орус 1892-жылында Букарадан таап алып, бастырып чыгарбаган. Ошол себептен Туманскийдин кол жазуусу «Рукопись Туманского» деп атак берген. Мунун кабарына караганда кыргыздар тогуз Угуздун түн жакка гана чектеши болбостон, Күн батыштан дагы көршүлөшү болгон. Ушул тарыхта Бончул шаары тууралуу айткан. Бирок анын кайсы жерде болгондугу көрсөтүлбөгөн.

Кытай тарыхында Вань-су (Van-Su) жерин текшере келсе, азыркы Үчтурпан болот. Бул шаарда карлык облусунда болуп, анын мурун тогуз угузга карап туруп, «эми» аны кыргыз ээлеп турат деген.

Араптар тогуз угуз менен карлыктардын согушун жазат. Мурун тогуз угуздар жеңип туруп булар качан манихей динине киргенде карлуктар жеңген. Жана Туманскийдин кол жазууна караганда тогуз угуздун бир уругу Ягмадан Кашкар менен Жети-Суунун жартысын тартып алса керек. Нарындын күн жүрүшү Кашкар тууралуу мындай дейт: Кашкар шаары Ягма облусу, кыргыз, кытай жана тибеттин чеги болгон.

Туманскийдин кол жазуунда Кыргыз мамлекетинин чеги дурус белгиленбеген. Кыргыз тууралуу айтылганы: кыргыздын күн жүрүшүндө тогуз угуздан башка карлыктын жартысы болгон. Бирок карлыктарды текшергенде анын чектеш элдеринин арасында кыргыз айтылбайт. Айтылбаса да кыргыз өзүнө чектеш эл Жети шаарда (Түн жак кыргызия) турган туксу менен чигилдердин арасында болгон.

Чигилди Ысык-Көлдүн түн жак жээгинде турган тургеш элинин уругунан саналган туксулар Чүй боюнда турган. Азилер түргештин бир уругу болгон. Ушундай кабарларга караганда кыргыздын зор мамлекети болуп турган чагында мамлекетин күн чыгыш, күн батышка чоюп кеңигендиги көрүнөт, бирок кандайча кеңигени жана кайсы жылдарда болгону эч кабары билинбейт. Туманскийдин кол жазмасындагы «эми» деген сөзгө караганда, тарыхчынын берген кабары – кыргыз зор мамлекетинен ажырабастан көп бурунку кабардан алса керек, кыскасы, кыргыздын башка эл менен кандайча байланышта болгондугу айтылбаган.

Таншунун тарыхына караганда, араптан кыргызга барган бу жол Күча менен Бейтинден (Бешбалык) барып турган. Бу кабарга караганда кыргыз менен уйгурдун арасы келишпесе керек. Жогоруда айтылган Кардизинин сөзүнө караганда, Тогуз угуздан кыргыз ханына бара турган жол – кыргыз ханы Көгмөн жаки Саян тоосунун түн жагында жети күндү жерде болуп, Енисейдеги кыргызга бара турган жалгыз ушул. Араптар Тогуз угуз менен Карлуктун түн жагында кыргыз болгон деп билген,

дагы кыргызды түн жак күн чыгыштын (Северо-Восток) эң четинде турат деп санаган. Арапдардын билүүнчө кыргыз мамлекетинин күн чыгышы Мухит деңизи болгон.

Ислам мамлекеттеринен эки жол жүрүп, биринчиси Сыр дайранын аягынан, бири Таластан (Олуя Я), бул эки жол Кымак обулусуна карата жүргөн. Таластан Кымакка жете 81 күндүк жол болгон, алардын борбору Эртиштин түн жагында болгон. Кымактар кыргыздын күн батыш тарабында болуп, буларды кытай тарыхчылары билген эмес; ушул себептен булар мусулман тарыхтарда биринчи болуп учурайт. Кымактан кыргызга карай жол болгону жана кыргыз менен кымак арасы кандай болуп тургандыгы маалим эмес. Кымак тили кыргыз тилине окшошуп окшоп түркчө болгон. Туманскийдин бир жазуусунда кымактын расми кыргызча болгон. Кебетеси кымактар кыргыздын зор мамлекетинен бурун өздөрүнүн саясы бирлигинен ажырагандай көрүнөт. Туманскийдин кол жазмасында араб, иран, тарыхчылары кымак хаканы (падышасы) десе да, бурун кымактан бөлүнгөн кыпчактар кымактын кол алдында саналган.

XII кылымдагы Махмуд Кашкаринин сөзүнө караганда кымак болбостон, анда Эртиште иемек деген эл турган. Бул иемекти Гардизи кыпчактын арасында турган кыпчак сыяктуу эл деген. Кыпчактар кийин Түркстандын күн батышында, Орусиянын күн жүрүшүндө саясы жагынан бирлеше албастан туруп, кийин могол дооругунан соң, Казакстан жери кыпчак аталып турган.

Туманскийдин кол жазмасынын кабары жана башка тарыхчылар кабары: кыргыздан жүн, жыпар, кайың жыгач (кабыгы болсо керек), мүйүз, куту бычакка сап кылмакка алып келип сатып турган. Кыргыздын ханы кыргыз хаканы аталган.

Туманскийдин жазуусунда кыргыздын мүнөзү азуулуу аң катарында болгон. Өздөрү орой, сакал, мурутсуз, адилдиги жок, ырайымы аз болгон. Өздөрү өтө эр болуп, чектеш эл менен дайым талаш-тартышта болуп, согушуп турган. Арабасы, кайыгы болуп, кайсы жерде чөп көп болсо дайым кой, уй, жылкы менен көчүп жүргөн. Башка мал болбогон. Жана буларда аң уулаш кесип болгон. Отту ыйык көрүп, өлүгүн өрттөгөн. Боз үйдө турган. Кыргыздын күн чыгышында «фари» деген бир уруу кыргыз болуп, башка кыргызга аралашпай турган. Булар киши жегич (мыкаачы) болуп, өтө аёосуз, ырайымсыз болгон. Булардын тилин башка кыргыз билбеген. Булар азуулуу жапайы аң катарында болгон.

Кыргыздын хаканы турган шаарды Кемжикет деген. Кыргыздын ичинде «кесим» деген бир уругу болгон. Тоодо боз үйлөрү болгон. Булар жыпар, тыбыт, куту, жүн чыгарган. Кыргыз ичинде бир уругунун тили карлук тилинде болгон, кийими кымактын кийиминдей болгон.

Кыргыз хаканы турган Кемжикет шаарынан башка бүткүл кыргызда мейли тоо, мейли талаа болсун шаары болбостон, баары боз үйдө турган.

Туманскийдин кабары кыргызды эң жапайы көрсөткөн. Бирок кытай тарыхтарында ырас жеринен көрсөтүлсө керек. Иран тарыхында кыргызды коңшулаш эл менен дайым согушуп турганын көрсөтөт. Кытайлар болсо кыргызды өтө тынч, жан-жагындагы эл менен жакшы байланышта болгон дейт. Жана кытайлар дагы кыргыздар өлүгүн өрттөп жиберүүчү экен дейт жана күлүн бир жылдан соң көмөт дейт; башка түрк сыяктуу өлгөнүнө бетин тырмачу эмес эле дейт.

Кыргыздын ичиндеги бир уругу «фурилер» өлүгүн тоого алып барып, шалдырап чиригенче жыгачка асып койгон.

Жогоруда кыргыздын жалгыз Кемжикет деген калаасы болот дедик эле. Бул шаарды Якинфдин кабарында Мидичи, кытайдын тарыхчысы Шотта мундай деген: Мидичжита (Midiчжita) деген соңку «жит» деген муун персиянын өзгөргөнү болсо керек, маселен, Аксикет, Пенжикет дегендей.

X кылымдагы тарыхчы Абу Дулеб кыргыз жөнүндө жакшы жазып кеткен. Бу киши саякат кылып жүрүп жазган үчүн анда кыял сөздөр бар, бер жагынан жаңылыштары көп жолугат; өзү кыргызды аралап көрбөстөн, көргөндөй кылып жазган. Албетте, мунун кабарында чындыгы бар. Мунун кабарында кыргыз төөнүн этинен башка бүткүл этти, таруунну, күрүчтү жеген, булардын сыйынуучу үйү жана өзүнчө каты болгон. Булар өтө кыраакы жана кеменгер журт. Шамын өчүрбөстөн коёт, өзү өчөт. Буларда ашыкпай, камыкпай, толкубай, жай акыл менен сүйлөгөн таза сөз болуп, андай сөздү табынганда сүйлөгөн. Буларда жыпар бар. Бир жылда үч майрамы болот: туусу жашыл, табынганда күн жүрүштү карайт. Жылдыздардан Сатурн менен Чолпон жылдызды кадырлайт. Марсты жамандыкка таандык деп кадырлабайт. Булардын жапайы аңдары көп, түндө жаркырап тура турган ташы болот, ошол үчүн жарык кылууга зарыл эмес. Бул таштан нерсе чыгаруу кыргызда гана болот. Булардын ханы элинин камын ойлойт. Ошол себептен эл ханына ийилиштүү болот дейт. Мунун тарыхында кыргыздын жазуу тууралуу кызык сүйлөгөн, ал жөнүндө Таншу дагы айткан. Мунун тарыхында айтканы: кыргыздын жазуусу жана тили уйгурдукуна окшош деген. Бул жазуу (тамга) уйгур арасына жайылып, кийин моголго тараган. «Алиппе» жөнүндө эмес, эң байыркы эски жазуу жөнүндө. Бул жазууну Орхон ариби табылганда окуп чыгаруу жолу табылды. Ошол ариптин кыргызга маалим экендиги Енисейдин башынан табылган бир далай жазуулардан билинди. Муну балким, Орхон жазуусунан мурун билген, бирок аны Орхон жазуу табылган соң маанисине түшүндү. Бул Орхон жазуусу билимге биринчи материал болду. Ушул аркалуу маанисин билбеген, сөзүн туюнбаган жазууларды чечүү мүмкүн болду. Енисей жазуун таржыма кылмакка Радлов далбаса кылды. Ал жазуунун баары да бейит ташына жазылган эле. Анда тарыхый сөздөр болуп, кыргыз учурабайт. Бирок Енисейде кыргыз турат деп айт-

кан себептен ал жазуулар кыргызга тийиштүү деп ойлогон. Анын кызык жери – жазууда мезгил белгиси жок. Айтым болбосо кыргыздын он эки (цикл) жылынын бири айтылбаган. Таншунун айтуунда кыргыздын он эки түрдүү айбанаттан болгон 12 жылы бар деген. Ушуну далил кылып 1820-жылында Аюлремуз айбанатты жылга киргизүүнү кыргыз баштап чыгарган деген. Энисейдеги арип Орхон арибине караганда эң эски замандагы болуп көрүнөт. Ушул себептен Радлов аны VII кылымдын аяк заманында болгон деп ойлогон. Бир жазуунда маркум жети жашында кытай элчиликке кирген Радловдун пикиринде бул барыш 648-жылдан мурун эмес дейт. Таншу тарыхынын айтууна караганда кыргыздын кытайга барган биринчи элчиси 648-жылында болгон жана да 28-февралдын 1926-жылында Бакуда болгон «Түрктү билүү» сыязында болгон, С. Е. Маловдун деклетине караганда, бул аныктай көрүнөт. Маловдун деклетинде Энисей жазуу Орхон, Селенга жазуунан 2–3 жүз жыл мурун болгон дейт.

Энисейдеги бейитке жазган жазууга караганда анда дин тууралуу дагы жазган, аган караганда кыргыздын дини анык шаманизм болгон. Анын үстүндө Абу Дулев анын намазы жана ошого ылайык терең сөзү барлыгын жазат. Кыргызда болсун, мейли башка түрктөрдө болсун шаманизм «кам» деген сөз бар. Енисей-Орхон жазууларында андай сөз жок. Бул сөз Таншунун кыргыз тууралуу жазуунда айтылган. Баарыдан ушул сонун: кыргыз будду дининдеги тибет жана мусулман менен соодасы аралашып турган болсо да, алардын дини кыргызга тарабаган. Мусулман мамлекеттеринде кыргыздан келген малдан эң биринчи барктуусу жыпар болгон. Деңиз жолу ачылгандыктан кыргыздын бул соодасына булу кургак жол менен келгендиктен, кемчилдик келген. Бул кезекте жыпар кытайдын гавандары аркалы көбүнчө Шанхай басып жүрөт. X кылымда болгон жаграпиячы Бин Гокелдин сөзүндө эң жакшы баасы жана сапаты артык жыпар Тибет менен кыргыздан келет деген. Себеби кургак жол менен турса керек. Бирок мундан көп бурун 891-жылындагы жаграпиячы Жакубинин сөзүндө эң баарынан жакшысы тибет жыпары деп жазган. (Анда кыргыз жыпары айтылбайт.) Мындан соң Согдуда (Зарафшан) 3-орунду алган кытайдын жыпары деген. Кытайдан эң жакшы жыпар «Ханфу» (Кантон) деген гавандан келет деген. Кытайдан Аденге (Күн жүрүш Арабстан жарым аралынын деңиз жээгинде) барган булдар арасында жыпар дагы айтылат.

Сырткы соодадан башка кыргыздын өз ичинде иштеген темир жана ошол сыяктуу нерселерден буюмдары болгон. Балким, бу металл ишин иштешти, Энисейде Миси доорунда алигече кандай урук эл, кайсы заманда болгондугу маалим болбогон, бир башка элден алган чыгар. Таншунун айтуунда кыргыздар темирден кароолдук жабдыктар жасап берген. Ушундай жабдык менен бурун түрктөргө алым төлөгөн. Темирди

кыргыздар «киаса» деген. Шотту бул сөздү Самойеддин Куйез фесе ейсе сөзүнө окшоштурат жана алтайлыктын яес – «жез» сөзү, куманлыктын половец яс – «сары жез» деген сөзүнө окшоштурат.

(Менин билүүмчө – киаса жез деген сөз эмес, «кес-реж, резать сөзүнөн). Радлов ошол жердеги элдин буруштан келе жаткан сөзүнө караганда Абакан менен Энисейдеги мололорду кыргыздыкы деп билет. Ал мололордон эң соңку темир доорундагы нерселер табылган. Кыргыздын маданияты күн чыгыш жана түн жагындагы элге караганда жогору болгон. Биз мундай кабарды кытай менен мусулман кабарынан көрдүк. Жогоруда Туманскийдин кабарынан кыргыздын күн чыгышында фури элинин барлыгын билдик эле. Анын айтуунда фурини адам этин жейт деп айттык эле. Гардизинин сөзүнө караганда кыргыз менен фуринин арасындагы байланыштарын көрөбүз жана Гардизинин кабары боюнча кыргыздын ханы турган жерден Фуриға жете үч айчылык жол болгон. Фурини сазда туруучу жапайы эл деген. Эгерде аларды саздан чыгарсаң, мисалы, суудан чыгарган балык сыяктуу болот деген. Эгерде алардын бирөө кыргыздын колуна түшсө тамак ичип-жебестен, иши кылып, эптеп качып кетиштин камында болот деген. Башка кээ бир тарыхчылар кабарында кыргыздын күн чыгышында «күн», «кун» жана «кай» деген эл болгон. «Кун» ордуна кээ чакта «күри» деп окулуп кетет. Балким, ушул «кури» «фури» чыгар. Себеп, арабда «ки» ариби алмашыла берет. Кытай тарыхына салыштыра келгенде «кури» деп окушка ылайык келет. Таншунун орхон жазуу тууралуу айткан жазуунда Байкалда туруучу гурихан деген эл учурайт. Кытайдын эң эски тарыхы (могол тарыхы, Юанше) Ангара жанында «күл» деген эл болгон. XIV кылымдагы иран тарыхчысы Рашиттин айтуунда Байкалда «кури» деген эл болгон. XIV кылымдагы Ауфи деген тарыхча жазуунун башкы кабарында «кури» жана «күн» деген элди күн чыгыштан өзүнүн четтеш эли «кай» эли каптаганда, булар күн батышка ооп келгенде, андагы эл аларды кыса баштаган. Ал кыскан элдин ичинен кыргыз айтылбайт. Ауфинин сөзүнө Марварт зор этибар берип, анын оюнча ушул элдин козголушунда жогоркуда көрсөтүлгөн кымактардын да тараганы болгон дейт. Бул кабар башка тарыктарда жок.

Ауфинин сөзүндө бир кыргыздын кайыкка минип алып суунун куйган жерине барайын деп Енисей менен жүргөнүн чындай кылып айтат. Ауфинин айтканы кыргыздын жеринен төрт сууга биригип бир сууга куюп, андан өткөндө тоо, үңкүр, караңгылык менен жүрөт. Бул киши кайык минип суунун агыны менен жүрүп, үч күн ай, күн, жылдыз жарык көрбөгөн акыркы бир жайыкка чыгып, кайыктан түшкөн. Бир жакта аттын дүбүртүн угуп, жыгачка чыгып жашынып отурган. Бир кезде бойлору найзадай үч киши, ээрчиткен иттеринин чоңдугу уйдай болуп жетип келген. Булар кыргызды көргөн соң аяп, жыгачтан түшүрүп алып кокустан ит талап жеп кетет деп учкаштырып, турган жерине алып ке-

лип, тамакка тойгузуп, кыргыздын боюнун кичинелигине таң калышып, мындай киши көрбөгөнбүз деп, акырында бул жол менен жүрсөң үйүңө барасың деп жолуна салган. Бул элдин ким экендигин кыргыз билбеген. Бул сөздү текшергенде Энисейдин суусу Минусинге жете тоо менен агып жана Ачынын чегинен Кызыл-Жарга жете дагы тоо менен агат.

Уйгур жеңилип калган соң, кыргыздын зор мамлекети бир жүз жылга жетпестен тозгон. X кылымдын башында Орто Азиянын күн чыгыш жаккы бийлиги могол уругунан болгон. Бурунтан нече жүз жылдап саясы дооруктарга аралашып келе жаткан кытайларга өттү, булар VI кылымда нече мамлекет менен бирлешип (коалиция) баарынан зор душманы угуз түрктөрүнүн тургузган какандыгына каршы анын күн чыгышынан кол салмакчы болгон. Бул кытайлардын баштыгы (кытай жазуунда А-Бао-Чин, жаки болбосо, А-Па-Ок болгон). Кытайдын түн жагын ээлеген. Булар 917-жылында кытай императорунун титулун колдонуп, жаңыдан Ляо династиясы деп атак берген. Бул кытай кытайлардын орто мамлекетин эч убакта ээлебестен, жалгыз оң түн жагын бийлеп турган. Жана да мунун наамы ар кайсы элде моголдон баштап Индустанга жете, андан күн батыш Жааропага чейин ар башка аталып турган. Алардын алыс күн чыгыш мамлекетинин эзелден бери келе жаткан маданиятына карап, ошол үчүн орустар аны кытай атаган.

Ляо насилин негиздеп мамлекет кураган кытайлар кытайдын маданияттуу жерлерин каратып алгандын үстүнө 924-жылы моголго кол тартып барып, Орхондогу уйгурдун эски борборунун чалдыбарын, андагы таштагы жазууларды текшерип өзү жаңыдан (бул кезде жок) күмбөз жасаткан. Балким, ушундан бурун кыргызды жеңип алгандай сыяктанат. Ал жөнүндө тарыхтарда эч кабар болбосо да, Моголияга кыргыздан бурунку тартипте кайта курамын деген аракети төмөндө жазылгандан көрүнүп турат. Ганчжо шаарындагы уйгурлардын улугуна кайтадан Моголияга кайтыңыздар деп айтканда, уйгурду бийлеген улугу: «Биз Моголиядан (Орхон) келгенибизге онунчу муун тукумубузга жетти» деген. Бул айтканы өтө арбытылган сөз болуп, ал кезде уйгурдун кыргыздан жеңилгенине сексен жыл болгон чагы эле. Андай болсо үч атасы өткөн болсо керек. Ушул сексен жылдын ичинде, албетте, уйгурлар дыйканчылыкка көнүп, жерсинип калгандыктан, кайтадан Моголияга кетишти каалабаган.

Радловдун тарыхында кыргыздын ханы өзүнүн бурунку Енисейдеги борборуна Моголиядан 970-жылында кайткан деген. Бул кабарды Радлов Риттерден алган, Риттер Клапроттон алган, Клапроттун жазганында зор калет бар. Жаки калет басылганбы?! Алты жүз жетимиш деп жазылган тарыхчы Шоттод өз тарыхында бул талаш мезгилди көрсөтпөгөн. Шол себептен Клапроттун кайдан алганы билинбейт. Кытайдын Орхонго 924-жылында барганына караганда кыргыз Моголияда 970-жылына жете турбаса да, ошого жакынырaак турду деп ойлоого мүмкүн.

Моголияда журт сурап, доор сүрүп турган түрк журтунун эң соңкусу кыргыз болгон. Кыргыз жеңилип тарагандан соң Моголистанда ушул кезде ким турса ошол болгон. Кытайдын уйгурларды кайта жериңе кел дегенине караганда, кытайдын бейли түрктүн жерин туугандары моголго алып берүүдө болбосо керек, учурдан башка моголго жакын түрктөр калбагандыктан, түрк жерин Могол ээлеп калды. Могол деп кыргыздын күн чыгышындагы көршүсү фури, жаки курини айтууга болот. Буга бир далил Туманскийдин кол жазмасындагы кыргыздын күн чыгышындагы эл фуринин тилин кыргыз биле албайт дегени түрк тили менен сүйлөшпөгөн элдин кабарын Махмуд Кашгары дагы айткан. Бирок анын күн чыгышка барганы маалым болбогондуктан анын берген кабары аз. Махмуд Кашкары кыргыздын тили түркчө деп билип жазган. Жана кыргызды түн жак күн чыгыштын эң четинде деген. Мунун сөзүндө кыргыздын күн батышында түрк эмес журттан кай менен татар турган. Татарды өтөгөн деген жерде турат деген. Бул айтылган узата созулган тоо болуп, Орхон жазууларында көп айтылган (тарыхка жазгандын пикиринде ошол жер тура турган очогу, олут-журту (Родина) болгон).

Буга караганда Каңгайга туура келет. XI кылымда бул жерде татарлар Чыңгыш заманында андан кийин болсо да ал жерди азыркы Могол жердеген. Орхон жазуунан баштап элдин которулушканы ачык далилин көрсөтөт. Элди анык айрып көрсөтүүгө XII кылымдын аягы – XIII кылымдын башындагы Чыңгыштын заманы болот. Бул заманда Энисей башында кыргыздын күн жагында Могол уругунан «ойрот» турган. Булардын тили диалектика жагынан аз ажыраган.

Кытайлардын кабарында уйгурдан керкис «керкиске» жете (болжолу эл ортосун эсептесе керек) беш күндүк жол болгон дейт. Түрк менен могол абыдан аралашып кеткендигин анын тилин текшерип, Рашидин мундай деген: Энисей башы Сегиз Мурен аталган, Мурен моголчо суу деген сөз болуп Сегиз деген түркчө болгон. Бул жакта айтылган жер могол таасирине көбүрөөк түшкөн менен анда түрк турат. Ушул замандагы картаны караганда кээ бир суулар моголчо аталган, маселен, Эбе-учу, муну Рашиддин дагы тарыхында көрсөткөн.

Кыргыздын зор мамлекети аз убакка жашап турса да, кыргыз жөнүндө кабар могол арасында алигиче сакталып калган. Бул заманга жете сакталмагынын себеби, могол Моголияны ээлебестен бурун кыргыз бийлеп тургандыктан, кыргыздыкы деп күн батыш моголдон баштап Орхонго жете эки ортодогу керилген талаалардагы моло бейиттер аталат. Ал мололордун арасында кыргызга тийиштүү эмес башка элдики дагы бар. Алар кырыздан бурун турган уйгур жана башка элге тийиштүү. Селенге менен Орхон ортосундагы мололорду кыргыздыкы деп Рамистет айткан. Күмбөзгө жакын бир жазууда VIII кылымда уйгурдун бир каганынын падышалык кылганы айтылган.

Кыргыздын зор мамлекетинен баштап, Чыңгыштын заманына чейин эки ортодо кыргыз тууралуу кабар жок болсо да, чекене шол себептен кыргыздын азыркы турган жери Кыргызия тарыхынан маалымат беремин.

Жыл тартибинде (хронологический) караганда араб тарыхы Билге менен Күлтегинден бурун жазылуу керек эле. Тарыхтын ирети ошондой болгондуктан жазылды. Эми биздин Кыргызстан жерине арабдан башталып Адигине, Тагайдын заманына (711–740) чейинки эки ортодо болгон дооруктар кандай эл келип кеткендигин жазамын.

## ЧЫНГЫС ХАН ЗАМАНЫНДАГЫ КЫРГЫЗ

Адам жана жер (Человек и земля) деген орус тарыхында Чынгыс хан[1] өзү түрк болгон дейт. Мусулман тарыхында[2] айтылганы: мурунку угуз түрк хандары насилинен кыят аталып биздин эранын 794-жылында Кытай жери Шамодо тиричилик кылып жүргөн бир түрк уруусу монголдордун арасынан келип, аларды бийлеп келген. Бул тукумдан келген хандар ар түрлүү элди бөлүп алып сурап келген. Чынгыстын бабасы Бартан батыр менен бир тууган Хотоло хан заманында XII кылымдын ортосунда (1150–60-жылдарда) бул моголдор Кытай императорун коркутушуп турган. Чынгыстын атасы Эсугей баатыр заманында бул кубаты кемиген, мунун колунда бир нече уруу эл гана калган. Булардын көчүп жүргөн жери Онон суусунун бою болгон. 1162-жылында ушул Онон суусунун боюнда Дилигон-Булак деген жерде Эсугейдин катыны Олонаке бир эркек бала тууп, атын Темучин койгон. Бул бала он үч жашында атадан жетим калып, өгөй атасы Меңлик менен дин баштык Көкчөнүн тарбиясында чоңоюп, жардылыктан энеси жана 3–4 жаш инилери менен балык жеп оокат кылып жүргөн; эр жеткен чагында мунун кайраттуу экенин билип, Кытай каканы колго түшүрүп кетип, анда он жыл чамалуу жүрүп калып, акыры качып кутулган. Келген соң түрк-татар, могол элдери менен согушуп, баарын жеңип, 1206-жылы (барс жылы) өз кол алдында кырк алты уруу элден курултай чакырып (мунда кыргыз болбосо керек), Жеңгис хан (Непобедимый, жаки Чын Угуз – истинный угуз) атак алган. Чынгыс канкор 1207-жылында (коён жылы) мага карасын деп кыргызга элчи жиберген[3]. Кыргыз ал кезде Энисейдин башында болгон. Кыргызда хакан эмес, улугунун титулу «инал» болгон; кээ бир түрк элинде такка минип хан болордун тукуму ошондой болгон, не да болсо «Инал» титулу кагандан төмөн, кебетеси ал чакта кыргызда эки инал болуу керек, бири – Еди инал, бири – Урус инал; Чынгыс канкор бул эки иналга элчи жи-

---

[1] *Человек и земля, 1907. Элюзе Реклю.*
[2] *Истор. Түрк-татар. 1915. стр.32*
[3] *Seqire tyrk 1891, стр.56-я.*

бергенде, алар макул алып, Чыңгыс ханга карамакчы болуп элчилерине кошуп элчи жиберген. Бир кабарда кыргыздын элчилери эки киши, бир кабарда үч киши болгон. Тартуусунун баштыгы көзү ак ак шумкар болгон, Ю-Аншенин тарыхында кыргыздын жеринде ак жана кара шумкар болгон. Кыргыздын Чыңгыс ханга караган тууралуу тарыхчы Абылгазы кан мундай дейт:

## КЫРГЫЗ КАЛКЫНЫН ЭЛ БОЛГОНУ

Чыңгыс хан Алтан менен Турамышты мага карагын деп элчиликке жиберген, ал кезекте, кыргыздын ханы «Ырыс инал» деген киши эле; кыргыз кайта көп тартуу менен жакшы кишилерин жиберген, тартуусунун башы буту, мурду, көзү кызыл-ак шумкар эле дейт. Кыргыздар монголго согушсуз караса да, 1218-жылында барс жылы, кыргыз менен Чыңгыс хандын ортосунда согуш болгон, ошондо монголго каршы, Байкал көлүндө турчу тумет жана байлук эли[1] көтөрүлүш кылган, булар кыргызга каршылаш тургандыктан, көтөрүлүштү басуу үчүн кыргыздан аскер сураганда, алар аскер бермек түгүл өздөрү каршы чыкканда, кыргызга каршы Чыңгыс хан өзүнүн улуу баласы Жочуну баштык кылып аскер жиберген. Булардын эрөөл (авангард) аскеринин баштыгы Бука деген киши кыргызды кайта кубалап жиберип, өзү кайта сегизинчи сууну басып келген. Мунун соңунан Жочу өзү келип муз баскан суу «Кемкем – жутту» (Энисейди) басып келип, кыргызды каратып кайта кеткен. Монголдордун кыргызды каратканы жөнүндө алар XIII кылымдагы баатырдык эпосунда: «Жочу 1207-жылы кыргызды караткан» – дейт. Бул кабарда Жочу Ойротту каратып, андан кыргызга барып аны каратып, анын баштыгы Эди-инал тартууга ак шумкар, ак ат, кара булгун (соболь) алып келип, Жочуга багынган. Кыргыздан он миң аскер жана токойдогу элден бир миңден аскер алып, атасы Чыңгыс ханга Жочу келди деген.

Ушул 1218-жылында болсо керек, кыргыз үчкө бөлүнгөн[2]. «Жеңилген хакас» мамлекети үчкө бөлүнүп, биринчиси Саян тоосун аша түн жагына кеткен. Экинчиси кыргыз аталып, Абакан өзөнүнө түшкөн. Хакастардын көбүрөөгү күн жүрүштүн күн батыш жагына ооп, күн батыш Тянь-Шань (азыркы түн жак кыргыздын өзөндөрүнөн) жай алган. Жогоруда жазылган Абакан өзөнүнө түшкөн кыргыз болсо керек. Чыңгыс хан алгандан соң 1220-жылында кыргыз хандарынын Мамык хан уулу Тойбука, Эртиш, Тобол, Эшим, Тура суу боюндагы жерлерди сураганда кабыл алып, ал тегеректеги жерди Тойбукага багыштаган[3].

---

*[1] Киргизы (Исторический очерк) Бартольд, 1927, стр. 30..*
*[2] Энциклопедия №24 гранат.*
*[3] Описание Сибирского Царства Миллера, стр. 33.*

Чыңгыс канкор, залим бүткүл Кытай, Манжу, Корей, Могол, Түрк, Татарды каратып 1219-жылда Орто Азияга чабуул кылып, 1224-жылдарга жете Орто Азияны каратып, Индустанга кирип, жалгыз Орто Азия, Кытайдан 36 миллион (Кытайдан 18 миллион, Самарканд чөлкөмүнөн 11 миллион, Балык, башка шаарлардан 7 миллион) кишини өлтүргөн. Карача, Жебе ноён баштык аскери Кавказ аша барып, 1223-жылында Калькада[1] Орустан бир канча княздары баштык 70 миң аскерин өлтүрүп, андан өтүп, Кыпчак хандыгын кырып-жоюп, элин бытыратып таратып Волганы (Эдил) кечип кайта кеткен. Чыңгыс залимдин 13 ноёну, 10 бийи болуп, бийлеринин баштыгы – Матыгы бий казак болгон. Ноёндорунун баштыгы Соботой өмүрүндө 75 мертем зор согуш кылып, барында бирдей кыйратып жеңген. 1220–25-жылга жете күн чыгыш Корейден тартып, күн батыш Азов дайрасынын түн жагы күн жүрүшү Индустан болуп, эки ортодогу элди кызыл канга боёп, өрт талоон салып, кан дайрадай аккан.

Чыңгыс канкор 17-августта 1227-жылында 65 жашында өлгөн. Бир кабарда жашы мындан илгери тарыхчы Жубейнинин кабарында 1251-жылында Тулуйдун улуу баласы Чыңгыстын небереси Мөнкө хан болгондо, могул мамлекетинде бузук болуп, Мөгү ноёнду баш кылып, 20 миң аскери менен кыргызга жиберген. Мунун натыйжасынан кабар жок.

Йулн-ше кабарында Кытайга хан болуп турган Кубулай хан улук кылып Муахол деген кытайды жиберген, бул кыргызга улук болуп турганда Кытайдан өнөрпоз алдырып, кыргызга маданият жайган. Бул Кубулай хан 1293-жылы бир далай көп кыргызды манжурлардагы Ноён деген жерге оодарып жиберген. XIII кылымда Энисейден якуттар Лепа суусуна ооп кеткен[2]. Балким, ушул якуттар ошол оодарылган кыргыз, жаки болбосо, кыргыз менен кошо оодарылган эл болмогу керек. Чыңгыс канкор Бухарды алганда мечитине атчан кирип, элге айткан сөзү: «Мен Теңири тарабынан жиберилген баламын» – деген.

Чыңгыс канкордун Кытай менен урушкан чакта айткан сөзү[3]: «Когда Чингис шел завоевать Китай, противопоставлял стихийный демократизм кочевых порядках Китайской феодально-бюрократической цивилизации».

«Небо отвергало Китай, за его чрезмерную гордость и роскошь хвалился неистовый Чингис. Я же обитая в северных степях не имею в себе распутных наклонностей; люблю простоту и чистоту нравов; отвергаю роскошь и следую умеренность; у меня одно платье, одна пища; я в тех же лохмотьях и тоже ем, что коровьи и конские пастухи; я смотрю на народ, как на детей; забочусь о талантливых как по братьях; мы в начинаниях согласны, взаимная любовь у нас издавна; в обучении тем я, впереди других;

---

[1] *Азов дайрасынын түн жагынан куйган тура суу.*

[2] *Розен. т. XI, 1899.*

[3] *История Китая. Сафарова. 1993 г. стр. 151.*

в ратных тоях не думаю о заде». Чынгыс канкордун бир канча катыны жана күңдөрү болгон. Беш катынынын улуусу – Бирта Кучин, экинчиси – кытайдын Алтан канынын Гүнжү деген кызы, үчүнчүсү – Найман каны Таян хандын Көрүсон деген кызы, төртүнчүсү – Жанка будданын кызы, бешинчиси – Тайырсундун Кулан деген кызы.

Чынгыс хан тууралуу тарыхтан алынган кабар кыскача жазылды. Чынгыс жөнүндө кыргыз арасындагы сөз Чынгыс хан туулганда колуна жин аралашкан кан уучтап түшкөн экен; жерге түшкөндө колу карысынан жерге кирип кеткен экен. Чынгыс хан алтын менен күмүштүн чайкандысынан, темир менен болоттун ширендисинен бүткөн экен дейт. Ырчы-комузчулардын сөзүндө Чынгыс хандын баласын кулан тепсеп өлтүргөндө, Бука деген бир ырчы Чынгыс ханга айткан экен дейт, кээ бири Айкандын жалгыз уулу Сатыбалды өлгөндө айтылган экен дейт:

Алтын боолуу ак шуңкар,
Алтын боосун тытыптыр,
Айды карап сызыптыр.
Күмүш боолуу көк шуңкар,
Күмүш боосун тытыптыр,
Күндү карап сызыптыр.
Ал эмине болуучу?

Туу түбүндө көк бука,
Күндү карап өкүрөт.
Алчагай мүйүз, ак эркеч,
Айды карап бакырат.
Бул эмине шумдугу?

Асмандан булут сөгүлөт,
Аяктап мөндүр төгүлөт.
Көктөн көкала булут сөгүлөт,
Көнөктөп мөндүр төгүлөт.
Бул эмине шумдугу?

Чынгыс хандын жообу:

Алтын боолуу ак шуңкар,
Алтын боосун тытканы,
Айды карап сызганы –
Ал кулунум ботом болгону.
Күмүш боолуу көк шуңкар,
Күмүш боосун тытканы,
Күндү карап сызганы –
Бул кулунум ботом болгону.

Тултук мүйүз көк бука,
Туу түбүндө өкүрсө,
Ал атасы болгону.
Алчагай мүйүз ак эркеч,
Айды карап бакырса,
Ал энеси болгону.
Асмандан булут сөгүлсө,
Аяктап мөндүр төгүлсө,
Көкала булут сөгүлсө,
Көнөктөп мөндүр төгүлсө,
Көзүмдүн жашы болгону, –

деп, Чынгыс хан ачууланып:

Кет, кет, кет Бука,
Кеби жаман ит Бука.
Сенин айтар кебиӊ бул эмес,
Менин угар кебим бул эмес, –

деп Бука ырчыны багылуу арстан, жолборско таштап жибererde Бука ырчынын айтканы:

Кыздар соккон кыялдай,
Кылыгы жакшы Айканым.
Келиндер сайган кечтедей,
Кеби жакшы Айканым.
Элчи менен ырчыга,
Хан алдында кай өлүм, –

дегенде Чынгыс хан ачуусунан кайтып, ырчыны өлтүргөн эмес.

Чынгыс хан өлөрүндө балдарын, ноёндорун жыйып алып айтканы:

Кулалы таптап куш кылдым,
Куюккан таптап туш кылдым.
Телкуш таптап куш кылдым,
Тентиген таптап журт кылдым.
Эгерде мен өлгөн соӊ, бирлигиӊер болбосо:
Кулалы кетер кушуна,
Куюккан кетер журтуна.
Телкуш кетер жерине,
Тентиген кетер элине, – деген.

Бул тууралуу тарыхта[1] мундай деген: «Жочунун өлгөнүн ноёндору Чынгыс ханга «лукма» сөз менен угузууга Улук ырчыны каалаганда, Улук ырчы айткан:

[1] *Tyrk-tatar tarixi. 1915-ж. 42-бет.*

Деңиз баштан булганды,
Ким тундурар ай ханым.
Теректер түптөн жыгылды,
Ким тургузар ай ханым?

**Чынгыс:**
Деңиз баштан булганса,
Тундурар уулум, Жочудур.
Терек түптөн жыгылса,
Тургузар уулум, Жочудур.
Көздүн жашын төгүлөр
Көңүлүң толду болгому.
Жериң көңүл үркүтөр,
Жочу алды болгому.

**Улук ырчы:**
Сүйлөмөккө эрким жок,
Сен сүйлөдүң Ай ханым.
Өз жарлыгың өзүнө жап,
Ыйойлодуң Ай ханым.

**Чынгыс ыйлап:**
Кулун алган кулундай,
Кулунумдан айрылдым,
Айрылышка аңкоодой,
Эр уулумдан айрылдым, – деген.

Чынгыс хан төрт баласына (Жочу, Өгөдөй, Жагатай, Толу) энчи кылып бөлүп берген. Жочунун Бату деген баласына Россияны сыртынан эле энчилеп койгон. Бату ошол себептен 1242-жылында Россияны каратып, андан өтүп, азыркы Венгриянын борбор шаары Будапешт шаарын алып, андан Албанияга барганда Мөңкө кагандын өлгөнүн угуп, кайта тарткан. Орто Азия Жагатай деген баласынын энчисине тийген. Энисей кыргызы айланасындагы башка элге кошулуп, кенже уулу Толунун энчисине тийген. 1253-жылында, ноябрь айында, Жети-Сууну аралап Рубрукс өтүп бара жатканда Иле суусун кечкенде балчыктан согулган талкаланган коргон көргөн; бул коргондун жанында эгин болгон. Андан нары өткөндө эли фарсыча тил менен сүйлөгөн мусулмандын чоң шаары болгон. Бул шаар Иле балык аталса керек. Кытай тарыхында бул шаар көп айтылат.

Армяндын ханы Гайтон 1255-жылында келгенде бул шаарды «Илан-Балык» деп атаган. Кийинки күнү Рубрукс Кичине тоону ашып, далаага түшкөндө, тоодон Балхашка куйган нечен жакшы сууларды көргөн; бул

жерде көп бай Баркайалык деген чоң шаарды көргөн; бул жерде башка дагы көп шаарлар болгон экен. Моңголдор тарабынан баары талкаланып, мал жайытына айланган, кыскасы, дыйканчылык маданияты бул тегеректен калып, жердин көбү мал жайытына өтүп кеткен дейт.

1259-жылы Какандын Алакүгө (Алооке – О.С.) элчи болуп бара жаткан Чандо деген кытай Иле менен Чүйдү (Иди) — «idi» бул жерде эл көп болуп, шаардын талкаланган чалдыбары өтө көп деген.

Чыңгыс хандын Өгөдөй деген баласынын Кайду деген небереси Орто Азияда чоң хан болуп турган. Рашиддин сөзүнө караганда[1] Кайду торой киши болуп, ээгинде 9 кылы болгон; арак менен кымызды ичпестен, аскерлик ишине артыкча билимдүү болгон. Орто Азия жана Синтсизиянда Чыңгыс тукумунан болгон хандар арасында эки беттүү чатактыктан пайдаланып, 1269-жылы көктөмдө хандар тарабынан талашта курултай курулуп, ошондон соң Кайду Сыр дайра менен Жети-Суу өлкөсүнө хан аталган; мунун турган жери кайсы жер экени маалым эмес. Бирок Кайдунун өлүгүн Иле менен Чүйдүн ортосуна көмгөнүнө караганда, борбору Жети-Сууда болсо керек. Чыңгыс хандын жолун кубалап Кайду аскеринин башына өз балдарын койгон. Өлөр алдында Кайду балдарына мамлекеттин чек арасын сактоого дайындаган.

Кытай чегине Урус деген баласын, Жочу (Бату) тукумунун мамлекетинин чегине Байгечерди, Ооганстан чегине Сарбан деген баласын койгон. Соңунда Ооган чегине Кайдунун аскери Алакүнүн (Толуйдун баласы) аскерин сүрүп чыгарган. Кайдунун улуу баласы Чабардын кандай болгону тарыхта кабар жок. Кайдунун заманында Чүй өзөнүндө кыштак көп болгон[2]. Кайду кагандын аскерин жеңип, кайта тартканда, 1301–1302-жылдарда, сөөгүн үйүнө алып келип, Иле менен Чүйдүн ортосундагы Шивлик бийик тоого койгон. (Кыргыздын ичинде Кайду, Урус, Байгечир, Сарман, Чабар аттуу кишилер али да көп.)

Бул Кайдудан соң Орто Азияда көзгө көрүнөрлүк хандар болбостон, арада уруш-талаш көп болуп, эл-журт начарлап хан-бектерден жадап турганда, анын үстүнө кан ичер Темир чыга келген. Чыңгыс хандын Кубулай хан деген небереси 1290-жылдарда көп кыргызды манжу жери Наянга сүрүп жиберген.

Араб жазмасынан азыркы арибге
оодарган **Омор СООРОНОВ**

[1] *Перевод проф. Березина, введение стр. 129-я.*
[2] *Отчет стр. 37-я.*

*Аңгемелер*



**Өзүбек АБДЫКАЛЫКОВ**

*1954-жылы Кочкордогу Талаа-Булак айылында туулган. 1971-жылы Кочкордогу Калинин атындагы орто мектепти, 1981-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин тил жана адабият факультетин аяктаган. 1981-жылдан бери К.Мамбеталиев атындагы орто мектепте мугалим болуп иштейт. Кыргыз Республикасынын Билим министрлигинин Ардак грамотасы менен эки жолу сыйланган. «Билим берүүнүн отличниги» наамынын ээси. «Адамдарга кайрылуу», «Кырк жетинчи чакырым» ырлар жыйнактары жарык көргөн. Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү.*

# ОН ҮЧҮНЧҮ БИЛЕТ

Ошентип, студенттик жылдар көзгө илешпей шакылдап өтүп, КМУнун (анда ошондой аталчу) эшигинин алдында төртүнчү жылдын жазынын күндөрүнүн жолун таптап жүргөнбүз. Бүтөргө эми ушул жаз өтсө бир жыл калат. Аман-эсен болсок, эмдиги жылдын ушундай жазында бүтүрүүчү болобуз. Анан Кудай буюрса, колго диплом тийсе, «мектепте мугалимбиз да» дей турган кез да келет. Жакында айрым сабактардан экзамен башталат.

Окумуш этип, санаа тартып ары-бери караганча ошол жаздын жагымдуу күндөрүндө бере турган сынактардын үчөөнү да тапшырып жибердик. «Жаман эмес, колхоз «Кеңеш» дегендей, берип чыккан сынактардын баалары өзүм күн мурунтан ойлогондой эле болгонсуду. Эмки экзамен геометриядан үч күндөн кийин. Андан экзамен алчу агайыбыз анча каарын төккөн, заар тилдүү адам деле эмес. Жүргөн-турганы токтоо, тамашакөйлүгү да бар. Баа койгону келгенде баага анча зыкымдыгы деле жок. Жанымдагылар келчү сынакка даярданганы, ошол кездеги борбордогу чоң китепкана – Чернышевскийге кетишкен. Биринчиден, уйкума каралап, экинчиден, агайдын жумшак мүнөзү жандүйнөмдү жибитип, бөлмөдөгү бирге окугандарга кошулуп китепканага барбай койдум. Экзамен берчү геометриянын бетин ачпай же жазган конспектилериме көз

жүгүртпөй жатып: «Бир жакшылык жылоолоп «4» алсам болду эле» деп коём уялбай.

Төшөктөн тура электе оюма бир жакшы ой кылт эте түштү кокусунан. Ал оюма өзүм да эмнегедир сүйүнүп кеттим. Апам байкуш «пенсиямдан биртике берип жиберем» дегенде дал ушундай сүйүнчүмүн. Өзүмдүн ойлогон оюм боюнча кечээ күнү ушул геометриядан экзамен берип, 13-билетти алган «А» группасындагы Токтосунга бардым. Тилекке каршы, бөлмөсүндө жок экен. Ага кечинде жолугуп өз планымды бекемдемек болдум. Ал кечээ экзаменден чыгып келе жатканда кокусунан жолугуп, 13-билетти алгандыгын, андагы эки суроо тең оңой экендигин уккамын.

Кеч кирип, студенттер жатаканага жалпы жайгашып калган кезде Токтосунду комнатасынан чакырып алып:

– Токо, ушул эле сен алган 13-билет эсимден кетпей жатат. Түндө да түшүмө киргенсиди. Ушул эле билетти алчудай болуп турам. Сен суроолорун так айтып берсең жазып алайын да, жакшылап окуп, даярданайын, – дедим ага сыр бербей. Оюнда эч нерсе жок курсташым атайын даярдай барган барагыма суроолорду толук жазып берди. Ал эле эмес билеттин айрым жерлерине кантип жооп бергенинен да жобурап жиберди.

Ошентип, балдар менен китепканага убара болуп барбай эле, ээн бөлмөмдө карандай чайга курсакты нан менен толтуруп алып, баягы 13-билеттин суроолоруна жоопту жаттай бердим, жаттай бердим. Адам тойбойт деген чындык белем, «4» эле алсам деген оюм бузулуп, «5ке» да чаап кетет кээде.

Экзамен берчү күн да келип: «Кудай эми сактай көр!» – деп оң бутум менен окуу корпустун эшигин аттадым. Гитлердин «Барбаросс» планындай түзүлгөн планымдын ишке ашышын улам ичимден кайталап, Кудайдан тилейм. «Куураган Гитлердин планынын ишке ашпагандыгындай болуп уят болбосом экен» – деп кээде кобурап жиберем. «Корксо да кой өлөт, коркпосо да кой өлөт» дегендей кирип кеттим. Мындай киргенимдин себеби, мурунку адатымча элди аяктатып кирсем, 13-билеттен таза кол жууп каламбы деген ой бекем эле менде.

Столдун үстүндөгү жайнаган билеттерден көзүмдү албай, агайга салам айткан болдум.

– Саламат, Сейталиев. Биринчилерден болуп киргениңе караганда, даярданганың жакшы го ээ, – деди.

– Колдон келишинче, агай, – дедим муунум калчылдагансып. Анткени астыда көз боёмочулук ролду ойнош керек болуп жатпайбы. Эгер үчтөрт күндөн берки планым ушул азыр ишке ашпай калса же кокусунан ал уурулугум менен кармалып калсам, өлгөнүм ошол да. Болору болду деген тобокелчиликтин акыркы жыйынтыгына келип, колумду жайнаган билеттердин үстүнө сунуп токтой калдым эле:

– Эмне токтоп калдың? Коркпой эле ала бер, Кочкордун шуулдак жигити, – дебеспи. «Шуулдак» деген сөздү укканда «балаа басып менин планымды билип калганбы» деген ой келип, бүткөн боюм чымырай түштү. Болору болду дедим да колумду билеттердин үстүнө ортолотуп барып, бир билетти илип алдым. Алганым 7-билет болуп чыкты.

– Айт, Сейталиев. Канчанчы билет экен? – деп агай астындагы кагазына үңүлүп белгилегени калганда:

– Агай, башка эле билет алайынчы, 13-билет экен, – деп колумдагы 7-билетти көп билеттердин үстүнө таштай салып, шашылыш түрдө эки колумдун алаканы менен аралаштырып жибердим. Агайым ордунан турбай:

– Сейталиев, ал азыркы билетиңди, – деди шашпай.

– Агай, башка эле билет алайынчы?..

– Эй, Сейталиев, ал дейм 13-билетиңди!

– Эми агай, башкасын эле алайынчы?..

– Сейталиев, сага эмне, экзамен тамашабы? Кайталап билет ала бергендей. Ал дегенден кийин ал, азыркы билетиңди!

– Агай... – дедим муңайыңкы кебетеленип ага карап.

– Эмне, агай? Агайың сенин теңтушуң эмес! Сенин каалаганыңды аткаргандай! Ал, көп башты оорутпай 13-билетиңди! – деп, өңү бузулуп ордунан туруп, сөөмөйү менен столдогу билеттерди көрсөттү.

– Агай, башкасын эле... – деп айтканымча, агайым столдо көмкөрөсүнөн жаткан билеттерди бирден ачып карап, кайра көмкөрүп жатты. Бирок менин багыма жараша бат эле 13-билетти таап чыкты да:

– Ме! Мени тамаша чекпей, отуруп даярдан, – деп жаман көзү менен зекий карады. Агайым 13-билетти издеп жатканда да жүрөгүм түшүп калды. Кокус менин 13-билетим көпкө табылбай калса, тажап кетип: «13-билет жакпаса муну ал» – деп башка эле бир билетти кармата коёбу деп менде жан жок.

Ойлогон оюмдун аткарылганына ичтен кубанып, бирок нааразы болгон адамдай илкий басып, ортолоп барып отурдум. Калп эле кабакты түйүп, башымды кармалап, кыйналган түр көрсөтүп, жаттап алган акжолтой билетимдин жоопторун кайталап жаттым, ичимден кудуңдап. Анан мага да жооп бергенге кезек келди. Биринчи суроодогу «Параллель жана кайчылаш түз сызыктарды» токтоосуз төгүп жибердим. Ал эми экинчи суроодогу «Перпендикулярдуу тегиздиктер» жөнүндөгү суроого кичине кыйналымыш болуп, далилдөөсүн айтканда адашымыш болгонсуп жооп бердим. Жоопту мындай берет деп күткөн эмеспи, агайым бир аз шекшигендей көз менен карагансып кетти. Бирок:

– Азаматсың! Анан эмнеге 13-билеттен качтың? Билет турбайсыңбы, – деди да зачеткамды ачып, «цилиндр», «конус», «призмалардын» аныктамаларына суроо берди. Башымды кайрадан адатымча кашымыш болуп, чалабучук жооп бергенсидим.

– Кап, Сейталиев, ушуларга так жооп бергениңде баан башкача болот эле. Мейли эми, – деген агайым зачеткага ручкасын бир аз токтотуп туруп, «хор» деп шилтеп салды. Баятан бери зачеткамдан көзүм өтүп турган жаным, аз эле жерден: «Ураа!» – деп бакырып жибере жаздадым.

Андан бери отуз жылдан ашып кетсе да, «13» деген санды эмнегедир жакшы көрөм жана 13-числодо ар дайым жолум болот. Бирок бул сырымды бүгүнкү күнгө чейин бир Кудай, бир өзүм эле билчүмүн. Ал эми биринчи алгандагы 7-билеттин келиши, мени «коркпой эле ойлогонуңду аткара бер!» деген белгиси болсо керек деп жоруйм өзүмчө. Себеби «7» деген сан кыргызда ыйык сан катары каралат эмеспи.

## ЭКИ БИТ

Күнүгө эки маал, айрым күндөрү үч-төрт маал ишке өтчү ичке жолдун оң жээгиндеги элүү тогузунчу, алтымышынчы жылдарда эскиче салынган чакан ак тамдын алдынан бүгүн да өтүп баратып, бала кездеги бир окуя эмнегедир эсиме түшүп кетти. Турмушта качаңкы өткөн окуялар эсиңе түшчү кезеги болот көрүнбөйбү. А бүгүн эмнегедир күнүгө өтүп жүргөн жолумдагы бул тамды кайта-кайта карап, бир чети кайрылып өмүр жолуңдан бир саат, бир минута да алдыңдан чыгып жолукпаган балалыгым кадимки кинодогудай көз алдымдан тизмектешип өтүп жатты...

Анда мектепке кирелек кезим. Сакай атанын ушул үйү жаңы салынып бүткөн жылдар. Ал үй биздин андагы эски тамыбыздан эки жүз метрдей эле алыс. Айылда ал кезде үйлөр бири-биринен алыс жайгашып, бүгүнкү күндөгүдөй зым менен каршы-терши тосулган огороддор болчу эмес. Тегерек чет да ээн эле. Мен үйдө жалгыз бала болгондуктан, көбүнчө ошол үйдүн тегерегинде ойноор элем. Ал үйдө эркек баладан бешөө, менден бир жаш кичүү бир кызы бар эле. Алардын эшигинин алдынан обочороокто көк жүндүү, эки кулагы алакандай жазы кыргыз дөбөт жоон чынжыр менен байланып, күндүр-түндүр бошотулчу эмес. Эшик алдынан ары-бери өткөн атчанга да, жөө адамдарга, кичине-чоң балдарга чынжырын ары-бери сүйрөп шалдыратып, топуракты чаңызгытып жаагы басылбай жулунуп турар эле. Эмнегедир үрбөй тына калса да, астыңкы-үстүңкү эки ээрди эки жакка түрүлүп, маңдайкы тиштерин апаппак кылып ыржыйып, ырылдап турганы да өзгөчө коркунучтуу эле. Өзгөчө астыңкы эки узун азуусун көргөндө эмнегедир денем дүркүрөп кетчү. Менден эки жашча улуу баласы Эсен:

– Наныңдан берип таанышып ал. Сени каппай калат, – дегенинен жеп жаткан нанымдын теңинен көбүн ошол көк дөбөткө берчүмүн. Берген нанымды жеп алып, андан кийин деле баягы тиштерин көрсөтүп ырылдай берчү. Ошентип, менин ага болгон жакшы үмүтүмдүн аягы ый менен бүтөрүн кайдан билдим.

Жай мезгили болчу. Бир күнү түшкө маал өзүбүздүн үйдө, эшиктин алдында жалгыз ойноп отурсам чоң энем Сонункан:

– Тиги Эсендикинен элек сурап келе калчы, – деп калды. Оюмда эч нерсе жок, жакын турган Эсендин үйүнө чуркадым. Баягы көк дөбөт мени көрүп эле ажылдап жулунуп, чынжыр түгөнгөн кезде өйдө секирип, секирген сайын алакандай чоң эки кулагы жаагын чапкылап, үрөйдү учурду. Демейде эшигинин алдында ойногон беш баланын бири же ата-энеси да көрүнбөйт. Адатымча андан обочолоп алыстап өтүп, үйдөн элек көтөрүп чыктым.

Көк дөбөт дагы эле байланган чынжырын жерге улам көтөрүп чаап жулунуп жатыптыр. Келген жолума салып, улам артымды карап кылчактай ылдамдап жөнөдүм. Иттин байланып турганын көрсөм да, ошол тарапты шекшинип карай бермей мага адатка айланган. Эмнеси болсо да көк дөбөттөн болушунча коркчумун. Кайрылып дагы бир карай бергенимде дөбөт бошонуп кетти. Аны көргөн мен ордумдан чок баскандай секире «от алып», үйүмдү карай сызып жөнөдүм. Үйгө жакындап калганымда көк дөбөт менден ашып астыма өттү. Эмнегедир элек менен улам калкалап келе жаткан эки жамбашымды тиштебеди. Ит астыма чыкканда кайрылып Эсендин үйүн карай салдым чымын-куюн болуп. Көк дөбөт кайрылып артымдан келе жатат. Алардын үйүнө кире качканга чамам келбей, эшиги бери карап турган короону көздөй салдым. Жетип, короонун эшигин тартсам илинүү экен. Кайрылып, кайра өз үйүмдү карай салдым зыпылдап. Мына ушул убакта дөбөт менден өтүп, астыма тура калды. Астымдагы итти көргөн менин эки көзүм алайып, аргасыз «тормозду» тептим. Эмнегедир бул саам да, тиштесе ушул жерди тиштейт деп ойлогон эки жамбашыма тийишпеди. Муну эскерип жатканымдын себеби мындан мурун дагы ушинтип бошонуп кетип, эки баланын жамбашына эбегейгис «белги» салган эле. Көк дөбөт астыма тура калганда элек менен тап берип коргонбой, кинодогу колго түшкөн солдаттарча эки колумду өйдө көтөрүп тура калдым. Энемдин колго тигип, этеги кыска болуп калган бала көйнөгүм эки колумду өйдө көтөрсөм өйдө тартылып, киндигимден ашып кетчү. Ушул учурда үй тараптан:

– Ой, чык! Чык, дейм!

– Ме-мелеген, – үндөрү чыгып калды. Мени дөбөт үйүмө чейин «жеткирип», кайра кайрып булардын үйүнө кубалап келип жүргөндө алар кайда жүргөнүн ким билсин. Бул маалда ит экөөбүздү карай чурулдап келе жаткандардын ким экендиктерин талдап кароого менде шай жок эле. Көз ачып-жумганча менин чыттай тартылып турган арык курсагыма көк дөбөттүн муздак тумшугу жабыша түшүп, ичим «тыз» дей түштү. Ошондо гана менин көтөрүп турган эки колум элек-мелеги менен келип курсагымды басты. Үй ээлеринен тартынган дөбөт эми болду дегенсип четке чыга берди.

Эсендин апасы мага жетип эле, курсагымды басып турган эки колумду тартып алды. Ыйлап жаткан мен да шашылыш курсагымды карадым. Киндиктин оң тарабында баягы мага башкача коркунучтуу көрүнгөн узун эки азуунун узун эки изи калып, бир аз кан чыгып турат. Мени тегеректеп:

– Кана, кана! Эмне болуптур!? – дегендер жүрөт. Ошол маалда жалынып-жалбарып күйүгүп жетип келген энем, оң колунун аты жогу менен сөөмөйүн оозума салып апаптап жиберди.

– Кудай бир сактабадыбы! Ичин жарып кетсе эмне болот эле? Э кокуй! – деп дагы бирөөлөр жүрөт. Аңгыча ошолордун арасынан бирөө:

– Бит салгыла жаратка. Бит бат айыктырат, – деп жатат, улам-улам ошол сөзүн кайталап. Азыр эле ошол ит тиштеген жеримден ичегим чыгып кетчүдөй болуп, курсагымдан эки көзүмдү албай мен турам ортодо каккан казыктай кыймылсыз. Маңдайымда эки көзүн алайтып, торсоюп, бирде менин курсагымды, бирде мени карап турган Эсендин көк ала чыт көйнөгүн апасы көтөрө салды. Менин ичимди ит тиштеп аларын билгенсип, Эсендин көйнөгүндө эки ак бит колтукту карай жол тартып баратышкан экен. Эсендин апасы ошол эки битти бармак, сөөмөйү менен чымчый калып, алаканына салып басып туруп, үйдөн ак чүпөрөк алдырды. Алакандагы Эсендин эки «менчик» битин курсагымдагы эки тиштин тилип кеткен жерине салып, чүпөрөк менен байлап койду да:

– Эки күнгө чейин чечпегин, балам, – деп жалынып, ал дагы жанагы эки бит кармаган колунун сөөмөйүн менин оозума салып апаптап, үч жолу башымдан сылап койду. Чын эле үч күндөн кийин иттин тиши тилип кеткен жердин өңү өчүп, агарып так болуп айыгып кетти. Бирок ошол эки битти, тиш тилген жерге өлтүрүп же тирүү салганын билбей калыптырмын.

Азыр ошол Эсен алтымышта, мен элүү сегизде, ал эми Эсендин апасы токсон сегизде.

## КАЙРАДАН БИТ ТУУРАЛУУ

Кадимкидей эле үй-тиричилигин кылып, алты саны аман, эч жерим дебеген Тотугүл апа таң эрте ойгонуп, башын көтөрө албай калды. Алтымыш бештен ооп калган кемпирдин минтип ооруп калам деген ою үч уктаса түшүнө да кирген эмес. Ал эми кечке жуук, жаздыкка башын койгонго дареметти келбей, тамакка да табити тартпай жан алакетке түштү. «Колумдагы жалгыз эркегимдин келинчеги болбогондо абалым кандай болмок?» деген да ойго кабылды. Турмушка чыкканга чейин өз энесинен чыныгы энелик, атадан чыныгы аталык тарбия алган келини сыркоолоп калган кайненесинин жанынан чыкпайт айланчыктап. Келиндин мындай илбериңки мамилеси Тотугүлдүн санаасын тындырат.

Бул жашка чыкканча бир ирет доктурга кайрылып дары-дармек ичип көрбөгөн Тотугүл, уулу менен келининин «доктурга алып баралы» деген сунушуна такыр болбоду. Өзгөчө, ийне дегенде, сайдырып көрбөсө да бүткөн бою дүркүрөйт. Ошол себептен Тотугүлдү күчтөп да доктурга алып бара алышмак эмес.

Жалгыз уулунун айласы кетип, өзүнчө турмуш куруп кетишкен жакынкы эле жердеги эки эжесин чакыртайын дегенине:

– Бир аз чыдай туралы балам. Кудайдан да жакшылык жагына бир ылаажы болуп айыгып кетермин. Алардын жаш балдары, үй-оокаты бар, – деп уулунун бул сунушуна да көнбөдү. Ал эми башынын чыңалып ооруганы болсо жанын көзүнө көрсөтүп, түркүн санаага түшөт. Бир аз болсо да басылып калабы деген ой менен кошуна, өзүнө теңтуш аялды келининен чакыртып, кыргыз ырымы менен учуктатты. Курманбай табыпты алдырып, башын теңдетти, дем салдырды. Эмнегедир алардын да таасири тийбеди. Тер кармап калдыбы деп күндүн жылуусуна карабай мешке от жактырып, суюк сорпону да бир-эки ирет катыра ичти. Мында да Тотугүлдүн чекесинен томолонуп бир тамчы тер түшпөдү. Баш оорусу басылбады. Үч-төрт мертебе учуктатып, башына суу бүркө бергенден чачтары батташкандан жүдөгөн Тотугүл таң эрте келинине:

– Балам, чачтарым батташкансып жүдөп турам. Суу жылытсаң чачтарымды тарап, жуумуш болоюнчу, – деди көңүлү күндөкүдөй эле ачылбай кобуранып. Кайнененин, дегеле өз энесинин да сөзүн эки кылбаган келин, заматта суу жылытып даярдап, кайненесин жапыз столго отургузуп, Тотугүлдүн «өзүм эле» дегенине болбой, оору баштагы текши ак аралап бүтүп бараткан, түйүлгөн чачты жазып жиберди. Бир-эки жолу кайнененин чачынын учуна чейин тарап, кемпирдин башына келин тигилди да калды. Ал таңдана бирде колундагы майда тарагына, бирде Тотугүлдүн башына тигилет. Көрүп турган көзүнө ишенбейт. Жумасына чачын жуубай койбогон таза, тыкан кайненесинин чачын мындай абалга туш болот деп ойлогон эместир. Келиндин колундагы майда таракта, кайненесинин улгайып калса да белине жете берген чачынын арасында күрөң биттер жүрөт! Тотугүлдүн башым деп чачын жуубай калганына жети эле күн болду. «Анан ушул, бир жуулбай калганда эле башын бит басып кеттиби» – деп таң калган келин, бир топко кыймылсыз туруп калды. Келинин унчукпай, чачына тарак салынбай калганына түшүнбөгөн кайнене:

– Эмнеге тарабай калдың? Башым бирдеме болуптурбу? – деди Тотугүл шекшине. Тарак менен чачтагы өмүрүндө биринчи көргөн күрөң биттерди карап турган келин, кемпирдин берген суроосуна чоочуп кетип:

– Апа, бит! – деди бир чети оңтойсуздана. Бит деген сөздү далай жылдардан бери укпаган Тотугүл да:

– Эмне бит? Кайдагы бит!? – деп чоочуп кетти. Албетте, битти келини жакшы билбесе да Тотугүл битти жакшы тааныйт. Заманды жамандаба-

ганда да, анын курагындагылар бит менен жакшы эле коюндаш болушпадыбы. Келининин айтканына ишенип, ишенбеген сыркоо:

– Кана? – деди күнөөлүү эмедей, жоошуй түшкөнсүп. Келин битти чачтан албай, колундагы таракта илешкен чачтардын арасындагы биттерди кайнененин бет алдына сунду.

– Эми Кудай урбадыбы! – деди Тотугүл өз көз алдындагы тарактагы чачтарда кыбыраган биттерди жийиркене карап: – Муну башка бирөөлөр көрсө эмне дейт, кокуй! Баары бар заманда Тотугүл башын жуубай биттетип жибериптир дешет ко. Балам, ылдам-ылдам тарап, жууп жиберели. Эртең да көрө жатарбыз, – деген кайнененин шаштысы кетип, чачы шашылыш жуулуп, башына жоолугун салганча шаштысы кетти.

Энесинин баш оорулуу болуп калганын башка эле бирөөлөрдөн уккан кичүү кызы, бит чыккандын эртеси жетип келди. Анан келин-кыз болуп Тотугүлдүн башын күндө жууп, күндө тарашканга өтүштү. Бит өчөшкөнсүп түгөнчүдөй эмес. Тескерисинче, алтымыш бешке чыккан баштагы чачты сирке басты бир жагынан. Сиркеден арылтабыз деп буурул чач арасындагы бирин-серин кара чачтардагы сиркелерди тырмактап сыдырып тазалоо менен алек да болушту. Кичүү кызы келгенден бир күн өткөрүп, улуу кызы келди энесин көргөнү шашып. Ошентип, айтылбаган кабар менен үйдө эки кызы пайда болуп, эненин башындагы бит жоготобуз менен алакеттене башташты. Баштагы кокусунан пайда болгон биттен чочулашкан эки кыз, бир келин энесинин төшөнчүсүн, ич кийимдерин карашты аңтарып-теңтеришип. Кызыгы, башты каптаган жайнаган биттен жок дегенде төшөктөн же ич кийимдерден бирди табышпады. Биттердин бул жоругуна таңданышкан кыз-келиндер бирин бири карашты. Кыздарынын энесинин башына ушул жакшыбы деп үмүттөнүшүп, түрлөп сүйкөбөгөн самындары да калган жок. Ортодо табылган шампун дегенди да колдонушту. Ал эле эмес баш жууй турган сууну бирде ыкчам, бир күнү жылуу, бир күнү жылымык кылып да көрүштү. Күнүгө тазаланган баштын терисинен түнү менен чыгып жаткансып көбөйдү, азайбады. Кыз-келиндин айлалары кетти. Айрым күндөрү энесинин баш оорусун сурабай эле, таң эрте жоолукту шыпырып алышып бит менен алек болгонго өтүштү. Мындай, күнүгө баш тазалатуудан Тотугүлдүн өзү да тажап бүттү. Кыздары болсо, «кыз-келиндери карабай энесинин башын битке бастырып жиберишиптир» деген элдин ушак сөзүнөн намыстанышты. Ал эми биттер болсо алардын элден уяла тургандарына карачудай эмес. «Бит агыш болчу эле. А эмнеге менин башымды каптаган биттер күрөң?» – деп Тотугүл таңданат. Эки баш бармактын тырмагына сыгылган биттердин кара кочкул кан чыгат.

Бир күнү адаттагыдай башын тазалаганга жанына келген эки кызын:

– Менин башымды жайына койгулачы. Силер да, мен да тажап бүттүк. Булардын да бир билгени болсо керек. Биттегенден өлгөн адамды ушул

жашка чыгып уккан эмесмин, – деп, жоолугун чечтирбей койду. Тазалоодон биттин түгөнбөсүнө көзү жеткен эки кызы да, апасынын ал сөзүн туура көрүшүп унчукпай калышты.

Арадан баш каралбай калгандан беш-алты күн өткөндөн кийин, эртең менен Тотугүл төшөгүнөн сергек ойгонду. Төбөсүн мыжып, жанын жеген баш оору түнү менен башка жакка жол жүрүп кеткен сыяктанат. Буга ишене бербеген Тотугүл, башын ары-бери кыйшаңдатып эки жагын караган болду. Бир аз ооругансыганы менен, мурдакы жан кыйнаган баш оорусу жок. Башын бит баскан күндү санаса, ушул таң аткан күн менен он төрт күн болуптур.

Баш оорусу басаңдаган, жаны жай алган күндөн бир жума өтпөй Тотугүлдүн башы биттен таптаза өзүнөн өзү арылды да, баш ооруну Тотугүл да унутту.

Бүгүнкү күндө бит деген сөз жалпы элдин эсинен чыгып, кийинки муундарга бит деген сөз түшүнүксүз бойдон калды. Ылайым ошондой эле болсун. Биздин учурда мектепте бит жөнүндө далай жыйналыштар болуп, нааразылашкан күндөр да болгон. Бүгүнкү күндө «чын эле биттер кайда кетти?» деген да суроо туулат. Битти эмне жоготту? Үтүкпү? Же бүгүнкү күндөрдө биз жеген тамактардын сапаттуулугу же сапатсыздыгыбы? Болбосо жалпыбыз кийген синтетикалык кийимдердин дүйнөнү каптап кеткендигиненби? Түркүн түстөгү өңү бар, жыты баш ооруткан ар кыл атырлардан качыштыбы? Мүмкүн жумурай-журттун жандүйнөбүздүн бузулганын жактырбай бизден кетип жүрбөсүн?



*Сатира жана юмор*

## Токтосун САМУДИНОВ

# ПАРОДИЯЛАР

## ӨЗДӨРҮ БАШТАП, МЕН ТАШТАП...

### БЫЧАК МЕНЕН ОЙНОБО!

**От чачырап, кайрак-чарык чаркырап,**
**Курчутулду бычак мизи жаркырап.**
**Өткүрлүгүн колго жанып көргөндө,**
**Дене-боюм муздай түштү калтырап.**

**Эрнис ТУРСУНОВ**

Учкун учуп, чарык үнү чаркырап,
Чарыкчынын чеке тери тамчылап,
Жалаңдатса балта менен канжарын,
Дене-боюм муздай түштү калтырап.

Көз жиберсем шамшарларга тизилген,
Коркконумду байкай койду жүзүмдөн.
Өзү келбей, мени мында жумшаган
Аялымды сөгүп турдум ичимден.

Касапчыга окшой түшүп кылыгы,
«Акындарда акча көп», – деп кыйыды.
Жүрөгүмдүн үшүн алды баарынан
Тосток көзү, куду торпок муруну.

Дырдыйгандыр колума бир тийди, – деп,
Дыр бербесем, не болмокмун? Ким билет?
Чечкиндүүлүк дайым сактайт жанымды,
Чепуха сөз дегениңер «суу жүрөк!»

## «СЕМЕТЕЙ» ЖАЗГАН СЕБЕБИМ

**Көл-Төр көшүйт кечки салкын ымыртта,**
**Мергенчилер ээрчип алат муну укса!**
**Барбайт белем небак эле энтелеп**
**Балыкты кой, тууса өрдөктөр жумуртка.**
**Уркаш МАМБЕТАЛИЕВ**

Алабарман аңкоо башым, унутпа!
Көл-Төргө мен бармак элем ымыртта.
Ала моюн өрдөк деген ал жерде
Жапырт тууп жаткан кези жумуртка.

Бар кемчилик баш теримдин өзүнөн,
Байкуш баёо мүнөзүмө өкүнөм.
«Манаста» да жумурткасын өрдөктүн
Күчтүү дешчү сай сагызган этинен.

Туйгун өрдөк тукум туубайт жөнөкөй,
Майлагандай боло түштү көмөкөй.
Жалаң ошол жумуртканын аркасы
Жарым айда жазып салган «Семетей».

## ЖЕСИРЛИК БАШКА КЕЛБЕСИН

**Келди да, кетти кайра,**
**Көрүнбөйт ошо бойдон**
**Бечара жесир чымчык,**
**Бечара жесир чымчык.**
**Алымкан ДЕГЕНБАЕВА**

Ал чымчык окшоп кетет
Аялга кара кийген.
Акындан мен жалгызмын
Аны аяп, ага күйгөн.

Козгосом жесирлигин,
Жөн гана пендечилик.
Кейитпей силерди да,
Кетсе экен эрге тийип.

## ЖАБЫКТЫРГАН ЖАЛГЫЗДЫК

**Жалгыз жатам... Уулум кеткен айылга.**
**Сагын АКМАТБЕКОВА**

Кусалык бар ар бир жазган сабымда,
Ошон үчүн менин атым Сагын да.
Музыка ойнойт... Ала күүгүм үй ичи...
Жалгыз жатам... Уулум кеткен айылга.

Томсорууда үстөлдөгү камылга,
Ашым бышып, беш кайнады чайым да.
Шампан-шарап... Мөлтүрөгөн жүзүмдөр...
Жалгыз жатам... Уулум кеткен айылга.

Жанга шерик жан жогуна жанымда
Кейигенсийт үй түбүндө кайың да.
Жамалымды ай шооласы аймалайт,
Жалгыз жатам...Уулум кеткен айылга.

Күткөн кишим, сен да мага таарынба!
Мен зарылсам, себеби бар анын да.
Эртең эмес! Бүгүн! Бүгүн! Дал бүгүн!
Жалгыз жатам... Уулум кеткен айылга.

## УЯҢДЫ КУДАЙ ЖАРАТПА!

**Энеден туума жылаңач,**
**Эр болсоң аны жула кач!**
**Карбалас БАКИРОВ**

Элейип карап калыпмын,
Энеден туума жылаңач...
Андан соң эмне болгонун
Укпаса, кээлер чыдабас.

Ар түркүн ойго жорутпай,
Айтайын өзүм озунуп:
Бул ырды жаздым ал жерден
Бетимди басып отуруп.

## КАРЫЯ АКЫН КАЙГЫСЫ

**Кыйналамын ойдун жетпей түбүнө,**
**Күмөн санайм бул күндөрдүн түрүнө.**
**Айдап салчу муун келет деп корком**
**Баарыбызды Карыялар Үйүнө.**
**Төлөгөн МАМЕЕВ**

Айдалганча Карыялар Үйүнө,
Асылабыз кир жайгычтын жибине.
Же болбосо, жубарымбек балдардын
Жаш чагында жетүү керек түбүнө.

Роддомго баруу керек күнүгө,
Туулгандын кароо керек түрүнө.
Карыялар Үйүнө биз кетпестен,
Алар кетсин дароо Балдар Үйүнө!

## ОМОРГО ОМОР ОЙ АЙТАТ

**Сен кайдасың бу күндө, мен кайдамын?**
**Омор СУЛТАНОВ**

**Мен кайдамын, сен кайдасың, Зарылда?!**
**Жүрсөң экен жердин үстү жагында.**
**Омор СООРОНОВ**

Мен кайдамын, сен кайдасың, Зарылда!
Сени эстесем, себеби бар анын да.
Издесе да өзүнчө эле издебей,
«Султановду тууралтыр», – деп таарынба.

Болбосо да топту жарган атагым,
Толуктаймын акындардын катарын.
Айдан ачык акыр бир күн мен дагы
«Сен жөнүндө поэманы» жазарым.

Кыргыз айтат: «Колко бербейт сөз тапкан».
Минтпейт элем сага чындап кат жазсам.
Адашыпмын: «Жердин үстү жагы», – деп,
«Жер үстүндө эсен жүр!» – деп айтпастан.

Омокеме сунушум бар атайы:
Бизге бирдей акындыктын азабы.
Экөөбүз тең мындан ары ырлардын
Аягына: «Омор С.» – деп жазалы.

## 7 САПКА – 2 САП

**Алдыңдан бирөө чыкса,**
**Кыл чайнаган.**
**«Кыңк» этпей кынга кирип,**
**Кыйгач бассаң...**
**Калпагың учуп баштан,**
**Кызыңды таштай качсаң,**
**Айлангын, сен калпактан!**

**Сүйөркул ТУРГУНБАЕВ**

Чочулап жаябы деп талпагымды,
Койнума катып жүрөм калпагымды.

## Белгилүү прозачы Кубатбек ЖУСУБАЛИЕВге

Тоолоруна сыйынабы сыягы
Тоо бооруна салып алып ууны,
Жашап келет жалгыздыгы билинбей,
Жаратылыш – болгон жалгыз ынагы.

Жетимишке жетсе дагы курагы,
Жети катар тоолорду ашат кыялы.
Оригиналдуу – басканы да, жазганы,
Арыктыгы – велосипед сыңары.

## ӨҢҮМДӨ ТҮШҮМ ЖӨНҮНДӨ

**Болугам жана соолугам,**
**Өзүңө көп-көп оолугам.**
**Түшүмдө көрүп өзүңдү,**
**Кээде мен чындап болугам.**

**Рамис РЫСКУЛОВ**

Түшүмдө сага жолугам,
Бир өзүң менен болугам.
Башыман эчак чыкканды
Баштагым келип оолугам.
Жанымда жаткан жарыма
Угулат окшойт кобурам.
Аңгыча болбой «дүңк» эткен
Муштумду сезем жонуман.

# *Адабият жаңылыктары*

## Россияда бааланган жазуучубуз

Россиянын «Нацбест – 2012» («Улуттук бестселлер – 2012») адабий сынагынын финалисти болуп В.Лидскийдин (Михайлов) «Русский садизм» китеби таанылды.

Бул китеп аталган сынактан сырткары дагы бир россиялык Андрей Белый атындагы адабий сыйлыктын да финалисти (кыска тизмеге кирген) болуп калды. Роман россиялык китеп дүкөндөрүнүн текчелерине 2012-жылдын апрель айында чыгарылып, окурмандардын көз отуна түшө алды.

Китептин аннотациясында айтылгандай Владимир Лидскийдин «Русский садизми» XX кылымдагы орус тарыхынын эпикалык полотносу.

Романдын үзүндүсү петербургдук «Лимбус» (ООО «Издательство К.Тублина») басмасынын уруксаты менен жарыялануууда. Биздеги «Кыргызстандын жаңы адабияты» онлайн китепканасына жарыялоого автордун атайын уруксаты берилди.

Романдын главалары менен журналыбыз да кийинки сандарында окурмандарын тааныштыруу даярдыгын көрүп жатат.

## «Ак-Торна» узартылды

Түркий элдердин эл аралык «Ак-Торна» поэзия котормолору конкурсунун мөөнөтү уюштуруучулар комитети тарабынан 1-сентябрга чейин узартылды. Бул, экинчи ирет өтүп жаткан конкурс 15-апрелде башталганын журналыбызга жазып, акын-котормочуларды катышууга чакырган элек. Конкурска 210 чыгарма түшүп, россиялыктарды айтпаганда да Казакстан, Өзбекстан акын-котормочулары катышып, Кыргызстандан бир да чыгармачы катышпаптыр. Биздин «генийлерибиз» кайда кетишкен?

## Эл акынын эли куттуктады

Кыргыз Эл акыны, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын ээси Майрамкан Абылкасымованын 75 жылдык маарекеси Кыргыз Улуттук филармонияда белгиленди.

Аземге КР Президентинин Администрация жетекчиси Ж.Сатыбалдиев, ЖК депутаттары, КР Маданият жана туризм министри И.Жунусов, Бишкек мэри И.Өмүркулов жана көптөгөн мамлекеттик, коомдук ишмерлер, юбилярдын жакын-туугандары, карапайым калктын өкүлдөрү катышып, кызуу куттукташты.

## Аман Саспаевдин «Шашкедеги кара туманы»

Айтылуу кыргыз-кытай сөздүгүнүн, «Сарала ит» сыяктуу элге сиңген эмгектердин ээси, жазуучу Аман Саспаевдин жаңы романы жарык көрдү. Ал Кытайдагы кыргыз жигитинин турмушун чагылдырган роман «Шашкедеги кара туман» деп аталат. Сексенден ашса да Ысык-Көл университетинде иштеген профессор, көлөмдүү роман жазып, жигиттердин колунан келбес чоң эмгек жасап, окурмандарын кубантты.

Китепти «Турар» басмасы демөөрчүлүк көрсөтүп, жарыкка чыгарды.

## «Улуу көч»

Журналыбыздын «Арча – 2012» адабий конкурсунун поэзия боюнча сыйлыгынын ээси, акын Керимбек Кадыракуновдун кезектеги китеби жарык көрдү. Бул, тандалма ырлардан турган китеп «Улуу көч» деп аталат. Аты эле айтып тургандай ырларда жашоо, адам, мезгил, махабат сыяктуу түбөлүктүү темаларда поэтикалак ой-чабыттар камтылган.

Китеп «Турар» басмасында басылды.

*Сатира жана юмор*

**Таштемир САПАРОВ**

# ПАРОДИЯЛАР

**Негедир бардыгын жеңсем да,**
**Эңсөөнү эмнеге жеңбеймин?**
**Мелтиреп үн-сөзсүз муңайым,**
**Мен сенсиз какшыган чөлдөймүн.**

**Бактыма нур чачкан жарыгын,**
**Башканы мынча не көрбөймүн?**
**Мейли ким, кандай деп айтса да,**
**Мен сени эч кимге бербеймин.**

**«Мен сени эч кимге бербеймин»,**
**Б.ЧОТУРОВА**

Күндө келип турса дагы иштегим,
Жалкоолукту мен эмнеге жеңбеймин?
Ташты талкан кылам десем, жумуш жок,
Мен эмнеге уктап жата бербеймин?
Жумушум жок болсо дагы сүйүктүүм,
Башкаларга сени такыр бербеймин.

Күндө сени көрөм десем, пулум жок,
Кедейликти мен эмнеге жеңбеймин.
Көп ойлонуп, түндө дагы уйку жок,
Кыялданып, бай болууну эңсеймин.
Кедей болсом, бай болсом да баары бир,
Башкаларга сени такыр бербеймин.

Маңдайыма жазганы го дебестен,
Мен эмнеге бул тагдырды жеңбеймин?
Тагдыр мага сени гана жазыптыр,
Сени алып качууну да эңсеймин.

Атаң көнбөй, мылтык мээлеп турса да,
Башкаларга сени такыр бербеймин.

* * *

**Жүрчү жаным, бул жерден кетеличи,**
**Махабаттын дайрасын кечеличи.**
**Өткөн-кеткен капалык унутулуп,**
**Жетпей турган максаттарга жетеличи.**

**«Бул жерден кетеличи»,**
**Абдрашит УРБАЕВ**

Жакпай калды, бул жерден кетеличи,
Жакшы жайга тезирээк жетеличи.
Жайлоо бекен, көл бекен жетип алып,
Күнгө күйүп, көл суусун кечеличи.

Уялбагын сүйүктүүм, уялбачы,
Башты көтөр сүйүктүүм, башты көтөр.
Көңүл ачып, биз жазсак черибизди,
Аз го деймин жыргаган, бизден өтөр.

Жүрчү жаным, эми эс алалычы,
Кучакташып, бир жыргап алалычы.
Көңүлдөгү кусалык, бүт арманды,
Түк жолобос кылып кууп салалычы.

* * *

**Оо, достор, ушул күнү төрөлгөнүм,**
**Бапестеп ак бешикке бөлөнгөнүм.**
**Бул күнү ата-энем, туугандарым,**
**Күбөсү болгон жакшы жөрөлгөнүн.**

**«Туулган күнүм»,**
**Айбек КАРЫМОВ**

Достор, бүгүн силерге бир суроо бар,
Туулган күнүмдү билер кимиңер бар?
Кырк жыл мурун ушул күнү төрөлгөмүн
Куттуктоочу, белек берер кимиңер бар?

Ыйлап, түшсө бөбөктөр апасынан,
Түк ыйлабай түшүпмүн таңга жакын.
Таңыркаган кемпирлер мени көрүп,
Болот дептир бул бала ырчы, акын.

Анан апам ак бешикке бөлөгөн,
Киндик кескен кемпирге да төлөгөн.
Өз ордумду турмуштан тапкычакты,
Ата-энем, ага-тууган бүт жөлөгөн.

Жашап жатам эч кимден артта калбай,
Кыйналдым деп, жүгүмдү арта салбай.
Иштегеним: ырдаймын, ыр да жазам,
Көзү ачык кемпирдин айтканындай.

* * *

**Окуучу күндөрүмдө,**
**Уктабай окуучу элем.**
**Акындык өнөр барын,**
**Ал кезде билбептирмин.**

**«Зуура Сооронбаевга»,**
**Бактыгүл СЕЙТБЕКОВА**

Балакай кездеримде,
Аябай көп ойнодум.
Эртели-кеч ойносом да,
Оюнга эч тойбодум.

Секелек кездеримде,
Секирип жүргөнүмдө,
Ыр жазуу эске келбейт,
Каткырып күлгөнүмдө.

Окуучу кездеримде,
Талантым сезгенимде,
Ыр жазып койбойт белем
Оюндан безгенимде.

Студент кездеримде,
Уктабай окуп жүрдүм.

Акындык өнөр барын,
Бир билип, билбей жүрдүм.

* * *

**Жазгым келет жакшы ойлорду, ак тилек**
**Каным дүргүйт, тоодо жүргөн көчкүдөй.**

**«Жийдегүл жана сен»,**
**Кубанычбек АДАМАЛИЕВ**

Жазам десем жакшы ойду мен сага,
Денем кызып, дүүлүгөмүн айгырдай.
Жакшы тилек жазгым келсе мен сага,
Жазып коём капаланбай, кайгырбай.

Жакшы сөздү айткым келсе кокустан,
Жаным калбай жүгүрөмүн мен сага.
Жакшы сөздү жазып сага жөнөтсөм,
Жүгүрүп сен келериң чын сен мага.

Жакшы кабар айткым келсе шашамын,
Жаман болсо, айтпай сөзсүз качамын.
Беттен өпсөң жакшы кабар укканда,
Белек алып, бүт акчамды чачамын.

Суук кабар мени дайым чочутат,
Ылдый түшүп келе жаткан көчкүдөй.
Өмүр бою эсте калат ал кабар,
Жеңил-желпи сөз эмес ал, өчкүдөй.

* * *

**Жайлоодо өсүп турган мөл булактай**
**Кудайым узун өмүр берсин дагы.**

**«Апаке»,**
**Нургул ЭСЕНКАНОВА**

Жайлоодо булак өстүргөн
Нургүл деген бор кыз бар.
Кантип өсөт булак – деп,
Таң калган сага көп кыз бар.

Ырымдан кынтык табат – деп,
Таарынаарсың сен мага.
Сууда балык өстүрсөң
Таарынбаймын мен сага!

* * *

**Аромат жыты аңкып жазда ачылган**
**Өзүң сулуу, жалбырагың жашылдан**

**«Сирень гүлү»**
**Улан КАРЫПБЕК уулу**

Которалбай жазыпсың «аромат» – деп,
«Жыпар жыттуу» дегенди айт, азамат – деп!
Сирениңди которалбайм мен дагы
Которгонду айтмакмын, азамат – деп!

Атың чыкпайт «аромат» деп жазгандан
Ыр кудугун күрөк менен казгандан.
Барктуу болот кыргызчалап жазгандар
Майнап чыгат, он ойлонуп жазгандан.

# *Адабият жаңылыктары*

## «Жаңы Ала-Тоо» 3 жашта!

Бул жылдар аралыгында байманалуу кыргыз адабиятына журналыбыз олуттуу салымын кошо алды деп айтууга толук татыктуу. Анткени, журтчулугубуздун адабият жаатындагы көзгө басар жалгыз басылмасы катары 3 жылдагы 36 айда эч үзгүлтүксүз ай сайын чыгып келип, мына эми, төртүнчү жашынын алгачкы 37-санын жарыкка чыгарып олтурат. Бул, кийинки он жылдан ашуун мезгил аралыгындагы абыройлуу адабий «Ала-Тоо» журналы чыкпай калган өлкөбүздөгү экономикалык, саясый жана рухий оор мезгилде кыргыз адабиятынын очогун өчүрбөй калуусу, өнүктүрүүгө өтүүсү адабият жаатындагы чоң окуя эмей эмне?!

Артка кылчая карасак, үч жыл ичинде 400дөн ашуун кыргыз жана чет өлкөлүк авторлордун 500дөн ашуун чыгармалары жарык көрүптүр. Дээрлик көпчүлүгү жаңы жазылгандар. Эгерде «Жаңы Ала-Тоо» чыкпаганда мынча авторлор ушунчалык көп сандагы чыгармаларын кайда жарыялашмак да, окурман журту кайдан, кантип адабий суусунун кандыра алышмак? Не деген көркөм, жаңы, эзели эскирбес мурдагы, эл-жерибиз тууралуутарыхий, илимий чыгармалар, публицистикалар, эскерүүлөр, балдар адабияты, мектеп окуучулары менен ЖОЖдордун студенттерине кошумча адабияттар д.у.с. журналыбызда жарык көрдү.

Журналыбыздын «Арча» адабий сыйлыгы эки жылдан бери өткөрүлүп, 50дөн ашык таланттуу авторлорго жалпы көлөмү 500 миң сомдук сыйлыктар тапшырылды. Мына, журналыбыздын эли-журтуна аткарып жаткан алпейим иши, кыргыз адабиятына кылып жаткан кызматы деп сыймыктанар ишибиз.

Кудай кут кылсын, бар бол, «Жаңы Ала-Тоо», дагы да жаңыра бер! Журналды уюштуруп, кыргыз адабиятын тынбай сүрөөнгө алып келаткан «Турар» басмасына бали!

## Т.Сыдыкбековдун мааракеси

Май айында кыргыз адабиятында опол тоодой орду бар жазуучубуз, коомдук ишмер Түгөлбай Сыдыкбековдун 100 жылдыгын белгилөө боюнча бир катар иш-чаралар болуп өттү.

Кыргыз Республикасынын баатыры, СССР Мамлекеттик сыйлыгынын ээси, Кыргыз Эл жазуучусу Т.Сыдыкбековдун жашаган үйүнө эстелик такта орнотулду. Ал салтанатка вице-премьер-министр Гүлнара Асымбекова баштаган бийликтин, коомчулуктун өкүлдөрү катышты. Ошол эле күнү Ж.Баласагын атындагы КУУда илимий-практикалык конференция», Улуттук китепканада «Кыргыз адабиятынын патриархы, улуу калемгер, XX кылымдын Бакайы» аттуу китеп көргөзмөсү болуп өттү. Эртеси К.Баялинов атындагы балдар китепканасында залкар жазуучубуздун өмүр жолуна, чыгармачылыгына байланыштуу жыйын адабият, маданият өкүлдөрүнүн катышуусунда өткөрүлдү.

## К.Байбосуновдун жаңычыл китеби

Илимпоз Карыбек Байбосуновдун «Единое. Сознание. Творчество. Духовные параллели физической эволюции мира» аттуу көлөмдүү, жаңы ой нугундагы китеби жакында «Турар» басмасынан жарык көрдү. 500дөй бетке жакын эмгек 150дөй илимий булактардын, жекече иликтөөлөрдүн негизинде жазылган.

«Китепте ойжүгүртүүнүн катылып жаткан сырлары, адам эволюциясынын жаңы багыт-усулдарын көрүү, дүйнөтааным кубулушу башка ыңгайдан каралат.

Биз кайда бара жатабыз? Алдыда кандай окуялар күтүп жатат? Апокалипсис деген эмне? 2012-жылдан кийин эмне болобуз? Жер саярасынын толкун эрежеси (вибрация) тез жыштыкка өтүп кетсе, бүгүнкү темп менен ойлонуу эмнеге алып барат? Башка галактикага же Галактиканын эле ичиндеги башка саярага көчүп кете алабызбы? Же андай муктаждык болбойбу? Экологиялык бүтүндүктү ой жүгүртүү касиети менен сактап калууга болоор бекен? Акыл-эс менен Жаратмандык Теңиртүпкө кандайча жалганат?

Ушул сыяктуу суроолорго жоопту биз чен-өлчөм касиетиндеги ойлом багытын туура тандоо жолу менен гана ала алабыз. Китебимде ушул багыттагы ой-иликтөөлөрүм камтылды», – дейт автор.

## Айыл жыттанган китеп

Таластын Көк-Сай айылында жарык дүйнөгө келген Айтбай Данияровдун «Көздөн учкан «көк жээк» аттуу жыйнак-китеби (13,625 басма табак) жарыкка чыкты. Андагы проза жана ырларынын дээрлик баары айыл жыттанып, кыргыз баласын кусалантып турат. Бул, азыркы тапта таңсык тема болуп бараткані менен жакшы жышаана. Чыгармалардын баасын сынчылар менен калбаат жазуучулар, анан окурмандар беришер. Китеп болсо аларга сунушталды. Бул, анын «Кыргыз санжырасынан» кийинки экинчи китеби.

«Учкашпа, учкашкан соң түшө качпа» дегендей орто жашка келип, адабият дүйнөсүнө аралашып калган соң калемимди эми таштабай, доор менен доордун кагылышын чагылдырган «бир нерсемди» жазып жатамын, аны да буюрса «Турар» басмасынан чыгарамын – дейт А.Данияров.

## «Дружба народов» журналы көчөдө калды...бы?

Бизде эле экен десе Россияда деле адабиятты жерий баштаган экен. Атактуу, кезинде залкар Ч.Айтматовду көтөрүп чыгып, ал өзү кайра аны жетектеп, далай чыгаан калемгерлердин дүйнөлүк адабиятка көтөрүлүүсүнө босого болуп келген «Дружба народов» журналы имаратсыз, көрүнгөн ижарада жүрүптүр. Эми МСПСте (Международное сообщество писательских союзов – мурдагы СССР жазуучулар союзунун мураскору) баш батырып жүргөн жеринен алар да ресторанга берчүбүз деп кубалап жатышкан экен. Журнал колдоо сурап бардык бийлик бутактарына кайрылып, майнап чыкпай айласы куруганда жалпы КМШ коомчулугуна, биздин журналга да кайрылган экен, колдообузду көрсөттүк. Учу-кыйыры жок, кең Россияга бир журналдын башы батпай калат деген эмне?! Адабиятты, акыл-сөздү жерисе жаман болот дечү эле...

*Поэзия*

**Абдил ШЕРМАТОВ**

*?????*

## 7-апрель

*Жулунган көп «Элдик бийлик жеңди» – деп,*
*Эл болсо али эс жыялек эңгиреп.*
*Окко учту канча кыргыз жигити,*
*Хандан, бектен кайра тартпас эр жүрөк.*

*Ойлошкон жок мансапты же олжону,*
*Жек көрүүсүн билдириши болгону.*
*Бийликти анан таштандыдай талашты,*
*Саясаттын сардарлары, бомждору.*

*Күчөп көчө саясаты өкүмү,*
*Болуп алды өлгөндөрдүн өкүлү.*
*Берендер ай! Ушул арсыз күн үчүн,*
*Жааган окко тостуң беле төшүңү?*

*Чыр чыгарса албуут топтор жыйылып,*
*Бушуркөйсүң жүрөк оозго тыгылып.*
*Ыймансыздар! Бирин бири укпаган.*
*Аккан жашты тыя албаймын сыгылып.*

* * *

*Кооптонуу күчөп жүрөк бушуркөп,*
*Сөз азайып мамиледе үтүр көп.*
*Биз экөөбүз даракка окшоп кетебиз,*
*Көктөй албай тургансыган бүчүрлөп.*

*Жат адамдай улам сууп арабыз,*
*Түнттүк бийлеп түшүнүшпөй барабыз.*

*Сепил сымал сестендирет кыялың,*
*Душманмынбы, сен экинчи карагыс?..*

*Кокус ооруп калса сенин бир жериң,*
*Ошол түнү кыйын кирпик ирмерим.*
*Далбас уруп жанды коёр жер таппай,*
*Тарып кетет, тарып кетет дүйнө күн.*

*Жаш улгайган сайын өмүр болот морт,*
*Демиң тыңшайм улам туруп сороктоп.*
*Калган күндүн канча бизге кереги,*
*Анын баарын таарыныччка коротсок.*

* * *

*Көздөрүң ай, шамдай күйгөн балбылдап,*
*Көргөн сайын көшүлөмүн жан жыргап.*
*Ак никелүү алтын шакек колуңда,*
*Өпкө-боорум чаба албадым калбырлап.*

*Бирок азоо эңсөөлөрдүн кумары,*
*Улуп-уңшуйт ач карышкыр сыңары.*
*Жан дүйнөмдө арзуу гимни жаңырып,*
*Көктөйт көрктүү үмүттөрдүн чынары.*

*Көмөкөйдөн ширин сөздөр агылып,*
*Айталбаймын – урматтаган жан улук.*
*Сага деген сансыз түмөн сезимдер,*
*Ичте турат дубанадай ак уруп.*

*Ак нике ыйык, айтышты аны сан кылым,*
*Бузбаш керек жаратткандын жарлыгын.*
*Бирок такыр алгым келбейт мойнума,*
*Кең дүйнөнүн шакек сымал тардыгын.*

## Эне тил

*Бешик ыр угуп жок болуп санаа,*
*«Апа» деп айтар код болуп мага,*

*Канча доор өттү жоголгон жоксуң,*
*Тарыхым түгөл топтолуп сага.*

*Текебер жандар токушуп токтом,*
*Калксынтат бизди эмитен тозгон.*
*Ордолуу журтту болот дейт тилсиз,*
*Божомол айтып мезгилден озгон.*

*Баардык эл, чыны, ааламга конок,*
*Олуясынат акылы чолок.*
*Өркүндөп жатса өлкөлүү кыргыз,*
*Жок болот деген жөн эле жомок.*

*Башкалар үчүн, балким, биз сырбыз,*
*Байыркы элбиз майтаргыс, сынгыс.*
*Тентибей чогул! Кезгиң келди,*
*Тарыхта айтар сөз камда, кыргыз.*

## *Тост*

Алым ТОКТОМУШЕВге

*Жаз келди жарк деп өлбөгөн жанга,*
*Жадырап жаша өмүрүң барда.*
*Көңүлдөр бүгүн бир көктөп алсын,*
*Толтура куюп кесеңди карма.*

*Алалы, көтөр, калтырбай бүтүн,*
*Күн чубак күткөн бомждор үчүн.*
*Таштанды жактан көздөрү өтүп,*
*Каректер муңдуу, көөдөндөр түтүн.*

*Бийлик да алсыз, эл дагы бейбаш,*
*Каякта Манас, каякта Бейбарс.*
*Ичели бүгүн унутта калсын,*
*Жүдөгөн маанай, кунарсыз пейзаж.*

*Азайып барат жайдары жүздөр,*
*Ажайып асман – көк деңиз түспөл,*

*Астында анын тытышып, тырчып,*
*Көксөйбүз мансап, аңдыйбыз үстөл.*

*Чуулдайт андан бейкапар балдар,*
*Демдери от, күч, көздөрдө шам бар.*
*Жаз күнү сымал жылытат жанды,*
*Эртеңки үмүт, эртеңки таңдар.*

*Оңдонуп эми кесеңди карма,*
*Ошолор үчүн алалы анда.*
*Тирүүбүз бүгүн тирүүлүк үчүн,*
*Жаз келет акыр өлбөгөн жанга.*

## Эски жара

*Сүйүүмдү камап чыгарбай тышка мерт кылып,*
*Атыңды такыр унутмай болдум шерт кылып.*
*А бирок сиңип калыпсың каны-жаныма,*
*Ойлогон сайын жалбырттайт ичтен өрт чыгып.*

*Ошондон бери ой басты мени күнү-түн,*
*Алоолойт өчпөй сен берген сүйүү бир үзүм.*
*Жол жогун сага жон терим менен сезсем да,*
*Өзүңдү самап үзүлбөй койду үмүтүм.*

*Унута албай коңгуроо доош үндү мен,*
*Уктабайм кээде желпинтип каным дүргүгөн.*
*Үшкүрүк күчөйт урунган жээкке толкундай,*
*Бул жакта менин, ал жакта сенин үй-бүлөң...*

## Таякем Эсенбайга

*Мен дидарын көрбөй калдым апамын,*
*Мээримине бөлөнбөдүм атанын.*
*Тирүүлүктө боло берет мындайлар,*
*Бирок, таяке, бир нерсеге капамын.*

*Жети бөрү жээн боло албай тайраңдар,*
*Же бир бизде күн болбоду сайрандаар.*

*Таякелер чилдей тарап кетиптир,*
*Менде бүгүн ат көтөргүс арман бар.*

*Жээниңдин жүлүн өрттөр арманы,*
*Бирге укпадык булбул үнүн таңдагы.*
*Маңдай-тескей чеке тердеп чай ичип,*
*Бир жебедик тептең бөлүп алманы.*

*Өкүнүчтө өттү жапжаш жылдарым,*
*Сени эстесем сыздап кетчү бир жаным*
*Элдер айтса акылыма сыйчу эмес,*
*Көрсө сени өлтүрүптүр тууганың.*

*Беш жыл ажал тосуп сени жолуңан,*
*Аман келип канкор душман огунан.*
*Үйгө жетпей болгону он беш чакырым,*
*Өлүптүрсүң ач көз тууган колунан.*

*Бир боорум деп бир табактан аш ичкен.*
*Тууганыңа жан дүйнөңү ачып кең*
*Турсаң түртүп жүргөн поезд алдына,*
*Ал кара бет ашып түшкөн фашисттен.*

*Алкын бузуп сенин буюм-тайымың,*
*Тынды өлтүрүп. Болсочу бир айыбың*
*Ичи арам бир шүмшүктүн айынан,*
*Көрбөй калдың бул дүйнөнүн жарыгын.*

*Тууган деген аттын ыйык экенин,*
*Кайдан билсин арсыз, бетсиз безериң*
*Андай көркоо жарым кесим нан үчүн,*
*Кайра тартпайт саткандан өз мекенин.*

*Өткөн өттү. Милдет жашоо уламай,*
*Бирок кээде күйүп кетем чыдабай*
*Таякеден, уялаштан, ападан,*
*Эмне мени кем кылды экен, кудай, ай!*

*Уксам атың бир айылга көрк экен,*
*Мырза жигит болуптурсуң көрсө сен.*
*Атаганат, урпагымда кийинки,*
*Эр көкүрөк Эсенбайлар болсо экен.*

*Курусунчу ушул жашоо иленди,*
*Өмүр кызык, өзгөрөлү биз энди.*
*Түгөнбөс бир жомок айтчы угайын,*
*Жаш баладай жаздык кылып тизеңди.*

*Бул турмуштун жыргалын да азабын,*
*Бирге жашап, бирге көргөн адамым.*
*Кабагыңды ачып бери карачы,*
*Ичкиликтен чыны абдан тажадым.*

*Бир тоголок жаш үзүлсө көзүңдөн,*
*Астын-үстүн болот дүйнөм көз ирмем.*
*Аяп сени ичтен сыздап отурган,*
*Жийиркенип кетем өзүм-өзүмдөн.*

*Билем, жаным, темирдей бек чыдамың,*
*Оома-төкмө, оргу-баргы кыялым.*
*Ичип алсам өпкөм көөп казандай,*
*Бүт ааламды чарк айланып чыгамын.*

*Мен итчилик кылбайм ичип алганда,*
*Көтөрбөймүн үйдү чууга, жаңжалга...*
*Бирок өлүп-тирилемин эртеси,*
*Көздөрүңдү көрүп толгон арманга.*

*Сени элдей сүлкүлдөтүп күтө албай,*
*Же асмандан жерге эртелеп түшө албай.*
*Дүйнө-мүлккө маарытпадым өзүңдү,*
*Тээ илгерки жомогумду бүтө албай.*

*Мен эпчилдик элегинде эленип...*
*Байый албай калдым элге теңелип.*
*Карабачы мени жемелегендей,*
*Калбайт баары курсак менен ченелип.*

*Курусунчу ушул жашоо иленди,*
*Өмүр улап жомогуңду угайын,*
*Жаш баладай жаздык кылып тизеңди.*

*Проза*

**Шайымбек АПЫЛОВ**

# ЖАЛГЫЗ ЭРЭЭН

**(Новелла)**

Бу да эскерме эмес белем. Эми элесим кош сызык темир жолдо дүңгүрөгөн сан дөңгөлөк от арабам болуп, дагы эле сапар чегип, зымырай берем. Же ал элесим учкул учактай, дагы эле зуулай берем. Кыялымда кыйыр да кошо зымырайт, оюмда закым да мени коштой мелмилдеп агыла берет...

Дагы эле баягы – күндүзү дүр-дүйнө айланган, түнү от көлү жайнаган калдайган зор калаага кез келе берем. Тили буруу жаатында бу калааны мегаполис-борбор дейт.

Элеттик кырчын өмүрүм ушу чен-ченемсиз зор калаага туш келген белем. Окуш үчүн байыр таап, сүрөтчүлүк көркөм өнөрдүн ургаалдуу жаатына туш болдум да, канча жыл үйрөнчүк болуп, чарпылып жүрөм. Көркөм көрүнүштүн купуя сырын билсем деп, жан-дилим менен каныксам деп, ары-бери урунуп жүргөн чагым эле. Ким мага таяныч болор деп, кудайым дем бере көр деп, кудуретине тооп этип, түнү уйкудан безип жүрдүм...

Кечээ эле тоо койнунан суурулуп, эл толкуп агылган, дуулдаган кымкуут калың жамаатка аралашканымды абайы албай, көзүм ымыр-чымыр болуп, күр дарыяга түшкөн чамындадай калкылдап кете берем. Ошентип, эки-үч

жыл окуучулук вазыйпам, мени менен кошо чуркап, безилдеп, арып-ачып, жыгылып-туруп, көзүмдөн кайым болгондой чу койгон белем. Дүркүрөгөн көчөдөн көчө кыдырып, «мезгил мерчеми деген ушу тура, көз ачып-жумгуча, кечээки күнүм куйрук карматпай кетти го» дейм. Ой токтотуп, тим отурушка чама-чаркым жетпес дейм. Кыл калем кармап, ар түркүн боёк менен кайсы көрүнүштү кантип сүрөткө тартаарды билип да билбей, жан алакетке түшө берем. Негедир мени бир жакшылык жышаан күтүп тургандай ой-боюм дүрбөгөндөн дүрбөйт. Улам дегдеп, ашыгам да, улам шашылам...

Дагы күн кечтеп, сүрөт окуу жайынан чуркап чыгам. Көчөдөн көчө кууп келе берем. Кээде жөө, кээде автобуска түшөм. Жатаканага жеткиче, зуулдаган калың кыймыл менен кошо жарышам. Калаанын от көлү жыбырап агылат. Жарк-журк эте жарык миң кубулуп чачырайт. Кызыл, көк шоола, көзүмө бачырап учкун тийгендей чарт-чурт жанат. Ак шоола чачыраган бийик-бийик терезелер мени шыкаалай карашат. Куду ак аскадай, асмандаган чокудай көрүнгөн ак сарай имараттар, ак мунара мекемелер узата-узата тизилип, алда кайда каалгып баратткансыйт.

Мына, дагы да түн кирип, калаа калкы жумуштан тараган кез болсо керек. Жамыраган калың жамаатка аралашып, мен эсколатор менен метрого кирип, электропоезд менен зуулап барып, эскалатор менен кайра көчөгө чыгам. Алда кайдан келип-кетип жаткан жүргүнчүлөр менен түртүшө, сыгылыша, кысылыша, жөөлөшө кетип, бара турган багытымды көздөй жөңкүй берем.

Электропоезддер, троллейбустар, автобустар жарыша уу-дуу болуп, бири келип, бири кетип, эл жайпай чыга келсе, бир жааты күргүчтөп туш-тушка чачырайт.

Күндөлүк сан-санатым ушу – жатаканага келерим менен керебетиме бой уруп, чалкамдан түшөм. Ошондо чарчап-чаалыкканымды бир билем. Чырм этип, куш уйку көзүмдү чырмап, бир аз көшүп кетсем керек. Оюма кылт эте калат: бүгүнкү кезметимби же келеси күнүмбү, баары бир, тирүүлүктө пендени тыбыратып койгон тура дечү ата-энем.

Жатаканыбыздын бир бурчунда сүрөткер өнөрканабыз бар: Отура турган үстөл, жата турган эски керебетибиз да бар. Ким кам көргөнүн ким билсин – эски-уску жабуу менен жабылган. Ар бир сүрөткер-окуучу ушу жерден жай табат. Мен да ыңталуу дилгир элем. Ийниме илчү жан баштыгымдан боёк, кыл калемдеримди үстөлгө кынаптап коём. Жамбаштап жатып колумду жаагыма таяп, ойлоно кетсем керек. Кээде ээ-жаа бербей арсар ой-санаага термелем. Кирип-чыгып жаткан сүрөтчүлөргө да көңүл бурбайм. Алар да мен сымал үйрөнчүк талапкерлер.

Караңгылык уюп, канча убакыт өттү, билбей калам. Мончоктун көзүндөй электр жарыгы жылтырайт. Сүрөт тартууга такыр дарман жоктой, шалдырап отура берген окшойм. Бир маалда мен үргүлөп, көзүм

илинип кеткен белем. Кулагым тунуп, зың-зың этип, мени эликтеп ээрчиткен бир элеске ээрчий кетем.

... Кайра жүрөм деп эки жагымды айлана карайм. Түн каракчысы карайып, асман толо сан жылдыз жымындайт. Аңгыча, түнкү сыдырым жел жортуп, чий арасы шуу-шуу этет.

«Бу эмнеси дейм. Эми эле күркүрөгөн метродогу электропоездден түшпөдүм беле дейм. А эмне үчүн дуулдаган чоң көчөдөгү жайнаган машинелердин дүңү чыкпайт? Күркүрөгөн чоң өзөндүн мага тааныш доошу даана угулгансыйт. Мына, кызыктын кызыгы дейм...

Бир маалда карасам, көк муздун тамчысындай толгон ай маңкайып, ала булутту аралай, ак буласын үзүп-үзүп, асмандай кайып баратат. Ак мөңгү чокулар ай шооласына чагылышып, тоолор тоңшуп, түңкү теребел бир сырдуу шоораттанат.

«Ал мен неге кең өрөөндө түнү кайыгып жүрөм дейм. Ары-бери айланама шоотуп карап, көз үйрө назар салам. Оң жагымданбы же сол жагымданбы, ким билсин, бу неге өр ылдый дуулдай үйөр жүргөнсүйт» дейм?..

Мен кайдан келип, доолдогон капчыгайдын түпөйүл добушуна кабылып, эмнегедир ой-боюм да алда-кайда созулгансыйт дейм? Мен далай аралаган мобу көк жашыл карагайлуу беттерди эми абай алгандай сезем. А мобу калың арча баскан жылга-жыбыттарды канча ирет аралап, көбүргөн, ышкынынан өйдө терип, эликче эрмебедим беле дейм...»

Бир туруп абайласам, ай өйдөлөй кайып, кең өрөөндүн ичи сүттөй агарып көөлгүйт. Анан калса, шоодой-шоодой шоңшойгон одур-будур борчуктар арбайып, оболоп оркоюп,эми кулап кетчүдөй көрүнөт.

Дагы ары-бери чарпылып карасам, өрөөн ичи, не жакынбы, не алыспы, билинбей, мен өзүмчө эле термелип, караан үзүп келаткансыйм. Мен антип-минтип, эс акылымды  жыйгычакты, негедир агарып көрүнгөн даңгыр жолдун боюнда жападан жалгыз солдоюп туруп калган экем. Бу эмнеси деп таң калып коём. Аңгыча, тарса-тарс өтүп, өрөөндү өйдөлөй сүңгүп кетет.

Капилеттен кара булут ай көзүмө илине түшөт. Айланам түнөрө калат. Бир оокумда ойдо жок жерден чоочуп кетем. Бир топ жамаат бабырап жаткандай сезилет. А түгүл мага жакындап, кобур-собуру дуу-дуу этип, мага тийип, кайра качкандай болот. Мен кайрадан калаадагы карала калктын каңырыгын эшиткендей эстей кетем. Кайрадан кара булуттан ай жарк эте калат. Мен өр өйдөлөй басам. Ай да кошо чайпала баскандай сезилет. Аңгыча, мени аңкүдүк кылып, дүргөй түндө чочуткан бу эмне десем, бадалдуу мөл булактын буркан-шаркан түшкөн шары тура. Жаркын ай да мөл булактын шарына малынып, таштан ташка серпилип, көбүрүп-жабырып, кулагыма тийет. Ак көбүк чачкан шоокумунан өрөөн жаңырат.

«Табият өз күүсүнөн түк жанбайт белем. А балким, алыстан оошуп, беймаал келген чоочун пенде мен болбоюн? Же булак мени өгөйлөп, же

мен булакты өгөйлөп жатамбы? Ай жарыгына салып, шоотуп карасам, бабыраган булактын ары жагында боз үйдүн карааны көрүнөт. Бир короо кой маарап, бышкырып, ит үргөндөй эш тутам. Булактын жаңырык доошу ой-боюмду аралап, кулагым каңырыштап, короо кайтарган кыз-келиндердин обону угулгансыйт: «Бекбекей-оой, бек катар-ой! Саксакай-оой, сак кайтар-ой!»...

«Калаада окууда жүргөн элем, – деп мен даңдароо окшоп, эки ача ойго тушугам. – Не себептен бу өрөөндө түнү элдиреп жүрөм?.. же мени окуудан кууп жиберди беле дейм. Жүрөгүм апкаарып, көзүм ымыр-чымыр боло түшөт. Жок, жок дейм. Мен окуштагы оор сыноодон аман-эсен өтпөдүм беле деп өзүмдү-өзүм сооротом. Жылдык жыйынтыгым жакшы чыкпады-бы беле дейм. Баягыда, биз сүрөт окуубуздан эки-үчөөнү айдаганда, мен жакамды кармап, тобо деп, кудайдын кудурети колдоду го деп, жараткан мага жар боло көр деп өзүмчө тилек тилебедим беле...»

Сүрөтчүлүк өнөрдүн балакетин ойлоп, дагы да элеске азгырылып, ойго чумуп отурган окшойм. Туура тушумдагы кыйкаңдан топ үйүр жылкы үркүп, булак боюн аралай, жайыкка жабыла дүбүрөп чу коёт. Укуругун каруучуга илген жылкычы кайда дейм. «Айт! Айт!» деген айбатуу үнү да угулбайт.

Эки жагымдан эш тутар эч нерсе жоктой, элеңдеп туруп калган окшойм. Жайык ылдый жайпай бабыраган мөл булакты бойлой, эмнегедир мен өзүмчө кыйыгып бет алды баратканда, капыстан байыркы бир таш дөбөчөгө урунуп калсам болобу. Бүткөн боюм дүркүрөп, көзүмдөн от чагылып, кызыл нур, көк нур чачырагандай болуп, бир далайга селдейип карап калсам керек. Кайра чыйрала түшөм. Атайы жакындай басам. Таш дөбөдөн ары дагы бир таш дөбөчөлөрдүн төрү карарып көрүнгөнсүйт. Элес этип, тунжурап туруп калган окшойм.

«Сүрөтчүнүн накта табылгасы ушу болор го, – деп кынтык ой көөнүмө кылт эте калды. – Арбактарды элес этсем, таш дөбөгө жан кирип, дүңгүрөп чыгат беле дейм...»

Ошо саам көзүм түшөт. Байкасам, таң куланөөк салган кез экен. Түн түрүлүп, өрөөн ичи кашкая буларык тартып, агара түшүптүр. Кулагым тунуп калган өңдүү. Дүңгүрөгөн өзөндүн доошун эшитпей, мен эми дымыган тунгуюкка туш болгондой, дым-дым боло калам. Ушу тоо этегинде эзелтен бери уюп уктап жаткан байыркы бабалардын унут калган каңырты эми кайра дүнүлдөгөн дүрбөлөңдөй дүң этип, жер алдынан силкинип чыккандай туюлат. Бүткөн боюм солкулдап, арбактардын айбатынан улам өзүмчө тушугуп, же кете албай, же токтоно албай, ээн талаа, эрме чөлдө жападан жалгыз кайыгып жүргөн жарым жан өңдөнөм. Кулагым чуулдап, дүр-дүр эткен ыргакты туюнам.

... Кыйырдан чалгын чалганбыз, оо,
Аркага кайгул салганбыз, оо,

Касташкан жоону талкалап, оо,
Ошо кылычтап, кырып, сайганбыз, оо...

Безилдеген мөл булактын жаңырыгы комуздун кайрыгындай, дуу эткен ыраатын коштогондой угула берет. Атүгүл карт күүчүнүн каңырыгы түтөп, шейиттердин муңун муңдап чалгандай болот. Бу не деген бийик, асеми асыл касиет?! Өлсөң-тирилсең да бу ыйык ышкыбоз өнөргө эч бир кудуретиң жетпестир дейм. Аны кудай талаа гана даарыганга таандык керети болор. Аны жөн эле тилеп да, сурап да, зордоп-karaктап ала албайсың го дейм.

Топ жылдыз мени карап-карап, жымың-жымың этип, саргая баштаган экен. баягы Үркөр же Алтын Казык, же Тоотай мерген асман бети жайнаган сансыз шам чырагы, куду чоң калаанын отундай, таң атарда бүлбүлдөп өчө баштаптыр.

Бир оокумда асман маңдайы жарылып, чексиз аалам кеңдиги эми өрөөн ичине жайылып түшкөндөй сезилет. Бирде өр ылдый урган желаргыны жетелей чуркаган, бирде мөл булактын өңгүл-дөңгүл кобур-собурун жула качкан, бирде өжөр өзөндүн аттай безилдеген баягы караан түндүн элкин шуулдагы эми тынчый калган экен.

Тээ, алда кайда, адам көзү жетпес алыскы обо жайда, аалам түпкүрүнөн жарк эте калган куяштын кызыл өртү, бийик оболуу муз чокуларга күзгүдөй чагылышып, кызгылтым мунарыктай жаркырайт.

Как талаада жалгыз калып, көзүмдөн кара учуп калдыбы дейм. Бир туруп тыңшасам, каңгыр-күңгүр добуш дагы кулагыма угулгансыйт.

... Кара көзүң жаштаба, оо,
Талаага сөөгүм таштаба, оо...
Элге-жерге кайтып бар, оо,
Керээзимди айтып бар, оо...

Бала чакта, очоктогу кууган чегедектин чарт эткен чогу мойнума тийип, калакай дегендей, кыр чокудан жарк эте калган куяштын учкуну көзүмө чагылат. Таш дөбөчөлөр да аалам айлампасына карап: «О, жарыктык! Шейиттердин арбагын түн бою эскерип, ары-бери чарпылып жүргөн мобу жалгыз жарым пендеге жараткан өзү жар болсун» – дегендей кыркаар тартып, дагы да күңгүрөнгөндөй болот.

Эми күн чыгып, таңга маал жымжырт тарткан өрөөндүн тынымын туюп, таш дөбөчөлөр да мени карап калгандай сезилет. Ал эми мен, байыркы кызыл кыргын, кара сүргүндөн аман калган жалгыз эрээн-жоокер сымал, ары-бери таш дөбөчөлөрдү айлана басам.

«Кызыл кыргында, баарыбыз шейит кеткен баатыр элек, эл эскерсин» – деп жарадар жалгыз жоокер, ушу өрөөндүн шагыл-ташын күндөп-түндөп ташый берген экен да, кабыла баштатып, таш дөбөчөлөрдүн сабына сап кошуп, эрээндердин эстелигин курган белем.

Ал эми менин оюм уйгу-туйгу. Канткенде мен, ушу унут болгон байыркы бабалардын омоктуу доошун дүйнө дүрбөткөндөй баян эте алам?

Фотоаппаратымды мойнума илип, таш дөбөчөлөрдү жандай басып, улам-улам сүрөткө тарта берем. Канткенде мен, эмики замандын унутчаак жүрөк заадасын баса алам дейм?..

Жанатан бери дуу-дуу этип жаткан кулагым, эми жымжырт тарткан өрөөндүн жаркырай түшкөн таңкы тынымын туя салат. Эр арыса да, ой-санаасы арыбайт белем. Ошо кыргындан аман калган жалгыз эрээн жоокердин элесин ээрчип, мен да кара болот кайсарды колума алып тургандай болом да, жалгыз эрээнди эш тутуп, таш дөбөчөлөрдү кыдырам. Бир маалда элес этсем жалгыз эрээн, кыйгактуу сыр найзасына таянып, шейит кеткен баатырларды жоктоп, өзөгү өрттөнүп өксүп, өкүргөнүн уккандай өлөм. Көз жашын көлдөтүп жалгыз жоокер тизелеп ашып-ташып, күйүп-түтөп алакан жайып, дуба окуп, жанымда отургандай сезем. Мен дагы жалгыз эрээн баатырга кошулуп, өзүмчө дуба окуп, сыңар тизелеп, арбактарга багыштап, кандай арман айтып, кандайча таазим этүүгө дескүчүм жетпестей сезем.

Бир туруп карасам, обо мелжиген эзелки тоо кырлары менен асмандагы жаркыраган куяш гана таш дөбөчөлөрдүн жанында эрбейип турган жалгыз караанды карап калгансыйт. Ал эми мен дагы эле жалгыз жоокер эрээндин жанында эш тутуп тургансыйм, а түгүл аны ээрчип алгансып, өзүмчө эле оомал-төкмөл болуп, эс эңгиренгидей элестете берем. А жоокер эрээн бирде төрт бүгүлүп, каңырыгы түтөп, өксүп-өксүп жиберет: «О-уу, кыраандарым... О, кыраандарым, оо... Акыретте кездешебиз, оо...»

Ал эми мен аны ээрчип, эрбейген караан болуп, өзүмчө эле ашып-ташып, таш дөбөчөлөрдү кошо айлана берем. Жалгыз жоокер бир таш дөбөчөдөн экинчи дөбөчөгө эңилип, тизе бүгүп, маңдайын ташка жөлөп, тооп кылып, дагы да өксүп-өксүп жиберет: «О, кайрандарым... О, кыраандарым, оо... Акыретке кеткиче, мен эскере берем... Жаткан жериңер жайлуу болсун, оо... Акыретте кездешибиз, оо...»

Жоокер эрээн шарт тура калып, кылычын кынына салып, найзасын каруусуна илип, шайдооттук менен аргымагына шап минип, таш дөбөчөлөрдү утурлай бастырып, ары-бери айланчыктап, токтоло калып, дагы да өксүп-өксүп, ээрге өбөктөй каңырыгы түтөй түшөт: «О, кыраандарым, оо... Акыретте кездешебиз, оо... Акыретте кездешебиз, оо...»

Дагы бир туруп карасам, баатыр жоокер аргымагын шарт теминип, караан үзүп баратып, кайра кайрыла калып, ээрге өбөктөп, дагы да өксүп жиберет: «О, кыраандарым, оо... Шейит кеткен берендерим, оо... О, акыретте кездешебиз, оо... Акыретте кездешебиз, оо...»

Мен да буйдала калам. Ары-бери карагыча, жоокер эрээн кыяматкайым болуп, эл-жерим кайдасың деп, узак жолго узап кеткен белем. Шейиттерди таш корумдап, обочо-обочо эстелик коюп, артуу-артуу бел-белестерди күндөп-түндөп ашып, эл-жерине жетсе керек.

Кылыч кыйбас, найза өтпөс эрээндер эл четинде, жоо бетинде катташканын кайсашып, калайык калкын кыргындан сактап, бабалардын эрдигин улама улап, кыйыр кыдырып келе берген белем.

Кан жолдо кошулушкан баатырлар, тоорулга чыгып, жоо жолун тосуп кайгуулга калып, кароол карап, кызыл карап, кызыл кыргын, кара сүргүнгө түшүп, шейит кеткендирдин баянын, ошо жалгыз эрээн баяндап, муундан муунга улап келген белем...

Андан бери канча ирет опол тоо урап, канча ирет күн тутулуп, өктөм өмүр өтпөдү? Канча жолу жомокчулардын жомогу, муундан муунга өтүп, баатырлардын энчи эрезеси болбоду? Канча ирет кылымдан кылымга ушу таш дөбөчөлөр элдин эчакы эскермесин эскертип келбеди?..

Жылдан жыл айланып, эл-жеримди сагынып, аябай куса болуп, сүрөтчү окуумдун дагы бир жылын жакшы аяктап, кайра айланып келген белем дейм. Ал эми байыркы таш дөбөчөлөр уктап да, ойгонуп да, ойлонуп да, мен келер замат, илгерки кызыл кыргын, кара сүргүн болуп, кан төгүлгөндө, жоону жоюп кылычташкан жалгыз эрээндей мени эгедер туткан чыгар. Жайкалган жашыл өрөөнүмө келген сайын, ичкери чоң калаанын дүңгүрөгөн капшабын эстен чыгарып, таш дөбөчөлөрдү кыдыра карай берем. Кээде тизе бүгүп, баш ийип, ишаарат кылып, бир ары кетем, да бирде бери кетем. Бирде отура калып, бирде тура калып, фотоаппаратым менен сүрөткө тарта берем. Жаным уйгу-туйгу болуп, жай таппайт. Оштонгон боюмду токтото албай, дүүлүккөн сар-санаамды жыя албай эзелки жалгыз эрээндин караанын дагы көргөндөй ээликтей келем. Ошо жоокердин сөөлөтүн таш дөбөчөлөрдөн такооч тапкандай болуп, шейиттердин бараандуу турпатын бүшүркөп туйгандай болом. Бара-бара окчун отуруп, дептеримдин актай барагына ошо баатырдын бет-бейнесин шоотуп, калемим менен ары-бери чиймелеп, таш дөбөчөлөрдүн кыябына салып, аргымагын жетелеп, капага камыгып келаткан турпатын элестеткендей болом.

Дагы да жер алдынан кубаттуу дүңгүр чалган доош кайрадан кулагыма угулгандай болуп, жүрөгүм ыргак туюп, кыраат айтчудай күңгүрөнө баштайм.

Каса тулпар ат минип, оо,
Кастарын тиккен жоо келсе, оо,
Азууга салып чайнарбыз, оо,
Каса курчтуу зулпукор,
Колдон түшпөй чарт уруп,
Карсылдаша жайларбыз, оо...

Олбурлуу огожо жалгыз эрээндин көзү шам чырактай жанып, таш дөбөчөлөрдүн сабында сүрдөнүп тургандай болот. Кабагы калың, кыл муруту сербейген кыраан шердин сүрүнөн таш жарылып, ай талаага чачылгандыр...

Шалдайып көпкө отура берем. Боёк эзип, кыл калемим менен кыялымдагы эрээндин келбетин сүрөт кылып тартууга негедир жүрөгүм даабайт. Айлам куруп, бүткөн боюм чымырап, колум калтырайт. Касиеттүү жалгыз эрээндин анты урчудай шектүү шоок сезим ой-боюмду дүргүтөт. Көзүм караңгылап, алачакмак болуп, кыйнала берем.

Кайрадан таңатар да, кайрадан күн батар. Жаздан жаз, жайдан жай, күздөн күз келер да, жылдан жыл алмашып, өмүр өктөмү келе берер да, кете берер. Ал эми мен канткенде, байыркы да кан төгүшүп, жоо менен кырчалышып, эл-жерди сактап калган шейиттердин арбагына тайынып-ташынып, таш дөбөчөлөрдү курган жалгыз эрээндин ыйык кеземетин сүрөттөй алар экем? Көрөсөн көрүнүшүн кыл калемим менен келиштире тартып, эгем талаа кудуретине эгедер боло аламбы, ким билет?

Карай берсе, көз жеткис, санаттай берсе, сөз жеткис деген бабалардын байыркы даңазасын, ургаалдуу эскермесин, кыл калем менен кынаптап тарта алар бекем?

Өңүмдө да, түшүмдө да, аруу тилегимди кудай кут кылсын дейм. Тээ, ичкери чоң калаадан сүрөтчүлүк окуумду улантып, мен дагы бир жылдык сыноочу көпүрөсүнөн аман-эсен аттап өтүп, дагы да эл-жериме келип кетермин. Эми мен кан жолду ара басып, жаштай чагымдын жана бир келген кеземетин кур өткөрүп, ара зат болбоюн деп чыйрала түшөм. Дагы да мени бир жакшылык жышаан күтүп жаткандай, эмнегедир жан-дилим дүрбөп, ашыккандан ашыга берем. Жараткан өзү жар болуп, өмүрүмдөгү өз энчимден кечигип, такыр өкүттө калбайын деп, чарпыгандан чарпыла берем. Белсенип белди бууюн дейм. Ыкчам кыймылдап, алга карай тездей басып, байыркы жалгыз жоокер эрээндин элесин сүрөтчүлүк кудуретим жеткиче, өлсөм-тирилсем да көркөм көрүнүшүн тартайын дейм. Эми кол баштыгымдагы сүрөтчүлүк көр тирчилик буюм-тайымымды ийиниме илип, көздөн учкан кең өрөөндөгү таш дөбөчөлөрдү улам-улам кылчая карай берип, окуума дагы да шашылам. Ак жолум али ачык, али алыс дейм. Ата-бабам дем көр дейм...

1960-2010-ж.ж.

*Балдар адабияты*

# ШАМБАЛА

Кыш келип, кар жаап, суулар тоңуп, жолдор тайгак болду. Абышка-кемпирдин мешке жагар отуну калбады. Тепейген үйүн жылытмак турсун, тамак да жасап иче албай калышты. Абышка абдан карыган эле да, токойго барып отун алып келүүгө алы жетпеди. Ошондо эмне кылар айласын таппай, оокаттуу кошунасына жалдырап барышты.

Кошунасы абдан бай эле, өзү чоң кызматта иштечү. Үч кабат үйү, жалтыраган кооз машинасы бар. Курсагы салаңдап, күн сайын семирип баратат.

Бай кошунасы абышка менен кемпирге бир көмөч нан, анан бир шам берди да:

– Эми келбегиле. Силер эмес, менин өзүмдүн отунум жок. Силерге башка эч кандай жардам бере албайм, – деп узатты да, эшигин катуу жаап алды.

Ал калп айткан эле. Кампасы толо отун менен ун-талканы, жертөлөсү толо кышка сактаган оокаты бар болчу. Зыкым, ачкөз болгондуктан, бечара абышка-кемпирди аяп койбоду.

– Балабыз болсо отун алып келбейт беле. Акча таап келип, бизди бакпайт беле... – деп, абышка-кемпир армандарын айтып, көз жашын көл кылышты.

Ошентип, абышка-кемпир бай кошунасы берген бир көмөч нанды сууга чылап жеп, эптеп-септеп бир аз күн өткөрүштү. Анан ал нан да түгөндү.

**Сулайман РЫСБАЕВ** *– 1956-жылы Ош шаарында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. Токтогул районундагы Сары-Камыш айылындагы «Бирлик» орто мектебин1973-жылы аяктаган соң, Кыргыз Мамлекеттик университетинин филология факультетинде окуган.*

*Педагогика илимдеринин доктору, и.о. профессор (2002), Москвадагы Эл аралык Педагогикалык-социалдык илимдер академиясынын академиги.*

*1-класстар үчүн «Алиппе», «Адеп», 2–4-класстар үчүн «Кыргыз тили» окуу китептери 1993-жылдан бери республикабыздын мектептеринде туруктуу окулууда.*

*1997-жылы «Жылмайып турган таш» деген ат менен аңгеме-жомоктордон турган алгачкы жыйнагы жарык көргөн. Андан бери ондогон көркөм жана илимий чыгармалары жарык көрдү. Учурда КР педагогика академиясында эмгектенет.*

Бир күнү таңга маал абышка-кемпир ачка жана үй суук болгондуктан, төшөктөрүнөн туруууга да жарабай калышты.

– Ушинтип жатып өлөбүзбү, – деп ыйлады кемпир.

– Кой, байбиче, мени эптеп ордумдан тургуз. Мен токойго барып бир тутам отун алып келейин. Боорукер адамдар жолугуп калса, бир сындырым нан берер. Кечке чейин келбей калсам, анда менин өлүп калганым ошол талаада, – деп араң эле сүйлөдү. Бирок, аны кемпири тургуза албады, өзү да турайын деп, тура албады.

Үйдүн терезесинде баягы бай кошунасы берген шам үлбүлдөп күйүп турат. Ал дагы түгөнөйүн деп калгандыктан, туруп барып өчүрүүгө да алдары келбеди. Анын түгөнгөнү – үйдүн ичине караңгы түн түшкөнү дей бер.

Аңгыча ошол үлбүлдөп жанган шамдан бир кичинекей жалын бөлүнүп чыкты да, кичинекей балага айланды. Ал бала сөөмөйдөй эле болчу. Бала абышканын маңдайына келип туруп калганда:

– Эй... сен кимсиң? – деп, тандана сурады абышка.

– Мен Шамбаламын. –деди баягы сөөмөйдөй болгон бала.

– Шамбала?

– Ооба... Мен – Шамбаламын... – деди дагы да баягы бала.

– Кимдин баласысың? – деди абышка эч нерсени түшүнө албай.

– Силердин балаңармын.

– Биздин сендей балабыз жок эле го..?

– Балаңар жок болсо, мындан ары балаң бар болот.

Табышмактуу бул окуяга түшүнө албай:

– Шамбала, сен кайдан келдиң? – деди кемпир.

– Шамдан келдим. Ошол үчүн менин атым – Шамбала.

Өзү сөөмөйдөй болгон, кийген кийими жок бу баланы сынамакка абышка буларды сурады:

– Эй, Шамбала, деги, сени колуңдан эмне келет?

– Менин колумдан баары келет – деди Шамбала, – үйүңөрдү жылытам, түндө жарык кылам, тамагыңарды бышырам...

– Анда, Шамбала, сен адегенде үйдү жылыт – деди абышка, үшүгөн колдорун укалап.

Шамбала бат эле үйдүн ичин жылытып жиберди. Тепейген кичинекей үйдүн терезелери да тоңуп калган болчу. Алар да эрип, эшик көрүнүп калды. Тоңуп, бүрүшкөн абышка-кемпир эми ысып, көйнөкчөн болуп жыргап эле калышты.

– Эми, бышыра турган тамагыбыз жок. Эмне кылабыз? – деди кемпир үй жылыгандагы кубанычы бат эле жоголуп.

– Анда капаланбагыла. Мен силерге тамак таап келем – деди да, Шамбала эшикти көздөй жөнөдү.

Шамбала адегенде ун алмакка тегирменчинин үйүнө барды. Тегирменчинин да кышкы отуну азайып, үйү муздак болчу. Анын үйүн заматта жылытып берди.

– Ой, сага чоң ыракмат. Деги сен өзүң ким болосуң? – деди тегирменчи ага ыраазы болуп.

– Мен – Шамбаламын.

– Кимдин баласысың? – деди анын бул сөзүн уккан тегирменчи.

– Тиги жогору жактагы абышка-кемпирдин баласымын. Алардын уну түгөнүптүр. Мен силердин үйүң өрдү жазга чейин жылытып берип турайын. Акысына жазга чейин жетерлик талкан, ун бериңиз – деди чепилдеп.

Тегирменчи Шамбала менен убадалашты да, абышка-кемпирдин үйүнө ун-талкан жеткирип берди.

Шамбала андан ары уй ферманын үйүнө барды. Ферма башчынын үйүндө да отун-көмүрү азайып, кыйналып жаткан болучу. Алардын үйүн да жылытып убадалашты да, жазга жетерлик эт-май алды. Этти да абышка-кемпирдин үйүнө ферма башчысы өзү бат эле жеткирип берди. Шамбала андан ары дүкөнчүнүн үйүнө барды. Дүкөнчү да дүкөнүнө от жага албай, көмүрү жок кыйналып жаткан экен. Шамбала анын да дүкөнүн жылытып берип убадалашып, кант, чай, туз алды. Аларды дүкөнчү абышка-кемпирдин үйүнө жеткирип берип, абышка кемпирдин үйүнө заматта ун менен эт, кант менен чай батпай бапырап, жыргап эле жатып калышты. Шамбала тамакты бат эле бышырып, абышка-кемпир курсактарын тойгузду.

Анан кеч кирди. Ошондо абышка-кемпир Шамбаланы жакшы көрүшүп, коюндарына кучактап жаткылары келишти.

– Шамбалам, кел, биздин коюнубузга жат, – деди кемпир. Анда Шамбала:

– Жок, апа, ата, мен силердин койнуңарга жата албайм. Жатсам төшөгүңөрдү күйүзүп жиберем, – деди да, терезеде күйүп турган шамга кирип кетти.

Ошентип күндөр өтө берди. Шамбала эртең менен баягындай эле шамдан учуп чыгат да, абышка-кемпирдин үйүн жылытып, тамактарын бышырып, чайын кайнатып берет. Баягы убадалашкан тегирменчинин, уй ферманын жана дүкөнчүнүн үйүнө барып, үйлөрүн жылытып келет да, түндө жатарда шамга кирип кетет.

Абышка-кемпир эч нерседен бейкам болуп жыргап жашап жатышты. Күндөрдүн биринде абышка-кемпирдин баягы сараң бай кошунасы «абышка менен кемпир үйүндө жагар отуну жок, жээрге оокаты жок, тоңуп, качан эле өлүп калды го, өлүп калса, тепейген үйүн трактор менен түрттүрүп таштайын да, короомо кошуп алайын» – деп ачкөздөнө басып келди. Келсе абышка-кемпир баягыдай жүдөгөң түрлөрү жок, үйү жыпжылуу, карындары ток, кайгы-капасы жок, кампасы оокатка толо, жыргап жашап жаткан түрлөрүн көрүп таң калат да, алардын кантип мындай жашоого жетишип калганын такып сурайт.

Ошондо жашоосуна ыраазы болгон абышка-кемпир, ичинде эч кандай кири жок, болгон сырын айтып беришет.

– Кана, көрсөткүлөчү, Шамбалаңарды? – дейт ачкөз бай кошунасы, – менин үйүмө да барып, жылытып берсинчи.

Абышка-кемпирдин уруксаты менен Шамбала кошунасынын үйүнө барат. Ачкөз бай кошунасы үч кабат үйүнө, жер төлөсүн кошо, кампаларын дагы, машина койгон гаражын, уй, кой баккан сарайларынын баарын жылыттырат. Ачкөздөнүп: «Муну абышка-кемпирге кетирбейин, үйүмө камап алайын, муну пайдаланып дагы да байлык табайын» – деп ойлойт. Анан ыгын таап «кармап алайын» деп кубалайт. Шамбала карматпай качат. Ал биринчи кабаттан экинчи кабатка, андан үчүнчү кабатка качат. Шамбала ачкөз байдан качып дубалдагы килемге, терезедеги кооз шторлорго, жерде салынган оймолуу шырдак-ала кийиздерге тийет, жалтыраган шифонер, шкафтарга урунат. Ал тийген, урунган буюмдун баары күйүп өрттөнүп кирет. Андан качып, Шамбала ачкөз байдын кампасына, андан жер төлөсүнө, андан машина койгон гаражына, андан ары уй-кой сарайларына качат. Ал барган бардык жерлер күйүп, өрттөнүп, ачкөз байдын бардык короо-жайы бүтүндөй өрттөнүп кетет да, жалгыз өзү калат. Бардык байлыгынан кол жууп, ачкөз бай тойбостугунун айынан абышка-кемпирден да кедей болуп калат. Ал эми абышка-кемпир болсо, эч кимге залалы жок Шамбала менен жыргап-куунап жашай беришиптир.

## ПЕЙИЛДИН БУЗУЛУШУ

Кичинекей кыштакта бир абышка-кемпир жашачу. Абышка дайым отун алып сатып, акча тапчу. Андан башка кылар иши жок эле. Кемпири болсо, абышкасы таап келген биртике акчаны алып барып базарга барчу да, күнүгө жей турган нан, май, кант, чай ала турган. Ошону менен алар күн көрүшчү.

Абышканын күндө алган отуну ошого жетчү. Көп кылып отун алганга кудурети да жетчү эмес.

Токойдо майда отун калбай бараткан. Чоң-чоң карагай-арчаларды кыюуга кайдан күчү жетсин. Өзү да картайып баратса...

Ошентип жүргөн кыштын бир күнүндө анын отун аларга алы келбей калды. Бул кемпири экөөнүн күнүнүн бүткөнү го. Бирок, айласы куруган абышка бар кайратын жыйнап, балтасын алып, жибин курчанып, отунга жөнөй турган болду.

– Балтам мокоп калыптыр, байбиче. Отунга өтө турган эмес...–деди бөйчөйгөн калыбында.

Кемпири балтасын эптеп-септеп курчутумуш болуп берип, белине байлады да, отунга узатты абышкасын.

Абышка токойго келип, майда отун таппады. Таппады да бир арчага келди.

«Ушуну кыйсам жазга чейин отун болор...» – деп ойлоду да, абышка балтасын бар күчү менен шилтей турган болду. Ошондо баягы арчага адамча тил бүтүп:

– О, ак ниет абышка, сен мени кыйба...–деп мээримдүү сүйлөдү.

Абышка арчага таң кала карап, жерге отурду. Алсыз дем алып, чекесинин терин сүрттү.

«Сени кыйбасам, күндүн суугунда кемпирим экөөбүз кантебиз. Үйдө жээрге бир сындырым наныбыз калбады... Отун сатып жан баккан бир бечарамын да...» – деп ичинде сүйлөп жатты абышка.

Кайрадан арчага тил бүттү:

– Мен сенин абалыңды түшүнөм. Андан көрөкчө, менин бутагымды карачы. Бутагымда кичинекей баштык илинип турат. Колуңа алсаң, ичинде алтын тыйындар бар. Алгын да ыраазы болуп, үйүңө жөнө, ак ниет абышка...

Абышка элеңдеп өйдө турду. Ырас эле, өзүнө карай ийилген бутакта кичинекей бир баштык илинип туруптур. Алып, ичин караса, алтын тыйындар!

Абышка арчага үч ийилип таазим этти да, алтын тыйындарды алып үйүнө кайтты.

Болгон окуяны кемпирине айтты эле, кемпири тыйындарды көрүп сүйүнүп, базарга барып оокат алып келди. Экөө бир канча күнгө жыргап жатып калышты.

Баягы арча берген алтын тыйындардын касиети бар белем, азаймак түгүл, күн сайын кайтадан көбөйүп жатты. Жазга чейин эмес, бир канча жыл бою түгөнө турган эмес. Кыштын аяздуу шамалы шыкаалаган үйүнүн тешиктерин бүтөшүп, жылуу кийимдерди сатып алышты, жазга жетерлик оокатты кенен камдап алышты. Эми буларга мындан башка эч нерсенин кереги жок эле. Ошентсе да, жылуу үйдө бардар оокатка туйгуна түшкөн абышка, бир күнү кемпирине мындай деди:

– Кемпирим, сен бүгүн балтаны баягыдан да мыктылап курчут. Мен баягы арчага барайын да, мындан да көп алтын акчаларынан алып келейин... Тиги тентимиш байдан кембизби. Биз дагы бай болуп, карыганда малай жумшап оокат кылалы да. Кандай дейсиң? Же бул оюм жаманбы?

Кемпири чалынын айтканына сүйүнүп, балтасын мыктылап курчутту да, белине байлап берип, отунга узатты. Бүгүн ал эптеп алып келер бир байлам отун эмес, бир кап алтын акчанын келишин күтүп кала берди.

Абышка токойго келип, баягы арчаны тапты. Жанына келди да, бүгүн мындан көп алтын алууну ниет кылып, колтугун кере көтөрүп, балтаны арчага чаба турган болду.

Ошондо арча баягыдай болуп адамча сүйлөдү.

– Абышка, мени кыйбагын, – деди.

– Кыйбаганда кантем. Үйдө отунум жок. Бир сындырым нан калбады... Кемпирим экөөбүз эптеп өлбөстүн күнүн көрүп жатабыз... – деди чал өлмөксөн үн чыгарып, бечеранын абалына келип.

– Жалган! – деди арча ачуусу келип. – Баягыда бечера кейпинде келгениңде сени чындап эле аяган элем. Азыр сен ак нээтиң менен эмес, көп акча алууну эңсеп, ачкөз нааданга айланып, пейилиң бузулуп келдиң. Эми сага эч нерсе бере албайм...

Абышка «Чаппагын!» деген арчанын сөзүнө көнбөй, курч балтасын өйдө көтөрдү... Ошондо арчанын баягы бутагы чалдын мойнуна ороло түштү. Бутак чалдын мойнуна бекем оролуп муунта баштады. Бутак оролгондон ороло берди... Абышка турган ордунда муунуп өлүп баратты. Муунгандан мууна берди, көздөрү чанагынан чыгып кетти... Анан ал ташка айланды. Арчанын бутагы ташты чырмап кала берди...

Арчанын бутагы оролгон ошол таш бүгүн да турат дейт

# АЛТЫН БАШ

Илгери-илгери бир абышка-кемпирдин картайганда көргөн жалгыз эркек уулу болуптур. Ошол уулу төрөлөрдө кайдан-жайдан экени белгисиз Албарсты кемпир келет да, толгоо тартып жаткан аялга:

– Сен аман-эсен эркек бала төрөйсүң, – деп кайрылат, – Ал балаң чоңойгондо чени жок тентек чыгып, эл караган бетиңерди жер каратат. Мындай баланын кереги жок десең, азыртан баш тарт, мен аны азыр эле тумуктуруп жок кыламын. «Куу баш өткөнчө туяк болсун десең өз азабың өзүңдө» – дейт.

Абышка-кемпир Албарсты кемпирге жалынып-жалбарып: «Куубаш Курбанаалы» дегенче, тентек болсо мейли, балама тие көрбө» – деп жалынышат. Бала эсен-аман төрөлөт. Маңдайы жарылып сүйүнүшүп, эл чакырып той өткөрүшөт. Картайганда көргөн уулубуз медерибиз болсун деп атын Медер коюшат. Баягы Албарсты кемпирдин сөзү абышка-кемпирди катуу ойго салат. Бирок аны бат эле унутуп ташташат да, баласын аябай эркелетип өстүрүшөт. Ошонун кесепетинен жалгыз уул тентек чыгат, ата сөзүн укпай, энесин сыйлабаган эси жок чоңоёт.

«Элдин уулу ата-энесин кубантып өсөт экен, биздин уулубуз жаш туруп энесинин чачын агартып, атасынын сакалын кубартат белем» – деп кейип, атасы менен энесинин бели бекчейет.

Өзү теңдүү балдарды же кичүүлөрдү уруп-токмоктоп, «кой» деген улууларга тил тийгизип, кары-картаңдарды элдин көзүнчө ыза кылат.

Атасы менен энеси айылдын эң абройлуу адамы болгондуктан гана улуу-кичүү адамдар ал баланы ичинен тилдеп, сыртынан кечирип жүрүшөт экен.

«Бала кезиңде жиликтин чучугун чагып берип өстүрдүк эле, эми өлөрүмдө менин чучугумду чагат экенсиң» – деп атасы сакалынан жашын куюлтат.

Ошенткен сайын абышка баягы кесепеттүү мастан кемпирдин сөзүн эстей баштайт. «Кандай болсо да, мага туяк болсо болду» – деп буркурап ыйлап суранган өзүнүн сөзүн ойлойт. Кудайга миң жалынып, эмне болсо ошо болсун, «Куу баш» атыкканча артымда калар балам бар, өлсөм топурак салат» – деп өзүн-өзү сооротот да, баласынан азап көргөнчө эртерээк өлсөм экен деп тиленет.

Бирок кудай-таала, өзү айткандай эртерээк эле алып кетпейт. «Өзүң сурап алгансың, эми анын азабы менен тозогун көр» – дегендей.

Ошол күндөрү кемпири көз жумат. Абышка омуртка-бели сыздап кемпири менен коштошуп, жерге жашырат. Бир күнү абышка уулун жанына чакырат экен кеңешүүгө:

– Медерим, уулум, – дейт абышка эркелетип. – Мен буга чейин жаман айткан күнүм болсо кечир, энең ыраматылык да сенин жакшы болуп эр жетер күндөрүңдү көрбөй кетти. Эми мен сенин тентектигиңди, акарат айткан сөздөрүңдү кечирейин. Энеңден кийин, мен эми канча жашайм, бир кудай өзү билет. Жалгыз балам сен болгон соң, сени кубат кылып калган күнүмдү көрүп, суумду ичейин... Күнүм бүтүп, суум түгөнгөнчө сени медер тутайын, балам.

– Болуптур, ата. Сиз айткандай болсун, экинчи мындай жоруктарымды таштайын, – дейт сүйүнтүп атасын. Ошентип, уулу Медер атасын калп болсо да сөзү менен ыраазы кылат. Бирок Медердин бул сөзү атасын убактылуу гана алаксытканы болчу. Ал «жаман болор баланын алдынан жаман бала жолугат» – дегендей, бекерчи жана кумарпоз балдар менен бекерчиликке көнүп, кумар ойной баштайт. Ичкилик ичип, куурай ушалап наша тартат. Күндүзү иш кылбай үйүндө жатат, түнкүсүн атасын жалгыз зарлантып күттүрүп, сөзүн укпай, чардап ойнойт.

Медердин бул кылыгы ашынып, бир күнү кумар оюнуна сайып, атасынын жалгыз атын уттуруп жиберет. Ал жөнүндө Медер атасына айтпайт. Жамандык жерде жатчу беле, эртеси эле баягы кумарпоз достору Медердин үйүнө келишет. Жасоолдой болгон жалаңдаган жоон билек жигиттер абышканын атын жетелеп кетмекчи болушат.

– Ушул атты алгыча, анын ордуна мени өлтүрүп кеткиле,–деп зар какшап буттарына чөгөлөйт.

Бирок жанын эмес, малын алып кетүүгө даяр турган кумарпоздор атынын чылбырына оролгон абышканы жерге сүйрөп таштап, атын минип кете беришет.

Медердин жоругу муну менен эле бүтпөйт. Ал атасынын уткурган атын кайра кайрып алам, же аларды өлтүрүп тынам – деп кумар оюнуна катуу киришет. Кийинки оюнга атасынын үйүн саят. Дагы да Медер

утулуп калат. Намыстанган Медер эми атасынын бетин кантип карайын, болору болду, – деп кумарпоз өнөгүн койнундагы жашырып алып жүргөн шамшар менен сайып өлтүрөт.

Медердин бул окуясын, желдеттер аны түрмөгө алып кетип жаткан жерден гана билет атасы.

Буркурап ыйлаган атасынын жүзүн кароого Медердин бети чыдабай, жер карайт.

Ошондо абышка жалгыз уулуна соңку керез сөзүн айтат экен:

– Түрмөдөн аман келсең, сөөгүмдү кайда коюшканын тапкын да, мүрзөмө келип куран оку. Кудай менин арман-азиреттигимди укса, ошондо сага акыркы сөзүмдү айттырар.

Ошентип, Медер түрмөгө камалат. Ал кеткен соң, баласынын азабынан атасы көз жумат. Эл анын сөөгүн кемпиринин жанына коюшат.

Арадан жылдар өтүп, Медер түрмөдөн бошонуп келет. Келет да, атасынын мүрзөсүн таап, буркурап ыйлап, куран окуйт. Окуп бүтүп отурса, мүрзөнүн ичинен атасынын үнү угулат. «Балам, түндө коркпой келип мүрзөмдү ач, – дейт атасы, – айтар сөзүмдү ошондо айтам...»

Эч кимге көрүнбөй түн жамынып барып, атасынын мүрзөсүн ачат Медер. Мүрзөсүн ачса, атасы жаткан казанактын ичи шам коюп койгондой жапжарык нурданып турган болот.

Медер коркуп кетип, казанактын оозун жалпак таш менен жаба калат. Ошондо мүрзөнүн ичинен атасынын үнү чыгат.

«Уулум, коркпо. Мен – атаң элемин. Сага жамандык кылмак белем... Коркпой ача бер...»

Кудум тирүүсүндөгүдөй чыккан атасынын бул үнүн угуп, Медер: «Атам өлгөн эмес го...» – деп буркурап ыйлап, казанакты ача салса атасынын суналган сөөгү ак кепинде оролуп жатат. Бир гана нерсе, негедир, атасынын башы нур чыгарып, шоолаланып, алтын түспөл тартып жүзүндө нур ойноп кубулуп турганын көрөт.

– Уулум, мынча болгон соң, коркпостон менин башымды кесип ал. Адам тирүүсүндө билбейт, өлгөн соң гана башынын алтын экенин билет. Эми коркпой башымды кесип алгын. Ал сага укум-тукумуңа чейин жетер байлык болот... – дейт атасы баягы калыбында...

Медер атасынын башын кесүүгө колу барбады. Анын барк-баасын да, анын далай ирет айткан акыл-насыятынын да кунун эми билди. Ал баа менен кун атасынын алтын башы болчу...

Ошондо Медер атасы менен энесинин өмүрүн арманга салып кеткен жоруктарын эстеп, алардын арбактарынан кечирим сурайт. Акылына кирип, адал иштеп, ак жашоо жолуна түшөт.

*Проза*

# АЛТЫНГҮЛ

**(Аңгеме)**

**Кубанычбек**
**АДАМАЛИЕВ**

Алтынгүл өзүнүн жашы кыркты таяганына карабай дагы эле чырайлуу, кыпча белдүү, толукшуган жаш келиндей ийкемдүү көрүнүүчү. Көпчүлүк эле аялдардай тагдыр жазган турмуштун ар кандай сыноолорун башынан өткөрүп, көп ирет чүнчүп, өзү сүйгөн жигитке жаш кезинде турмушка чыгып, теңирим бала ыйгарбагандан кийин айласыз ажырашып кетип, бара-бара убакыттын өтүшү менен жашоосу бир нукка кирип, эми ошонусун кудай кут кылсын дей, санаасы дилинен чыга тынч жашай баштаган. Көкүрөктөгү ызасы мезгил менен сууп, жазмыштын өзүн тукумсуз жаратканына баш ийип, эми кайрадан турмуш куруу оюна да келүүчү эмес. Иштеген ишинен каниет таап, көп эмес жаамат ичинде абырою артып, урмат-сыйга татыган. Тубаса кемтиги, өзүнөн башка эч ким билбеген тукумсуздугу болбосо, бүткөн бою сопсоо, дегеле сасык тумоодон бөлөк кеселге чалдыгып көрө элек жан.

Убагында окууга өтпөй калып, турмушка чыгып, жогорку окуу жайына ошол жылы кабыл алынган күйөөсү Даниярды жандили менен багып, өзү турмушка чыкканы шаардагы тиричилик комбинатында иштеп

жүрүп, Вахит аттуу мыкты чачтарачка окуучу болуп кирип, зээндүү болгондуктан ал өнөрдүн сырын бат эле билип, аки-чүкүсүнө чейин үйрөнүп, кийин соң өз беткей иштеп, клиенттер көп кайрылганы арбын каражат таап, эки бөлмөлүү үйгө ээ болуп, жашоо шарты жакшы оңолуп, каалаганын ичип, кымбат баалуу кийимдерди тандап кийинип, бою-башын дыкат карагандыктан дайыма жаштай, кыркка жакындаган аялзаттай көрүнбөй, кыймыл-аракети элпек, көптөр суктана караган чырайлуу келин сындуу болуучу. Ал түгүл өзүнөн бир топ жаш кичүү Назира аттуу экөө бир убакытта кезектешип иштеген келин менен эс алууга чыгышып, кафеден түштөнүп жатышкандарында жайдары сүйлөп калчу.

– Алтынгүл эже, сиз жапжаштай көрүнөсүз жана өтө сулуусуз. Өңүңүздү, боюңузду караңызчы? Ары-бери басканыбызда эркектер сизди эле акыйып карап жатышат. Дегеле мен жакка көз таштаган эркектана жок. Алтынгүл күлө жооп бере турган.

– Сен али жашсың, Назира. Кудай этегинден жалгап, эс тарта баштаган мончоктой уул, кызың бар. Күйөөң өзүңдү сыйлаган жакшы жигит. Турмушуңар кудайга шүгүр, эми сага бөлөк эркектин көз ташташынын кереги эмне?

– Сизге боор тартканымдан өзүм жөнүндө эмес, сизди аяп кеңеш сунуп жатам. Буюрса, сизде көптөр суктанарлык үй-жай бар. Жакшы адамга жолугуп, турмуш куруп алсаңыз, соолугуңуз мындан да чыңалат беле... Менин оюмча сизге жакшы жар керек.

Ичинен өзүнүн тукумсуз экенин бирге иштегендердин билбегенине тобо кылчу. Ушул Назира сыяктуу турмуш куруу жөнүндө сөздөрдү бөлөк, бирге иштешкен төртөө да кээде айта калар эле.

– Силер кызык экенсиңер, – дечү Алтынгүл ошол замат териге. – Мен эмне, эрге чыгып көрбөгөн карадалы кыз белем. Турмуш куруп көргөм. Сүйгөн жигитиме тийгемин ал түгүл. Жазмыш экен, отубуз күйүшпөй калды. Ошол силер саймердилеген турмуштан тойгонум үчүн эркин жүрбөймүнбү. Ал жөнүндө экинчи сөз кылбай эле койгула, анткени, силер ойлогондой жаш болсом бир жөн. Бүлөлүү турмушка тойгом. Аны өзүңөр көрдүңөр, билесиңер.

– Баары бир сендей жакшы аялзатка эркек керек, – дечү көшөрүп өзүнөн улуурак Зулайка аттуу неберелери бар аял.

– Алла талаам эркек, аял кылып бекер жаратканы жок го. Жанагы дайыма жалгыз өзүңө келип, чачын тегиздетип жүргөн улгайган адам физик, профессор экен. Бой деп уктук, байбичеси оорудан көз жумуп кетиптир. Сага атайы келип көрүү үчүн кезек күтүп, ыгын таап сөз айта албай жүрөт чагымда. Өзү зыңкыйган таза адам экенин байкабай жүрөсүңбү? Ойлон, сөз таштаса чын ниетиң менен сүйлөш. Какпа. Мүмкүн багың ачылып кетер...

– Жок. Өзүмө-өзүм ант бергем. Эми байпак, кир жууп, бир эркектин көңүнүн жубата каалаган тамак-ашын жасай турган жаштан өтүп кеткем, эжеке. Силер да мени мактаганыңарды койгула. – Калгандарына да ошентип кайрылчу. Чынында өзү деле байкачу, бир улгая баштаган адамдын тез-тез келип чачын тегиздетип, кээде сакал-мурутун алдырып, кыйыта көпкө өзүн сырдуу карап, жылмайып, бирок сөз айтпай ырахматын коштоп айтып кетип жүргөнүн. «Сүйлөбөсө сүйлөбөс, бирок билдирип турат эки көз», дегендей көзүнөн дилдеги оюн сезсе да, катардагы клиент катары кабыл алып, таза иштеп, чачын оюндагыдай тегиздеп берчү. Дегеле Алтынгүл устат болгону бир курдай да буйдалай салып, ары-бери кыла бүтүрө коюп: «Сизден жетимиш сом», – дечү эмес. Шашпай, ырааттуу иштеп, тажрыйбасы көп болгондуктан, сизге мындайы жарашат, – дей кеңешин берип, келгендердин купулуна тойгудай иштей турган. Ошондуктан анын жеке клиенттери көп болуп, жума, ишемби күндөрү бирге иштешкендери үйлөрүнө кеткенде да жалгыз калып, кезектегилери бүтмөйүнчө иш орунун жыйнаштыруучу эмес. Туруп иштегендиктен, андай күндөрү буттары талып, уюп, кээде ооруп калганы болбосо, ден-соолугу бекем эле. Иштен чаалыгып келсе да жылуу сууга жуунуп, кызыл чай демдеп, оокат жеп, көпкө дейре телевизор көрүп, китеп окуп, өзүнө телефон чалгандар менен көр тирликти көпкө сүйлөшүп эс алчу. Эртеси денебою кайра жазылып, көңүлү сергек, ойлору куунак, ишине жасанып, түзөнүп келчү. Өзү иштеген чакан жааматтын баардык жакшылык, жамандыктарына калбай катышып, алыста турушкан туугандарынан кол үзбөй, колунан келген жардамын да берип турчу. Жалгыздыкта, өзгөчө узун кечте жанын кейитип оор санаага салганы уул же кызынын жоктугунда эле. «Элдикиндей төртөө, бешөө болбосо да, жараткан мага бир эле бала берип койсочу? Ушул турмушум менен бапестеп багып, терең билим берип, бутуна тургузуп, үйлөнтүп, жайлантып үзүрүн көрбөйт белем небере жыттап...»

Андай өкүнүүсүнөн, ичинен күйүүсүнөн майнап чыкпасын билип, белин бекем бууй тагдырга моюн сунуп, сыртынан ички арманын билгизбей, оокатын тың өткөрүп армансыздай жүрчү. Кезинде ал да солкулдаган тал чыбыктай сулуу кыз эле. Атасынан эрте ажырап, өзүн жалгыз апасы багып өстүргөнүн эстеп, дене-бою жылып, берекеси энеси жакында эле өз колунан көз жумса да, мээрин, алкоолорун унута албай көз жашын төгө турган. Өзгөчө түнкүсүн, кээде апакесинин жылуу жүзү көз алдына тартыла калганда, капилеттен тамагы буулуп: «Апа, апаке, кечир мени, ишеничиңди актай албай калдым», – дей бугу тарагыча боздоп ыйлап, көптө деми сууп басылчу.

Апасы дамамат айтар эле: «Кагылайын каралдым, кара көзүм, берекем, эми бизге каралашып, насаат айтып, баш-көз болчу киши

жок. Ыраматылык атаңдын бир туугандары өздөрү менен өздөрү. Көп балалуу баарысы. Берейин дешсе, өздөрүндө тартыш. Ошондуктан сен зээндүү бол, балакетиңди алайыным. Жакшы оку. Азыр замана билимдүүлөрдүкү. Ээнбаштарга жолобо. Кыз бала үйдүн куту болот, кара көзүм. Кудай таалам татынакай өң берди өзүңө. Акылдуу болсоң багың ачылып, небере жыттатайсың кийин. Азырынча көлөкөм, эч нерсени ойлобой окууңду жакшы оку. Кудайга шүгүр, мал, жан бар. Сени бутуңа тургузууга кудуретим жетет».

Ошентип, Алтынгүл онунчу классты ийгиликтүү аяктап, классына математиканы жакшы окуткан мугалим туш келип, зээндүүлөргө кошумча сабак өткөрүп даярдагандыктан, университеттин физика-математика факультетине тапшырган. Ошол жылдары экзамендер тест аркылуу өткөрүлүп, консультацияларга үзбөй катышып, үлгүлөрүн сатып алып, китептен да, алган тесттер боюнча да даярданып, оң баа аларына көзү жеткен. Күтүлбөгөн кырсык ошол сыноо экзамени жүрүп жаткан саатта башталды. Консультацияларга бара калганда көрө калып жүрчү өзү менен кошо тапшырып жаткан Данияр аттуу өзүнөн үч-төрт жаш улуу, райондон келген жигит сааттай болуп катарына олтуруп калыптыр. Колдоруна тесттерди алышары менен тиги жигит Алтынгүлгө кайрылып калган.

– Көбүн билбейт экемин, жардам бер? Буюруп өтүп кетсек, чогуу окусак, менин өзүңө залалым тийбес. Өтө суранам? – Ал актай кагаздарды алдына калтырып, сыноо үчүн тийген тесттерди Алтынгүлдүн алдына койо койгон. Өтүнүчүн кыя албай кунт коюп карап, туура жоопторду белгилей баштаганда, ары-бери басып, абитуриенттерге байкоо жүргүзүп жаткан аял көрүп калган экен, бир эркек мугалим менен басып келип алдындагы тиги баланын белгилеп жаткан тесттерин жулуп ала кыйкырып коё берген.

– И, сен ошончолук эле кыйынсыңбы? Өзүңдүкүн иштей элек жатып, бул баланыкын белгилеп жатканын кара. Тур, чыгып кет, өткөрбөйм дегеле сени. – Ошондо Алтынгүл ыйламсырап, кечирим сурап, тиги кошо келген эркек адам жакшы киши экен, ортого кийлигишип: «Мейличи, Жүзүм Назаровна, алыстан келиптир, тим эле коёлу», – дей араң сыноосун улантууга көндүргөн. Тигил аял бир топко ачууланып: – Баары бир бул кыздыкын өзүм текшерем, – деп, кызыл карандаш менен ар бир барагына белги коюп кеткен.

– Мен койгон белгилерди өчүрө турган болсоң шорuңдун кайнаганы. Кыймылдап, же тиги бала менен сүйлөшө калганыңды көрсөм өзүң эле туруп чыгып кет. Уятсыз. Көнгөнсүң да кыйынсынымыш болуп. Эмитен ушинтсең, кийин каякка барасың. Текшерип көрөйүн анан... – Басып кеткен кызаңдай. Алтынгүл көз кыйыгы менен өңү өчө калтырай коркуп караса, тиги эжейи өзүн тикирейип тиктеп турат.

Демин ичине ала, ойлору чар жайыт удургуп, тесттерди алаңдай карап, мурун жеңил билген кээ бирөөлөрүн өзү түшүнө албай турганына таң калган. Коркуп олтуруп берилген убакыттын да кантип бүткөнүн байкабай калыптыр.

– Чектелген убакыт бүттү, кымбаттуу абитуриенттер. Тесттериңерди өткөргүлө, жыйнаштыргыла. – Жанагы өзүн жаман көрүп калган эжейи Алтынкүлдүн ишин дароо келип алып кеткен.

Кийин окууга өткөндөрдүн тизмеги тактага илингенде барып караса, өзүнүн аты жок экенин көрүп өксүп ыйлаган. Бак ичинде ыйлап олтурса, жанына баягы Данияр аттуу жигит жадырап басып келген.

– Ыйлаба Алтынкүл. Экзамен деген ошондой. Биринин багы ачылса, экинчиси кулайт. Жашсың, эмдиги жылы сөзсүз өтөсүң. Мен да кулап калып, үч жыл катары көшөрүп жүрүп быйыл өттүм. Ыйлагандан пайда жок.

«Ушунун баарын сен кылдың, тиги эже кармап албаса, жакшы баа алмакмын. Эженин ачуусу келип, атайы кулатты», – деп да айтууга жарабай, шолоктоп ыйлай берген. Убактылуу, даярдануу убагында жашап жаткан жатаканасына барса, өтпөгөндөрдү комендант аял өзү текшерип, бөлмөлөрдөн чыгарып жатыптыр.

– Бөлмөлөр актала элек, бүгүн баштайбыз. Сен өтпөй калыптырсың, деканаттан буйрук келди. Буюм-теримдериңди алып чыгып кет. – Кыз кезинен элпек, уялчаак өскөн Алтынкүл бул сапар да унчукпай, өзү жашап жаткан бөлмөсүнө барып, буюм-теримдерин жыйнаштырып сыртка чыгып кеткен. Барар жери жок, башы маң болуп, денесин ачуу ыза тээп, саябандагы бош орундуктардын бирине жетип олтура кетип, оор ойго бата ичинен өксүп, боздогон.

«Айылга, апама эмне деп барам? Жакшы окуду деген баланчанын кызы өтпөй калыптыр, калганына окуунун эмне кереги бар», – деп табалашаар. Айылга кетейин десе, жүрөк заада кылуучу бөлөк ой жүрөгүн өйүйт. Барары менен жуучулар келип, мүмкүн зөөкүр бирөө ала качып кетери шексиз. Сурап алуучу эч кимиси жок. Барбайын десе, апасы жалгыз, аны кыйбайт. Бир топко ойлонуп олтуруп акыры: «Тагдырыма ушундай жазып койгон экен, же шаарда баш калкалай турган туугандарым болбосо, үйгө эле барайын». Аздан сооронуп, эми кол чемоданын көтөрүп баса берерде бирөө далысын аяр сылайт.

Чочуп кеткен ал жалт караса, жылмайып маңдайында Данияр турат.

– Чочуба, Алтынкүл. Мен эле... Баятан бери артыңдан акмалап жүрүп, араң жолугушууга дит бактым. Сен мени кечирип кой, кейибе дебедимби, эмдиги жылы сөзсүз өтөсүң. Баса, бул шаарда бара турган туугандарың барбы? Болсо капа болбо, узатып коёюн.

– Жок. – Алтынкүл кабак чытый алдыга басты. – Узатпай эле кой. Автобекетке баруунү билем. – Терс бурулуп баса берген.

– Ой-о-оо! Сен эмне, айылга кетейин деген ниеттесиңби? Барар жериң жокпу?

– Жок дебедимби. – Ачуусу келип, ушул Даниярдын өзүнүн кулап калганына себепкер экенин билгизе, жактырбаганын үнүнөн сездирип узай берген.

– Токточу, бир азга, Алтынкүл? – Данияр жете келип колунан чемоданын алган. – Шашпа, сүйлөшөлү. Айылга барганда эмне кыласың? Же иш жок болсо аякта. Үй күчүк болуп бир жыл олтурмак белең? Ойлон... Барсаң сага эле кыйын болот. Ага-туугандарың куда түшүп, бирөөнө узата беришет.

Алтынкүл апкаарып, өзүн турмушка узатып жаткандай дене-бою дүркүрөп токтой калган.

– Менин оюмча шаарда эле калганың оң. Иш табууга жардамдашам. Өзүм деле аскер мөөнөтүн өтөп келип, эч бир таанышым жок, окууга өтпөй калып, иштеп калгам. Мен азыр шаардын четинде болсо да, алыс туугандарымдын үйүндө батирде турам. Жалгыз жашаймм. Оюңа жамандык албасаң күн кечтеп баратат, бүгүн ошоякка барып конуп алып, кетем, деп бекем чечсең, эртең узатып коёюн. Кат жазышып туралы, каршы болбосоң.

Алтынкүл бир топко ой толгоп, бүгүн алыскы айылына жөнөй албасын билип, Даниярдын айтканына арга жок көнгөн.

Ал учурда азыркыдай чымын-куюн каттаган кичи автобустар, менчик машиналар аз. Айылына чейин күнүнө бир эле жолу автобус каттагандыктан, Даниярдын өтүнүчүн ык көргөн. Ал, ошол бойдон айылына да барбай, апасына кат жазып, шаардагы тиричилик комбинатында алгачы кир жуугуч, үч кабат имараттын экинчи кабатын бүтүндөй тазалагыч болуп иштеп калган. Даниярдын өзүнө үйрүлүп түшкөнү, ысык мамилеси бара-бара жагып, жаш денесинде сүйүү сезими алоолоп, арадан көп өтпөй баш кошушуп, той ырымын жакын туугандары менен чогулуп өткөрүшүп, батирде жашап калышкан. Данияр мурун ушул комбинатты башкарган алысырак таякесинин колунда иштеп, окууга өткөнү түнкү күзөтчүлүгүн гана калтырып, дит коюп сабактарына киришип, китепканага барып жакшы окуп, Алтынкүлдү жанындай сүйүп, келери менен тирлигине жардам берип, киного алпарып, кароолго турган күндөрү да дайыма чогуу болушуп, комбинаттын бир бөлмөсүндө түнөшчү. Алтынкүл күндүзү комбинаттын толгон токой кир сүлгүлөрүн, шейшептерин, халаттарын кезектешип иштешкен аялдар менен чоң машиналарга салып жууп, кургагандарын кылдат таптап өткөрүп берип, иш күнү аяктап, иштегендер үйлөрүнө кетишкенде бир кабаттагы далистерди, ади-

стердин бөлмөлөрүн шыпырып, жууп, тазалап, кетеринде ачкычын кароолчуга тапшыра турган. Данияр кийинки жылы Алтынкүлдүн жетилүү аттестатын өзү каалаган факультетке тапшыртпай: «Алтыным, коё тур, мен жок дегенде үчүнчү курска жетейин, анан тапшыр. Экөөбүз тең окуп калсак турмуштан, каражаттан кыйналабыз. Ата-энем картаң, алыс таяке болсо да башымды батырганына ырахмат, эч нерсе сурай албайм. Ушуга тобо кылалы. Бир-эки жылдан кийин окусаң деле кеч болбос». Алтынкүл ал жылдары ишине көнүгүп, элпектигинен элге жагып, Вахит аттуу таанымал улгайган чачтарач устатка шакирт болуп, атайы курска кирип, аны ийгиликтүү аяктап, эми өз беткей иштеп, алган маянасы көбөйүп, Данияр экөөнүн кийип-ичкендери оңолуп, бара-бара окуу жөнүндө ою дилинен улам алыстап, өздөштүрүп алган кесиби өзүнө жагып, берилип иштеп жүргөн. Шаардан жер алып, эл катары үй салып алалы деген ой экөөнүн дилине бекип калганда, Алтынкүл Даниярынын күлк-мүнөзүнүн өзгөрө баштаганын биринчи жолу сезген. Үйгө кеч келип, кээде бүгүн комбинатта кароолдо болом, эртең көрүшөбүз, – деп кетип калып, эртеси сураштырса, анын кароолдо турбаганы аныкталып, экөө ээн калышкандарында мурункусундай мээрин төгүп эркелетип, өөп-жыттабай, терең сүйүүсүн мурункудай жандырбай, кайдыгер боло баштаган.

Экөөнүн баш кошконуна төрт жыл болсо да, Алтынкүл кош бойлуу болуп, перзент төрөбөй, анысынан беймаза болуп санаага бата баштаган. Данияр да ичинен сызып, балалуу болуу жөнүндө сөз козгобой, мамилеси муздагансып, бирок батынып: «Эмне болду?», – деп сурап калганында күлүмсүрөмүш болуп: «Эчтеке болгон жок, баары жакшы», – дей окуп аткан китебине үңүлүп кетчү. Үн-сөз жок эми ээн кечте жаңы алышкан телевизорду күйгүзүп, мелтиреп, далайга карап олтурчу. Кээде гана көрсөтмө магнитофон аркылуу музыка угуп, Алтынкүл чакырганда тамак ичүүгө ички үйгө чыгып келип, дудук болгондой унчукпай, оокаттанары менен ичкери кирип кетчү.

Экөө түнкүсүн катар жатышкандарында да көнүлүн жубатып мурдагысындай эркелетпей, ысык сүйүүсүн шыбырабай, чаалыкканына шылтоолоп тез эле уктап кетип, эртеси дамамат кеч кайтып, көбүндө үйгө түнөбөй да калчу болгон. Алтынкүл Даниярдын өзгөргөн бул кулк-мүнөзүн түшүнө албай окуусуна шылтоолоп, «быйыл бүтүргөнү жатса, кызыл диплом алам, деп кыйналып жүрөт»,– деген ойго келип, сөзгө көп тартчу эмес. Кийимин, оокатын ырастап, өзүнүн санаага батып жүргөнүн билдирбөөгө аракет кылчу.

Даниярдын соо эмесин өзү менен иштеген бир келин айтпаганда кенебей, оокатын жасап, кирин жууп, бапестеп кийинтип жүрө бермек. Бир күнү Назира токтотуп калды.

– Сенин Даниярың биз турган үйгө көп келип жүрөт, Алтынкүл. Жаңы эле окуусун бүтүп, илимий институтта иштей баштаган кызбы, же келинби, айтор, бой турган кошунабыз менен чогуу жүргөнүн далай ирет байкадым. Ал түгүл үй кийимчен кечкисин, кээде акырчикирди төккөнү сыртка чака көтөрүп чыгып калып жүрөт. Эртең менен да ошол үйдөн тиги келин менен чогуу чыккандарын байкадым. Кой, ай, деп колуңа ал, болбосо тигил башын айлантып алат, карачы өзүң кандай татынакайсың. Ушу сенин көзүңө чөп салган Данияр да кеңкелес аңги экен. Тапканы сенин шыйрагыңа да тең келбейт. Ойлонуп көр?

Алтынкүлдүн ошондо биринчи ирет ачуу чындыктан ичи ачышып, колунан ырааттуу иши түшүп, өң-алааттан кете оор санаага батып, күндү эптеп кечкиртип, тиги келинди ээрчип анын үйүнө чогуу барган. Бешинчи кабаттын балконунан чай ичишип карап олтурушса, бир оокумда өзүнүн Данияры жашы өзүнүкүндөй бир келинди кучактап, каткырып күлүп жайдары келе жатат. Көзүң жамандыкты көрбөсүн, жер айланкөчөк боло башы айланып, көңүлү караңгылап, жүрөгү дүкүлдөп согуп, ачуу ызасы көз жаш болуп төгүлүп, тиги келиндин чый-пыйы чыгып, араң сооротуп, үйүнө көңүлүн жубатып жалынып-жалбарып узаткан.

Данияр эртеси да китепканада олтурдум, деп үйгө кеч келди. Алтынкүлдүн керсары өңүн, кечээтен бери тамак ичпей, түктөйө түшкөн маанайын байкаганы жок. Бир топтон кийин гана телмирип сыртты тиктеп турганын көрүп кош көңүл: «Сага эмне болду?» – деп сурап, адатынча телезоргo үңүлө берди.

– Билем баарын Данияр... Сенин каякка барып жүргөнүңдү өз көзүм менен кечээ көрдүм. – Биринчи жолу Алтынкүл дит багып күйөөсүнө ызалана сүйлөгөн. – Көзүмө чөп салгандай эмне жаман иш жасадым эле? Тапкан-ташыганымдын баарын өзүңө берип жүрөм го. Үй салалы деген оюбуз каякка кетти? – Титиреп ыйлап жиберген.

Данияр таң калгандай Алтынкүлдү бурулуп карап алып, анан эч нерсе болбогондой ордунан тура берип жооп берген.

– Бул сөздү баштаганың ырас болбодубу, өз беткей дегеле унчукчу эмес элең? Сен эми жетилип, бутуңа турган аялзатсың. Ырас, сени дагы эле сүйөм. Бирок... – Унчукпай калды. Бир топтон кийин колдорун ушалай үн катты. – Балалуу боло албайт окшойбуз. Мен бир догдур аял менен сүйлөшүп көрдүм. Төрт-беш жылдан бери боюна бүтпөсө, андай аялда тукумсуздук бар деди. Сен кечирип кой, тартынып айта албай жүргөм. Карыган ата-энем да жанымды койбой жатышат. Адам баласына тукум керек экен. Өзүң көрүптүрсүң. Анын аты Сабира. Капилет тааныштык. Жакында илимин коргойт. Ой-пикирлерибиз бир чыгып калды. Өзү мендей физик-математик.

Азыр өзүмдөн кош бойлуу. Сага батынып айта албай жүргөм. – Дагы бир топко дымып турду. Анан чечкиндүү унчукту:

– Ажырашып алганыбыз эле оң болгон турат. Бул аргасыздын иши. Капа болбо. Сулуусуң, жалгыз калбайсың. Айтпадымбы, дагы эле сүйөм деп. Кааласаң кээде келип турам.

Алтынкүлдүн денеси муздап, жооп берүүгө да алы келбей, үнү буулуп, буурчактап төгүлгөн көз жашын токтото албай койгон.

– Эртең мен Сабирага биротоло кетем. Баланы жетим кылууга болбойт. Сен кааласаң, таякемдин бул кепесинде тура бер. Мүмкүн апаңды колуңа алып аларсың.

Анын көңүлүнө ушул сөздөр оор тийип, өпкөлөп ыйлап, жооп бере албай делөөрүп турган. Ошол кеч экөө үчүн кара түн болуп, Данияр да улам үшкүрүнө, бир оокумда чыдай албай буюм-теримдерин жыйнап, Сабиранын үйүнө кетип калган.

Алтынкүл ошентип оор күндөрдү башынан азап тартып өткөрүп, бирге иштешкендери чогулушуп акыл айтыша намыстантышып, көңүлүн жубатышып, мезгил менен супсуну биротоло сууп, эми жалгыз медер – иши болуп калган.

* * *

Алтынкүл менен чогуу иштеген кесиптештери эс алууга чыгышкандарында, көбүндө бирөөсүнүн жакшылыгын белгилешип жатышкандарында, жашы боюнча эң кичүүсүнөн тарта, улгайгандарына чейин тиги, же бул мүчөлөрүнүн өнөкөт ооругандарына даттаныша калышчу.

Жамааттагылардын эң уулусу Вахит аке, аялдардан улгайганы Зулайка эжеси, жашырактардан Назира менен Жамал ар бир олтуруштарда дамамат даттаныша: «Бул жерим ооруйт, текшертсем тигил жеримде тигиндей кесел бар экен, ичеги-карынымдан түкүнчө деген дартты табышты, мындай дарыларды жазып беришти» дешсе, көйгөйлөрүн бөлүшө калышканда Алтынкүл дайыма кол шилтей: «Койгулачы ай, ушул ооруганыңар жөнүндө аяк баса калганда эле айтканыңарды. Качан болсо ашказаным, боорум, өтүм, ичим ооруйт, кан басымым көтөрүлүп кетиптир, деп эле даттанып турасыңар.

– Кызыксың, – дечү Зулайка эжеси териге. – Ооруса айтат да, ооруйт деп. Мына мени эле алалычы? Дегеле соо жерим жок. Бүт эле ооруйт. Ичпеген дарым калбады. Табыптан табыпка барып кыйналып жүрөм. Бул даттануубуз айла жоктун иши да.

– Ооруйт деп, көрүнгөн ууну ичип жүрүп, ден соолугуңарды бузуп алгансыңар да. Анда мен эмнеге оорубайм... Сасык тумоолой калганда сүт менен бал ичип эле айыгып алам. Дегеле доктуруңарга көрүнгөн

көргөн жан эмесмин. Сүйлөбөгүлөчү ушу кеселиңер жөнүндө, – деп кабагын чытып калуучу.

– Кой, антип оозкесир сүйлөбө. Оору деген айтып келбейт, Андан көрө кудайдан алгачы эсенчиликти, ден-соолукту тиле. Ылайым ооруба. Ошол ден-соолугуң мыкты үчүн эрге чык, деп жатпайбызбы. Сен болсо көшөрүп болбойсуң. Минтип ооругандарга сын тагасың.

– Чыкпайм. – Алтынкүл кесе сүйлөөчү. – Кереги жок мага эрдин.

Зулайка эжеси экөө бир курдай ээн калышып, сүйлөшүп олтурушкандарында мындай кеңеш берген.

– Даниярдын өзүңдөн эмне себептен кеткенин жакында угуп, эми араң чала моңол түшүндүм. Сен тукумсуз турбайсыңбы? Эми чыдап ук. Менин төрт бала төрөгөнүмдү билесиң. Ошонун баарын жакшы билген бир врач эже бар, ошол киши кабыл алып, аман-эсен көз жардырган. Кеңешип, ошол эжеге алып барып көрсөтөйүн. Өзүңдүн да билишиң керек эмеспи, эмне себептен жараткан бешенеңе бала жазбай койгонун. Мүмкүн сакаючу кемтиктир.

Андан аз өтпөй эжесинин көндүрүүсү боюнча доктур аялга чогуу барышкан. Текшерип, канын, заарасын алып, аппараттан көрүп болуп Алтынкүлдө биринчилик деген тукумсуздук бардыгын аныктаган. Көрсө жатыны, анын түйүлдүктү өткөрүүчү без түтүкчөлөрү тубаса жетилбей, ичи ачылып өспөй, ичкерип, жабылып калганын угуп, Алтынкүл оозун ача маң болгон.

– Тукум куйит, – деп түшүндүргөн доктур аял. – Аялдарда ушундай, сыртынан билинбеген тубаса кемтиктер арбын болот. Тыштан байкалбаган өзүнүн тукумсуздугуна бул жолу Алтынкүл кейипкепчибей, туура түшүнүп, кайдыгер кабыл алган.

Түнкүсүн, чанда ойлору уйгу-туйгу боло түйшөлө калганда гана жеңил эмес тагдырына кейип, өксүп ыйлап, андан соң үшкүрүнө эркин колго алып дымып калчу.

Ошол тубаса тукумсуз кемтигинен бөлөк оору-сыркоосу жок эле. Койгулачы ооруңарды, мен эмнеге оорубайм, деген куландан соо Алтынкүл бир күнү түштөн кийин ичинин сыздап чыкканын, көңүлүнүн айныганын сезип, айласы кетип эс алчу бөлмөгө барып жата кеткен. «Жана түштөгү кафеден барып ичкен тамактын даамы, жыты бузулгандай сезилди эле, чогуу олтурушкан кесиптештеримди жийиркентпейин деген кыязда унчукпай жеп алдым эле, ошондо го», – деп ойлоду ичинен алгачы. Жүрөгүнүн кагуусу тездеп, эки курдай окшуп куса албай, ал аракетинен киндик тушу, оң капталы сыздап ооруп, кезек күтүп олтурган клиенттерин Назирага табыштап, өзүнүн табы кетип турганын билдирип үйүнө жөнөгөн.

Ысык чай ичип жатса да ал оору сезими басылбай, кечинде этинин ысып чыкканын байкаган. Ал түндү Алтынкүл уйку-соонун орто-

сунда, оору сезиминен арыла албай өткөрүп, эртеси тамакка табити тартпай, ишине өңү керсары болуп келген.

Бирге иштешкендерине билдирбөөгө аракет кылып, ишин улантууга аракеттенип, ар бир кыймылы ичинин оору сезимин күчөткөнүнөн улам чыдай албай Назирага кайрылган.

– Кечээтен бери эле ичим сыздап ооруп, өзүмдү начар сезип жатам. Каруум кетип, тилим кургап шалдайып калдым. Суусунум канбай жатат, чаңкоом суу жутсам да арылбай койду. Кечээги жеген тамагыбыздын бузулганын силерге айткан эмесмин. Иштей ала турган түрүм жок. Эмне кылсам? Үйгө барып бүгүн да жата турсам, мүмкүн өтүп кетер? Кудай сакта, силерге оозкесир сүйлөп жүрүп, каргышка кабылдымбы же?..

– О-о-ой, Алтынгүл эже, ич оору жаман деп уккам. Кокуй, догдурга тез бар, кааласаң тез жардам чакыралы, же өзүң барып көрүнүп кел?

– Кереги жок. – Кол шилтеген. – Болуптур иштей турайын, анан көрө жатармын. – Унчукпай сыздаган ич оорусуна чыдап, жумушун дыкат уланткан. Түшкү эс алуу мөөнөтүндө, күндөгүдөй кесиптештерине кошулуп оокат ичүүгө кафеге да барганы жок.

– Жаным жер тартып жатат, жата турайын, – деп эс алуу бөлмөсүнө кирип кеткен. Түш оой ичинин ооруганы биртике басылгансып, өзүн алсыз сезсе да, эти ысып, үйүнө келери менен кечетен бери наар ала электигин эстеп, чай коюп, кызыл демдеп, таттуу нандан биртике жеп, тердегиче ичсе да ичинин оору сезими басылган жок. Көңүлү айланып, уурттаган чайын кайра кусуп, онтолой жата кетип, чаалыккан жаны уктап кетиптир. Түн бир оокумда ичинин катуулаган оорусунан ойгонуп кетип, курсагын кармалап көрсө, көөп кеткенсип, баскан сайын оорусу күчөп чыкканын сезди. Оозу кургап, тили оозуна батпай чаңкап чыгыптыр. Ордунан өзүн күчтөп тургузуп, ашканага барып кайнак суу жутары менен окшуп чыкты. Ичи сыздап ооруп олтура кетти.

– Мага эмне болду кудайым? Тигил, бул жерим ооруйт дегендерди мазактап жүрүп, оору эми өз башыма келдиби? – Эмне кыларды билбей ой толгоп олтуруп, айласы жоктон Зулайка эжесине түн оой телефон чалып, кеңеш сурап көрүүнү чечти. Түнкү таттуу уйкусунан ойгонуп телефонду алган Зулайка эжеси Алтынкүлдүн акыбалын угуп чочуп кеткен.

– Тезинен тез жардам чакыр? Мен азыр уулумду ойготуп, машинасын айдатып бара калам. Көп кыймылдаба? Өзүңдү колго ал.

Чакырган тез жардамы далайдан кийин келип, өзүн жаш врач келин көрүп, ар кыл суроолорду берип чүнчүттү. Экөө чыдамсыздана жообун күтүп олтурушкан. Алтынкүл менен Зулайкага бир топтон кийин кеңеш сунган.

– Өткүр кармаган хирургиялык ооруга окшобойт. Оң бөйрөгү сезгенген экен. Азыр булчуңуна антибиотик саям. Ушул дарыны үч маал жамбашына сайдырып, эртең бейтапканага барып заарасын тапшырып, участогуңардын врачын чакыргыла. Береги эттин ысышын басуучу дарыны азыр бергиле. Анан: силерден баланча сом дегендей, акчасын алып кетип калган.

Зулайка эжеси далбастап, уулу менен түн безип дарыканага барып, врач келин жазып кеткен дарыларды алып келип түнү бою жанында олтурган. Эртеси Алтынкүлдүн акыбалы оорлоп, өңү керсары тарта көздөрү саргайып, эриндери жарылып турса да, аз чыккан заарасын бейтапканага текшерүүгө алпарып, участкалык врачты: «Убакытым жок», – дегенине карабай, жалбарып көндүрүп, Алтынкүлдү көрүүгө алып келген. Бул сапар келген врач акыбалынын оордугунан чочуп, аяр текшерип көрүп, колдоруна кагаз жазып берип шаштырган.

– Бул, өткүр кармаган хирургиялык оору экен. Заарасынын текшерүүсү таза чыкты. Тезинен хирургия бөлүмүнө алпаргыла. Тез жардамды күтпөй эле, сырттан такси алып келип токтоосуз жөнөгүлө. Хирургиялык ооруларды кабыл алуучу бөлүмгө Алтынгүлдү алып келгенде чогуу көрүшкөн эки врач оорусунун башталышынан бери үч күнгө караганын угушуп, ультра үн аппаратына, рентгенге салышып, канын, заарасын текшеришип кошо келген Зулайкага түшүндүрүшкөн.

– Перитонитке айланып, кабылдап өтүшүп баратыптыр, эже. Акыбалы оор. Тезинен кан айлануусун, жүрөктүн ишин жакшыртуучу дарыларды тамырына куюп, операцияга даярдайбыз. Калганын кийин угасыздар.

Врачтар Алтынкүлдү ичкери алып кирип кетишкен. Алтынкүлдүн эсинде калганы – тамырына суюк дармектердин куюлушу, оорукананын кийимин кийгизишип, жапжарык бөлмөгө алып барышкандары, бетине маска жабышып, уктатчу дарыны жыттатыша, өз ара жарылып кеткен өтү тууралуу кобурашкандары, бирөөсүнүн өзүнө үстүнөн үңүлө калып көздөрүн ачып караганы, башын чайкай: «Ичи толтура ириң менен жин экен», – дегени болду. Башы айлана, анан дымып, каяккадыр чумкуп кирип, аздан кийин каалгып уча баштаган акыбалга жеткенинде, өзүнүн акыркы сезгени жарыгы күчтүү, далис сыяктуу узун туңгуюкта ушунчалык тез ылдамдыкта сүңгүп сызып бара жатканы болду. Аздан кийин аң-сезими жанагы ылдамдык түгүл, жанын кейиткен ооруну, жасала баштаган операцияны, сыртта санааркай күтүп турушкан кесиптештеринин келишкендерин да сезгени жок. Өмүр дегениң ушул элеби?..

---